**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 37: 370. 182. 6: 372. 22**

**УМАРБЕКОВА АНАРА АНАРБАЕВНА**

# АЙЫЛДЫК БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП МЕНЕН ҮЙ - БҮЛӨНҮН БИРДИКТҮҮ АРАКЕТИ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ

13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчиси:**
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,
КББАнын академиги, педагогика
илимдеринин доктору, профессор
**Мамбетакунов Э.М.**

**Бишкек-2016**

## МАЗМУНУ

Киришүү……………………………………………………………........…....3

**ГЛАВА I. Айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатуунун теориялык маселелери**

1.1.Башталгыч класстын окуучуларынын билимдеринин сапатына таасир берүүчү факторлор……………………………………………......10

1.2. Айылдык башталгыч мектептин үй - бүлө менен байланышынын педагогикалык теорияда изилдениши……………………............................33

1.3. Мугалим менен ата-энелердин окуучулардын билимдеринин сапатын жогорулатууга багытталган бирдиктүү иш аракеттеринин азыркы учурдагы абалы...........................................................................................................55

*Биринчи глава боюнча корутунду*………………………………........73

**ГЛАВА II. Айылдык башталгыч мектептин мугалимдери менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруу**

2.1. Ата – энелердин педагогикалык билимдери жана аларды өркүндөтүүнүн жолдору………...................................................................................................76

2.2.Ата - энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруу формалары жана каражаттары……………………………….89

*Экинчи глава боюнча корутунду*……………………………………… …..121

**ГЛАВА III. Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары**

3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу ………………………......122

3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо жана сунуштар………………………………………………………… .......134

*Үчүнчү глава боюнча корутунду*……………………………………......141

**Жалпы корутунду**…………………………………………………......143

**Библиография**……………………………………………………....…..147

**Тиркемелер**……………………………………………………………161

# КИРИШҮҮ

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу**. Экономикалык жана социалдык мамилелер жаңыланып жаткан мезгилде билим берүү тармагында да сандан сапатка умтулуу, жаңылануу жана натыйжалуу аракеттер байкалууда. Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негиздери жана аны ишке ашыруунун механизмдери нормативдик документтерде,башкача айтканда «Билим берүү жөнүндөгү» Законунда, «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн концепциясында», «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2012-2020-жылдарда өнүктүрүү стратегиясында» жана аларды ишке ашыруунун планында көрсөтүлгөн. Бул документтерде орто мектепте билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө жана ага түздөн-түз тиешеси болгон үй-бүлө менен бирдиктүү иш алып барууга өзгөчө көңүл бурулган.

Мектеп окуучуларынын билим сапаты башталгыч класстарда алган билимдерине көз каранды. Ал эми башталгыч мектепте билим берүүнүн сапатына бир нече факторлор таасир тийгизет, алардын ичинен мугалим менен ата-энелердин максаттуу багытталган бирдиктүү иш аракеттери өтө маанилүү. Үй-бүлө менен мектептин максаттары жана аларды ишке ашыруунун айрым жолдору мектепке тиешелүү болгон бардык документтерде жана методикалык басылмаларда, ошону менен катар белгилүү педагогдордун эмгектеринде чагылдырылган. Аларды окуп үйрөнүүнүн натыйжасында педагогика илиминин классиктери менен учурдагы педагогдордун төмөнкү идеяларын бөлүп көрсөтүүгө болот: баланы үй-бүлөдө эрте жаш курагынан баштап окутуп-тарбиялоо,аны психологиялык жактан даярдоо, мектептеги окуу ишине коюлган талаптар ата-энеге да түздөн-түз тиешелүү (Я.А. Коменский), баланын төрөлгөн убактысы – тарбиянын башталышы, баланын таанып-билүүсү эненин жардамы аркылуу ишке ашат (И.Г. Песталоцци), баланы жаратылышка жана маданиятка ылайыкташтыруу менен өз жөндөмүнө карап тарбиялоо (А.В. Дистервег), үй-бүлөдө эне тарбиячы гана эмес, өз балдарынын «Эне тили» боюнча мугалими да болушу керек (К.Д. Ушинский), тарбиялоонун эң биринчи жана башкы методу-

ата-энелердин өзүнө койгон талабы, өз үй-бүлөсүн сыйлоосу, баланын ар бир кадамына ата-энелик көзөмөлү (А.С. Макаренко), ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруу жана өнүктүрүү (В.А. Сухомлинский), башталгыч мектептин окуучуларынын ата-энелери менен жүргүзүлгөн иш аракеттерди чагылдырган ар кандай мазмундагы тажрыйбалардын жыйындысы ((Н.И. Болдырев, Л.С Бондарь, Т.В. Воликова, И.В. Гребенников, А.М. Низова, Р.М. Капралова, А.Я. Савченко, В.П. Сергеева ж .б). ата-энелер менен иш жүргүзүүдөгү мугалимдердин кесиптик даярдыгынын жогорку деңгээли жана ата-энелер менен жекече иш алып баруу (С.Г. Крамеренко, С.М. Корниенко), үй-бүлөдө жана мектепте балдарга таалим-тарбия берүүнүн жалпы педагогикалык жана этнопедагогикалык проблемаларынын чечилиши (А. Абдраимова, А. Алимбеков, Н.А. Асипова, Ж.К. Каниметов, Г.Т. Карабалаева Л.П. Кибардина, Ж.Б. Карасартова, Н.Ж. Сартбекова, Б.А. Шайкенов) ж.б.

Булардын көпчүлүгү окуучуларга тарбия берүү маселесине багытталып, окуучулардын билим сапатын көтөрүүдөгү ата-эне менен мугалимдин бирдиктүү иштерине, айрыкча айыл мектептерине арналган изилдөөлөр жокко эсе. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн окумуштуу-педагогдордун прогрессивдүү ойлору биздин изилдөөбүздүн теориялык негизи катары кабыл алынды жана ушул аталган проблеманы азыркы шартка жараша изилдеп, айрым тактоолорду жана кошумчаларды киргизүү зарылдыгы пайда болду. Андан калса, айыл жергесинде жашаган көптөгөн башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелери педагогдордун жардамына муктаж. Алар балдардын сапаттуу билим алуусун каалашат, ага өз салымдарын кошуу үчүн педагогикалык билимдеринин жетишсиздигин сезишет. Демек, айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу ишинде айрым карама-каршылыктардын бар экендигин белгилөөгө болот. Алар: ата-энелердин өз балдарынын татыктуу билим алышына болгон жоопкерчилиги менен алардын педагогикалык сабатсыздыгынын ортосундагы карама-каршылык; ата-энелердин илимий-методикалык муктаждыгы менен алар үчүн атайын көрсөтмөлөрдүн иштелип чыкпагандыгы; окуучунун билим алуу боюнча

жасаган аракеттерин жөнгө салуудагы мугалим менен ата-энелердин мамилелеринин ортосундагы карама-каршылык, б.а. мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү аракетин камсыз кылуучу педагогикалык жоболордун жана методикалык көрсөтмөлөрдүн иштелип чыкпагандыгы. Мына ушул обьективдүү карама-каршылыктардан айылдык башталгыч жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатууга ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүү, ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү аракеттерин уюштуруу жана ага тийгизген таасирин изилдөө проблемасы келип чыкты. Ошонун негизинде диссертациянын темасын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» деп тандап алдык.

Аталган изилдөө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илим-изилдөө иштеринин планы менен тыгыз байланышта аткарылган.(2006-2013жж.)

**Изилдөөнүн максаты**: айылдык мектептеги башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын көтөрүү үчүн үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын түзүү жана аны мектеп практикасына киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Айылдык башталгыч жалпы билим берүүчү уюмдарда жүргүзүлүүчү таалим-тарбия иштеринин өзгөчөлүктөрү.

2. Башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттеринин теориядагы жана практикадагы абалын изилдөө.

3. Башталгыч класстын окуучуларынын окуудагы жетишүүсүн камсыздоочу ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жаңыланган мазмунун түзүү жана аларды ата-энелерге жеткирүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

4. Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктарын талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү.**

Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракеттерин бүтүн система катары кароо, аны ишке ашырууга комплекстүү мамиле жасоо окуучулардын билим сапатына оң таасирин тийгизери илимий жактан негизделди; ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жаңыланган мазмуну аныкталды жана ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруунун жолдору иштелип чыгып, илимий-методикалык жактан негизделди; сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилди жана илимий негизде тастыкталды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**. Изилдөөнүн жыйынтыгында алынган илимий жоболор жана илимий-методикалык сунуштар мектеп жетекчилери, башталгыч мектептин мугалимдери, айрыкча ата-энелер тарабынан колдонулат. Мындын сырткары башталгыч мектептин мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайлардын окутуучулары, ошондой эле мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуучу уюмдар үчүн да баалуу.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**: башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатын көтөрүүгө таасир берүүчү факторлордун ичинен мугалим менен ата-энелердин биргелешкен максаттуу аракеттери өзгөчө мааниге ээ; ата-энелердин заманбап психолого-педагогикалык билимдерге ээ болуусу, аларды өз орду менен пайдалана билүүсү окуучулардын билим алуу технологияларын өркүндөтүүгө түздөн-түз таасирин тийгизет; ата-энелердин азыркы учурдун талабына ылайык келген педагогикалык билимдеринин мазмуну аныкталып жана алардын “Ата-энелерге кеңеш” аттуу китепче түрүндө ата-энелерге сунушталышы окуучулардын окуу иш аракеттерин өркүндөтүүгө шарт түздү; мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруунун формалары жана каражаттары башталгыч класстагы таалим-тарбия иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатууга өз таасирин тийгизиши педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен далилденди.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Айылдык мектептин башталгыч класстарынын окуучуларынын билим алуу шарттарынын шаар мектептердикинен айрымаланган өзгөчөлүктөрүн тактоо, билимдин сапатына оң таасир берүүчү факторлорду илимий негизде талдоо, ата-энелердин педагогикалык билимдерин өркүндөтүү, ошондой эле ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттеринин уюштуруу жолдорун сунуштоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу далилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын сынактан өткөрүү жана окуу жайлардын практикасына киргизүү.** Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар Талас мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин физиканы окутуу технологиялары кафедрасынын жыйындарында, педагогикалык эксперимент өткөрүү үчүн тандалып алынган мектептердин педагогикалык кеңештеринде мезгил-мезгили менен талкууланып, тийиштүү чечимдер чыгарылып турду. Ошондой эле теориялык жоболор менен практикалык сунуштар, андан алынган жыйынтыктар ар кандай деңгээлдеги конференцияларда: “Окутуунун жана тарбиялоонун мазмуну, технологиялары: дүйнөлүк тажрыйба жана проблемалар (ЫМУ, Каракол, 2009); “Орто жана жогорку окуу жайларында билим берүү процессинин актуалдуу проблемалары” (КУУ, Бишкек, 2010-2015-жж.); “Кыргыз Республикасынын педагогикалык билим берүүсүн модернизациялоонун көйгөйлөрү жана перспективалары” (И.Арабаев ат. КМУ, Бишкек, 2015-ж.); «Современные проблемы и перспективы развития педагогики и психологии» (Махачкала, 2016-г); талкууланды жана колдоого алынды.

Алынган жыйынтыктар Талас жана Нарын областтарынын айрым мектептеринин башталгыч класстарынын жана областтык билим берүү усулдук борборлорунун иш практикасына киргизилип, алар атайын ишке киргизүү актысы менен бекемделген.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышынын толуктугу:**

Илимий изилдөөдөн алынган теориялык жоболор жана айрым практикалык жыйынтыктар автордун 18 эмгегинде жарыяланган. Анын ичинде ата-энелерге арналган 1 окуу-методикалык колдонмосу, ошондой эле 4 макала Кыргызстандан сырткаркы басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын (217 аталыштагы) тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын көлөмү 160 бет, 3 сүрөт, 2 таблицаны камтыйт.

Изилдөө иши 2006-2013- жылдар аралыгында үч этап менен жүргүзүлдү.

**Биринчи этапта** (2006-2007-жылдар) айылдык башталгыч мектептердин окуу-тарбиялык иш аракеттери үйрөнүлүп, андагы жетишкендиктер жана орун алган айрым кемчиликтер аныкталды. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыгында айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын окуудагы жетишкендиктери мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракетине көз каранды экендиги, бирок башталгыч класстын ата-энелери балдарынын окуусуна жетишээрлик түрдө жардам бере албагандыгы, педагогикалык билимдеринин дээрлик жок экендиги белгилүү болду. Ошол себептен бул этапта изилдөөнүн темасы, обьектиси жана предмети, негизги милдеттер такталып, аны ишке ашыруунун илимий божомолу түзүлдү. Аныктоочу эксперименттин мазмуну жана жыйынтыгы 1-главанын 3- параграфында берилди.

**Экинчи этапта** (2007-2009-жылдар) тандалып алынган проблеманын педагогиканын теориясындагы чечилишинин абалы изилденди. Бул максатта психолого-педагогикалык адабияттар, диссертациялык изилдөөлөр, айрым илимий-методикалык макалалар талданды. Ушундай талдоонун жана өздүк изденүүнүн натыйжасында башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу боюнча ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштурууну өркүндөтүүнүн жолдору изилденип, анда келтирилген сунуштар жана ыкмалар теориялык жактан негизделди. Ал сунуштар айрым сыноолордон өткөрүлдү. Ата-энелер менен мугалимдин өз ара иштеринин мазмуну жана аларды аткаруунун формалары жана каржаттарынын

автордук варианты түзүлдү. Бул этапты педагогикалык эксперименттин айрым изденүү этабы деп атап,анын жыйынтыктары 2- главанын 1-2- параграфтарында берилди.

**Үчүнчү этапта** (2009-2013-жылдар) ата-энелерге арналып түзүлгөн эстеткич көрсөтмөлөрдү аларга түшүндүрүү, аткарылышын камсыз кылуу иштери аткарылды. Ата-энелердин окуучу балдардын окуу иштерин жөнгө салуучу, жардамдашуучу жана текшерүүчү аракеттери мугалимдер тарабынан теске салынды. Ошол эле учурда башталгыч класстын мугалимдери менен атайын иштер жүргүзүлдү. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыды: окуучулардын билим сапатынын жогорулашына оң таасир тийгизүүчү факторлордун мазмунун түшүнүүсү; ата-энелер менен биргеликте окуучунун окуу иштерин уюштуруу боюнча аткара турган иштердин мазмунун жана түрлөрүн так аныктап алуу; ар бир ата-эне же алардын группасы менен иштөөнүн ыкмаларын билүү; ата-энелердин жана алардын балдарынын аткарган иштерин эсепке алып каттоо жүргүзүү, баалоо, кемчиликтерин табуу жана аларды жоюунун жолдорун издеп, ар бир ата-энеге жана окуучуга билгизип туруу; ар бир мугалим өзүнүн ата-энелер жана окуучулар менен аткарган жеке ишкердүүлүгүн талдап, жыйынтык чыгарып туруу. Окуучулардын ар бир предмет боюнча жетишүүсүн системалуу түрдө үзгүлтүксүз көзөмөлгө алып, тийиштүү жыйынтыктарды чыгаруу. Аларды таблица, график түрүндө чагылдыруу. Бул этапта аткарылган иштерди педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабы деп атадык. Анда алынган материалдар, эксперименттин жүрүшү жана анын натыйжалары толук бойдон үчүнчү главада келтирилди.

Изилдөөнүн негизги эксперименталдык базасы - Бакай-Ата районунан Ү.Акынбеков атындагы орто мектеп, Талас районунан К.Нурбеков, Кара-Буура районунан Т.Айтматов, А.Умарбеков, Нарын районунан Түкөл уулу Усупбек, Керимбай уулу Сарыбай орто мектептеринде уюштурулду. Изилдөөгө башталгыч класстын мугалимдери, ата-энелери жана окуучулар катышты.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын (218 аталыштагы) тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын көлөмү 160 бет, 3 сүрөт, 2 таблицаны камтыйт

# ГЛАВА I. АЙЫЛДЫК БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ОКУУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1. Айылдык башталгыч жалпы билим берүүчү уюмдарда жүргүзүлүүчү таалим-тарбия иштеринин өзгөчөлүктөрү

Кыргыз Республикасында айылдык мектептердин проблемалары өзгөчө мааниге ээ. Жалпы мектептердин 83% тин айыл мектептери түзүп, аларда республикадагы окуучулардын 71% ти билим алышат. Айыл мектептеринин окуучуларынын билим сапаты жыл өткөн сайын төмөндөп бара жатышынын себеби эмнеде? Азыркы мезгилде айыл мектептериндеги билим берүү шаардык мектептерден эмнеси менен өзгөчөлөнөт?

Шаарда жайгашкан мектептердин шарттарынан жана иш аракеттеринен айырмаланып, айылдык жалпы билим берүүчү мектептерге тиешелүү болгон өзөгөчөлүктөр мүнөздүү. Белгилүү окумуштуу А.Е. Кондратенков белгилегендей «Ири маданий жана илимий борборлордон алыс болгон, аз комплектүү, өзгөчөлөнгөн турмуш-тиричиликтик, өзгөчө нравалык чөйрөсү бар, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы тарбия берүүчү мекемелери жокко эсе болгон, акырында айыл турмушунун бирден - бир өзгөчөлүгү болгон айыл чарба эмгеги менен жаратылыштын жакындыгы»,- деп айыл мектептерине мүнөздөмө берген [101]. Айыл турмушунун өзгөчөлүгү болгон айыл чарбалык жумуштар менен жаратылыштын коoздугу айыл мектебинин окуу-тарбия процессин эффективдүү жүргүзүүгө, өзгөчө окуучуларды эмгекке тарбиялоого, алардын экологиялык маданиятын калыптандырууга жана жаратылышка аяр мамиле жасоого жагымдуу шарттарды түзөт.

Айылдын жашоочулары муундан - муунга берилип келген элдик педагогиканын баалуу салттары аркылуу балдарга нравалык жактан туура тарбия бере алат. Ал эми шаарда, айрыкча чоң шаарларда, көп улуттун

өкүлдөрү жашаган жерде улуттук салттар көп колдонулбайт, себеби балдар өздөрүнүн түпкү тамырларынан алыс.

Айылда көпчүлүк ата-энелер эмгек коллективинде бир аймакта жашагандыктан мектептен тышкаркы жерлерде да дайыма мамилелеше алат, башкача айтканда ата-энелердин  ортосундагы мамилелер мектеп менен биргеликте иштөө мүмкүнчүлүктөрүнө шарттарды түзөт.

Албетте, айыл жашоосундагы шарттар айыл мектебинин ишине, анын окуу-тарбия процессинин абалына  өз таасирин тийгизбей койбойт.

Азыркы учурда балдарды мектепке кабыл алууда шаар жергеси менен айылдык мектептердин ортосунда айырмачылык бар. Шаардык мектептер баланын мектепке даярдыгын аңгемелешүү жана суроолорду берүү аркылуу тест жүргүзүп  кабыл алышат же  бала окуганды, жазганды, санаганды, айрым жөнөкөй амалдарды аткарганды билүүсү керек [49]. Тактап айтканда, шаар мектеби негизинен мектепке чейинки мекемелерден билим-тарбия алган балдарды кабыл алууга көңүл бурушат. Демек, азыркы күндө Кыргызстандын айыл жерлеринде мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жоктугу, шаардык мектептерден айырмаланган негизги өзгөчөлүк. Ал жөнүндө «Кут Билим» газетасынын 2008-жыл, 29-марттагы «Поднять статус учителя и качество образования» деген макалада мындай ой айтылат: «Айыл жергесинде билим берүүнүн сапатынын төмөндүгү, мектепке кабыл алынып жаткан балдар окууга ар кандай деңгээлдеги даярдык менен келишет. Бүгүнкү күндө жалпы республика боюнча айыл жергесинде мектепке чейинки мекемелерден билим алган бул курактагы балдардын саны 3 процентти гана түзөт»[37]. Кошумчалай кетүүчү нерсе мектептик билим берүүнүн учурдагы абалын анализдеген кезде, балдар бакчаларынан тарбия алып келип окуган 15 жашка чейинки окуучулардын сабаттуулук деңгээли бир кыйла жогору экендиги далилденген [161]. Айылдагы мектепке чейинки мекемеге барбаган балдарды байкоого алсак, алардын өнүгүү денгээли жетишсиз, билим алуу көндүмдөрү жакшы

калыптанган эмес, оюн ишмердүүлүгү боюнча тажрыйба жок, социалдашкан эмес, мектепте окууга даярдыгы жана мотивациясы аз [203].

Айыл мектептеринин финансылык, материалдык базасы окуу-тарбия процессин нормалдуу уюштуруунун талаптарына жооп бербей келет. Көпчүлүк айылдарда башталгыч класстын окуучулары мектептин эски имараттарында окушат, анда жылуулук менен камсыз кылуу абалынын начардыгы, класс бөлмөлөрүнүн жеткиликтүү деңгээлде жарык менен камсыздалбагандыгы, санитардык-гигиеналык шарттардын төмөндүгү байкалат. Мындай абалдагы айылдагы мектептердин саны арбын. Алардын айрымдарын, Бакай-Ата районуна караштуу Ү. Акынбеков, Кара-Буура районундагы Б.Айтбаев, А.Умарбеков, Талас районунун А.Нуржанов атындагы орто мектептерин мисал катары атоого болот.

Жогоруда белгилеп айткандай, айылдык мектептердин көпчүлүгүндө кышкы мезгилде жылуулук менен камсыз кылуу абалы начар, класс бөлмөлөрүндө дайыма бирдей температура сакталбайт. Илимий изилдөөлөрдө окумуштуулар өтө жогорку жана төмөнкү температура жумушка болгон жөндөмдүүлүктү төмөндөтөөрүн аныктаган, тактап айтканда класс бөлмөсүндөгү абанын температура 18-20 градуста,нымдуулук 40-60% тин тегерегинде болуусу керек [75]. Ал эми айыл мектептерин жылуулук менен камсыз кылуу жыл сайын министрликтин маалыматтарында кышкы сезон башталганда эң төмөнкү процентти көргөзүп келет [161].

Класс бөлмөлөрүндө талапка ылайыктуу окуу мебелдери жок, эскирген, окуучулар отурган парта жана орундуктар алардын жаш курактарына дал келбейт. Айыл мектептеринин материалдык-техникалык базасын оңдоо жергиликтүү бюджеттин эсебинен айыл өкмөттөрүнө жүктөлгөн, тилекке каршы окуу мебелдерин жаңыртып берүүгө алардын чамасы жок.

Айыл мектептеринин дээрлик көпчүлүгүндө башталгыч класстын окуучулары үчүн атайын спорттук аянтчалар жок, спорттук инвентарлар менен камсыз болбогон. Натыйжада башталгыч класстын окуучулары үчүн

өткөрүлгөн дене-тарбия сабактары талапка ылайык өтүлбөй, баланын дене боюнун өнүгүүсүнө, ден-соолугуна жеткиликтүү көңүл бурулбайт. Ошондой эле музыка, сүрөт сабактарын өтүү үчүн да шарттар түзүлбөгөн.

Айылдык башталгыч мектептерде окуучулар окуу китептери менен толук камсыз болбой келет. Жалпы маалыматтарга таянсак, «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында окуу китептери менен камсыз кылуу анализинин жыйынтыгы боюнча республиканын аймактарындагы муктаждык 39% экендиги аныкталган. Алардын ичинен Талас областынын бир катар мектептеринде башталгыч класстын төмөндөгү аталыштагы окуу китептери жетишпейт: Адабий окуу – 2-кл, 3-кл; Кыргыз тили – 3-кл; Математика – 2-кл, 4-кл; Мекен таануу – 2-кл, 3-кл, 4-кл; Адеп – 2-кл, 3-кл; Орус тили – 2-кл. Окуу китептеринин жетишсиздиги окуучулардын билим сапатына терс таасирин тийгизет. Ата-энелердин окуу китептерин сатып берүүгө мүмкүнчүлүктөрү аз. Ошол эле мезгилде райондук китеп дүкөндөрүнөн зарыл болгон окуу китептерин табуу кыйын,табылса да баасы кымбат. Аларды сатып алууга ата-энелердин баардыгынын эле чамасы жете бербейт.

Айыл мектептеринин китепканаларындагы кенже окуучуларга арналган китептерге анализ жүргүзгөн мезгилде, акыркы жылдары 2011-2012-окуу жылында Германиялык техникалык кызматташтык коому, Айылдык билим берүү долбоору жана Ага Хан фонду тарабынан каржыланган аз сандагы китептер бар экендигине күбө болдук. Алар:«Нур билим», «Кут аалам» класстан тышкары окуу үчүн 1-4-класстарга арналган, түзүүчүлөр Ж.Дүйшөналиева, Б Жолдошова, Б.Кубаталиева,ошондой эле «Күн чубак»,«Керемет китеп», «Сонун китеп», «Кооз китеп» ж.б. Бул китептерге кенже окуучулар абдан кызыгышат, бирок алар аз санда болгондуктан, колго берилбейт. Башталгыч класстын мугалимдери ал китептерди класстан тышкаркы окуу учурунда гана алып пайдаланышат.

Айылдык китепканалардын балдарга арналган жаңы китептер менен толукталбагандыгы, жаш окурмандардын санын төмөндөткөн. Демек,

айылдык мектептердеги дагы бир өзгөчөлүк, балдардын өз алдынча китеп окуусуна шарттар түзүлбөгөн.

Акыркы жылдары маалымат-массалык каражаттарында, окумуштуулардын, мугалимдер менен ата-энелердин дискуссияларында мектеп окуучулардын ден-соолугу үчүн кам көрүүсү керек деген суроо кызуу талкууланып жатат. Бир жагынан буга мугалимдер макул болгону менен экинчи жагынан мектептин милдети - билим берүү, ал эми баланын ден-соолугу үчүн ата-энелер жана дарыгерлер жооптуу деп эсептешет. Биз бул көз караштар менен макул эмеспиз, себеби мектеп билимдердин көлөмүн балага берүү менен өсүп келе жаткан муундун ден-соолугун сактоо боюнча коомдун социалдык заказын аткарууга тийиш.

Окуу процессинде баланын сабактан жетишпей артта калуусунун бирден бир себеби да анын ден-соолугунун абалы менен байланыштуу. Баланын ден-соолугунун начардыгын, анын кандайдыр бир оруулар менен ооруп жүргөндүгүн эске албай, окуу прогаммасын өздөштүрүүнү талап кыла берүү туура эмес экендигин мугалим жана ата-энелер жакшы түшүнгөнү менен ага көп маани бербей келет. Айрыкча айыл жергесинде балдардын ден-соолугунун абалын текшерип туруучу медициналык мекемелер аз. Бала 1-класска кирип жатканда гана медициналык кароодон өткөрүлөт. Ал эми мектептин өзүндө баланын ден-соолугуна андан ары байкоо жүргүзүп турууга, өз учурунда эмдөөлөрдү өткөрүүгө медициналык кабинеттер уюшулбаган.

Статистикалык маалыматтарга караганда мектеп жашындагы балдардын ден-соолугунун абалы өтө төмөндөп кеткен. Балдардын 90% ти ар кандай дене жана психикалык ооруулар менен жабыркашат. Айрыкча кенже мектеп окуучуларынын, 7-10 жаштагы балдардын ден-соолугу начар экендиги, окуу ишинде анын улам төмөндөгөндүгү маалым болгон [42]. Анын себептеринин бири туура эмес тамактануу менен байланыштуу. Кенже мектеп курагындагы балдардын 25% ти эртең менен тамак ичишпейт, 30%ти зарыл болгон тамак аштын жарымынан азын, 23% ти жарымын, алардын 22%

ти гана толук тамактанышат. Эртең менен тамактанбаган балада бир канча саат өткөндөн кийин башы айлануу байкалат. Табиттин жоктугу баланын ден-соолугун бузуп, ооруларды пайда кылат. Анын натыйжасында таза аба менен камсыз болбогон класста баланын узак убакытка чейин олтуруусу, бир жактуу акыл эмгегинин жүргүзүлүшү, таза абада ар кандай иш аракеттердин өткөрүлбөгөндүгү жана кислороддун балага жетишсиздиги – баланын окуу ишине болгон жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт [191.112]. Бул проблеманы чечүү максатында билим берүү мекемелери тарабынан башталгыч класстын окуучуларын мектепте тамак аш менен камсыз кылуу каралган. Айыл жергесинде берилип жаткан 7 сом өлчөмүндөгү тамак аш, баланын ден-соолугунун абалын, анын жашын жана андагы окуу жүктөмүн эске албайт. Ошону менен бирге мектептеги ашканаларда санитардык-гигиеналык эрежелер толук сакталбаган, суу менен камсыз болбогон, тамак ашты сактоочу муздаткыч жок. Мисалы: Мындай абалды Талас районуна караштуу М.Козубеков, А.Султанбеков, Арашан орто мектептеринен байкадык.

Айылдын жашоо шартында мугалимдердин бош убактылары өтө аз, атайын изилдөөлөр мугалимдин жумалык иш мөөнөтү 50-60 сааттан ашык болоорун көрсөттү. Педагогикалык ишмердүүлүктөн тышкары анын турмушу айыл чарба жумуштары менен тыгыз байланышкан. Өзүнүн негизги эмгегин аткарууда ал жумуштар тоскоол болбой койбойт [214.45]. Ошондой эле мугалимдердин убактылары класс жетекчилик жана класстан тышкары иштерди уюштурууга көп кетет. Себеби, мектептен тышкаркы билим берүүчү уюмдардын жоктугунан улам, окуучулардын мектептен тышкаркы иш аракеттерине жетекчилик кылуу мугалимдердин күчү менен жетектелет.

Айылдык мугалимдин ишинин натыйжасынын дагы бир өзгөчөлүгү, ал жөнүндө айыл тургундарынын жакшы билгендиги. Айылдаштары мугалимдин өз кесибине жасаган мамилеси, балдарды жакшы окуткандыгы, анын жашоо шарты, анын ар кандай кырдаалдарда жасаган иши, сөзү менен ишинин айкалышкандыгы жөнүндө ар дайым сөз кылышат.Өзгөчө көп жылдык тажрыйбасы бар мугалимдер айыл тургундарынын бир канча

муундарын тарбиялагандыгын сыймыктануу менен эскеришет. Анын кесиптик чыгармачыл иш аракети, жогорку адамгерчилиги балдарга гана эмес, улуу адамдарга, жалпы айыл ичине да таасир берет. Эгерде мугалимдин авторитети жогору болсо, анда анын артынан ээрчип, ага ишенишет. Ошондуктан айылдык мектептин мугалими балдарга, улуу муундарга кайсы жерде жүрбөсүн өзүнүн үлгүлүү таасири менен тарбия берет. Ал үчүн мугалимден жогорку маданияттуулук, жоопкерчилик жана ар тараптуу билим, көндүмдөр талап кылынаары анык [79.31].

Айылдын маданий жашоосунда мугалимдин ролу жогору, ал айылдагы интеллегенциянын негизги бөлүгү. Ошондуктан, айылдык мугалим калктын ичинде маданий –массалык жана тарбиялык иштерди жайылтуучу. Айылдагы мугалимдердин ичинен жергиликтүү башкаруу органынын депуттаттары шайланат, алар аткаруу бийлигине сунушталат жана аларды маданий-массалык иштерди уюштурууга дайындашат. Демек, жашоо шартка жана ишке байланыштуу айылдык мугалимдер шаардык мугалимдерден айрымаланышат.

Айылда класста окуучулардын саны шаар мектептеринен аз болгондуктан мугалим ар бир окуучу менен жекече иш алып барууга убактысы жетиштүү. Ал эми шаар мектептеринде класстагы окуучулардын саны көп, мугалимдин ар бир окуучуну изилдеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүктөрү чектелүү.Ошондуктан, шаарда ата-энелер менен окуучулар мугалимге карата активдүү позицияда болушат.

Айылда мугалимдер да өз окуучуларынын ата-энелерин жакшы билет, алардын үй-бүлөлүк жашоо шарты, тарбиясы жөнүндө кеңири маалыматка ээ. Ошондой болсо да айылдагы ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруу шаардагы ата-энелерге караганда кыйын.

Изилдөөлөрдө айыл мектептеринин жетекчилери окууну жаңыдан аяктаган жаш мугалим азыркы шарттагы педагогикалык ишке теориялык жана практикалык жактан да даяр эмес экендигин, окуучулар жана алардын ата-энелери менен иш алып баруудагы бир кыйла татаал педагогикалык

милдеттерди чечүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушкандыгын айтышат. Ошол эле мезгилде мектеп жетекчилери тарабынан жаш адистерди колдоо, алардын ишке болгон мотивациясын калыптандыруу, окуу-тарбия процессиндеги оор жүктөмдү азайтуу, методикалык жактан жардам көрсөтүү жана насаатчылык иштери талапка ылайык жүргүзүлбөгөндүгү анык болду.

Айыл жергесинде мугалимдердин квалификациясын көтөрүү, окуу тарбия ишинде тажрыйба алмашуу кыйыныраак. Мектеп жетекчиси мугалимдердин билимин жогорулатуу милдетин атайын курстарга жөнөтүү менен гана чектейт, ал эми мектептин өзүндө мугалимдердин билимин жогорулатуу боюнча иштер талапка жооп бербейт. Айыл мектептеринде ар бир предмет боюнча секциялар иштеп, ал иштер ачык сабактарды өтүү менен гана чектелет. Мугалимдердин методикалык кеңешмелеринде илимий-методикалык докладдар жасалбайт.

Айыл мектептеринде жаңы жарыкка чыккан психологиялык-педагогикалык адабияттар, методикалык колдонмолор жокко эсе. Ал эми шаардык мектептердин мугалимдерине шарттар бар, алар заманбап жаңы психо-педагогикалык, методикалык адабияттар, газета-журналдар, интернет менен камсыз болушкан, окуу процессинде окуучуларга кошумча материалдарды сунуштай алышат. Ошондой эле өз билимин жогорулатуучу курстардан билим алууга, мыкты методистер менен, кесиптештери менен жана педагогикалык окуу жайлардын окутуучулары менен тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүктөрү жогору.

Айыл мектебин башкарууда элге билим берүүнү башкаруу органдарынын алыстыгы, окуу убактысында мугалимдерди чакырып чогулуштарды өткөрүү, алар тарабынан берилген квалификациялуу методикалык жардамдардын аздыгы, берилген иш чаралардын аткарылбай же текшерилбей жатышы айыл мектебине мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр.

Айыл жергесинде маданий-массалык мекемелер жокко эсе, балдар үчүн атайын кружоктор, клубдар уюшулбайт. Ошондой эле окуучулардын

билимин терендетүү максатында предметтер боюнча атайын адистердин репетитордук кызматтары же кошумча билим берүүчү уюмдаржок.

Айылдык мектептин окуучуларынын билим сапатынын төмөндүгүнүн дагы бир себеби мектепке келбеген балдардын санынын көбөйүшү. Социалдык мүнөздөгү себептер менен балдардын көпчүлүгү сабакка катышпайт. Окуучулардын көпчүлүгү күзгү жана жазгы талаа жумуштары мезгилинде сабак калтырышат [167.9].

Айылда ата-энелердин көпчүлүгү балдарынын окуусуна көңүл бурушпайт, жардамдашпайт. Окуу ишин мектептин иши деп түшүнгөн ата-энелер да аз эмес. Алар балдарынын эмгекке болгон мамилесин, ага карата өз милдеттерин түшүнүүсүн бир кыйла жогору коюшат, ал эми окуу иштерине көп маани бербегендиги байкалат. Ошол эле учурда баласынын окуу иш аракетине жардам берүүгө аракеттенген ата-энелер педагогикалык билимдеринин жетишсиздигин айтышат.

Ар түрдүү социалдык факторлордун ичинен үй-бүлөнүн тарбиялык таасири биринчи орунда турат. Окумуштуу педагог Н.Асипова «Үй-бүлөлүк тарбиянын негизги максаты болуп баланы келечекте ата-энесинин оюндагыдай, коомго пайдалуу жана инсандык жактан ар тараптан өнүккөн адам катары тарбиялоо жана турмушка даярдоо эсептелет»-деп белгилөө менен үй-бүлөлүк тарбиянын мазмуну жана жолдору ошол үй-бүлөгө мүнөздүү болгон инсандык ресурстарга байланыштуу экендигин далилдейт[].

Үй-бүлө баланы тарбиялоодогу социалдык институттардын негизгиси. Ал адамдын бүткүл жашоосунда жана иш аракеттеринде өз таасирин тийгизип келет. Ата-энелер балдарынын ар тараптуу өнүгүшүнө умтулушат. Бирок бул умтулуу илимий негизде болгондо гана ишке ашат.

Үй-бүлө тарбиясынын практикасында ата-энелердин педагогикалык жактан даяр эместиги баарыдан мурда тарбиялоодогу каталардын келип чыгышына алып келет. Ошондой эле мектеп үй-бүлө менен иштти толук кандуу алып баралбагандыктан же ата-энелер өздөрүн мектеп ишине тиешеси жоктой алып жүрүүсүнүн айынан көптөгөн милдеттер педагогдун

мойнуна жүктөлгөндүгү байкалат. Айыл мектебиндеги мындай абалды өз учурунда белгилүү педагог В.А.Сухомлинский «Мугалимдин бош убактысы жок. Эмне себептен? Эң башкысы, менин көз карашымда, ата- энелердин педагогикалык маданиятынын төмөндүгүнөн жана жоопкерсиздигинен атасынын жана энесинин милдети болгон нерсени көп учурда мугалим иштөөгө аргасыз болгондукта жатат. Ата-энелер биринчи насаатчылар жана педагогдор болсун, алардын сак, сергек байкоолорунун жана көзөмөлүнүн алдында балдарда эч убакта жалкоолук жана шалаакылык туулбасын деген максатты көздөп, биз ата-энелер менен болгон ишке ушунчалык чоң көңүл бурабыз»[191], - деп баса белгилеген.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда аталган айыл мектептериндеги өзгөчөлүктөр окуучунун билим сапатын төмөндөтүп, анын инсандык жактан калыптанышына терс таасир тийгизип жатат.

Билим берүү системасында билим берүүнүн сапаты ар дайым негизги маселелерден болуп келген. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатында билимдин сапатын жогорулатуу аркылуу адамды калыптандырууга, анын деңгээлин инсандын жана коомдун кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга өзгөчө маани берилип жатат.

Педагогика илимдеринин доктору Л. П. Мирошниченко «Проблемы гарантии качество образования и мировой опыт их решения» деп аталган эмгегинде билим берүүнүн сапатына төмөндөгүдөй аныктама берген. «Билим берүүнүн сапаты – коом тарабынан өз атуулдарын окутуу максатын жана анын жыйынтыгын сунуштаган, стандарттарга жана нормаларга туура келген билим берүүчү кызматтардын негизинде, коомдун социалдык - экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылган социалдык категория»[136].

Окумуштуу педагогдор М.Н.Скаткин жана В.В.Краевский «Окуучулардын билим сапаты жана аны жогорулатуунун жолдору» деп аталган эмгегин советтик доордун жетимишинчи жылдарында жазган. Ошол мезгилде эле билимдин сапаты жөнүндөгү проблема актуалдуу болуп эсептелген. Авторлор «билимдин сапаты:

-материалдык жана ички маданият тармагында окуучунун көп жылдык мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт;
- коомдук жашоодогу жөнөкөй эмес суроолорго таянуу менен, атайын билимдерге жана эмгек көндүмдөрүнө ийгиликтүү ээ болууга мүмкүнчүлүк берет;
-элдин маданиятынын жалпы деңгээлин көтөрүүгө шарт түзөт;
-өндүрүмдүү эмгек менен түздөн-түз байланыштуу» деп белгилешкен [137]. Жогорудагы аныктамалар бүгүнкү күндө да актуалдуу, бирок өзгөрүлүп жаткан дүйнө, анын экономикалык жактан өнүгүүсү билим берүү тармагынын алдына андан да жаңы талаптарды коюп жатат.

Окумуштуу-педагогдор, мугалимдер, жалпы коомчулук, анын ичинде билим берүү системасына түздөн-түз тиешеси бар окуучулар жана алардын ата-энелери билимдин сапатына өзгөчө маани бере баштады. Билим берүүнүн сапаты – таалим-тарбия ишинде коюлган максаттар менен алынган натыйжалардын бири-бирине дал келүүсү болуп эсептелет.

Э.Мамбетакунов «Билим берүүнү өнүктүрүүгө комплекстүү мамиле керек» деп аталган макаласында билим берүүнүн сапатын жогорулатууга таасир этүүчү көптөгөн факторлорду атаган. Алар:
-жаштардын билим алууга болгон кызыгуусу, ынтызаарлыгы, алардын жогорку деңгээлдеги даярдыгы жана жөндөмү;
- мугалимдердин теориялык жана технологиялык жактан даярдыгынын сапаттуулугу;
- окуу программалардын, окуу китептеринин, окуу-методикалык көрсөтмөлөрдүн жогорку деңгээлде сапаттуу даярдалышы, окуучулар үчүн кошумча маалымат берүүчү булактардын болушу;
- окуу иштерин уюштурууга керек болуучу материалдык - техникалык базанын, жаңы информациялык-технологиялык каражаттардын жетиштүүлүгү;
- педагогикалык коллективдин, окуучулар жамаатынын ортосундагы ыңгайлуу психологиялык климаттын түзүлүшү;

- окуучулардын окуу иштериндеги жетишкендиктерин обьективдүү текшерүү жана баалоо;
- билим берүү системасын нормалдуу финансылоо, мугалимдердин материалдык жана моралдык, кесиптик муктаждыктарын калыптандыруу;
- билим берүүнү жөнгө салып туруучу нормативдик актылардын өз убагында сапаттуу даярдалышы жана алардын аткарылышын уюштуруу, көзөмөлдөөчү органдардын ак ниет иштеши, паракорлукка жана пайдакечтикке жол бербөө ж.б. [130].

Жогорудагы аталган факторлорду негиз кылып алуу менен айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатына оң таасир берүүчү факторлорду система катары карап, анын элементтерин 1-сүрөттө көрсөттүк.




Сүрөт 1.1. Мектеп окуучуларынын билим сапатына оң таасир тийгизүүчү факторлор

Эми ушул факторлордун ар биринин мазмунуна кыскача токтололу:

*1.Окуучунун жөндөмү, мектепке даярдыгынын деңгээли, мотиви.*

Азыркы учурда, өзгөчө айыл жергесинде баланы мектепке окууга даярдоо бир кыйла татаал проблема болуп келет. Мектепте окууга даяр болуу-баланын ден-соолугунун чыңдыгы, интелектуалдык, эрктик, нравалык жактан өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли, мотивдик керектөө сферасынын калыптангандыгы, класстагы өзү теңдүү балдар жана мугалим менен мамиле түзө билүүсү аркылуу шартталат.

Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоону калыптандыруу баланын мектепке чейинки бүткүл жашоосун өз кучагына алат. Мектепке

даярдоо мектепке кирер жылы гана болбошу керек. Мектепке жетилүү баланын анатомиялык-физиологиялык, психологиялык өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан, ал 6-7 жаш курагына туура келет.

Бала 7 жаш курагында мектепке окууга даяр болот. Бул куракта балдардын дене жана психикалык өнүгүүсүндө интенсивдүүлүк байкалат.7 жаштагы балдардын дене боюнун жана психикалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурсак, 7 жашка келгенде балдардын боюнун узундугу орточо алынганда 125 сантиметрге, салмагы 23,5 килограммга, көкүрөк клеткасынын курамы 60 сантиметрге жетет. Мээсинин салмагы артат, 7 жашка карата баш мээсинин үстүңкү кыртышынын өлчөмү чоң кишинин баш мээсинин үстүңкү кыртышынын өлчөмүнүн 80-90% жетет. Өмүрүнүн жетинчи жылына карата балдардын кыймыл аракеттери бир кыйла так жана тең салмактуу болуп калат. Күч кубат, ыкчамдык, чыдамкайлык жана шамдагайлык сыяктуу сапаттарынын калыптануусу өрчүйт. Тыкандык, көтөрүмдүүлүк пайда боло баштайт, акыл эс кыймылында «уттура билүү» жаралат. Балдардын дене бой жана акыл эс жактан ишке жарамдуулугу олуттуу артылат. Жети жашына карата үзгүлтүксүз жемиштүү аракеттердин узактыгы 25-30 мүнөткө жетет. Ошентсе да балдар иштөө жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлдери боюнча бири-биринен олуттуу айрымаланарын эсепке алуу керек. Ал баланын акыл-эс жана кара жумуштун оордугуна карата даярдыгынын деңгээлине, организиминин жалпы чыдамдуулугуна, ден-соолугунун абалына жана жеке өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот[203.5].

Мектепке даярдык баланын дене боюнун, психикалык жана социалдык жактан даярдыгы менен шартталат. Демек, баланын мектепке даярдыгынын биринчи шарты - анын жалпы дене түзүлүшүнүн жана психикалык өнүгүү деңгээлин аныктоо. Ата-энелер биринчи кезекте баланын ден-соолугуна кам көрүүсү зарыл. Окуу ишинде биз бул маселеге көп маани бербей келебиз. Ден-соолугу начар, ар кандай тукум куучулук аркылуу берилген оорулар менен ооруган балада жакшы окууга болгон мүмкүнчүлүктөр аз.

Белгилүү психолог А.Н.Леонтьев биринчи жолу 1948-жылы окуучуну психологиялык жактан мектепке даярдоо зарылдыгын айткан. Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоону кандай түшүнсө болот? Бул түшүнүктү ата-энелер туура эмес түшүнүшөт. Алар баланы окуганга, жазганга, эсептегенге үйрөтсө эле бала мектепке даяр деп эсептешет. Бул туура эмес. Сөз баланын жашоосунда жана иш аракетиндеги кардиналдуу кайра куруу жөнүндө болуп жатат. Өнүгүүнүн жаңы стадиясына өтүү менен баланын ички дүйнөсүндө өзгөрүүлөр башталат, ал интеллектуалдык, мотивациялык керектөөнү, баланын инсанынан эмоционалдык-эркти талап кылат. Мектепке окууга даяр болуу таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн, инсандык сапаттарынын, коомдук баалуу керектөөлөрдүн, кызыгуулардын, мотивдердин белгилүү деңгээлде өнүгүүсүн камсыз кылат.

Окуучунун мектепке психологиялык жактан даярдыгынын компоненттери: Мотивациялык жактан даярдыгы. Баланын окууга, билим алууга болгон кызыгуусу. Бул компоненттин ролу зор, окуучуда билимдердин, көндүмдөрдүн зарыл запастары жана акыл жактан өнүгүүнүн белгилүү деңгээли жакшы болгон күндө да балада мектепке көнүү, адат алуу кыйын. Бала канчалык окууга психологиялык жактан даяр болсо, мектепке карата анын оң мамилеси болот жана окугусу келет.

Интеллектуалдык жактан даярдыгы - баланын ойлоо иш аракеттеринин өнүгүү деңгээлине байланыштуу болот. Интелектуалдык даярдык - анализ жүргүзө билүү, жалпылоо, салыштыруу, өз алдынча жыйынтык чыгара билүү. Мурда окутууда бала көп нерсени билсе ал акылдуу деп ойлочубуз, ал туура эмес. Мында биринчи орунда эске тутуп калуу, түшүнүү, жаттап алуу эмес ойлоо турат. Бала интеллектуалдык жактан даяр болбосо окуу материалын начар түшүнөт, жазууда, окууда, эсептөөдө кыйналат.

Эрктик даярдыктын окуу ишиндеги мааниси өтө зор. Баладан күчтүү акыл эмгеги талап кылынат, окуу процессинде бала өзүнө жаккан же каалаган ишти жасай албайт, ал мугалимдин койгон талабына, мектеп

режимине көнүшү керек. Мектептеги эрежелерге баш ийүү, өз жүрүм - турумун алып жүрүү ж.б.

Окуу процессинде окуучунун көңүл бурууусу, эрктүү эске сактоосу, максатка багыттуу ойлоо процесстерин башкара билүүсү өтө маанилүү. Мектепте баланын даярдыгынын эрктик деңгээли начар балдар кездешет. Алар берилген тапшырмаларды аткаруудан баш тартат, чарчап кеткендиктерин айтышат.

Баланын социалдык жактан өнүгүүсүнүн мүнөзү. Мында баланын улуулар менен болгон мамилесинин стили жөнүндө сөз болот. Албетте окуу процессинде улуу адамдын жетекчилиги менен бала билимдерге ээ болот. Баланын мугалимди угууга жөндөмдүүлүгү, аны түшүнүүсү, тапшырмаларды аткаруусу мектепте окуу үчүн зарыл нерсе болуп саналат. Ошондуктан мектепке даярдыктын дагы бир түрү баланын улуу адамдар менен мамиле стилин эске алуу керек.

Жогорудагы айтылгандарды жыйынтыктап, баланын мектепке даярдыгы жөнүндө «Мектепке кирген мезгилде эле баланын мектеп программасын эркин өздөштүрүүсүн камсыз кылган таанып билүүдөгү өнүгүүсү жогорку деңгээлге жетет. Бирок мектепке психологиялык жактан даярдык муну менен гана чектелбейт. Кабыл алуу, көңүл буруу, эс, ойлоо жана сүйлөө процесстеринен тышкары – буларга баланын мүнөзүнүн өзгөчөлүгү, жөндөмдүүлүгү, мотиви, кызыгуусу камтылган инсандык өзгөчөлүктөр жана иш аракеттин түрлөрүн аткарууга байланышкан сапаттарды киргизүүгө болот. Балада мектепке кирген мезгилде өзүн-өзү контролдоо, эмгектик көндүм адаттар, адамдар менен мамилелешүү жөндөмдүүлүгү, ролдук жүрүм-турумдары жетиштүү деңгээлде өнүгүүсү керек. Баланын билимдерди өздөштүрүүгө жана окууга практикалык жактан даярдыгы үчүн жогоруда аталган ар бир мүнөздөмөлөр балада жетиштүү денгээлде өнүгүүсү зарыл» деп белгилейт психолог Р.С.Немов[141].

*2. Мугалимдин илимий-педагогикалык даярдыгы.*

Башталгыч класстын мугалиминин илимий-педагогикалык жактан даярдыгы башка предметтик мугалимдердин даярдыгынан өзгөчөлөнүп турат. Мугалимдик кесипке даярдоо жөнүндөгү материалдар педагогикалык адабияттарда кеңири берилген. Ал жалпы мугалимдерге жана башталгыч класстын мугалимине да тиешелүү. Бирок, башталгыч класстын мугалимине өзгөчө талаптар коюлат. Алар: мугалим баланын, ата-эненин зор ишеними, башталгыч класстагы окуу-тарбия иштеринин өзгөчөлүгү, коом жана билим берүү системасы тарабынан башталгыч класстын мугалимине коюлган талаптар. Ошого жараша мугалим өзгөчө кесиптик даярдыктан өтүүдө кенже окуучулар менен иштөөгө кызыгуусу зарыл. Ал эми кызыгуу кенже мектеп курагындагы балдарды терең сүйүү, аларды кесиптик милдети катары сүйүү эмес, чын дилинен сүйө билүү менен байланышат.

Башталгыч класстын мугалими башка предметтик мугалимдерге зарыл болбогон билимдердин жана көндүмдөрдүн белгилүү көлөмүнө ээ болуусу керек. Аларга: кенже класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык окуу предметтеринин мазмунун, окуу методикасын жакшы билүүсү, окуучулардын социалдык жашоо шартын билүү, алардын эне-аталары менен окуу-тарбия ишинде бирдиктүү иш алып баруу, окуу ишинде балдар менен мамилелеше билүү, аларды окуу-тарбия ишине уюштура билүү, окуучу менен жекече иш алып баруу,окутууда оюн ыкмаларын пайдалана билүү, психомотордук жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү ж.б.кирет.

Башталгыч мектептин мугалиминин педагогикалык маданиятынын эң маанилүү элементтеринин бири - баланы байкап билүү методдорун көп билгендиги. Баланы таанып билүү баарынан мурда байкоолордон келип түзүлөт. Мугалим баланын ден-соолук абалын, анын дене жана акыл жагынан өсүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн, анын акыл жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүшүнө таасир көрсөтүүчү факторлорду билүүгө тийиш. «Баланын жан дүйнөсүн, анын ой- жүгүртүү өзгөчөлүктөрүн, курчап турган дүйнөнү кабыл алышын билбей туруп, камкордук жөнүндөгү сөз куру сөз болуп кала берет: баланын жан дүйнөсүн билүүсүз педагогикалык

маданият жок, мектепке илимий жетекчилик жок» [192]. Ошондой эле башталгыч класстын мугалиминен баалуу адамдык сапаттар - адамгерчилик, чынчылдык, чыдамкайлык, акыйкаттуулук, теӊ салмактуулук, эмоционалдуулук, жөнөкөйлүк, мээримдүүлүк, инттелектуалдуулук, эмгекчилдик, тактык, камкордуулук ж.б. сапаттар талап кылынат. Атайын изилдөөлөрдө башталгыч класстын мугалиминин профессиограммасында 1-орунда мугалимдин балдарга болгон сүйүүсү, 2- орунда кесиптик даярдыгы, 3 - орунда чыдамдуулугу, 4 -орунда кеӊ пейилдүүлүгү, 5 - орунда педагогикалык чеберчилиги белгиленген [43]. Мугалимдин кесиптик чеберчилиги жөнүндө Л.Н.Толстой «Эгерде мугалим өз ишин сүйсө, ал жакшы мугалим. Эгерде мугалим окуучуларын анын атасындай, энесиндей сүйө билсе, ал андан да жакшы мугалим. Эгерде мугалим ишке жана окуучуларга болгон сүйүүнү бириктире алса, анда ал чыныгы мугалим» [191] деп жазат.

Ал эми Н.К. Крупскаянын: мугалимдин кесиби – «эӊ эле жооптуу, эӊ эле асыл кесиптердин бири. Бул кесиптин ролу жана мааниси улам жана улам өсө берет» [163] -деген сөздөрү бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой келет. Коом тарабынан мугалимге болгон ишеним менен анын жоопкерчилигине болгон талаптар өсүүдө. Бирок ар бир мугалим бул жооптуу милдетти аткарууга бардык күч аракетин жумшоого, билимин талбай арттырууга, устаттыгын үзбөй жогорулатып турууга тийиш: «Мугалим окуп турганында мугалим болот, мугалим болуп турганында окуй берет» - деген эски чындык ар бир мугалим үчүн турмуштук талапка айлануусу зарыл [163].

### *3.Мектептин материалдык техникалык базасы*

Мектептин материалдык техникалык базасы билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы негизги факторлордун бири. Ал окуу процессинин натыйжалуу жүрүшүнө эӊ зарыл болгон жана билим мазмуну менен бирдикте предметтик маалыматты түзүүчү элементтердин жыйындысы болуп

саналат. Негизинен мектептин материалдык–техникалык базасы биринчи ирээт окуу процессинин натыйжалуу жүрүшү үчүн кызмат кылышы керек. Айыл мектептеринде өзүбүз күбө болуп жүргөндөй мектептин материалдык-техникалык базасы учурдун талабына жооп бербей келет. Мектептин курулушунун абалы, анын жылуулук системасы, окуу бөлмөлөрүнүн, спорт залдарынын жасалгаланышы жана талапка ылайык окуу мебелдери менен камсыздалышы, окуу-көрсөтмө каражаттардын топтому, мектептик китепкананын абалы жакшырганда, окуу-компьютердик жабдуулар менен камсыз болгондо гана заманбап билим берүүгө негиз түзүлөт. Андыктан, «Сапатуу билим» долбоорунун 4-компоненти мектептерди каржылоо тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуу – бүтүндөй билим берүүнүн сапатын жакшыртууга багытталып жаткандыгын белгилөөгө болот. Муну натыйжалуу ишке ашырууда мектеп бюджетин түзүү жана ресурстарды бөлүштүрүү жана пайдалануу процессине камкорчу кеңештер, коомдук башкаруунун башка формалары катыша алат.

*4. Нормалдуу финансылоо*

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүүнүн 2020-жылга чейинки стратегиясында мектептик билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын бири катары билим берүү системасын финансылоо каралган. Мында республиканын жалпы билим берүүчү мектептерине 2008-жылы бюджеттен – 9616,6 млн. сом, 2009-жылы -11498,4 млн. сом, 2010-жылы – 12473,3 млн. сом бөлүнгөн. Бюджеттен бөлүнгөн акчалар финансы Министрлиги аркылуу айыл өкмөттөрүнө, алар аркылуу гана мектептерге бөлүнөт жана бөлүнгөн акчанын 14 проценти гана мектептин материалдык-техникалык базасына жумшалып, калган 86 проценти мугалимдердин айлык акысына, Социалдык фондго, коммуналдык тейлөөлөргө, тамак ашка ж.б. сарпталат. Билим берүүгө мамлекеттик финансылоонун жалпы денгээли өскөнү менен, учурдагы билим берүү чөйрөсүндө бир окуучуга кеткен чыгым өтө эле аз. Демек, мамлекет тарабынан нормалдуу каржылоонун жетишсиздигинен окуучуга кеткен чыгымдарды үй-бүлө камсыздайт [99].

*5.Окуучулардын окуу иштерин уюштурууда мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети*

Башталгыч мектеп окуучуларынын билимдеринин сапатын жогорулатууга өзгөчө таасир берүүчү факторлордун бири – бул мугалимдин ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруусу. Тажрыйба көргөзгөндөй, башталгыч класстын мугалимдери баланын окуу ишин уюштурууда ата-энелердин жардамысыз иштин алга жылбай тургандыгын белгилешет. Ата-энелер да (бардыгы тең) балдарынын билимдүү, акыл-эстүү, рухий байлыгы терең жана адептүү балдардан болуп өсүүсүн каалашат. Бирок бул каалоолорду ишке ашыруу өтө татаал. Мында ата-энелер да мугалимдин жардамына муктаж. Эки тарап тең окуу ишинин маанисин, максатын терең түшүнүп, бири-бирине колдоо көрсөткөндө гана окуучунун окуудагы ийгилиги жаралат. Демек, аны иш жүзүнө ашыруунун төмөнкү жолдорун белгилөөгө болот. Үй-бүлөнүн турмуш тартибинин педагогикалык жактан туура уюштурулушу үчүн мугалимдер ата-энелерге окуучунун бурчун жабдууну, анын күн режимин түзүп берүүнү, маданий-массалык каражаттарды пайдалануу боюнча, ата-энелердин баланын окуусуна, үй-тапшырмасын аткарууга жардам берүүсү боюнча, үй-бүлөнүн бош убактысын пайдалануу, үй-бүлө турмушундагы толуп жаткан маселелер боюнча кеп кеңештерин берүүлөрү тийиш. Мына ошентип, мугалимдин үй-бүлөдөгү турмушту педагогикалык жактан максатка ылайыктуу уюштуруп, ата-энелерге түздөн-түз таасир берүүсү – үй-бүлөдөгү баланын окуу ишин өркүндөтүү жолдорунун бири болуп калат.

Үй-бүлөдө окуу ишин жакшыртуу боюнча маанилүү маселелердин катарына төмөндөгүлөрдү кошуу өзгөчө зарыл: ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз иш жүргүзүү, үй-бүлөгө маалымат-массалык каражаттары аркылуу таасир этүү, ата-энелерге балдар аркылуу педагогикалык таасир этүү. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууда мектептин ишинин мааниси өтө чоң. Мугалим ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун

жолдоруна, ал боюнча иштөө принциптерине, иштин мазмунуна, формаларына жана методдоруна таянып, үй-бүлө менен бирдиктүү иш алып барганда гана окуу ишинин натыйжалуулугу артат.

Азыркы учурда баланы окутуу-тарбиялоо замандын шартына ылайык кыйын болуп калды. Ошого жараша окутуунун жана тарбиялоонун формалары, методдору өзгөрдү. Бирок үй-бүлө тарбиясынын маңызы жана мааниси ошол бойдон калды. Ал үчүн ата-энелер менен биргеликте иштөөнүн төмөндөгү формаларын пайдалануу зарыл. Лекциялар ( жалпы мектептин, класстын окуучуларынын ата-энелери үчүн), аңгеме-маектер (коллективдик, группалык, жекече), ата-энелердин чогулушу (жалпы мектептик, класстык), ачык сабактар, педагогикалык практикумдар, балдарды окутууга байланыштуу ата-энелердин конкреттүү тапшырмаларды аткарышы, тажрыйба алмашуу боюнча конференциялар, диспуттар, «тегерек столдо» жолугушуулар, консультациялар (группалык, жекече), педагогикалык темадагы телекөрсөтүүлөр, окуучунун үй-бүлөсүнө баруу, педагогикалык- методикалык адабияттарды талкуулоо боюнча окурмандардын конференциялары, суроолор жана жооптор кечеси, ачык эшиктер күнү сыяктуу формалары колдонулат. Мында мугалим окуучунун окуу ишиндеги кыйынчылыктарды аныктап, алардын ата-энелерин бул ишке тартат [58].

6. *Ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээли, жоопкерчилиги, маалымат булактар менен камсыздалышы*

Айыл мектептеринин ата-энелер менен жүргүзгөн иш аракеттеринде кездешкен эң негизги проблемалардын бири ата-энелерди педагогикалык билимдеринин деңгээлин жогорулатуу. Бала мектепке келген күндөн баштап ата-эне менен мугалимдин ортосунда кызматташуу башталат. Баланын окуу-тарбия ишиндеги ийгиликтер мугалим менен окуучунун жана анын ата-энеси менен болгон мамилеге көз каранды. Мына ошондон улам азыркы татаал шартта үй-бүлө мектептен системалуу, квалификациялуу жардамды күтөт. Мугалим менен ата-энелердин кызматташуусу аркылуу гана окуучунун

билим алуудагы проблемаларын ийгиликтүү чечүүгө болот. Ата-энелер менен иштөөнүн формалары жана методдору ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатууга, мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттерин бекемдөөгө, ата-энелердин тарбия жана билим берүүчү деңгээлин күчтөндүрүүгө багытталууга тийиш. Мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттери ата-энелерди мектептин окуу-тарбия процессине активдүү катышууга тартат.

*7.Окуу процессинин окуу-методикалык комплекстер менен камсыздалышы*

Башталгыч мектептин окуу - тарбия ишинин акыркы натыйжасы окуучулардын билиминин жана жүрүм-турумунун сапаты менен аныкталып, бааланат. Окутуунун сапаты болсо өз кезегинде билим берүүнүн максаты менен мазмунуна байланыштуу, ал эми билим берүүнүн максаты менен мазмунун чагылдырган ченемдик документтерге – билим стандарты, окуу планы, окуу программасы, окуу китеби жана окуу куралы кирет. Азыркы учурда айыл мектептериндеги  көйгөйлөрдүн эң негизгиси окуучулардын жана мугалимдердин окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстер менен толук камсыз болбогондугу.

И.Бекбоев  «Окуучунун окуусу ийгиликтүү болуусу үчүн ар бир предмет боюнча жалгыз окуу китеби менен гана эмес, ошол предметке байланышкан эң кеминде 5 наамдагы каражаттар ( маселелер жыйнагы, көрсөтмө куралдар, дидактикалык материалдар, экзаменге даярдануу боюнча материалдар, тесттик тапшырмалар) менен коштолгон бирдиктүү комплекс менен камсыз кылуу зарыл. Биздин мектептерде окуучулар бирдиктүү комплекс эмес жалгыз окуу китеби менен да толук камсыз болбой жатат» деп жазат [24]. Андыктан, айылдык башталгыч мектептин окуу планында көрсөтүлгөн сабактар боюнча жаңы окуу-методикалык комплекстер толук иштелип чыгып жана жетишээрлик санда мектептерди камсыздоосу зарыл. Эгерде кенже мектеп окуучулары окуу китептери менен толук камсыз болсо, мугалимдер окуу предметтери боюнча дидактикалык материалдар, тапшырмалардын жыйнактары, методикалык колдонмолор менен камсыз

болсо, ошону менен катар айыл мектептери үчүн көркөм жана методикалык адабияттардын жазылма китепканаларын, алардын ичинде укуктук билим берүү, жаңы маалыматтык технологиялар, жаңычыл мугалимдердин тажрыйбалары менен таанышуу боюнча маалыматтык китепканалар уюштурулса, жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча методикалык сунуштар берилсе билимдин сапатынын жогорулашына өз таасирин тийгизет.

*8. Санитардык-гигиеналык, психологиялык шарттар*

Кенже мектеп окуучусунун окуу ишиндеги ийгилиги анын ден-соолугунун абалына тыгыз байланыштуу. Окуучунун ден-соолугуна кам көрүү ата-энелердин жана мектептин негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Ден-соолукту чыңдоо үчүн баланы сергек жашоо образына көндүрүү жана ал үчүн атайын гигиеналык тарбия берүү иштерин жүргүзүү зарыл. Бул иштерди жүргүзүү үчүн үй-бүлөдөгү жана мектептеги санитардык-гигиеналык, психологиялык шарттарга көңүл буруу керек.

Баланын ден-соолугунун начарлашынын негизги себеби санитардык маданияттын төмөндүгү, элементардык гигиеналык көндүмдөрдүн жоктугу, өзүнүн ден-соолугуна жоопкерчиликсиз мамиле жасоосу. Биринчи кезекте баланын ден-соолугуна үй-бүлөдө кам көрүү зарыл. Ал үчүн ата-энелер белгилүү билимдердин системасына ээ болуусу керек. Ата-энелер менен бирдиктүү иш алып барууда баланын ден-соолугун чыңдоо, санитардык-гигиеналык маданияттын көндүмдөрүн калыптандыруу сыяктуу конкреттүү маселелер жөнүндө сөз болот. Мисалы: Үйдөгү санитардык-гигиеналык абал, баланын денесинин, кийимдеринин тазалыгы, таза абада ойноо, туура тамактануу, эс алууну туура уюштуруу, окутуу же үй-тапшырмасын аткаруудагы эрежелерди сактоо, баланын психикалык ден-соолугун сактоо, гигиеналык көндүмдөргө үйрөтүү, ден соолугу үчүн кам көрүүгө үйрөтүү ж.б.

Мектепте да санитардык – гигиеналык абалга, психологиялык шарттарга өзгөчө маани берүү зарыл. Бул милдетти чечүү сырткы чөйрөнүн

шартын туура уюштуруу менен байланышкан, б.а. мектептин,окуу бөлмөсүнүн гигиеналык абалы окуу ишине өз таасирин тийгизет. Окуу бөлмөлөрүнүн жылуулугу жаш организмге ылайыкталышы керек. Класстын ичи ысып же муздап кетсе да окуучулардын ишке жөндөмдүүлүгү төмөндөйт. Бөлмөдөгү абанын тазалыгынын да мааниси зор, организмге кислороддун аз өлчөмдө берилиши менен окуучунун эмгекке жөндөмдүүлүгү азайат. Ошондой эле жарык менен камсыз кылууда баланын көрүү системасын эске алуу зарыл.

Мугалимдер кенже мектеп окуучусунун ден-соолугуна кам көрүүсү керек. Алар баланын ден-соолугунун абалы боюнча ата-энелерден маалымат алып турушат, ошондой эле баланын дене - боюунун, кийиминин тазалыгына көңүл бурушат. Окуучуларды гигиеналык эрежелерди аткарууга үйрөтүшөт. Окуу учурунда мугалим акыл эмгеги менен эс алууну айкалыштырып турат, себеби бир монотондуу эмгек кенже окуучуларды тез эле чарчатып жиберет. Ошондуктан ар кандай кыймылдуу оюндар, физкультминуталар ойнотулат. Сабак учурунда класстагы абанын тазалыгына, жылуулук менен камсыз болушуна көңүл бурат.

Окуу процессинде мугалим менен окуучунун мамилесинин комфорттулугу да окуу ишинин натыйжалуулугун көтөрөт. Демек, билим берүүнүн сапатын көтөрүүдө санитардык-гигиеналык абал сыяктуу эле психологиялык шарттардын да мааниси бар. Айыл мектептеринин абалы, материалдык –техникалык базасы замандын талабына ылайык уюштурулса, балдардын ден-соолугуна кам көрүү, ар кандай ооруулардын алдын алуу максатында мектептерде медициналык бөлмөлөр уюштурулса, ата-энелер жана мугалимдер тарабынан балдарга гигиеналык жактан тарбия берилсе, баланын окуу ишине эки тараптын тең психологиялык жактан колдоо болсо, окуучунун билим сапаты көтөрүлөт [207].

*9.Мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин эмгегин стимулдаштыруу*

Айылдагы мугалимдик эмгекти моралдык жана материалдык жактан стимулдаштыруунун ар кандай түрлөрүн иштеп чыгуу жана колдонуу:

коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөдө жеңилдиктерди берүү; жаш адистерди кошумча жер үлүштөрү менен камсыз кылуу, педагогикалык жаңылыктарды иштеп чыгууга активдүү катышкан айылдык мугалимдер үчүн жардам берүү фондун түзүү, айыл мугалимдерин турак үй менен камсыз кылуу, медициналык жардам көрсөтүү, жайкы эс алуусун уюштуруу.

Окуу процессинде окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалап туруу, ага стимул берүү мугалим менен ата-эненин милдети. Эгерде алар тарабынан натыйжалуу стимул түзүлсө, анда окутуунун максаты ошончолук жогорку деңгээлге ишке ашат. Кенже мектеп окуучусунун жекече өзгөчөлүгү - алар сыйлоого, кубаттоого, мактоого муктаж. Ошондуктан сыйлоо окуучунун аракетинин, ишмердүүлүгүнүн негизиндеги өзгөчө жетишкендиктерин жогорку эмоционалдык деңгээлде оң, туура аныктоо методу. Өз учурунда окуучуну адилеттүү сыйлоо өздүк ишенимди арттырып, туура көңүлдү пайда кылуу менен окууга болгон кызыгуусун арттырат. Мугалим менен ата-эне окуучунун окуудагы ийгилигин кубаттап, мактап, ыраазычылык билдирип турса, окуучуда өзүнө болгон ишеним артылат. Ошону менен катар мугалим менен ата-эне баланын окуусу үчүн бирдей камкордук көрсө, тактап айтканда чогуу иш алып барса окуучунун окууга болгон стимулу андан да жогорулайт.

Ата-энелердин эмгегин стимулдаштыруу үй-бүлө менен мектептин бирдиктүү иш аракеттеринин натыйжасында ишке ашат. Мугалим ата-энелерге өз балдарынын билими жана тарбиясы үчүн жоопкерчиликтүү экендигин, камкордуктарын айтып түшүндүрүп, аларга педагогикалык билимдерди берүү менен алардын эмгегин стимулдаштыра алат.

## 1.2.Айылдык башталгыч мектептин үй - бүлө менен байланышынын педагогикалык теорияда изилдениши

Белгилүү педагог ойчулдар байыртадан эле мектептик жана үй-бүлөлүк тарбиянын бирдиктүүлүгүнө көңүл бурушкан. Чет өлкөлүк белгилүү педагогдор Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, А. Дистервег, К.Д. Ушинский,

А.С. Макаренко, Н.К. Крупская, А.В. Сухомлинский өз эмгектеринде мектептеги окуу-тарбия процессинин ийгилиги үй-бүлө тарбиясына көз каранды экендигин баамдап, ата-энелерге үй-бүлөдө баланы кантип окутуп тарбиялоо жөнүндөгү баалуу ой-пикирлерин айтышкан.

Чех элинин улуу педагогу, гуманист Ян Амос Коменский үй-бүлө тарбиясынын теориясын биринчилерден болуп иштеп чыккан. Ал «Улуу дидактикадагы» идеяларды өнүктүрүү менен мектепке чейинки балдарды тарбиялоо ишине арналган энелер үчүн «Эне мектеби» [95] деп аталган эмгегин жазган. Анда өсүп келе жаткан муундарды окутуп тарбиялоо системасынын биринчи жана негизги бөлүгү катары баланы үй-бүлөдө эрте жаш курагынан баштап окутуп жана тарбиялоо керектигин белгилеп, өзүнүн баалуу ойлорун жазган.

«Эне мектеби» эмгегинин негизги идеясы баланы мектепте окууга даярдоого арналган. Үй-бүлөдө эненин жетекчилиги менен баланын дене бою, нравалык жана акыл эсинин өнүгүүсү калыптануусу керек. Коменский баланы дене бою жагынан тарбиялоого өзгөчө маани берген. Ал энелерди баланын ден-соолугу үчүн өзгөчө камкордук көрүүсүнө чакырып, баланы туура тамактандыруу, аны кийиндирүү жана ал үчүн режимди туура колдонуу боюнча так сунуштарды берет. Ал эми нравалык жактан баланы эрте жаш курагынан иш аракетке умтулууга, чынчыл, эр жүрөк, кичи пейил болууга, улууларды сыйлоого үйрөтүүнү сунуштаган. Акыл эсти өнүктүрүүдө негизги милдет катары баланын сезүү органдары аркылуу курчап турган дүйнө жөнүндөгү конкреттүү элестөөлөрүн, ой-жүгүртүүсүн жана кебин өстүрүү менен аларды андан аркы мектептеги системалуу окутууга даярдоону белгилеген. Коменский бала алты жашка чейин табият таануу, астрономия, география тармагында белгилүү билимдерге ээ болуусун, ал тургай тарых, экономика, саясат жөнүндө маалыматтарды билүүсүн сунуштаган.

Автордун баланын кебин өстүрүү боюнча берген көрсөтмөлөрү баалуу. Ал энелерге балага үч жашка чейин айрым тыбыштарды жана сөздөрдү туура

айтууга үйрөтүү кеңешин берген. Ал эми төрт, беш жана алты жашта балага суроолорду берүү менен, алардын жоопторунда так жана туура байланыштуу кептин болушун талап кылат.

Коменский баланы мектепке психологиялык жактан даярдоо маселесине да көңүл бурган. Бул максатта ата-энелер балага мектепте окуунун маанилүү экендигин түшүндүрөт жана окута турган мугалимдин авторитетин жогору көтөрүү керектигин аларга сунуштаган.

Окутуу теориясынын негизги маселелерине «Улуу дидактика» деп аталган эмгегинде өзгөчө көңүл бурат. Ал балага билим берүүнү эң эле жаш кезинен баштоо керек деп белгилеп, ата-энелер өз балдарын атайын билими бар мугалимдерге тапшыруусун айткан. Окуу ишинде ата-энелердин, мугалимдин балага тийгизген зор таасирин негизги фактор катары белгилеп, андан тышкары мектептин ички жана тышкы абалын, окуу китептеринин балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып жазылышын, окуу методикасынын табигый болушун, бийликтегилер менен мектепти камсыздоочулардын окуу ишине талапты катуу коюусун талап кылган [96].

Башталгыч билим берүүнү эне тилди окутуу мектеби деп атаган. Бала 6 жаштан 12 жашка чейин бул мектептен окуп үйрөнгөндөрү анын бүткүл өмүрүндө пайдаланаары жөнүндө эскертилет. Эне тили мектебинде баланын билимдерине талаптар коюлган . Алар:

1. Өз эне тилиндеги бардык басылмаларда жазылгандарды оңой окуй билүү.
2. Эң алгач сулуу жазууга, андан кийин тез жазууга, акырында туура жазууга үйрөнүү.
3. Сандарды билүү жана ар кандай предметтерди санай билүү. Ошону менен катар баланын музыкалык шыгын өнүктүрүү, тарыхты, саясий экономикалык абалды, географиялык билимди өнүктүрүп, кол өнөрчүлүк көндүмдөрүнө ээ болуусун эскерткен[32, 98-б].

Коменскийдин негизги тезистери бүгүнкү күндө да өзүнүн баалуулугун жоготкон жок. Ал үй-бүлөдө баланы тарбиялоо ишинде эненин ролуна өзгөчө
маани берген. Эне өз баласын терең түшүнөт, анын өзгөчөлүгүн жана мүнөзүн жакшы билүү менен педагогдун жетекчилиги аркылуу баланын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрө алат. Демек, билим – тарбия берүү системасында педагогдун эненин катышуусуз жүргүзгөн иш аракети натыйжасыз болоорун белгилеп, улуу чех педагогу балдарды тарбиялоо ишинде үй-бүлө менен мектептин бирдиктүү иш аракетинин зарылдыгын эске алган. Мында баланын мектептеги окуу ишине коюлган талаптар да ата-энеге түздөн түз тиешелүү экендигин белгилеген.

Белгилүү швейцариялык педагог, ойчул И.Г.Песталоцци «Метод» деген эмгегинде адамдын таанып билүүсү сезүү аркылуу кабыл алуудан так түшүнүккө бара тургандыгын айтат. Ал «Менин эң маңыздуу көз карашымдан чыккандар төмөнкүлөр: адамдын жаратылышты сезим аркылуу кабыл алуусу окутуунун бирден-бир акыйкаттуу фундаменти болуп саналат, демек сезим аркылуу кабыл алуу адамдык таанып билүүнүн бирден-бир негизи»,- деп белгилеген [96]. Ал эми баланын алгачкы таанып билүүлөрү эненин жардамы аркылуу ишке ашаарын эч ким тана албайт. Эне гана баланы жаратылыштагы өзгөрүүлөргө ылайык туура тарбиялай алат. Баланын төрөлгөн убактысы - тарбиялоонун башталышы. Ошондуктан ал үй-бүлөдө алгачкы баланы тарбиялоонун милдетин, мазмунун аныктап, методикасын иштеп чыккан. Ал баланын дене боюн өстүрүү, аны эмгек көндүмдөрүнө үйрөтүү, адамдарга болгон сүйүү сезимине тарбиялоо жана курчап турган дүйнөнү таанып билүүгө жетелөө эненин милдети деп эсептеген.

Песталоцци үй-бүлөдө баланы окутуу боюнча энелерге методикалык сунуштарды берген. Табият адамдын өнүгүүсүндө табигый каражаттарды – тилди, сүрөт тарта билүүнү, жаза билүү, саноону жана ченөөнү тартуулаган. Окутуу иши ушул каражаттарды колдонуу менен ишке ашат. Балада алгачкы

үндөрдүн чыга башташы, анын сезүү органдары аркылуу бир нерсени кабыл алып, түшүнө баштагандыгынан кабар берет. Андыктан, баланын кебин өстүрүү үчүн, андагы болгон билимдерди тил менен байланыштырып кеңейтебиз. Тил баланын сезүү органдары аркылуу кабыл алган нерселерин так аныктайт. Мында окутуу эки түрдө жүргүзүлөт. «…биринчисинде буюмдардын аты айтылып, андан кийин буюм менен тааныштырат, экинчиси тескерисинче буюм менен тааныштырып, андан кийин аты айтылат» Песталоцци экинчи жолду туура деп эсептейт [96,328].

Песталоццинин балдарга арналган алгачкы окуу китеби жаратылыш менен тыгыз байланыштагы сөздүк түрүндө чыккан. Ал эми жазуу ишин сүрөт тартуу менен байланыштырып, анын методикасын сунуштаган.

Сандар өз мааниси боюнча абстракциялуу чоңдук болот: ошондуктан чоңдукту үйрөтүүдөн мурда эсептөө көндүмүн башында же экөөнү бир учурда үйрөткөн оң. Бул жерде да биздин байкообуздан улам, сандарды кошуп кемитүүдө реалдуу буюмдарды көргөзөбүз. Андан кийин гана сандарды чекиттер аркылуу берип, аны санатуу менен сандарга болгон реалдуу мамилени текшеребиз. Ар бир акыл эстүү эне окутуунун бул методдорун жеңил эле колдоно алат деп жазат.

Жаратылыштын жалпы закондорунун негизинде адамдын табиятты таанып билүү фундаменти пайда болгондо гана сабаттуулукка үйрөтүү керек деп эсептеп, ал окуу китебин сунуштаган. Песталоцци « Менин алиппем өзүнчө бир жеңил аңгемелердин топтому, анын жардамы менен ар бир эне ар бир тамга менен байланышкан үндү пайдаланып, курчап турган жаратылыштын бир кыйла маанилүү кубулуштарынын көлөмү менен баланы тааныштырса болот» [96,328], - деп сунуштаган.

Немец педагогу А.В.Дистервег «Немец мугалимдерине билим берүүгө жетекчилик» деген эмгегинде окутуунун өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк идеясын теориялык жактан негиздеген. Ал тарбия процессин уюштурууда үч принципти колдонуу керек деп эсептейт: алар -жаратылышка ылайыкташуу, маданиятка ылайыкташуу жана өз чыгармачылыгына карап

тарбиялоо. Баланын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн өздөштүргөн мугалим гана анын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кыла ала тургандыгын айткан.

Дистервег тарбиялоону тарыхый көрүнүш катары карап, убакыттын ар бир мезгилинде элдин маданий денгээли тарбияланууучу инсандын өнүгүүсүнө таасир берээрин айтат. Демек, маданиятка ылайыкташуу принциби адам төрөлгөн жана жашап жаткан жердеги орундун жана убакыттын шартына көңүл бурууну шарттайт. Маданиятка ылайыктап тарбиялоону тарбиялоонун мазмунун ал коомдун тарбиялык жана маданий идеалдарынын тарыхый жетишкен деңгээлине жараша жүргүзүү зарылдыгын айтат.

Баланын өнүгүүсүн анын чыгармачылыгына карап тарбиялоо керек. Өнүктүрүүнү окутуу менен байланыштырып, адамдын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталган окутуу баланы акыл, нравалык, дене-бою жагынан өнүктүрөт. Дистервег чыгармачылыкты инсандын активдүүлүк, инициативдүүлүк сапаты менен байланыштырат.Чыгармачылыкты өнүктүрүү менен билим берүүнүн максатына, окуучулардын акыл-эс жактан өнүгүүсүнө жетишкен. Педагог ийгиликтүү окутуу тарбия берүүчүлүк мүнөзгө ээ болот деп эсептеген.

Ф.А. Дистервег мектептеги окуу процессинин бардык жагын камтыган эрежени иштеп чыккан. Окутуудагы  өнүктүрүүчүлүк милдетти ишке ашырууда мугалимдин чечүүчү ролуна көңүл бурган, ал мугалимдерди окуучулардын жогорку кеп маданиятын  өнүктүрүүгө жана өз билимин жогорулатып турууга, окутуунун пайдасыз методикаларын колдонбоого, чыгармачылык менен иштөөгө, өз алдынча ой-жүгүртүүнү өнүктүрүүгө чакырган. Албетте, окуу ишинин сапаттуулугу мугалимдин педагогикалык чыгармачылыгы менен тыгыз байланышкан. Окуу ишине тишелүү болгон бардык проблемалар мугалимдин кийлигишүүсү, таасир берүүсү, бирдиктүү иш алып баруусу менен чечилет. Андыктан, биздин изилдөө ишибизге байланышкан проблема мугалимдин иш аракетисиз чечилбейт. Дагы бир

маанилүү маселе педагогдун баланы маданиятка ылайыкташтырып тарбиялоо идеясы. Азыркы шарттагы үй-бүлөнүн абалына көңүл буруу менен, баланын таалим-тарбиясын ата-энелер менен өнөктөшүп жүргүзүү зарыл [34].

Х1Х кылымдын экинчи жарымында элге билим берүүнүн прогрессивдүү ишмерлери К.Д. Ушинский, И.Н. Ульянов, Н.А. Корф, В.М. Водовозов, В.П. Вахтеровдор үй-бүлө жана мектептин байланыштуулугу жөнүндөгү проблеманы андан ары өнүктүрүшкөн.

К.Д.Ушинский падышачылык Россиянын шартында, элементардык мектептердин саны аз болгон мезгилде үй-бүлөдө энени тарбиячы гана эмес, өз балдарынын мугалими катары көргүсү келген. Ал «Эне тили» (1 бөлүм), «Эне тилин» окутууга жетекчилик деп аталган окуу колдонмолорун үй-бүлөдө 8-10 жаш куракка чейинки балдарды окутуп жана тарбиялоого пайдаланса болот деп эсептеген. Анда ата-энелер жана мугалимдер үчүн эне тилин окутуунун педагогикалык негиздери, максаты жана милдети, методикалык сунуштамалар берилген.

К.Д.Ушинскийдин тарбиячы-педагогдор жана ата-энелер арасында педагогикалык билимди кеңири жайылткандыгы бирден бир негизги камкордук. «Тарбиялоо искусствосу өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Ал баардыгына тааныш жана түшүнүктүү, кээде оңой эле иш сыяктуу сезилет - эгерде адам аны менен теориялык жана практикалык жактан таанышса – ал андан да түшүнүктүү жана оңой туюлат. Тарбия иши чыдамкайлыкты талап кылат, ал үчүн тубаса талант жана шык керек деп ойлошот, бирок көпчүлүк адамдар чыдамкайлык, тубаса талант жана шыктан тышкары да атайын билимдер керек экендигине ынанышат»[205].

К.Д.Ушинский жалпы билим берүүчү мектепте эне тили негизги предмет болушу керек деген ойду өнүктүргөн. «Эне тилди өздөштүрүү менен, деп жазган ал, бала сөздөрдү гана өздөштүрбөстөн, аларды ажыратып жана түрүн өзгөрткөндү, чексиз көптөгөн түшүнүктөргө, предметтерди

таанууга, көптөгөн ойлорго,сезимдерге, көркөм образдарга, логикага жана тилдин философиясына ээ болот» [205.112 с.].

«Эне тили» китебинин негизги максаты – окууну жаңы баштагандарга жардам берүү жана өзгөчө алгачкы окутуу эмгегинде энелердин ишин жеңилдетүү болгон. Үй-бүлөгө жана мектепке алгачкы окутуунун жалпы эрежелерин сунуштаган:

1) окутууну баштоонун убактысы же жалпы эле окутуунун ар бир кадамында баланын табигый өнүгүүсүн эске алуу керек;

2) алгачкы окутуудагы предметтер жөнүндө;

3) үй- бүлөлүк жана мектептик классты уюштуруу жөнүндө;

4) мектеп тартиби жөнүндө;

5) алгачкы окутууда эне тилин окутуунун мааниси жөнүндө. Мына ушулардан кийин гана «Эне тилин» окутуунун методикасын талкуулаган. Ал китеп үч бөлүктөн турган 1) окутуу жана жазуунун алгачкы сабактары 2) ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн окуу жана жазуу боюнча көнүгүүлөрдүн материалдары 3) нравалык аңгемелер [205]. Өз учурунда «Эне тили» окуу китебине жакшы ой пикирлер мугалимдер тарабынан гана эмес, ата-энелер тарабынан да айтылган.

Белгилүү педагогдор Я.А.Коменский жана И.Г.Песталоцци алгачкылардан болуп баланы мектепке даярдоо үчүн үй-бүлөдө ага зарыл болгон билим-тарбияларды берүү керектигин сунуштаган болсо, педагогиканын тарыхында биринчилерден болуп К.Д.Ушинский мектепте элементардык билим берүүгө мугалимдер менен катар ата-энелерди тарта билгендигинде. Ал үй-бүлөдө баланы окутуп-тарбиялоо ишинде эненин ролун жогору баалаган. Эненин билимин жогорулатуу, ага окутуу жана тарбиялоо боюнча методикалык сунуштарды берүү ошол мезгилде эле негизги максат болгондугун, ал проблема бүгүнкү күндө да актуалдуу экендигин тана албайбыз.

А.С. Макаренконун эмгектери да үй-бүлө тарбиясынын проблемаларына өзгөчө салым кошкон. Ал баарыдан мурда ата-энелерди

тарбиянын максатын жана методун билүүгө чакырган [123]. Демек, окутуу ишинде да ата-энелер окутуунун максатын, мазмунун жана методун жакшы билүүсү керек. Бул жөнүндөгү пикирлер педагогикалык адабияттарда аз кездешет. Окутуу иши мектептин милдети катары каралып, ата-энелер бул иште өздөрүн билимсиз сезишет жана өздөрүн обочо кармашат. Бирок башталгыч класстын ата-энелеринин баланы окутууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Ал ата-энелердин каалоолору аркылуу ишке ашат. Ошондуктан А.С. Макаренко «Тарбиялоонун эң биринчи жана башкы методу – ата-энелердин өзүнө койгон талабы, өз үй-бүлөсүн сыйлоосу, баланын ар бир кадамына ата-энелик көзөмөлү», - деп белгилеген [123,246].

Үй-бүлөдө жүргүзүлгөн окуу иши педагогикалык агартуу ишинин жардамы менен ишке ашса натыйжалуу болот. Эгерде, ата-эне баланы окуу иш аракетине өз билгениндей үйрөтсө, тарбиялоодогу кетирген кемчилик сыяктуу «Перевоспитание требует и больше сил, и больше знаний, больше терпения, а не у каждого родителя все это найдется»[123,242]. Ошондуктан ал бардык калкты педагогикалык билимдер менен куралдандыруу зарылдыгын белгилөө менен ата-энелер үчүн үй-бүлө педагогикасынын негиздерин үйрөтүү боюнча кыска курстарды уюштурууга чакырган. Анын максаты коомдук жана үй-бүлөлүк тарбиянын байланыштуулугун көрсөтүү менен мамлекеттин өсүп өнүгүү келечеги үй-бүлөдө жакшы тарбия алган балдардын колунда экендигин далилдөө болгон. Ал «Тарбиянын максаты жөнүндөгү суроого өзгөчө көңүл буруу керек. Айрым үй-бүлөлөрдүн бул суроо боюнча эч ойлонушпагандыгын байкоого болот: ата-энелер балдарынын катарында жөн гана жашап келет, алар баары өзүнөн – өзү эле ишке ашат деп ишенишет. Ата-энелердин алдыга койгон так максаттары жок. Албетте мындай учурда жыйынтыктар да дайыма башкача болот, көп убакта бул ата-энелер, эмне себептен балдары жаман болуп өсүп калгандыгына кийинчерээк таң калышат. Эгерде бир нерсеге жетүү белгисиз болсо, ал ишти жакшы жасоо мүмкүн эмес»[123] ,- деп жазат. Андыктан

мектептин алдындагы негизги милдет ата-энелерди окутуунун жана тарбиялоонун искусствосуна активдүү окутуп үйрөтүү.

Үй-бүлө тарбиясындагы мектептин жетекчилик ролуна Н.К. Крупская өзгөчө маани берген. Анын зарылдыгын эске алып « …көптөгөн аталар жана энелер  өз балдарын кантип тарбиялоону билишпейт» деп жазат. Анын ата-энелер арасында педагогикалык үгүттөөнүн методикасы жана мазмуну жөнүндөгү айткандары кызыгууну туудурат. «Маданий революциянын бирден-бир фронту, -деп  көрсөтөт Н.К.Крупская, -баланы кичине кезинен тарбиялоо, аны сыйлоо, акыл эстүүлүк менен ага кам көрүүнүн негизинде үй-бүлө тарбиясын кайра куруу болуп саналат. Ал үчүн баарыдан мурда калк арасында педагогикалык үгүттөө ишин кеңири жайылтуу керек» [108].

С.Т. Шацский ата-энелердин педагогикалык маданиятын көтөрүүнүн зарылдыгын талап кылган. Ал ата-энелердин баланы тарбиялоо боюнча ар түрдүү каражаттарды колдонушуп жаткандыктарын айтып, үй-бүлөлүк тарбияда мындай өз билемдикке салып тарбиялоого жол бербөө керектигин, ата-энелерди талапка ылайык билимдер менен куралдандырып, аларга дайыма педагогикалык жардам берип туруу зарылдыгын көрсөткөн. Бул милдетти аткарууда мектептин алдына чоң милдеттерди койгон, үй-бүлө менен иш алып барууда мугалим өз окуучуларынын ата-энелерин жакшы билүү, аларды дайыма изилдөө менен жетишүүгө боло тургандыгын айткан.

С.Т. Шацскийдин ата-энелер арасында педагогикалык маданиятты кеңири жайылтууда үй-бүлөдө баланын жашоосун акыл-эстүү туура уюштурууга багытталган методикалык сунуштарды иштеп чыгуу идеясы азыркы учурда башталгыч класстын окуучуларын окутуп-тарбиялоодо маанилүү. Мындай изилдөөнүн милдетин педагог үй-бүлөнүн тарбия берүүчү мүмкүнчүлүктөрүн жакшы билүү менен, аларга өз учурунда зарыл болгон педагогикалык жардамдарды берүү, анын жыйынтыгын ата-энелерди педагогикалык билимдерге ээ кылуудан көргөн [216.263].

В.А.Сухомлинский ата-энелерге педагогикалык агартуу иштерин жүргүзүүнү өзүнүн көп жылдык талыкпаган ишинде ийгиликтүү жолго коё

алган. Ал Павлыш орто мектебинде уюштурулган элдик университетте ата-энелер үчүн педагогика жана психологиялык билимдер боюнча лекцияларды окуган, окутуу методдорун талдоо жана окуучулардын үй-тапшырмаларын аткаруусуна көзөмөл жүргүзүү боюнча конференцияларды уюштурган. Ата-энелер күнүндө аларды сабактарга катыштырып, балага окуу ишинде кандай жардамдарды берүү керектиги жөнүндө конкреттүү кеңештерди берген.

Ал педагогикалык агартуу иштерин теориялык билимдер менен чектебестен, үй-бүлөдө балдарды окутуу боюнча практикалык кеңештерди жана сунуштарды берип турган. Сабактар проблемалык кырдаалдарды анализдөө, иштиктүү оюндар түрүндө өткөрүлгөн. Лекция, аңгеме, доклад, конференциялардан тышкары ата-энелер менен жекече иштер алып барылган.

В.А.Сухомлинский «Ата-энелердин педагогикалык маданияты жөнүндө» эмгегинде мектептин алдындагы зор милдетти - окуучулардын билим сапатын көтөрүү милдетин чечүүдө ата-энелерди бул ишке активдүү жана пландуу түрдө катышууга тартуу керектигин айткан.

Педагог үй-бүлө тарбиясынын ролун жогору баалаган, ал «кандай гана мыкты билим берүүчү мекеме болбосун, ата-энелер балдарды тарбиялоонун негизги чеберлери. Ата-энелердин педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү менен мугалимдер алар менен ынтызаарлыкта иш алып барса, аларга илимий билимдерди берсе, биздин жасаган педагогикалык иш аракетибиз жанданып, өз натыйжасын берет»[] ,-деп айткан. Ал бул багытта үй-бүлө менен иш алып баруунун формаларын туура тандап, ата-энелерди кызыктырган негизги суроолордун бири: окуучулардын үй-тапшырмаларын аткаруусун көзөмөл кылууну кеңири жайылткан. Анда окуучуларга жардам берүүнүн маңызы эмнеде экендигин мугалимдер ата-энелерге түшүндүрүп «…ал үчүн тапшырманы аткарып бербестен, анын өз алдынча ишин уюштуруу, жекече алганда сабакты үн чыгарып окутуу. Үн чыгарып айтуу менен, тапшырманы канчалык жакшы өздөштүргөндүгүн – окуучу өзү текшерет» [193,425], - деп жазган. Окуучуларды эртеңки боло

турган сабактын тапшырмаларын аткартууга үйрөтпөстөн, ошол күнкү өтүлгөн сабактарда берилген тапшырманы аткарууга көндүрүү керектигин ата-энелерге түшүндүргөн. Акырындык менен бала күндө өтүлгөн сабакта берилген тапшырманы аткарууга көнүгүп, ал үчүн сабакка даярдануунун бул ыкмасы жеңил боло тургандыгын сезет. Себеби, сабакта айтылган билимдерди бала эсинде жакшы сактагандыктан, ошол күндөгү тапшырманы аткаруу ал үчүн жеңил жана сабакка толук даярданган мезгилде убакыт аз сарпталат. Сабакка даярданууда алдын-ала жазуу тапшырмаларын, андан кийин окуу тапшырмаларын аткарса ыңгайлуу болоорун сунуштаган [193, 425].

В.А.Сухомлинский өзүнүн көп жылдык байкоолорунун негизинде мектепке чейинки куракта бала дүйнөнү таанып билүүгө кызыгаарын, ага көңүл буруп, байкоо жүргүзөөрүн аныктаган. Көңүл буруу, кызыгуу, байкоо жүргүзүү сыяктуу сапаттар окуучунун акыл эсинин өнүгүүсүн жана окуудагы жетишкендиктерин аныктайт. Баланын акыл эсин, ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн негизги чеберлери ата менен эне, бул куракта аларды эч ким алмаштыра албасын белгилеген. Анын бул ойлору белгилүү педагогдор Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, К.Д. Ушинскийдин идеялары менен үндөшүп турат. Бул ойлорду андан ары өнүктүрүп, башталгыч мектепте билим берүүнүн сапатын көтөрүү  максатына ата-энелердин жардамысыз жетишүү мүмкүн эмес экендигин далилдеген. Бирдиктүү иш алып барууда мугалимдин ата-энелерди мектеп ишине тарта билүү жөндөмдүүлүгүнө да өзгөчө маани берген. Ал өз тажрыйбасына таянып « Конечно же, есть трудные, очень трудные семьи. Но я, работая в школе не один десяток лет, не встречал родителей неисправимых, не встречал людей, в душе который не осталось бы доброй искры. Превратить эту искру в яркий факел- вот в чем мучительно трудная, но благородная задача педагогов» [193,434], -деп белгилейт.

В.А.Сухомлинский өзүнүн айыл жергесиндеги Павлыш орто мектебиндеги окуучулардын билим сапатына өзгөчө көңүл бурган. Ал ошол чакан мектептин масштабында улам жаңы ачылыштарды жасаган. Ал

мектептеги балага кубаныч тартуулабаган окутуунун негизги себептерин табууга аракет кылган. Сабактарга кирип анализдөө менен өзүнө «Эмне себептен балдар сабатсыз, грамматикалык каталардан улам канча деген балдар экинчи жылга калат?» деген суроолорго жооп издеген [194].

Окуучунун окуудагы кыйынчылыктары анын сөз байлыгы менен байланыштуу экендигин баамдап, өз окуучуларын жаратылышка алып чыгып сабак өтөт. Ал мындай сабактарын – жандуу ой-пикирдин булактарына саякат деп атап, жаратылыш көрүнүштөрүнүн назик түрлөрүн сөз менен берүүнү балдарга үйрөткөн[192].

Жазуу иши окуу менен тыгыз байланыштуу. Эгерде окуучу окуу ыгын жакшы өздөштүргөн болсо, анда жазуудагы сабатсыздык жоюлуп, грамматикалык каталар кездешпейт. Ал эми математика сабагында арифметикалык маселелерди чыгара албоонун негизги себеби да окуу менен байланыштуу. Анткени, айрым окуучулар шыдыр, маанисине түшүнүп окуй албайт. Андыктан «окуунун техникасын окуучу окуганынын мааниси жөнүндө ой жүгүртө турган деңгээлге жеткирүү керек», [192,19] - деп жазат.

В.А.Сухомлинскийдин мектепте окуучулардын билим сапатына көтөрүүгө жасаган иш аракеттерин мектеп тажрыйбасында мугалимдер гана пайдаланбастан, ата-энелер да пайдаланууга тийиш. Биздин көз карашыбызда үй-бүлө баланын мектепке чейинки мезгилдеги өнүгүүсүн камсыз кылуу менен гана чектелбестен, кенже мектеп курагында да баланын дүйнө таанымын, сөз байлыгын андан ары да жаратылыш менен байланыштырып өнүктүрсө болот. Мында ата-эне, мугалим сыяктуу эле баланы жаратылыштын кооздугун байкоого, аны сүрөттөдө тилибиздин баалуу сөз берметтерин колдонуп айтып берүүгө үйрөтө алат. Айыл жергесинде жашаган үй-бүлөлөрдө мындай мүмкүнчүлүктөр өтө эле көп. Окуу эмгегинин ийгилиги сөз, сөздүн маанисин түшүнө билүү менен тыгыз байланышкандыктан, окуу материалындагы сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура түшүнүп окууга үйрөтүү, түшүнбөсө түшүндүрүп берүү ата-энелердин балдарга берген биринчи жардамы. Демек, улуу педагогдун эмгектеринде

окуу ишине карата айтылган баалуу ойлорго таянып, ата-энелер менен иш алып барууну өркүндөтүүгө болот деп эсептейбиз.

Изилденип жаткан проблема боюнча кызыгууну жараткан бир топ эмгектерде, азыркы учурдагы башталгыч мектептин окуучуларынын ата-энелери менен жүргүзгөн иш аракеттерди чагылдырган алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар сунушталган (Н.И. Болдырев,Т.В. Воликова, И.В. Гребенников, А.М. Низова, Р.М. Капралова, Л.Ф. Спирин, А.Я. Савченко, Д.С. Ягафарова, В.П. Сергеева ж .б).

Н.И. Болдырев «Класс жетекчи» деген эмгегинде окуучулардын билим алуу активдүүлүгүн өнүктүрүү жана билимдеринин сапатын жогорулатуу боюнча класс жетекчинин милдеттерине көңүл бурган. Ал окуучулардын билимдеринин сапатын жогорулатуу үчүн болгон күрөшкө ата-энелерди тартуу зарылдыгын белгилеген. «Балдарды окутууда окуучулардын ата-энелери олуттуу жардам бере алышат, анткени балдар мектепте гана окушпастан, үйлөрүндө да окушат. Ата-энелер үйгө берилген тапшырмаларды аткаруу үчүн нормалдуу шарттарды түзүү жөнүндө камкордук көрүшүп, сабак даярдоого жардам беришет. Окуучулардын сабактан артта калышынын себептери көпчүлүк учурда үй-бүлөсүнүн тарбиясындагы кемчиликтерге, үйгө берилген тапшырмаларды аткарууда ата-энелер тарабынан контролдуктун болбогондугуна байланыштуу. Көзөмөл кылуунун ордуна сабактарды балдары үчүн ата-энелер өздөрү аткарышкандыгы жаман»,- деп жазат [36.152].

И.В. Гребенников ата-энелердин педагогикалык маданиятынын деңгээлин алардын билим даражасына, инсандын коомдук багыттанышына, анын жекече өзгөчөлүктөрүнө, кесиптик белгилерине, турмуш тажрыйбаларынын тереңдигине ж.б. факторлорго жараша аныктоого болоорун белгилеген. Ал ата-энелер педагогикалык маданиятка ээ болуу үчүн психологиялык-педагогикалык, физиологиялык-гигиеналык жана укуктук билимдердин белгилүү бир жыйындысына ээ болуу менен балдарды тарбиялоодо ээ болгон көндүмдөрдү үйрөнүүсү керектигин айтат.

И.В. Гребенников «Мектеп жана үй-бүлө» деп аталган эмгегинде «Педагогикалык маданият балдарды тарбиялоо процессинде да жогорулайт. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо ата-энелер элдик педагогиканын таасиринде, улуу муундардын тарбия берүү тажрыйбаларынын таасиринде өздөрүнүн педагогикалык маалыматтарын кеңейтишет. Ошого карабастан педагогикалык маданиятты жогорулатууда негизги роль максаттуу илимий-педагогикалык билим берүү болуп саналат. Себеби, ата-эне канчалык тажрыйбалуу болбосун, балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо процессин туура түшүнүү үчүн бул жетишсиздик кылат. Илимий педагогикалык билим алуу менен ата-энелер тарбия берүүнүн жалпы закончөнемдүүлүгүн түшүнүүгө, турмушта кезигүүчү көптөгөн педагогикалык фактыларды аңдап билүүгө жардам берет», - деп жазган [58.15 ].

Класс жетекчинин ата-энелер менен жүргүзгөн иш аракетинин өзгөчөлүгүн кароо менен Р.М. Капралова тарбия ишинде класс жетекчи менен ата- энелердин, үй- бүлө менен мектептин ийгиликтерге жетүү үчүн бирдиктүү жана макулдашылган иш аракетинин шартын, мазмунун, формасын жана иштөө ыкмаларын ачып берген [86.188]. Изилдөөчү үй-бүлөнүн тарбия берүү атмосферасын окуп үйрөнүү проблемасына өзгөчө көңүл бурат. Класс жетекчинин ата-энелер менен иштөөдөгү функциясы жана ар тараптуу милдеттери анын ата-энелер менен эффективдүү иштөө системасын түзүү, педагогикалык коллективдин кесиптик маданиятын көтөрүү аркылуу ишке ашат. Бул иштин форма жана ыкмаларын анализдөө менен, автор анын салыштырмалуу мүмкүнчүлүктөрүн гана көрсөтпөстөн, аны колдонуудагы методикалык каталарды ачып берет.

Ал бир катар макалаларынын ичинен айылдык мектептин шартында ата-энелер менен иш алып баруунун өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурган. Айылдык башталгыч мектептин мугалими окуучунун турмуштук тажрыйбасынын өзгөчөлүгүн, сырткы чөйрөнүн ага тийгизген таасирин терең ой жүгүртүп эске алуу керектигин көрсөткөн. Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу шаарга

караганда айылдык мектептерде бир кыйла кыйын. Айыл жергесинде жашоонун өзгөчөлүгүн жакшы билүү менен мугалим үй-бүлө жана коомдук тарбиянын эффективдүүлүгүнө жетишүү үчүн, айылдын шартын жана мүмкүнчүлүгүн туура пайдалануусу керек.

А.Я. Савченко кенже мектеп окуучуларын үй-бүлөдө тарбиялоонун бирдиктүү иш аракетинде ар түрдүү факторлордун зарылдыгын белгилеген. Баланы инсан катары калыптандырууда: жаратылыштын таасири, оюн, өз алдынча окуу, мамилелешүүнүн түрлөрү, атайын окутуу ж.б. факторлор таасир берет. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу үчүн кенже мектеп окуучуларына тарбиялык таасир берүүдө алардын инсандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, 1-3- класстын окуучулары менен иштөөдө иштин эффективдүү формаларын жана методдорун сунуштоо зарыл деген [177.139].

Т.В. Воликова мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттери боюнча конкреттүү сунуштарды берген. Ал башталгыч класстын мугалимдерин үй-бүлөнүн тарбия берүүчү мүмкүнчүлүктөрүн аныктап, ата-энелерге жардам берүүгө чакырган. Ата-энелер баланы мектепке даярдоодо жалпы, интеллектуалдык, психолого-педагогикалык жактан калыптанышына көңүл буруулары тийиш. Ал эми окуу ишин баштаган бала үчүн ата-энеге «Биринчи класстын окуучусу үчүн жумушчу орунду даярдоо, анын окуу ишине жардам берүү, күн режимди туура уюштуруу, баланын окуу милдеттерине болгон мамилесин колдоп туруу» сунуштары берилген [50.14].

В.П. Сергеева класс жетекчи менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракетинин негизги маңызын эки тараптын тең баланын инсанын изилдеп, анын жакшы сапаттарын өнүктүрүүгө болгон камкордугунан көрө алган. Ал мугалимге бирдиктүү  иш аракеттин формаларын сунуштоо менен баардык ата-энелерге бирдей формаларды таңуулоого болбой тургандыгын, ишти уюштуруунун формалары ата-энелердин керектөөлөрүнө, суроолоруна жана үй-бүлөлүк тарбиянын өзгөчөлүктөрүнө жараша колдонулуп, ата-энелерди мектеп ишине тартуу зарылдыгын белгилеген [183.145]. Жогорудагы талданган эмгектер башталгыч класстын мугалиминин кызыгуусун туудуруп,

аларды алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар жөнүндө илимий жактан ой-жүгүртүүгө багыттайт.

Изилденип жаткан темага байланыштуу бир катар диссертациялык изилдөөлөр кызыгууну туудурат. Аларда үй-бүлөлүк тарбиянын илимдеги тажрыйбаларга таянуусу, ата-энелер менен иштөөнүн жолдорун студенттерди педагогикалык кесипке даярдоодо үйрөтүү, ата-энелерге жекече мамиле жасоо жөнүндөгү баалуу ойлор камтылган.

Изилдөөчү Л.С. Бондарь өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо ишинде мектептин, үй-бүлөнүн жана коомчулуктун бирдиктүү иш аракеттеринин актуалдуулугун белгилеп, ал жөнүндө белгилүү педагог В.А.Сухомлинскийдин педагогикалык баалуу ойлоруна жана ишмердүүлүгүнө кеңири токтолгон. Сухомлинский «..ата-энелерсиз үй-бүлөлүк – мектептик тарбиянын толук кандуу жүрүшүн элестетүү мүмкүн эмес», - деп белгилеген. Бул эмгектеги В.А. Сухомлинскийдин ата-энелерди педагогикалык агартуу ишине тартуу жөнүндөгү идеяларын азыркы шартка ылайык дагы да өнүктүрүүгө болот [38].

С.М. Корниенко өзүнүн изилдөө ишинде педагогикалык кесиптин массалык жана ошол эле учурда татаалдыгын, анын таасири менен инсан өсүп өнүгөрүн белгилейт. Педагогикалык кесипке болгон талапка үй-бүлөнүн да тиешеси бар. Бирдиктүү иштин ийгилигине мугалимдин кесиптик деңгээли жана жоопкерчиликтүү жетекчилиги аркылуу жетүүгө болот. Андыктан негизги максат педагогикалык окуу жайдын студенттерин ата-энелер менен иш алып барууга даярдоо болуп саналат [103].

С.Г.Крамаренко ата-энелер менен жекече иш алып баруунун формасына көңүл бурган. Ал «Коллективдүү сабактарда бардык ата-энелердин кызыгуусун эске алуу мүмкүн эмес, алардын педагогикалык деңгээли ар түрдүү, бардык угуучулар үчүн зарыл болгон педагогикалык агартуу боюнча сунуштарды берүү кыйын» деп белгилейт. Жекече иш алып баруу педагогикалык маданияты жогору, орто жана төмөн ата-энелер үчүн да эффективдүү каражат. Тажрыйбада начар окуган балдардын үй-бүлөлөрү

менен жекече иш жүргүзүү жакшы натыйжаларды берип келген. Демек, окуу ишинде начар окуган окуучулардын үй-бүлөлөрү менен жекече иш алып барууга өзгөчө маани берүү зарыл [104].

Изилденген эмгектердеги мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракеттеринде сунушталган окуу-тарбиялык иштердин илимий теориялык негиздери азыркы күндө да баалуу.

Кыргызстанда да үй-бүлө тарбиясынын проблемаларына белгилүү окумуштуулар А.Э. Измайлов, М.Р. Рахимова, А.И. Акулова, элдик педагогиканы изилдөөчүлөр А. Алимбеков, Н.И. Имаева, А. Аттокурова, Д.И. Койчуманов, С.Ш. Саипбаев, Т.В. Панкова, Ж. Бешимовдор көңүл буруп келишкен. Акыркы жылдары Кыргызстандын шартында үй-бүлө менен мектептин бирдиктүү иш аракеттеринин проблемалары илимий деңгээлде атайын изилденбей калган. Ошого карабастан Н.К. Сартбекованын болочок мугалимдердин үй-бүлө менен мектеп байланышынын камсыз кылуу багытындагы кесиптик даярдыгынын сапатын жогорулатуунунун жолдору жана педагогикалык шарттарын аныктаган изилдөө иши, Л.П. Кибардинанын ата-энелер чогулушун уюштуруу жана өткөрүү проблемасына арналган изилдөөсүнө, Б.А. Шайкеновдун жаңы социалдык-экономикалык шартта мектеп менен социумдун бирдиктүү аракетинин мазмунун изилдеген ишине, Р.А. Абдыраимованын үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы балдарды кыргыз этнопедагогикасынын каражаттары аркылуу тарбиялоого арналган изилдөөсүнө, Ж.Б. Карасартованын болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетентүүлүгүн калыптандырууга багытталган изилдөөсүнө, Г.Карабалаеванын азыркы шартта үй-бүлө менен коомчулуктун өз ара байланышына арналган изилдөөсүнө көңүл бурууга болот.

Г. Карабалаева «Азыркы шартта үй-бүлө менен коомчулуктун өз ара байланышы» деп аталган докторлук диссертациясында азыркы коомдук турмушка балдарды жана өспүрүмдөрдү толук кандуу даярдоо милдетин ишке ашырууда үй-бүлө мамлекеттин колдоосуна муктаждыгын белгилөө менен коомдук жана үй-бүлөлүк тарбиянын өз ара байланышы коомдун жана

инсандын керектөөлөрүнөн пайда болуп, ал ал билим берүү жана тарбиялоо мейкиндигин түзүүдө бири-бирин толуктап тураарын айткан. Ал үчүн социалдык кызматташтыктагы ишеним, жалпы максаттарга жана бааллуулуктарга биргелешип умтулуу, алардын бирдиктүү иштерди жүргүзүүдөгү каалоолорунун болуусу жана анын узактыгы, ошондой эле кызматташтыктын жыйынтыгына жетүү үчүн өз ара жоопкерчиликти сезүү үй-бүлөдөн жана коомчулуктан талап кылынат.

Азыркы шартта массалык маалымат каражаттарынын жана Интернеттин өсүп келе жаткан муунга тийгизип жаткан таасирин эске алып, педагогдор, психологдор жана ата-энелер үчүн «Балдардын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу» боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыккан.

Айыл жергесинде кошумча билим берүүчү уюмдар, мектепке чейинки уюмдардын жана маданий массалык уюмдардын жоктугунан мектеп тарбия берүү ишинин борбору катары кызмат кылат, ал үй-бүлө жана коомчулук менен биргеликте балдарды элдик педагогиканын баалуу бай тажрыйбалары аркылуу тарбиялоодо бирдиктүү иштин планын түзүп, ишти алып барууну жетектейт.

Изилдөөчү мектептин, үй-бүлөнүн жана коомчулуктун бирдиктүү ишинин эффективдүүлүгү үчүн анын структуралык-функционалдык моделин түзгөн жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын жана жолдорун көргөзгөн.

Л.П.Кибардина мугалим менен ата-энелердин кызматташуусунун формасы болгон ата-энелер чогулушу, аны уюштуруу жана өткөрүү боюнча эстеткичти жана сунуштарды берген. Ал «Эки тараптын мугалим жана ата-энелердин өз ара түшүнүүсү, алардын кызматташууга болгон каалоолору – укмуштуудай жыйынтыктарды бере алат», - деп белгилейт. Бул эмгекте мугалим менен ата-энелердин өз ара мамилелери, иштин конкреттүү ыкмалары жазылган [89].

Изденүүчү Б.А.Шайкенов диссертациялык эмгегинде «Мектептин жана социумдун бирдиктүү иш аракетинин теориядагы жана практикадагы абалын» изилдеп, теориялык изилдөөлөрдөгү мектептин, социумдун жана ата-энелердин бирдиктүү иш аракетинин проблемаларын карап, практикада акыркы 10 жылдын ичинде Кыргыз Республикасында кабыл алынган билим берүү тармагындагы закон чыгаруу актыларынын бул иш аракет боюнча негизги багыттарына аныктама берген [215]. Мында окумуштуу - педагогдордун эмгектерине анализ жүргүзүп, баланын ар-тараптуу өнүгүүсү үчүн мүмкүн болгон шарттарды түзүп берүүгө, алар үчүн кам көрүүнүн жолдорун жана каражаттарын биргелешип издеп табууга педагогдор жана ата-энелер муктаж деп белгилеген. Изилдөөдө ата-энелерди педагогикалык жактан агартуунун мазмунун жаңыртуу зарылдыгы айтылып, анын багыттарына төмөнкүлөр кире тургандыгы көрсөтүлгөн: баланы нравалык жана дене тарбиясы жагынан тарбиялоо; баланын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү; балага турмушта ийгиликтерге жетишүүгө жардам берүү; турмуштук көндүм адаттарды калыптандыруу; балдардын өз күчүнө жана жөндөмдүүлүгүнө ишенүүсүн калыптандыруу; өзүн курчап турган адамдар менен конфликтсиз мамилелешүү адатына ж.б. тарбиялоо.

Ата-энелер мектептин ишинин ийгилигин жаратууда эң негизги социумдун бөлүгү болуп саналат. Алар өз балдарынын окуусуна жана тарбиясына, алардын мыкты билим алышына, мектептин иш аракетине таасир берет. Андыктан ата-энелер менен бирдиктүү иш алып барууда, алар менен иштөөнүн формаларын сунуштаган.

Р.А. Абдыраимова «Үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы балдарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо», -деп аталган докторлук диссертациясында кыргыз этнопедагогикасынын тарбиялоодогу ролуна токтолуп, аны үй-бүлө тарбиясында ишке ашыруу проблемасын козгогон. «Үй-бүлө баланын инсанынын калыптанышына таасир берүүчү негизги социалдык чөйрө. Бирок азыркы учурдагы коомду кучагына алган кризистик абал үй-бүлөгө да терс таасирин тийгизип, анын натыйжалуу

тарбия берүүчү функциясын төмөндөттү. Ата-энелер балдардын нравалык-этикалык тарбиясына толук көңүл бура албай калды. Тарбиялоо иши стихийлуу мүнөздө болуп, көпчүлүк үй-бүлөлөрдө улуттук маданияттын мыкты үлгүлөрүнө негизделген бала менен мамилелешүү жоголду» [2],-деп жазат .Натыйжада кенже мектеп окуучуларына үй-бүлөдөн жеткиликтүү билимдер берилбей, алардын жүрүм-турум нормалары сырткы терс көрүнүштөрдүн таасиринде өзгөрүп жатат. Изилдөөдө ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, кенже окуучуларды кыргыз этнопедагогикасынын каражаттары аркылуу тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулган.

Н.К. Сартбекова болочок мугалимдердин үй-бүлө менен мектеп байланышынын камсыз кылуу багытындагы кесиптик даярдыгынын сапатын жогорулатуунунун жолдорун жана педагогикалык шарттарын аныктаган.

Ал эми Ж.Б.Карасартова болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын мазмунун моралдык-психологиялык, мазмундук жана практикалык компоненттерден түзүп анын критерийлери катары төмөнкүлөрдү белгилеген: окуу-тарбия ишин ата-энелер менен биргеликте, кызматташтыкта жүргүзүүгө карата чын ыкластуу, туруктуу мамиле; ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдердин комплекси; ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон кесиптик билгичтиктер.

Жогорудагы изилдөөлөр менен катар биздин изилдөөлөрүбүздөн республиканын айрым мектептеринде ата-энелер менен иштөөнүн айрым формалары менен иштөө кандайдыр бир деңгээлде калыбына келтирилип, балдарды тарбиялоо боюнча ата-энелерге жардам берилип жатат. Бирок ал процесстер массалык мүнөзгө ээ боло элек, айрым мугалимдер менен мектептин иш аракеттери колдоого алынуусу керек. Мисалы: Г.Мадаминовдун Лейлек районунун №3 мектеп гимназиясындагы ата-энелер менен мектептин бирдиктүү иш аракеттерин айтууга болот. Анын «Ата-энелер сиздер үчүн» деп аталган эмгеги айыл жергесинде мектептерде

жүргүзүлгөн эксперименталдык тажрыйбанын негизинде жазылган. Автор өзүнүн 20 жылдан ашык педагогикалык ишмердүүлүгүндө айыл жергесиндеги мектеп окуучуларынын таалим-тарбиясына үй-бүлөнүн таасиринин зор экендигин белгилеп, ата-энелерди мектеп ишине тартууга көп аракеттерди жасаган. Анын жетекчилиги менен 1997-жылдан баштап « Энелер мектебинин» жобосу иштелип чыгып, атайын программанын негизинде энелерди окуткан. Энелер мектебин уюштуруунун максаты айыл жергесинде бала бакчалар иштебегендиктен балдарды мектепке даярдоо боюнча энелерге педагогикалык билимдин минимунун берүү болгон. Натыйжада жыл сайын «Энелер мектебинен» билим алган энелердин саны көбөйүп, ал өз мөмөсүн бере баштаган.

Г.Мадаминовду айыл жериндеги мектептердин дагы бир чоң көйгөйү – бул ата-энелердин ар кандай себептер менен мектеп ишине кызыкпагандыгы ойлонткон. Ал ата-энелердин жардаысыз мектептин балдарды окутуп – тарбиялоо боюнча алдыга койгон милдеттери ишке ашпай тургандыгын түшүнгөн. Ошондуктан ата-энелерди кандай да болсо мектеп ишине тартуу зарылчылыгы келип чыккан. Ушундай көйгөйлөрдү чечүү үчүн «Мыкты үй-бүлө», «Мыкты эне», «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» конкурстарынын жоболорун иштеп чыгып, сынактан өткөргөн.

«Мыкты үй-бүлө» конкурсунун жобосу.

Максаты: 1.Үй-бүлөдө балдары мыкты окуп, жакшы тарбия алган жана ар тараптуу өнүккөн ата-энелердин тажрыйбасын үйрөнүү, жайылтуу.

2.Ата-энелерди мектеп ишине тартуу жана мектеп менен байланышын чыңдоо.

3.Үй-бүлөлүк өз алдынча билим алууга түрткү берүү.

Конкурста берилүүчү тапшырмалар:

1. Үй-бүлөдө балдардын сабак даярдоосу үчүн түзүлгөн шарт.
2. Үй-бүлөлүк китепкана.
3. Ата-эненин мектеп менен байланышы.
4. Ата-эненин баласынын сабагына катышуусу.

5. Ата-эненин чогулушка катышуусу.

6. Таалим-тарбиялык кырдаалдарга жооп берүүсү.

7. Балдарынын мектепке, сабакка, ийримге катышуусу.

8. Класс жетекчи, мугалимдердин пикири.

9. Элдик педагогиканы билүүсү жана пайдалануусу (тарбиялык маанидеги макал-лакаптар боюнча жарыш).

10. Ата-эненин кругозору

11. Көргөзмө ( презентация)

12. Окуу куралдары менен балдарды камсыз кылуусу.

13. Көркөм өнөрү (жалпы жамматы менен)

Конкурста ушул критерийлерге карата упай коюлуп, жыйынтык баа чыгарылат. Үй-бүлө мүчөлөрүнө баалуу сыйлык жана мактоо баракчалары тапшырылат. Алардын тажрыйбасы «Түбөлүк журналга» катталат [121.27]. Демилгелүү педагогдун бул иш аракеттери алдыңкы үй-бүлөлөрдүн тажрыйбасын жайылтуу болгон. Анын ата-энелерге арналган педагогикалык багыттагы эмгектеринен жалпы мектеп окуучуларын тарбиялоого карата сунуштарды алууга болот.

Жогоруда айтылган ойлор биздин ишибизге да түздөн-түз тиешелүү, анткени кенже мектеп окуучуларынын билим сапатын көтөрүү иши анын тарбия ишиндеги ийгиликтери менен байланыштуу. Бала үй-бүлөдөн акыл-эс, нравалык-этикалык, эстетикалык, эмгек жана дене тарбиясы жагынан жеткиликтүү деңгээлде билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болгондо гана анын ар тараптуу өнүгүүсүнө жетишүүгө болот. Ата-энелердин тарбиялоодогу тажрыйбаларын элдик педагогиканын каражаттарысыз элестетүү мүмкүн эмес. Ал эми ата-энелер менен ийгиликтүү кызматташа билүү мугалимдин педагогикалык компетентүүлүгүнө көз каранды. Демек, ата-энелер менен бирдиктүү иш алып барууда мугалимдер өздөрү да педагогика-психологиялык, этнопедагогикалык билимдердин комплексине ээ болуусу зарыл.

### 1.3. Мугалим менен ата-энелердин окуучулардын билимдеринин сапатын жогорулатууга багытталган бирдиктүү иш аракеттеринин азыркы учурдагы абалы

Кыргызстан эгемендүүлүк алган мезгилден тартып, билим берүүдөгү кризистик абал анын өнүгүүсүнө таасирин тийгизген. Мектеп ишинде ата-энелер менен жүргүзүлүп келген бирдиктүү иш аракеттер өзүнөн өзү жоголуп, ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүү иши каралбай калган. Акыркы мезгилдерде гана баланын таалим-тарбиясына ата-энелер да жооптуу экендигин турмуш чындыгы далилдеп, аларды мектеп ишине тартуу керектиги айтыла баштады.

Аныктоочу эксперимент. «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» деген аталыштагы изилдөөбүздү 2006-2007- жылдар аралыгында башталгыч класстын мугалимдери, ата-энелери жана окуучулар арасында уланттык. Бул изилдөөбүздө айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатынын деңгээлин, билимдин сапатын көтөрүү боюнча мугалим менен ата-энелердин, ата-энелер менен балдардын биргелешкен иш аракеттеринин абалын, ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээлин аныктоо максаты коюлган.

Констатациялык эксперимент Талас жана Нарын областарынын айылдык мектептеринде өткөрүлдү. Мында экспериментке жалпысынан 16 мектеп тартылып, ага 480 окуучу, 336 ата-эне жана 128 мугалим катышты.

Иштелип жаткан иш боюнча изилдөөнүн методдору тандалып, анын милдеттери такталды. Аларды чечүү үчүн төмөнкү методдор колдонулду: байкоо жүргүзүү, анкеталык сурамжылоо, аңгемелешүү, интервью алуу, мектеп документацияларын изилдөө.

Айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатынын деңгээлин изилдөө иши 2006-2007 – окуу жылында Талас жана Нарын областарына караштуу райондук билим берүү башкармалыгынын жардамы аркылуу ишке ашты. Мында ар бир райондун билим берүү башкармалыгы

менен тыгыз иш алып баруу менен окуучулардын билим сапатын аныктаган статистикалык маалыматтарга анализ жүргүзүлдү. Ал маалыматтардан башталгыч класстын окуучуларынын 98% ти сабактардан «2» албай окушкандыгын, айрым мектептерде көрсөткүч 100% ке жеткендигин аныктадык. Ал эми «4» жана «5» деген баага жалпы окуучулардын 51% - 54% ти окушат. Демек, программанын талаптары ойдогудай аткарылып жатат. Бирок маселени аймактык анализден өткөргөндө, чыныгы абал мындай эмес экендигине күбө болобуз.

Бакай-Ата районунан Ү. Акынбеков, Талас районунан К. Нурбеков, Кара-Буура районунан Т. Айтматов, А. Умарбеков, Нарын районунан Түкөл уулу Усупбек, Керимбай уулу Сарыбай орто мектептеринин башталгыч класстарынын окуу жана жазуу көндүмдөрүн, математикадан текшерүү иштерин карап чыктык. Алардын ичинен мисал катары: Бакай Ата районуна караштуу Ү.Акынбеков атындагы орто мектептин 3 «А» классынын китеп окуу темпин, жат жазуу жана текшерүү иштеринин жыйынтыгын сунуштайбыз. Класстагы окуучулардын жалпы саны - 18. Норма боюнча 3-класстын окуучуларынын окуу темпи минутасына 70-80 сөз. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча нормага жетип окуган окуучулардын саны -7 , жетпегендер -11, эң төмөнкү көрсөткүч - 4 окуучуда болду.

Жат жазуу ишинин жыйынтыгында «5» деген баага -9 окуучу, «4»деген баага - 3 окуучу, «3» деген баага - 4 окуучу, «2» деген баага -2 окуучу жазган. Бул баалоо мугалим тарабынан коюлгандыктан, баа коюунун талаптары туура аткарылдыбы деген максатта ишти кайра карап чыктык. Албетте, «5» деген баа орфографиялык жактан оңдолбогон жана ката кетирилбеген жат жазууга коюлат. Жазуу жумушу ачык-так, каллиграфиялык жагынан болгон талапка жооп бериши керек. Жазуу ишин «5» деген баага аткарган окуучулардын айрымдары 1ден ката кетиргендигин, же каталарын оңдоп, боёп жазгандарга коюлгандыгына күбө болдук. Эң негизгиси, жазуу иштеринде мугалимдердин окуучулардын каллиграфиясына көп көңүл бурбагандыгын байкадык. Ал эми «4» деген баа 2 орфографиялык, 1

пунктуациялык катага коюлат, бул иште бир окуучуга 4 ката кетиргендигине карабастан «4» коюлуп калган. «3» деген баа 3-5 ке чейинки орфографиялык ката кетирсе коюлат, бул иште мугалим 7-8 ката кетирген 2 окуучуга «3» койгон. Эгерде жат-жазуу ишине койгон талаптарга таянуу менен бааласак, жыйынтык төмөндөгүдөй болот: «5» деген баа - 2 окуучуга, «4» деген баа - 9 окуучуга, «3» деген баа - 3 окуучуга, «2» деген баа – 4 окуучуга коюлат.

Окуучулардын математика сабагынан жазган текшерүүнүн жыйынтыгында окуучулардын 55,6% ти «4» жана «5» деген баага, 44,4% ти –«3» жана «2» деген баага жазышкан. Демек, класстагы окуучулардын жарымы математиканы жакшы өздөштүрө албайт.

Башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатынын мындай абалын изилдөө жүргүзгөн мектептердин көпчүлүгүнөн байкадык. Аларга тиешелүү кемчиликтер – окуучулардын окуу көндүмдөрү толук калыптанбаган, башкача айтканда алар туура, сезимдүү, шар окууга, үн кубултуп, үн чыгарып жана ичинен окууга окуучуларды толук жетиштире албай келет. Ал эми окуган текстинин маанисин окуучулардын 58,3% ти гана түшүнө ала тургандыгы анык болду.

Окуучунун окуу иши менен жазуу иши бири-бири менен тыгыз байланыштуу экендиги белгилүү. Эгерде окуучу окуу көндүмдөрүн жакшы өздөштүрсө, жазууда да каталар болбойт. Ал эми биздин башталгыч мектептерде жазылып жаткан жат жазуу иштеринин жыйынтыгында окуучулардын көпчүлүгү 6-8 ката кетиргендиги белгилүү болду. Изилдөөдө кенже окуучулардын кол жазмаларынын өтө начардыгы – дагы бир проблема болуп чыга келди.

Математика сабагы боюнча берилген мисалдарды жана маселелерди аткаруу көндүмдөрүнө сабактарга катышуу менен байкоо жүргүзгөнүбүздө, окуучулардын 25% азыраагы программанын талаптарына жооп берсе, 75% ти кийинки класстардын окуу материалын өздөштүрүүгө даяр эместиги байкалды.

Жыйынтыктап айтканда, айыл мектептериндеги башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапат деңгээли билим берүү башкармалыгына берилип жаткан отчетторго туура келбейт. Анын негизги себептеринин бири мугалимдердин бааларды көтөрмөлөп коюусу. Албетте, билимдин сапатын бааны көтөрүп коюу менен жогорулата албайбыз. Андыктан, мектеп менен үй-бүлөнүн билимдин сапатын көтөрүүгө жасаган бирдиктүү аракеттери бул проблеманы чечүүдөгү бирден-бир туура жол деп эсептейбиз.

Баланы окутуу жана тарбиялоонун ийгилиги мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү, тыгыз жүргүзгөн иш аракетине көз каранды. Мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташуусун уюштурууда башталгыч класстын мугалими негизги ишти алып барат. Мугалимдин жетекчилиги аркылуу үй-бүлө баланы окутуп-тарбиялоо саясатын туура түшүнүп, аны ишке ашырууга катыша алат. Ошондуктан үй-бүлө менен мектептин билимдин сапатын жакшыртуу боюнча жүргүзгөн бирдиктүү иш аракеттеринин абалын изилдөө, кеңири маалымат алуу максатында башталгыч мектептин мугалимдерине, ата-энелерге жана окуучуларга анкеталык сурамжылоо методу колдонулду. Анкетаны таратып берээрдин алдында мугалимдер, ата-энелер жана окуучулар менен кыскача аңгемелешүү жүргүзүлүп, аларга анкеталык сурамжылоонун максаты түшүндүрүлдү, анда бул изилдөөлөрдүн илим изилдөө иши үчүн зарыл экендигин, ага чын көңүлдөн жооп берүүсүн сурандык. Мугалим тарабынан жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоодо да ушундай эле алдын ала даярдоочуу аңгемелер өткөрүлүп турду.

Анкеталык суроолор маалымат берүүчү максатты аткаруу менен бирге, белгилүү бир деңгээлде тарбиялык мааниси да болду. Мугалимдер жана ата-энелер анкетанын суроолоруна жооп берип жатып өздөрүнүн балдарга болгон мамилесин анализдешип, коюлуп жаткан суроолордун үстүндө ойлонушту. Башталгыч класстын мугалимдери менен жүргүзүлгөн экспериментке 128 мугалим катышты. Мугалимдер үчүн берилген анкетанын суроолору жалпысынан төмөндөгү багытта жүргүзүлдү:

1*) Мугалимдин ата-энелер үчүн иш чараларды пландоосу жана өткөрүүсү.*

*2) Мугалимдин ата-энелер менен иш алып баруудa колдонгон адабияттары.*

*3) Ата-энелердин мектеп ишине катышуусунун мүнөзүн аныктоо.*

*4) Ата-энелер менен кызматташуу жана өз ара жардамдашуу абалы.*

*5) Ата-энелер менен иштөөдөгү кыйынчылыктар жана проблемалар.*

*6) Кенже окуучулардын ата-энелери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү.*

Изилдөөнүн жыйынтыгы башталгыч класста үй-бүлө менен мугалимдин иштеринин кызыктуу өзгөчөлүктөрүн берди.

1)*Мугалимдин ата-энелер үчүн иш чараларды пландоосу жана өткөрүүсү* (Тиркеме 1. Таблица 1.1.)

Ата-энелер үчүн иш чараларды пландоо жана өткөрүү боюнча жүргүзүлгөн анкетадагы берилген суроолорго мугалимдер жооптордун 2-3 төн варианттарын белгилешкен.

1-суроодогу жооптордун көпчүлүгү ата-энелердин баланын билим алуусуна кайдыгерлигин, кызыкпагандыгын белгилешкен. Андан кийин ата-энелердин сабатсыздыгын, мугалимдердин ишке жасаган салкын мамилелерин, ата-эне менен мугалимдин бирдиктүү иш алып бара албоосу көрсөтүлгөн. Анкетадагы жооптордон тышкары мугалимдер социалдык абал, окуу китептеринин жетишсиздигин, окуучулардын окууга кызыкпай, башка нерселер менен алектенгендигин белгилешкен.

Ата-энелер менен иштии пландаштырууда сиз эмнелерге таянасыз? – деген суроого –класс жетекчинин иш планын белгилешкен. Ал эми кийинки таблицадагы педагогикалык жооптордун эң азы - педагогикалык адабияттарга жана методикалык сунуштарга таянуу болду.

3-суроого жооптор ата-энелер менен иштөөнүн салттуу формаларын – ата-энелер чогулушун жана жекече иш алып барууну белгилешкен. Ошону менен катар учурдун шартына ылайык мугалимдер ата-энелер менен уюлдук телефон аркылуу байланышып тураарын айтышат. Айрым жооптордо ата-энелер менен иштөөнүн активдүү формаларын колдоном деп гана жазылган.

4-суроодо да жооптордун көбү - ар бир чейректин жыйынтыгында ата-энелер үчүн өткөрүлгөн чогулуштарды белгилешкендиги маалым болду.

5-суроого жооптордон улам мугалимдердин ата-энелер менен биргелешкен иштеринде чогулуштар, ата-энелер менен аңгемелешүү, тарбиялык иш чараларга тартуу, сабактарга катыштыруу иштери белгилүү бир деңгээлде жүргүзүлгөнү менен ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иштер жок экендиги анык болду.

Биринчи таблицадагы суроолордун жыйынтыгын чыгаруу менен ата-энелердин баланын билим сапатына кайдыгер карагандыгын, алар менен иш алып барууну пландаштырууда мугалимдерге педагогикалык адабияттар менен методикалык сунуштардын жоктугу ( баса белгилей кетүүчү нерсе атайын сунушталган класс жетекчинин иш планы тарбиялык иш чараларга багытталгандыгы), ишти уюштуруунун салттуу формасы – ата-энелер чогулуштары менен чектелгендиги, ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүү боюнча иш чаралардын өткөрүлбөгөндүгүн анык болду.

*2)Мугалимдердин ата-энелер менен иштөөдөгү пайдаланылган адабияттары.* (Тиркеме 2. Таблица 1.2.)

Анкетанын 6-суроосу «Ата-энелер менен иштөөдө кандай педагогикалык адабияттарды колдоносуз?» - деп аталган. Андагы жооптор да ар түрдүү болду. Мында жооптордун варианттары берилген эмес, себеби мугалимдер өздөрү пайдаланып жүргөн адабияттарды жазышмак. Бирок тилекке каршы, мугалимдердин көпчүлүгү китептин авторун жана атын атай албай, жалпы фразалар менен жооп беришкен. Мисалы: Ата-энелер менен иштөөдө педагогикалык багыттагы адабияттар, газета-журналдар, мектепке проект тарабынан келген китептер ж.б.

Аз сандагы мугалимдер В. А. Сухомлинскийдин «Мугалимге жүз насаат», И.Б.Бекбоев тарабынан которулган «Педагогикалык изденүү» деген эмгегин айтышкан. Ошону менен катар бул суроого жооп бербеген мугалимдер да болду.

3) *Ата-энелердин мектеп ишине катышуусунун мүнөзү.*

(Тиркеме 3. Таблица 1.3.)

7-суроого алынган жооптордон ата-энелердин көпчүлүк бөлүгү мектептеги иш чараларга катышпагандыгы белгилүү болду. Ошол эле учурда 42 жооп ата-энелердин мектептеги тарбиялык иш чараларды уюштурууга жардам бергендигин белгилейт: алар классты жасалгалоо жана балдарды костюмдар менен камсыз кылууга катышышат. Материалдык жактан жардам берүүдө айрым ата-энелер класска керектүү буюмдарды сатып беришет жана экскурсияларды уюштурууга спонсор болушат.

8-суроого алынган жоопторго ата-энелердин мектеп ишине активдүү катышпагандыгы айтылат. Ал тургай ата-энелердин чогулуштарына келтире албайбыз деген кошумча жооптор жазылган.

*4) «Кызматташуу жана өз ара жардамдашуу» (9-10) жөнүндөгү суроолоруна алынган жооптор* (Тиркеме 4. Таблица 1.4.)

9-суроого мугалимдер ата-энелердин баланын окуусуна жардам бергендигин - 33, алардан бала жөнүндө маалымат гана алып тура тургандыгын -19 белгилеген. Ошондой эле жооптордон тышкары ата-энелер балдарды окуу куралдары менен камсыз кылып, сабакка үзгүлтүксүз катышуусун көзөмөлдөп, фондго жардам берип тургандыктарын жазышкан. Ал эми мектепке эч кандай жардам көрсөтпөгөн ата-энелердин саны-58. Ата-энелер менен агартуу иштерин жүргүзүү жана аларга педагогикалык адабияттарды сунуштоо боюнча берилген суроого жооп беришкен эмес. Бул суроолордун жоопторунун жыйынтыгында мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы өз ара кызматташтыктын жетиштүү деңгээлде жүргүзүлбөгөндүгүнө күбө болдук.

*5) Анкетанын «Проблемалар жана кыйынчылыктар» (11-12) суроолоруна алынган жооптор* (Тиркеме 5. Таблица 1.5.)

11-суроо боюнча мугалимдер ата-энелер менен чечүүчү окутуу-тарбиялоо ишиндеги негизги проблемаларды көрсөтүшкөн: жетишүүнү жакшыртуу (39 жооп), тарбия маселесине тиешелүү (17 жооп) проблемалар.

Баланы мектепке даярдоо, анын мектепке адаптацияланышы жөнүндөгү суроого жооптор аз болгон, окуу жылынын биринчи жылында бул проблеманын маанилүү экендиги эске алынган эмес. Ал эми бош убакытты пайдалануу жана үй-бүлөдөгү психологиялык климатты жакшыртуу боюнча келип чыккан проблемалар да окутуунун сапатына түздөн түз таасири бар экендигин билбөө бизди ойлондурат. Тилекке каршы 20 мугалим проблемаларды көрсөткөн эмес, алар иштин жүрүшүндө пайда болгон проблемаларды чогуу чечебиз деп жазышкан.

12-суроого мугалимдер 2-3 төн жоопторду белгилешкен. Эң көп жооп инициативанын жана ата-энелердин активдүүлүгүнүн жоктугун (87 жооп) белгилегендиги, мугалимдердин ишти толук кандуу алып кете албагандыгынан кабар берет. Андан ары ишти алга жылдырууда өз ара түшүнүүчүлүктүн жоктугу жана ата-энелердин агартуу ишине кызыкпагандыгы болду. Жооптордун варианттарынан тышкары ата-энелердин кенебестиги, мектеп менен байланыштын жоктугу, чогулуштарга келбегендиги, баланын окуу ишине кызыкпагандыгы, өз балдарынын кемчиликтерин моюнга албагандыгы кыйынчылыктарды туудураарын белгилешкен. Ошондой эле ата-энелердин педагогикалык билимдеринин төмөндүгүнөн улам мугалимдин койгон талаптары аткарылбагандыгын белгилешкен.7 мугалим гана ата-энелер менен иштөөдөгү кыйынчылыктардын жок экендигин айтышкан.

Башталгыч класстын мугалимдеринин ата-энелер менен иштөөгө мүмкүнчүлүктөрү көп. Бирдиктүү иш аракеттер бала биринчи класска киргенден баштап жүргүзүлгөн болсо, изилденип жаткан проблеманы чечүүгө жол ачылат.

*6) Кенже окуучулардын ата-энелери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү*

(Тиркеме 6. Таблица 1.6.)

13-суроого берилген жооптордон улам башталгыч класста, айрыкча 1-2-класстарда мугалим менен ата-энелердин ортосундагы тыгыз кызматташуу, балдардын билим-тарбиясына ата-энелердин кызыгуусу бар экендиги

байкалды. Тактап айтканда, бул учурда ата-энелер мектеп ишине активдүү катышышат. Демек, окуунун алгачкы жылынан баштап мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иштеринин ийгилиги жаралат, мында мугалимдин ата-энелер менен тыгыз кызматташуусу, бат-баттан жолугушуусу, баланын билим-тарбиясына ата-эненин ролу зор экендигин түшүндүрүү чоң роль ойнойт. Жыйынтыктап айтканда мугалимдердин анкетадагы суроого жооп берген сөзүнөн цитата келтирели « Мугалим окуунун алгачкы мезгилинен эле ата-энелер менен иштөөгө өзгөчө көңүл бурса деп ойлойм. Класска жаңы балдар, жаңы үй-бүлөлөр келет. Алар менен таанышып жатып мугалим көп нерсени билүүсү керек. Ата-энелер мугалимдин «мектеп – окуучу - үй-бүлө» деген принцип менен иш алып бара жаткандыгын түшүнүү менен кызматташууга даяр болгондо гана иш алдыга жылат. Ошондо гана келечекте мугалимде ата-эне менен иш алып барууну уюштуруу проблемасы жаралбайт».

Кенже окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө ата-энелердин жардамысыз жетишүүгө мүмкүн эмес. Ата-энелер бул иште өздөрүнүн жоопкерчилигин сезүү менен милдеттерин аткарганда баланын окуудагы ийгиликтери жаралат. Алдыдагы анкеталык суроолор ата-энелердин балдардын окуу ишине карата мамилелерин аныктоо максатында берилди. Сурамжылоого жалпысынан 336 ата-эне катышты.

Ата-энелерге сунушталган анкетанын суроолорунун жалпы мазмуну төмөндөгүдөй:

1) *Ата-энелер жөнүндө маалымат.*
2) *Ата-энелердин балдардын окуу иштерин уюштуруусу.*
3) *Ата-энелер менен балдардын окуу ишине байланышкан өз ара мамилелери.*
4) *Ата-эне менен мугалимдин мамилелери жөнүндө*

Ата-энелерди анкетирлөөнүн анализи

*7) Ата-энелер жөнүндө маалымат (*Тиркеме 7. Таблица 1.7.)

Сурамжылоого катышкан ата-энелердин 87,5% аялдар жана 12,5% эркектерди түзгөн, башкача айтканда тандоодо пропорционалдуулук сакталган эмес. Мындан биз балдарды тарбиялоодо чоң жоопкерчилик энелерге жүктөлгөндүгүн түшүндүк. Ал эми ата-энелердин билими боюнча маалыматтарга таянсак, жогорку билимдүү ата-энелер - 20,2%, орто кесиптик билими бар -28%, орто билимдүү-51,7% ти түздү. Бул изилдөөнүн маалыматтарын талдоо ата-энелердин билими балдардын билим алуусуна болгон мамилесине түздөн түз таасир этүүчү фактор экендигин көргөзөт.

*8) Ата-энелердин балдардын окуу ишин уюштуруусу* (Тиркеме 8. Таблица 1.8.)

16-суроо окуу ишинин ийгилиги баланын күн режимине байланыштуу экендигин эске алуу менен берилди. Тилекке каршы ата-энелердин көпчүлүгү ага маани бербегендиги жооптордон анык болду.

17-суроого ата-энелер балдардын окуусу үчүн шарттарды - жумушчу орунду даярдап бергендиги бизди кубандырат. Ал эми 23 ата-эне балдар каалаган жерге сабак даярдаша тургандыгын, тактап айтканда аларга атайын орунду даярдап бербегендигин айтышат.

18-суроого 3,4,5-жооптор бизди ойлондурат, себеби сабакты белгилүү бир учурда даярдоого бала көнүкпөгөн. Ошондой эле эртең менен сабакты даярдаган 68 ата-эненин жооптору – балдары түштөн кийинки сменде окугандыгын айтышты.

19-суроо балдардын сабак окуу жоопкерчилигин аныктоо максатында берилип, ата-энелердин 67% ти балдарын эскертип тураарын белгилешкен.

20-суроого ата-энелердин 62 си теле берүүлөрдү чектебегендиги, баланын окуу жөндөмдүүлүктөрүн төмөндөп кетишине өздөрү шарт түзүп бергендигинен кабар берет. Ал эми 21-суроо айыл турмушу балдарды кичине курагынан эле эмгекке тарбиялоого багытталгандыгы менен айрымаланат. Мында үй-чарба жумуштарына жардам берүүнүн дагы чегин билүү ата-эненин милдети. Бала аткаруучу үйдөгү жумуштардын көптүгү да баланын окуусуна таасирин тийгизиши мүмкүн.

22-суроо баланын өз убагында уктап, эс алуусу да маанилүү. Жооптордон баланын каалаган учурда уктагандыгы белгилүү болду, ата-энелер менен иш жүргүзүүдө бул проблемага көңүл буруу зарыл.

23-суроо ата-энелер балдарынын окуу ишине жардам бере тургандыгы бизди кубандырат, ошол эле учурда өз балдарына жардам берүүгө убактысы жок экендигин жашырышпаган ата-энелердин жооптору белгилүү болду. Жыйынтыктап атканда 8-таблицадагы суроолорго берилген жооптордон улам ата-энелер тарабынан баланын окуу иштерин уюштуруу боюнча билимдердин жетишсиздиги байкалды.

*9) Ата-энелер менен балдардын окуу ишине байланышкан өз ара мамилелери* (Тиркеме 9. Таблица 1.9.)

24-суроого ата-энелер «ооба» деп жооп бергендиктерин, баланын жаш курак өзгөчөлүгү менен байланыштырууга болот.

25-суроого жоопторду теңи «кээде гана», «текшербейм» деп белгиленген, сурамжылоодо ата-энелер убактысы жоктугун жана балдарынын үй-ишин өз алдынча аткара алат деген ишенимде болгондугун айтышат.Ошол эле учурда «текшерем» деген ата-энелер да «кантип текшересиз?» деген суроого, баланын ишине үстүртөн көзөмөл кылып тургандыктарын айтышкан. Демек, балага үй-ишин аткарууда көзөмөлдүн төмөндүгү белгилүү болду.

26-суроо мында да ата-энелердин «өз алдынча аткарат» деген жооптору басымдуулук кылды, 27% ти гана чогуу аткарабыз деп белгилешти.

27-суроонун максаты ата-энелердин окуу материалынын мазмунун түшүнүү жана окутуу методикасын билүү деңгээлин аныктоо боюнча берилген. Натыйжада ата-энелердин көбү окуу материалын түшүнбөй, жардам берүүдөн баш тарткандыгына күбө болдук. Ошол эле учурда, түшүнгөн ата-энелер убакытты үнөмдөп, балага түшүндүрүп берүүнүн ордуна өздөрү тапшырманы аткарып берип коюшат. Ал эми буга көнүп алган баланын окуу көндүмдөрү калыптанбай калат.

28-суроонун жоопторунан улам башталгыч класста бардык балдар сабак даярдоого жоопкерчиликтүү мамиле жасаары маалым болду. Окуу ишинде бала ата-эненин жардамына муктаж. Баланын окуу жоопкерчилигин өстүрүү ата-энеден да көз каранды. Ал эми «окууга кызыкпайт» деген ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу милдети алдыда турат.

29-суроого ата-энелердин 82% үй-бүлөдө китеп окуу иши уюштурулбайт, анын себептерин - балдарга арналган китептердин аздыгы, китеп болсо да баланын китеп окууга болгон кызыгуусунун жоктугу менен байланыштырышат. Мындан ата-энелердин баланын китеп окуусун уюштуруу боюнча тиешелүү деңгээлде иш алып бара албагандыгына күбө болдук. Алынган маалыматтардан улам ата-энелер балдарга жомок окуп же айтып бергенди алардын жашы жогорулаган сайын токтоткон, телефизордон каалаган берүүлөрдү ченемсиз көрүшөөрү малым болгон, үй-бүлөлүк окуу салты жоголгон. Үй-бүлөлөрдүн 10% гана үй-бүлөлүк окууну уюштурушат. Ата-энелер балдарга арналган китептерди билишпейт, кызыгышпайт, кызыкса да аларды сатып беришпейт. Үй-бүлөдө китепти окутуу, кайра айтып берүү,окуганын талкуулоо иш аракеттери жүргүзүлбөйт. Көпчүлүк ата-энелер балдарынын китеп окууга кызыкпагандыгын айтышат. Ата-энелердин пассивдүү, балдарды окууга кызыктырбаган мамилелери балага терс таасирин тийгизет. Балдар да ата-энелер менен көп мамилелеше албай калды, алар китеп кинофильмдер жөнүндө ата-энелери менен аңгемелешүүнү кызыксыз деп санашат, себеби ата-энелер балдардын кызыгууларына көп көңүл бурбайт жана берген суроолоруна жооп бербейт. Ата-энелер тараптан балдардын өнүгүүсүнө көңүл бурулбагандыктан, бала улам чоңойгон сайын анын таанып билүү иш аракети кыйындайт.

30-суроодогу жоопторго ата-энелер толук жооп берген эмес, алар айыл турмушунда бош убакыттын аздыгын белигилешкен. Ошол эле учурда айыл жергеси жаратылышы менен кооз, таза абада, жаратылыштын кучагында эс алуу дайыма эле болот деп жазышкан.

*10) Ата-эне менен мугалимдин мамилелери жөнүндө*

(Тиркеме 10. Таблица 1.10.)

31-суроого башталгыч класстан эле ата-энелердин чогулушуна «кээде гана» -143, «барбайм» -65 деген жоопту алдык. Анын себептерин убакыттын жетишсиздиги, мугалимдин окуучуга жана ата-энеге жасаган мамилесине карата баргысы келбегендиги, чогулуштарда баланын окуу ишине көңүл бурбастан, мектепке финансылык жардам суроо менен тажаткандыгынан деп белгилешкен.

32-суроо баланын окуу ишине кызыккан ата-энелер уюлдук телефон аркылуу жана байланыш дептери аркылуу мугалимдерден кеңеш сурашат. Ошол эле учурда баланын окуусуна кызыкпаган ата-энелердин саны да көп.

33-суроонун жообунда ата-энелер педагогикалык-психологиялык китептерди окубагандыгы мындай турсун, аны менен тааныштыгы жоктугун жазышкан. Ал эми «педагогикалык адабияттарды окуйм» деп жооп берген ата-энелер сурамжылоодо мугалимдер жана башка кесиптеги жогорку билимдүү адамдар экендиги белгилүү болду.

Башталгыч класстын окуучуларына берилген анкетанын суроолору алардын окуу ишине арналды. Окуучулар суроолорго жооп берүүдө кыйналышты, себеби айрым окуучулар белгилүү деңгээлде жазуу көндүмдөрүн толук өздөштүрбөгөндүгүнөн, кээ бирлеринде суроонун мазмунун түшүнүп турса да, берилген суроолорго так жооп берүү көндүмдөрүнүн жоктугу байкалды. Айрым изилдөөчүлөр окуучулар үчүн суроолорду болжолдуу жооптору менен берүү зарыл деп эсептешет, бирок бул вариантта жеткиликтүү жыйынтыктарды алуу мүмкүн эмес. Ошондуктан кенже окуучулар менен анкетирлөө жүргүзүүдө биз андагы суроололор боюнча аңгемелешүү методун да кеңири колдондук. Сурамжылоого жалпысынан 480 окуучу катышты. Төмөндө анкетада, аңгемелешүүнүн жыйынтыктары жазылды.

*11) Окуучулар үчүн анкетанын жыйынтыктары* (Тиркеме 11. Таблица 1.11.)

34-35-суроого жооп катары сурамжылоого катышкан класстагы окуучулардын саны жана алардын окуудагы жетишкендиктери сунушталды.

36-суроого башталгыч класста балдардын окуусуна ата-энелер, ага-эжелери, чоң апалар жардам бере тургандыгын айтышты. Ошол эле мезгилде балага такыр жардам бербеген үй-бүлөлөр бар экендиги белгилүү болду. Ушул суроого кошумчалай кете турган нерсе, айрым окуучулар «мен эч кимден жардам сурабай эле үй ишин аткара алам» деп мактанып жатты.

37-суроого 164 бала чай ичкен столго сабак даярдай тургандыгын айтышты.

38-39-суроолордо балдар сабакты белгилүү бир мезгилде даярдабай тургандыгын айтышты жана аларга телевизор жана бөбөктөрү жолтоо болоорун белгилешти. Бул жооптордон улам ата-энелер балдар үчүн толук шарттарды түзүп бере албагандыктарын байкадык.

40-суроо үй-ишинин аткарылышын тууралыгын текшерүү максатында берилгендиктен, 232-окуучунун иштери текшерилбегендиги маалым болду.

41-суроого үй-бүлөдөн баланын окуу ишине жардам бербеген окуучулар гана жооп беришти.

42-суроодогу жооптор ата-энелер менен мугалимди ойлонтуучу суроо болду, мында балдар сабактан начар баа алса, сабакты даярдабай койсо ата-энелери аларды жазалай тургандыгын жашырышкан жок. Бул абал ата-энелердин педагогикалык билиминин жетишсиздигинен кабар берет.

43-суроого 128 окуучу гана китеп окуушаарын айтышты. Алар «Кыргыз эл жомокторун», «Байчечекей», «Кооз китеп», «Күн балдары», «Чыпалак бала» деген китептерди атаса, айрымдары «Адеп», Адабий окууну», андагы айрым темаларды айтып жатышты. Ошондой эле эже-байкелеринин тарых, адабият китептерин окуурун айтышты. 352 окуучу «окубайм» деп жооп беришти. Жыйынтыктап айтканда, үй-бүлөлүк окуу уюштурулбагандыгы дагы бир жолу анык болду.

44-45-суроо мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иштерине байланышкандыктан, жооптордун жыйынтыгынан улам бирдиктүү иш аракеттердин жакшы жүрбөй жаткандыгына күбө болдук.

Педагогикалык эксперименттин биринчи этабынын жыйынтыгында – айылдык башталгыч класстын окуучуларынын билимдеринин сапатынын деңгээли  аныкталды. Мында Талас жана Нарын областына караштуу райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн статистикалык маалыматтарына таянуу менен айылдык мектептердеги башталгыч класстын окуучуларынан текшерүү, жат жазуу иштери алынып, окуу көндүмдөрү текшерилип жыйынтыктар чыгарылды. Изилдөөнүн жыйынтыгында окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчтөрүнүн төмөндүгү белгилүү болду.

Айылдык башталгыч мектептерде билимдин сапатынын төмөндөп кетишинин себептери изилденип, билимдин сапатын көтөрүүгө таасир берүүчү факторлор аныкталды. Алардын ичинен мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери аркылуу окуучулардын билим сапатын көтөрүү маанилүү деп табылды. Бул максатта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө азыркы шартта айыл мектептеринде мугалим менен ата-энелердин окуучулардын билим сапатын көтөрүү боюнча биргелешип жүргүзгөн иш аракеттери жок экендиги  анык болду.

Башталгыч класстын мугалимдери окуу процессин уюштурууда ата-энелердин жардамына муктаж, ансыз окуу ишиндеги ийгиликтердин жаралышы мүмкүн эмес. Ал эми практикада, мугалимдер ата-энелерди мектептин ишине тартуу зарыл деп эсептегени менен, алардын баласынын окуу ишине кызыкпагандыгын, кызыкса да убактылары жок экендигин, айрымдары окуу иши мектептин иши деп түшүнгөндүгүн, баланы окутууда ата-энелердин билимдеринин жетишсиздигин айтышат.

Ата-энелерди мектеп ишине тартуу мугалимден педагогикалык даярдыкты талап кылаары белгилүү.  Мугалимдер  өздөрү да ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып бара албай жатышкандыгы, алардын үй-бүлө менен биргеликте иш алып баруу боюнча билимдери талапка ылайыктуу деңгээлде эмес экендиги анкеталык сурoолордон анык болду. Эксперимент учурунда мектеп документациясын изилдегенибизде ата-энелердин класстын чогулушуна толук катышуусу; класстын катышуу,

жетишүү процессине жардам берүү; класстан тышкаркы иштерди уюштурууга көмөктөшүү; классты жасалгалоого колдоо көрсөтүү; окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүү деген сыяктуу жалпы сөздөр жазылгандыгы, ата-энелер менен конкреттүү иш чаралар өткөрүлбөгөндүгү маалым болду. Алардын ата-энелер менен иштөө боюнча колдонулган педагогикалык адабияттарды атап бере албагандыгы, ишти уюштуруунун формаларынан ата-энелердин чогулушун гана өткөрүп жаткандыктары бизди ойлонтот. Ата-энелер менен өткөрүлүүчү иш чараларда: чогулуштарда, тарбиялык иштерди өткөрүүдө, ата-энелер менен аңгемелешүүдө, сабактарга катышкан учурларда белгилүү бир деңгээлде балдардын окуудагы кыйынчылыктары жөнүндө сүйлөшүүлөр болгону менен анын себептерин тактап, баланын окуу иштерин туура уюштуруу боюнча ата-энелерге педагогикалык жардамдар берилбей келген.

Мугалимдер ата-энелер менен иштөөдө алардын активдүүлүгүнүн төмөндүгүн белгилешкен, бул жооптор менен биз макул эмеспиз. Практикада өзгөчө 1-2- класстын окуучуларынын ата-энелери мугалимдер менен тез-тезден жолугушуп, баланы окутуп-тарбиялоого байланышкан суроолорду берип, мектептин окуу-тарбия иштерине кызыгышат. Бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу мугалимдин ишти уюштуруусуна байланыштуу.

Окуучунун окуу-тарбия ишинин ийгилиги мектеп менен үй-бүлөнүн илимий жактан негизделген билимдерге ээ болуп, бекем жана бирдиктүү иш аракеттеринин натыйжасында пайда болот. Н.К. Крупская « Тарбиялоо ишинде бул процесске ата-эне таасир берсин, тигисине мектеп, дагы бирине коомчулук жооп берсин деп айтууга болбойт »,- деп жазган. Мектеп менен үй-бүлөнүн макулдашылып жүргүзүлгөн иш аракеттери баланы тарбиялоодо жана ага билим берүүдө маанилүү. Ошондуктан, ата-энелердин баланын окуу ишин уюштуруусуна, алардын бала менен, мугалим менен болгон мамилелерине көңүл буруу зарыл.

Окуу иши баладан көп күчтү жана эмгекти талап кылат. Эгерде үй-бүлөдө күн режими максаттуу жана туура уюштурулса, баланын ден-

соолугун бекемдөөгө шарттар гана түзүлбөстөн, анын окуу ишинин ийгиликтеринин жаралышына шарттар түзүлөт. Күн режими боюнча бала өз убагында тамактанат, иш аракеттин түрлөрүн аткарат, эс алат, уктайт. Режимге көндүрүү менен баланын психологиялык сапаттарын да өнүктүрө алабыз. Ата-энелерге берилген суроолордун жоопторунун көбү баланын күн режими түзүлбөгөндүгүн белгилешет. Алардын бала үчүн күн режимдин канчалык деңгээлде маанилүү экендиги менен тааныштыгы жок. Ошондуктан баладан сабакка даярданууну өз учурунда аткаруусун талап кылышпайт, теле берүүлөрдү көрүүнү чектебейт, баланын убакытты кандай өткөзүп жаткандыгына көңүл бурушпайт.

Башталгыч класста окуучулардын окуу иштерине жардам берүү ата-энелердин негизги милдети. Кээ бир үй-бүлөдө баланын окуусуна көңүл бурулбайт, ата-энелер «сабагыңды оку», «тапшырмаңды аткардыңбы» деген сөздөрдү айтуу менен баламдын окуусуна жардам берип жатам деп ойлошот. Үй-тапшырмасын даярдоодо бала менен чогуу отуруп, иштин жүрүшүнө байкоо салып, анын тууралыгын текшерүү, түшүнбөсө жардам берүү керек. Изилдөөлөрдө ата-энелердин 27% ти гана балдардын окуусуна жардам беришээрин жазышкан. Айрым ата-энелер баласы үчүн тапшырманы аткарып берүүнү жардам бердим деп түшүнүшөт.

Балдардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча үй-бүлөдө китеп окуу уюштурулбай калган. Биз анын себептерин ата-энелер менен аңгемелешүүдө аныктадык: Алар:

- үй-бүлөдө улуулардын китеп окушпагандыгы;
- үй-бүлөлүк китепкананын уюштурбагандыгы;
- балдарга арналган китептерди ата-энелердин тандай албагандыгы;
- үй-бүлөдө балдарды китеп окууга кызыктыруунун жоктугу;
- үй-бүлөдө китепти чогуу окуу жүргүзүлбөгөндүгү;
- массалык-маалымат каражаттарынын терс таасири.

Мектепте ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттеринин дайыма колдонуп келген универсалдуу формасы ата-

энелердин чогулушу, ага катышуу мугалим менен ата-энелердин мамилелерин аныктайт. Башталгыч класста ата-энелер чогулуштарга келишет, эгерде ал талапка ылайык өтүлсө. Практикада, ата-энелердин чогулуштарын өтүүнүн стандартка салынган формасы сындалып келет. Мугалим окуучулардын жетишүүсүн журналдан окуп берет, жакшы окуган окуучуларды мактайт, начар окуган окуучулардын ата-энелерин коллективдин алдында уяткарат. Албетте, мындай өтүлгөн чогулуштан кийин ата-энелер чогулушка келишпейт.

Эксперименттин жүрүшүндө ата-энелер балдарынын таалим-тарбиясы боюнча мугалимдер менен иш алып барышпагандыгы жана педагогикалык жана психологиялык китептерди окушпагандыгын белгилешти.

Үй-бүлөдө баланын окуу ишин уюштурулушу боюнча ата-энелерге берилген анкеталык суроолорго парралелдүү окуучуларга да ошол типтеги суроолор берилген. Алардын берген жоопторунан үй ишине ата-энелердин баардыгы эле жардам бере бербегендиги, сабакты даярдоо үчүн орун жана жагымдуу шарттар түзүлбөгөндүгү, үй-бүлөлүк окуу уюштурулбагандыгы, ата-энелердин убактысы болсо чогулушка келээри анык болду.

Констатациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы айылдык башталгыч мектептердин окуучуларынын билим сапатынын төмөндүгүн, аны жогорулатуу боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш аракеттеринин жүргүзүлбөгөндүгүн аныктады. Мугалимдер менен ата-энелердин биргелешкен иш аракеттеринин мазмунун, уюштуруу формаларын иштеп чыгуу зарылдыгын көрсөттү.

*Биринчи глава боюнча корутунду*

Кыргызстанда билим берүүнүн сапаты жыл өткөн сайын төмөндөп бара жаткандыгы эл аралык изилдөөлөрдө аныкталган. Өзгөчө республикадагы жалпы мектеп окуучуларынын санынын 71%тин түзгөн айыл мектептеринин билим сапатынын төмөндөп кетиши бул багытта иш алып баруунун зарылдыгын көрсөтөт.

Билимдин сапатын көтөрүүгө мектептик билим берүүнүн эң төмөнкү баскычы – башталгыч класстан тартып көңүл буруу керек, себеби анда билимдердин бекем фундаменти түптөлүп, андагы алган билимдер окутуунун кийинки баскычтарында улантылат.

Айылдык башталгыч мектептин билим сапатынын төмөндөп кетишинин себептери: мектепке чейинки билим-тарбия берүүчү мекемелердин жоктугу, социалдык мүнөздөгү себептер менен балдардын сабакка катышпагандыгы, мугалимдердин убактыларынын аздыгы, ишке жасаган салкын мамилелери, педагогикалык жана методикалык маалыматтар менен камсыздалбагандыгы, мектептин материалдык-техникалык базасынын начардыгы, окуу китептеринин жетишсиздиги, үй-бүлөдө балдардын ден-соолугуна, окуу иштерине камкордуктун жоктугу, ата-энелердин педагогикалык билимдеринин төмөндүгү, мектептин ата-энелер менен бирдиктүү иш алып бара албай жатышы д.у.с. таасирлер.

Билимдин сапатына таасир берген факторлорду аныктоодо окумуштуулардын эмгектерине анализ жасалып, алардын ичинен Э. Мамбетакунов сунуштаган факторлорго таянып айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатына таасир берүүчү факторлор аныкталды. Алар: окуучунун жөндөмү, мектепке даярдыгынын деңгээли, мотиви; мугалимдин илимий педагогикалык даярдыгы; мектептин материалдык-техникалык базасы; нормалдуу финансылоо; окуучулардын окуу иштерин уюштурууда мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети; ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээли, жоопкерчилиги, маалымат булактары менен камсыз болушу; окуу процессинин окуу-методикалык комплекстер менен камсыз болушу; санитардык-гигиеналык, психологиялык шарттар; мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин эмгегин стимулдаштыруу. Аталган факторлорго кеңири токтолуу менен башталгыч класста окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө - окуучулардын окуу иш аракетин уюштурууда мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракетинин ролу зор экендигине көңүл бурулду.

Изилденип жаткан проблема боюнча окумуштуулардын, белгилүү педагогдордун эмгектерине теориялык жактан анализ жүргүзүлүп, анын практикадагы абалы констатациялык эксперименттин жардамы менен аныкталды.

Эксперименттин жыйынтыгында айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатынын төмөндүгү, аны жогорулатууда мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттеринин жүргүзүлбөгөндүгү, балдарды окутуп-тарбиялоодо ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жетишсиздиги, аларга берилүүчү билимдердин мазмунун чагылдырган методикалык колдонмолордун жоктугу белгилүү болду.

# ГЛАВА II. АЙЫЛДЫК БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН МУГАЛИМДЕРИ МЕНЕН АТА-ЭНЕЛЕРДИН БИРДИКТҮҮ ИШ АРАКЕТТЕРИН УЮШТУРУУ

## 2.1. Ата -энелердин педагогикалык билимдери жана аларды өркүндөтүүнүн жолдору

Башталгыч мектепте ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуу иши мугалимдин жетекчилиги менен ишке ашат. Педагогикалык агартуу ишинин негизги максаты:

- ата-энелердин билим берүүчүлүк компетенттүүлүгүн жогорулатуу;
- мектеп менен үй-бүлө тарабынан балага окуу иши боюнча бирдей талаптардын коюлушуна жетишүү;
- ата-энелердин баланы окутуп - тарбиялоодогу жоопкерчилигин жогорулатуу;
- баланын билиминин сапатык деңгээлин көтөрүү;
-мугалимдердин кесиптик компетентүүлүгүн жогорулатууну стимулдаштыруу;

Бүгүнкү күндө ата-энелердин компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселеге педагогдор өзгөчө маани бере баштады. Ата-энелер өздөрү да балдарды окутуп, тарбиялоодо мугалимдердин жардамы аркылуу билимин өркүндөтүүгө жана өздөрүн өнүктүрүү зарылдыгын сезишет. Ошондуктан адистер ата-энелердин педагогикалык компеттентүүлүктөрүн төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: Ата-энелердин педагогикалык компетентүүлүгү бул ата-энелердин

- педагогикалык иш аракетти аткаруудагы билим, билгичтик, көндүмдөргө жана каражаттарга ээ болуусу (Н.Ф. Талызина, Р.К. Шакуров);
- педагогикалык иш аракетте пайда болгон кырдаалдардагы проблеманы жана типтүү милдеттерди чечүүдө билимин, тажрыйбасын, баалуулуктарды колдонуу жөндөмдүүлүгүн аныктаган интегралдык мүнөздөмөсү (А.П. Тряпицына);

- баланын өнүгүүсүндө улуулар тарабынан көрүлгөн камкордуктардан бала өзүн коопсуз сезгендей шарттарды түзүп берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу (Кормушина Н.Г.);
- баланы тарбиялоодо билим, билгичтик жана тажрыйбаларга ээ болуусу (Мизина М.М.);
- турмуштук кырдаалдарга карата балдарынын социалдык көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандырууда үй-бүлөлүк, социалдык педагогикалык иш аракеттерди уюштуруусу (Е.В. Руденский).

Адистердин ой жүгүртүүсү боюнча компетенттүү ата-энелердин сапаттары катары акыл ойдун, сезимдин жана иш аракеттин интеграцияланышы белгиленет. Ата-энелер менен балдардын бирдиктүү иштеринин ийгилигинин сыры ар түрдүү аспектилердин: когнитивдүү, эмоционалдуу, сенсордук, психомотордук, духовный, коммуникативдик, оюндук, рефлексивдүүлүк ж .б. иш аракеттердин биригүүсүнөн жаралат.

Ата-энелердин педагогикалык компеттентүүлүгүнө педагогикалык маданият, педагогикалык сабаттуулук, ата-энелик милдетти сезүү түшүнүктөрүнө да кирет.

Ата-энелердин педагогикалык маданияты жөнүндө сөз кылганда алардын педагогикалык жактан жеткиликтүү даярдыгы, коомдук жана үй-бүлөлүк тарбиянын байланышы аркылуу балдарды тарбиялоодо тарбиячы катары жетиштүү деңгээли айтылат. Ата-энелердин педагогикалык, психологиялык жана укуктук билимдеринин жыйындысына ээ болуусу, ошону менен катар балдарды тарбиялоо практикасында билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуусу педагогикалык маданиятты шарттайт. Педагогикалык маданият ошол жерде жашаган калктын жалпы маданияттын негизги бөлүгү болуп саналат.

Педагогикалык сабаттуулук билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн комплексине ээ болуу жана өздөштүргөн билимдерди жана социалдык тажрыйбаларды башкаларга берүү жөндөмдүүлүгү. Педагогикалык сабаттуулукка ээ болгон ата-энелер максат менен милдеттерди туура коюуга,

иштин форма жана методдорун тандоого, жаш өзгөчөлүккө тиешелүү болгон психикалык иш аракеттин өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө, коомдогу ордун аныктап берген субъекттин мотивациясын билүүгө жөндөмдүү болушат.

«Ата-энелик милдетти сезүү» психологияда ата-эне катары өз инсанынын идеалдуу вариантын ишке ашыруу. Е.Г. Смирнов ата-энелик милдетти сезүү – атасынын же энесинин инсанынын интегралдык психологиялык билими; ал өзүнө үй-бүлөлүк тарбиянын гармониялык стилин калыптандыруучу ата-энелик ченемдерин, сезимдерин, мамилелерин, ата-энелик позиция жана жоопкерчиликке багытталган баалуулуктарынын бирдиктүү системасын камтыйт.

Демек, жогорудагы салыштыруулардан биз «ата-энелердин педагогикалык компеттентүүлүгүн» ата-энелердин өзүн-өзү таанып билүүсүнүн жана өзүн-өзү өзгөртүүсүнүн негизинде бала өсүп жаткан чөйрөнү анын өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап, биргелешип иштөөдө эффективдүү методдорду колдонуу аркылуу өзгөртүүгө күч жумшоо керектигин аныктай алдык. Ошондуктан, ата-энелердин педагогикалык компеттенттүүлүгүн интеграцияланган сапат катары кароого болот, ал бир канча компоненттерди бириктирүү менен ата-энелерде баланы өстүрүп жана тарбиялоонун максаттары жөнүндөгү билимдердин бир бүтүндүгүн калыптандырат.

Ата-энелерди педагогикалык жактан агартуу иши ата-энелер менен мектептин бирдиктүү ишин жаңы багытта уюштурууну камсыз кылат. Үй-бүлө баланын негизги тарбиячылары, алар балага оң жана терс таасирлерди бериши мүмкүн. Баланын инсаны жакшы калыптанып өсүшү үчүн мүмкүн болушунча оң таасирлер керек. Ал ата-энелердин педагогикалык билимдерине жана көндүмдөрүнө жараша болот. Педагогикалык агартуу ата-энелерди көп каталарды кетирүүдөн алыстат. Кенже мектеп окуучуларынын окуудагы жетишкендиктери ата-энелердин педагогикалык билимдеринин сапатына көз каранды. Жогоруда жүргүзүлгөн констатациялык эксперимент көрсөткөндөй учурдагы ата-энелердин айрымдарынын жогорку билимдери болгону менен

балдарды өстүрүү, ар тараптан өнүктүрүү, аларга таалим-тарбия берүү, мектеп мугалимдери менен эриш-аркак иштөө боюнча билимдеринин тайкы экендиги аныктады. Ушул көйгөйдү жоюу максатында ата-энелердин педагогикалык билимдеринин мазмунун изилдеп, аны жаңы нукта иштеп чыгууга аракет жасадык. Ал үчүн А.Акунова, К.В.Бардин, И.Б.Бекбоев, Л.В.Белова, Т.В.Воликова, И.В.Гребенников, Л.Н.Лукзен, В.А.Маишева, С.К.Рысбаев, К.Сартбаев, О.Н.Урбанская, А. Токтомамбетов ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрүнөн алынган жыйынтыктарды окуп үйрөнүү жана аларды биз изилдеген проблеманын максатына жараша талдоо иштери жүргүзүлдү. Натыйжада алардан алынган айрым теориялык жоболор жетекчиликке алынып, ата-энелерге азыркы учурдун талабына ылайык келген психолого-педагогикалык билим берүүгө мазмундук жана ишмердүүлүк мамиле жасоо керектиги аныкталды. Демек, биздин изилдөө ишибизде ата-энелерге керек болуучу психо-педагогикалык билимдердин мазмунун аныктоо, ошол маалыматтарды ата-энелерге түшүндүрүү аркылуу алардын компеттентүүлүгүн көтөрүү милдети пайда болду.

Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууда максаттуу илимий-педагогикалык билим берүүнүн ролу өтө жогору. Ата-эне канчалык тажрыйбалуу болбосун балдарды үй-бүлөдө окутуп-тарбиялоонун татаалдыгы ар дайым байкалып турат. Ошондуктан балдардын билим алуусу боюнча аларга тарбия берүүнүн законченемдүүлүгүн түшүнүүгө, турмушта кездешүүчү көптөгөн педагогикалык жагдайларды аңдап билүүгө туура келет. Ал психолого-педагогикалык илимий билимдерсиз эч качан эффективдүү ишке ашпай тургандыгы көптөгөн эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизинде далилденген.

Ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүүдө педагогика илиминин жалпы принциптери негиз болуп кала берет жана И.В.Гребенников тарабынан сунушталган атайын принциптерди азыркы учурга ылайыкташтыруу максатында айрым толуктоолорду киргизүү зарылдыгы келип чыкты. Алардын толукталган вариантын төмөнкү удаалаштыкта көрсөтсөк болот.

1. Балдарды тарбиялоого ата-энелерди даярдоонун коомдук максаттуулук жана идеялуулук принциби.

2. Коомдук жана үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн бирдиктүүлүгү.

3. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун системасын коомчулуктун бул ишке активдүү катышуусу менен айкалыштыруу принциби.

4. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу системасынын бардык звенолорунун бирдиктүүлүгү жана эриш-аркактыгы.

5. Ата-энелерди балдарды тарбиялоого даярдоонун жеткиликтүүлүгү жана жалпылыгы.

6. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун эң маанилүү принциби анын турмуш менен байланыштуулугу.

7. Педагогикалык агартуу менен ата-энелердин өз алдынча педагогикалык билим алуусуна жетекчилик кылууну айкалыштыруу принциби.

8. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун коллективдүү, группалык жана жекече түрлөрүн оптималдуу айкалыштыруу принциби.

9. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга дифференциалдуу мамиле жасоо принциби.

10. Мугалимдердин ата-энелерге, коомчулуктун ата-энелерге, ата-энелердин ата-энелерге, балдардын ата-энелерге карата болгон иш аракеттеринин параллелдүүлүк принциби.

Аталган принциптерге таянуу менен ата-энелерге арналган баланын окуу ишмердүүлүгүнүн ийгилигин камсыз кылуучу педагогикалык билим берүүнүн мазмуну иштелип чыкты.

Анын түзүлүшү төмөнкү бөлүмдөрдөн турат.

1.Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо.

2.Башталгыч класстын окуучусунун билимине, билгичтиктерине коюлуучу талаптар.

3.Окуучунун күн режимин уюштуруу.

4.Окуучунун жумушчу орду жана анын билим алуудагы мааниси.

5.Баланын сабакка даярдануусун кантип уюштуруу керек?

6.Баланын үй-тапшырмасын аткаруусуна ата-эненин жардамдашуусу жана көзөмөлү.

7.Кенже мектеп окуучусун китеп окуганга кантип үйрөтүүгө болот?

8.Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

9.Үй-бүлөдө баланын жазуу иштерине көңүл буруу.

10. Балага математикалык билимдерди берүү боюнча сунуштар

11.Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу.

Ушундай түзүлүштөгү «Ата-энелерге» кеңеш деп аталган методикалык колдонмо басмадан чыгарылды жана ата-энелерге сунушталды. Анын толук мазмуну диссертациянын 12-тиркемесинде берилген. Педагогикалык билимдердин мазмунуна кыскача токтололу.

*1.Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо*

Келечектеги адамдын өнүгүүсүнүн түпкү фундаменти анын эрте жаш курагынан калыптанат. Мектепке чейинки куракта алынган билимдер, көндүм-адаттар, жүрүм-турумдун нормалары, мүнөздүн калыптанышы – инсандын андан аркы өнүгүүсүнө зор таасир берет [148.83]. Балалыктын бул мезгилин эң ири советтик педагог А.С.Макаренко жогору баалаган. Ал мындай деп жазган: «..тарбиянын башкы негиздери беш жашка чейин түзүлөт, ошондуктан силер беш жашка чейин жасагандар, -бул бардык тарбиялык процесстин 90% и, андан кийин да адамды тарбиялоо улантыла берет, бирок мында силер негизинен жемишти тата баштайсыңар, ал эми анын силер бапестеп баккан гүлдөрү беш жашка чейин болгон»[60.252]. Демек, үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо иши анын мектепке чейинки курагында ийгиликтүү жүргүзүлсө, мектептеги окуу ишинин ийгилигинин үзүрүн көрүүгө болот.

Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо бир нече комплекстүү милдеттерди чечүү менен ишке ашат. Анда окутуунун жана тарбиялоонун милдеттерин эске алуу менен баланы мектепке даярдоонун жалпы, интеллектуалдык жана психологиялык-педагогикалык даярдыктары бар.

*2. Башталгыч класстын окуучусунун билимине, билгичтиктерине коюлуучу талаптар.*

Ата-энелер башталгыч класстын окуучуларынын билимдерине коюлуучу негизги талаптарды билүүсү зарыл. Ал үчүн мугалим ата-энелерге окуу программасынын мазмунуна ылайык класстар боюнча окуучулардын билимине, билгичтигине, практикалык көндүмдөрүнө коюлган талаптарды тааныштырат. Себеби, ата-энелер окуу программасынын талаптарын билбей туруп, баланын окуу ишине максаттуу жардам бере албайт.

*3. Окуучунун күн режимин уюштуруу*

Окуу иштерине туура уюштурулган күн режими жардам бере алат. Ата-эне баланы окуунун биринчи күнүнөн тартып күн режимине үйрөтүп, аны аткарууга көнүктүрөт. Кенже мектеп окуучуларынын күн режимин түзүүдө ата-энелер врач-гигиенисттердин баланын жогорку эмгекке жөндөмдүүлүгүнүн обьективдүү законченемдүүлүктөрү жөнүндөгү айткан ойлорун эске алуусу керек. Алар акыл эмгегине жөндөмдүүлүктүн эки туу чокусун белгилешкен, биринчиси эртең менен саат 8 ден 11ге чейин, экинчиси 16 дан 18 ге чейин.

Күн режими боюнча балага убакытты туура бөлүштүрүүнү үйрөтүүгө 2-3 жума жетиштүү. Балага күнүнө режимди аткаруусун эскерте берүү жадатма болбошу керек. Анын өз алдынча режимди сактаганга үйрөнгөнү жакшы. Баланы күн сайын бир мезгилде үй-тапшырмасын аткарууга отургузуу зарыл, себеби окуу жөндөмдүүлүгү артат [20.69]. Бир гана сабакты өз учурунда даярдоо эмес баланын үйдөгү режими бузулса, ал сабакты даярдоого өзүнүн терс таасирин тийгизээри анык. Мисалы: баланын тынч уйкусу, дене көнүгүүлөрүн өз учурунда жасоо, үйдөгү эмгек менен оюнду туура уюштуруу, эс алууну уюштуруу, туура тамактануу ж.б. ушулардын баары баланын окуусуна сөзсүз таасирин тийгизет

*4. Окуучунун жумушчу орду жана анын билим алуудагы мааниси*

Окуу ишин уюштурууда баланын жумушчу ордун даярдоого да өзгөчө көңүл бурулушу керек. Эмне үчүн кенже окуучуга сабак даярдоодо туруктуу

орун керек? Себеби, ар бир адам ал тургай кенже окуучулар жогоруда айтылган курактык өзгөчөлүгүнөн улам мерчемдүү убакытка гана эмес, мерчемдүү орунга да көнүп калышат.Ага биротоло көнгөн кезде столго отурар замат ишке киришүүнү каалап турат.

*5. Баланын сабакка даярдануусун кантип уюштуруу керек?*

Баланы сабак даярдоого отургуза албаган ата-энелер көп кайрылышат. Мындай балдар сабак даярдоого көп кыйынчылык менен отурушат. Бул ишти өз учурунда жөнгө салуу ата-энеден узакка созулган эмгекти талап кылат. Баланын окуу ишине жетекчилик кылуу менен чогуу сабак даярдоого отуруу зарыл. Сабакты даярдоонун бирден бир эрежеси, анын создуктурбай тез башталышы. Психологдор белгилегендей, эгерде адам бир ишке кызыкпай баштаса анын ички абалы бири-бирин алмаштыруучу эки этапта болот. Биринчи этапта адам кыйынчылык менен өзүн-өзү кыйнап иштейт. Иштин эффективдүүлүгү аз болуп, адам көп күч жумшайт. Экинчи этапта адам ал ишти тез өздөштүрүүгө киришсе, аз күч жумшалып, ал ишти аткарууга кызыгуу пайда болот[21.55].

*6. Баланын үй-тапшырмасын аткаруусуна ата-эненин жардамдашуусу жана көзөмөлү.*

Башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатын көтөрүүдө үй-тапшырмаларын аткаруунун мааниси зор. Мугалимдин негизги милдети ата-энелерге үй-тапшырмасынын максатын, милдетин, түрлөрүн, аткаруу нормаларын түшүндүрүп, аларга жардам берүү жана көзөмөлдөө иштерин жүргүзүү боюнча сунуштарды берүү.

Окуучулардын үй-тапшырмаларына жардам берүүдө ата-энелер тарабынан кетирилген каталарга жол берилбейт. Ал каталар: ата-энелердин окуучуга жардам берүүнүн ордуна көзөмөл кыла берүүсү, окуучулар үчүн тапшырмаларды өздөрү аткарып бериши ж.б.

*7. Кенже мектеп окуучусун китеп окуганга кантип үйрөтүүгө болот?*

Мектепте баланы окууга машыктыруу иши сүйлөм түздүрүү, сүйлөмдү сөзгө ажыратуу, сөздү муунга, муунду тыбышка ажыратуу

баскычтары аркылуу ишке ашат [169.4]. Мындай ыкманы ата-энелер да колдонуп, балага сүйлөм, сөз, муун, тыбыш жөнүндөгү түшүнүктөрдү күндөлүк жашоодогу мисалдар менен үйрөтсө болот.

Бала жаңыдан үйрөнгөн тыбышка мурдагы үйрөнгөн тыбышты кошуп, сөздү, сүйлөмдү муун боюнча окууга үйрөтүлөт. Демек, сөздү окуганда бирден тамганын атын айтып эжелеп окутпастан, муун боюнча окутуп көнүктүрүү керек.

Башталгыч класстын окуучуларын окуу көндүмүнө үйрөтүүдө түшүндүрүп окутуу иши эң негиздүү экендиги белгилүү. Түшүндүрүп окутуу – окуунун бардык түрүн ичине алат. Анда баланы туура, сезимдүү, үн кубултуп жана шар окуганга үйрөтүү каралат [176.133].

*8. Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу.*

Мектеп практикасында баланын окуу кёндщмдёрщн калыптандыруудан тышкары кёпчщлщк мугалимдер менен ата-энелер байкабаган дагы бир негизги себеп - баланы окуганды билбёёсщ. Ал окуу предметтеринин мазмунун ёздёштщрщщдё байкалган.

Башталгыч класстын окуучуларынын окуудан жетишпёёсщнщн кёптёгён себептери бар: алар материалдарды толук ёздёштщрё албоо, эмгек адаттарынын жоктугу, окууга кызыгуунун жоктугу, интеллектуалдык пассивдщщлщк ж.б. Алардан тышкары окуу материалынын мазмунун ёздёштщрщщдё баланын окуганды билбёё себеби бар. Окуганды билбёё окуучунун окууга жетишпёёсщнё алып келет. Анын себеби балдар ёз мщмкщнчщлщгщнён тёмён окуйт же окууда ийгиликке аябай кыйынчылык менен жетет. Окуганды билбёё бул начар окуган окуучуларда гана эмес, жакшы окуган окуучуларда да болот. Мындай окуучулар рационалдуу окуу кёндщмдёрщнё жетише албай мектепти бщткёнчё кыйналышып ётёт. Алар сабакка даярданууда кёп убактысын кетиришет. Ошентип, окуганды билбёё да сабактан жетишпёёнщн негизги себептеринин бири. Баарыдан мурда ал мугалим менен ата-энелердин алдында кёп кыйынчылыктарды туурдурат.

Балдардын окуганды билбөөсүнүн бир себеби бул алардын окуунун максатын жакшы түшүнбөгөндүгүндө. Окуу максаты деген эмне? Окуу максатын - бул кандайдыр бир жаңы тапшырманы аткаруу үчүн кандай билим жана көндүмдү өздөштүрүү керек экендигин так билүү.

*9.Үй-бүлөдө баланын жазуу иштерине көңүл буруу*

Окуучуларды жазуу маданиятына үйрөтүүнүн педагогикалык жана коомдук мааниси зор. Башталгыч класстын негизги милдеттеринин бири - окуучуларды сулуу, катасыз, таза жана ылдам жазууга үйрөтүү. Жазуу маданиятына коюлган төмөнкү талаптардын аткарылышына мугалим жана ата-энелер көңүл буруусу зарыл. Алар: жазуунун тазалыгы, сулуулугу, тамганын элементтеринин туура жазылышы, тамгалардын бири-бирине туура уланып жазылышы, тамгалардын жантайыңкы, бирдей чоңдукта жана бирдей аралыкта жазылышы, тез жазуу, фонетикалык, грамматикалык, пунктуациялык каталарды кетирбөө, абзацтарды туура сактоо [171].

Окуучуларды тез жазууга үйрөтүүдө мугалим ата-энелерге төмөндөгүдөй типтеги тапшырмаларды үйдөн аткарылышын сунуштайт:

- кенже мектеп окуучуларынын манжаларынын ийкемдүүлүгүн өнүктүрүүүчүн пластилинден ар түрдүү фигураларды жасатуу, түстүү карандаштар менен сүрөт тарттырып, аны боётуу;
- эртең менен бүткүл тулку бойго жана колдун муундары үчүн көнүгүүлөрдү жасатуу;
- үйдөн окуу китептериндеги сөздөрдү баланын жаш, жекече өзгөчөлүгүнө жараша тандап жаздыруу;
- алгач жөнөкөй сөздөрдү жаздырып, акырындап улам татаалыраак сөздөрдү жаздыруу зарыл;
- китептеги тексттерди көчүртүп жаздыруу, аларды жазып жаткан учурда жазуунун сулуулугуна, тазалыгына, катасыздыгына көңүл буруу;
- үйдө өз алдынча убакытты өлчөп алып, текстти ылдам темпте көчүрүп жазууга жатыктыруу ж.б.

*10. Балага математикалык билимдерди берүү боюнча сунуштар*

Башталгыч класста математика предмети татаал, ал башка предметтерден билимдерди системалуу жана терең өздөштүрүүсү менен айрымаланат. Эгерде бала материалды аягына чейин терең өздөштүрүлбөй калса, кийинки сабактарда кыйынчылыктар келип чыгат. Алгачкы математикалык билимдер балага үй-бүлөдөн берилет. Окумуштуулар бала математиканы эрте жаш курагынан эле өздөштүрө алаарын жана баланын акыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөөрүн далилдешкен. Ата-энелер балага алгачкы математикалык билимдерди берүүдө мектепке чейинки даярдоо программасынын материалдарын үйрөнүп, ошол багытта иш алып баруусу зарыл. Башталгыч математика курсу окутула баштагандан тартып ата-энелер мугалимдин жардамчылары болушат. Окуу процессинде өздөштүрүлгөн материалдар үйдөн бекемделип, практикалык иштер аткарылат. Мугалимдин жана окуу китептеринин жардамы менен ата-энелер балдарга математиканы түшүндүрө алышат. Мугалим ата-энелерге натуралдык сандардын көптүгү,текстик маселелер жана аларды чыгаруунун жолдору, натуралдык сандар менен болгон арифметикалык амалдарды аткарууда балдардын эсептөө көндүмдөрүн калыптандыруу, башталгыч математика курсунда чоңдуктарды окутуу, алгебралык материалдарды окутуунун методикасы жана теориялык негиздери, башталгыч мектепте геометриялык материалдарды окутуу, математиканы окутуу процессинде башталгыч класстын окуучуларын өнүктүрүү боюнча билимдерди бирдиктүү иш аракетти уюштуруунун формалары аркылуу бере алат.

*11.Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу*

Педагогикалык агартуу ишинин мазмунунда

1.Үй-бүлөлүк окуунун балага таалим-тарбия берүүдөгү мааниси.

2.Үй-бүлөлүк окуунун максаты жана милдеттери.

3. Үй-бүлөлүк окууну кантип уюштурууга болот?

4. Ата-энелер үчүн окурмандыкты өнүктүрүү боюнча сунуштар

каралган.

**Үй-бүлө** баланын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, жашоодогу баалуулуктарга тарбиялайт. Ал баланы маданият дүйнөсүнө, анын ичинде окурмандуулукка жетелеген социалдык институт. Баланын китеп менен алгачкы жолугушуусу да үй-бүлөдөн башталат.

Башталгыч класста окуучу китепти канчалык аз окуса, анын ой – жүгүртүүсү ошончолук жай өнүгөт, мээнин өсүү процесси да жай болот. Мектеп жана үй-бүлөнүн жардамы менен окурман адамды калыптандыруу айыл мектептеринин негизги иш аракеттеринин бири. Үй-бүлөлүк окууга алардын бирөөсү гана азыраак көңүл бурса, баланын китеп окууга болгон ынтызаарлыгы жоголот.

Ата-энелер үчүн окурмандык кызыгууну өнүктүрүү боюнча сунуштар:

- Баланын окууга кызыгуусун анын эрте курагынан баштагыла.
- Кызыктуу, мазмундуу жана кооз китептерди тандап сатып бергиле.
- Балага китепти дайыма окуп бергиле. Окуткула. Ал баланын күнүнө китеп менен болгон байланыш көндүмүн калыптандырат.
- Үй-бүлө мүчөлөрү менен окуган китепти талкуулагыла.
- Окуп жаткан китептин автору жөнүндө балага айтып бергиле.
- Эгерде балага китеп окуп жаткан болсоңуз, анын кызыктуу эпизодуна келгенде токтотуп коюңуз.
- Мурда окулган китептин мазмунун бурмалап айтып, бала окулган тексти канчалык деңгээлде эсине тутуп калгандыгын текшериңиз.
- Балага өзүңүздүн балалык куракта окуган китебиңизди сунуштаңыз, ал китеп жөнүндөгү өзүңүздүн балалык ойлоруңузду бала менен тең бөлүшүңүз, баланын ой пикири менен салыштырыңыз.
- Балаңыз сүйгөн авторлордун китептерин сатып бериңиз, анын өздүк китепканасын уюштуруңуз.
- Окулган китеп боюнча үйдө талкуу уюштуруңуз.
- Китепке камкор мамиле кылууга тарбиялаңыз
- Балага китепти белекке бериңиз жана ага жакшы каалоолорду жазууну унутпаңыз. Бир канча деген убакыт өткөндөн кийин балаңыз ал

жөнүндө, үй-бүлөдөгү жакын адамдардын бул салттуу традициясын сыймыктануу менен эскерет.

Ата-энелерди педагогикалык жактан даярдоодо негизги роль мектепке таандык. Ошондуктан мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттерине байланышкан билимдер областтык мугалимдердин билимин жогорулатуу усулдук борборунда өтүлгөн семинарларда окутулду. Анда азыркы учурдагы билимдин сапатына таасир берүүчү оң жана терс факторлор жөнүндө, мектеп менен үй-бүлөнүн чогуу ишти алып баруусунун мааниси, ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жаңыланган мазмуну, ата-энелер менен иштөөнүн салттуу жана жаңы формалары боюнча билимдер берилди. Анын негизинде ата-энелер менен иш алып баруунун болжолдуу планы түзүлдү. Ал диссертациянын (Тиркеме 13) берилди.

Эксперимент жүргүзгөн мектептерде мугалимдер жогорудагы пландын негизинде иштей баштады. Анын мазмунунда берилген иш аракеттерди аткаруу учурунда ата-энелер да өз балдары менен бирге класстан класска өткөн сыяктуу тиешелүү билимдерге ээ болушат. Анткени, ата-энелер балдардын жаш курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн, ар бир окуу жылында баланын билимине, билгичтиктерине койгон талаптарды, балага берилүүчү таалим-тарбиялык маалыматтарды өз учурунда алып турбаса, убакытты өткөрүп жиберет. Планды иштеп чыгууда ата-энелер менен мугалимдердин убактылары эсепке алынып айына бир убакытта экиден иш чара өткөрүү, башкача айтканда ар бир класстын окуучуларынын ата-энелери үчүн окуу жылынын ичинде болжол менен 11-12 тема каралган. Ал эми биринчи класстын окуучуларынын ата-энелери менен окуу жылынын ичинде 20 тема сунуш кылынат. Бул башка класстарга караганда көптүк кылат, анын себеби биринчи класстын окуучуларынын аталары жана энелери башкаларга караганда көптөгөн маселелер боюнча педагогикалык билимге муктаж болушат жана ошол эле убакта алар балдарынын окуусуна көп көңүл бурушуп, мектепке дилгирлик менен барышат, мугалимдердин айткандарынын баарын аткарууга тырышышат, аны пайдалануу керек.

Эгерде бала мектепке барган биринчи кадамынан баштап эле үйгө берилген тапшырманы аткарууга жоопкерчилик менен мамиле кылууну, өз убактысын туура бөлүштүрүүнү үйрөнсө, ал анын андан аркы окуусун бир кыйла жеңилдетет,ошондой эле ата-энеси менен мектептин өз ара мамилесинин мүнөзү да ага таасир этет.

### 2.2. Ата - энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруу формалары жана каражаттары

Башталгыч мектепте ата-энелер менен иштөө натыйжалуу болушу үчүн

алар менен иш алып баруунун ар түрдүү формаларын пайдалануу зарыл. Ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттеринин формалары илимий-педагогикалык адабияттарда жана методикалык колдонмолордо сунушталган. Ю.К.Бабанский, И.П.Подласый, Н.И.Болдырев, В.П. Сергеева, И.В.Гребенников, О.Н. Урбанская, В.А.Маишева, А Студенте, Р.М.Капралова, Н.А.Медникова, И.Л.Маленкова, В.Г.Сенько, Т.В. Воликова, Г.М.Коджаспирова, Л.П.Кибардина, Е.П. Алексеева ж.б. окумуштуу педагогдор өздөрүнүн эмгектеринде ата-энелер менен иштөөнүн жекече, коллективдүү жана группалык формаларына токтолушкан.

Мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруу формалары жекече, коллективдүү жана группалык болуп бөлүнөт. Жекече иш алып баруунун формаларына – баланын үй-бүлөсүнө баруу, ата-энелер менен аңгемелешүү (баарлашуу), айрым суроолор боюнча ата-энелерге жекече консультация берүү, телефон аркылуу ата-энелер менен баарлашуу, ата-энелер менен кат алышуу кирет.

И.В. Гребенников «Ата-энелер менен жекече иш алып баруу зарыл жана пайдалуу. Алар менен көзмө-көз аңгемелешип отуруп, ар кандай себептер менен чогулушта айтууга ыңгайсыз болгон, жүрөктү өйүгөн суроолор боюнча сыр бөлүшүүгө болот»[58.36], -деп жазган. Ата-энелер балдарынын мүнөзүндөгүөзгөчөлүктөрдү жакшы билишкендиктен, алар жөнүндөгү маалыматтарды так беришет. Ошондуктан жекече мамилелешүү

ата-энелерге гана пайда алып келбестен, мугалим үчүн да пайдалуу. Мында мугалим менен ата-эненин ортосундагы мамилелер калыптанып, бирдиктүү иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөр көбөйөт.

*Мугалимдин окуучунун үйүнө баруусу жана ата-энелер менен баарлашуусу.* Талас районунун К.Нурбеков атындагы мектептин башталгыч классынын мугалими Батыркулова Айгерим жаңы окуу жылында өзү окута турган биринчи класстын окуучуларынын тизмесин колго алгандан кийин, алардын үй-бүлөсүнө барып таанышаардан мурда, бул жолугушуунун максатын жана милдетин тактады.

Мугалим биринчи жолу Бакыт уулу Нурсултандын үйүндө болуп, анын ата-энеси менен аңгемелешти. Бул жолугушуунун негизги максаты баланын мектепке окууга даярдыгын аныктоо. Ал үчүн мугалим үй-бүлөнүн курамын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин иштеринин мүнөзүн сурап билди. Бул маалыматтар бала мектепке окугандан баштап үй-бүлө мүчөлөрүнүн кимиси ага жардам бере тургандыгын, баланын мектептеги ийгиликтерин колдоого ала тургандыгын билүүгө шарт түзөт. Андан кийин үй-бүлөдө баланын мектепке окуусу үчүн кандай даярдык көрүлүп жаткандыгын, бала биринчи класста окууга даярдалганбы, бала үчүн сабак даярдоочу бөлмө же орун даярбы?- деген суроолорго көңүл бурду. Нурсултандын ата-энеси: «Албетте, биздин уулубуз мектепте жакшы окушун каалайбыз, бирок аны мектепке кантип даярдоону билбей жатабыз. Себеби, ага кандай билимдерди берүүнү билбейбиз. Ошондой болсо да баланы эмгекке, тырышчаактыкка, баштаган ишин аягына чыгаруу көндүмдөрүнө тарбиялоо керек экендигин түшүнөбүз. Нурсултандын бизге жардам берип, пайдалуу ишти жасоосуна көңүл бурабыз. Ага мектеп жөнүндө, окуу эмгеги бардык иште үлгүлүү болууну талап кылаарын айтып жатабыз»,- деп айтышты. Мугалим бул ойлорду өзүнүн байкоо күндөлүгүнө жазып алууну жана бул үй-бүлөнү апрель айында болуучу «Баланы мектепке даярдоо» боюнча лекцияга чакырууну пландады. Мугалим үй-бүлөгө баланын жумушчу ордун даярдоонун педагогикалык мааниси, стол жана

орундуктардын баланын боюуна туура тандоо, жарыктын сол тараптан тийип туруусу д.у.с. гигиеналык нормаларга жооп берген кеңештерди берди.

Алгачкы кездешүүдөн мугалим, баланын мүнөзү, кызыгуулары, жөндөмдүүлүктөрү, үй-тиричилигиндеги эмгек милдеттери, мектепке карата мамилеси тууралуу маалыматтарды алды. Жолугушуунун жыйынтыгында ата-энеге баланы окутуп-тарбиялоо боюнча биргелешип, максатка багыттуу иш алып барууну сунуштады. Ушул пландагы иш аракеттер мугалимдин ар бир окуучунун үйүнө барып баарлашуусунда жүргүзүлдү. Андагы алынган маалыматтар үй-бүлөлөрдүн тарбия берүүөзгөчөлүктөрүнө ылайык ар түрдүү жыйынтыктарды берди. Мисалы: Мугалим Касымова Сезимди ата-энеси окуганга, жазганга жана эсептегенге үйрөтүп койгондугун окутуу, жазуу иштерин көрүү, эсептөө боюнча суроо берүү аркылуу аныктады. Ал эми Талантбеков Саматтын ата-энеси менен аңгемелешүү аркылуу алардын баланы өтө эркелетип өстүргөнүн байкаган. Самат мектепке окугусу келбейт, ал өз каалаганын жасап көнүп калган. Мугалим кемчиликтерди байкагандан кийин, ата-энеге баласынын эркелик мүнөзүн сындап айтпастан, окуу эмгеги адамдагы баалуу сапаттарды, эркти жана мүнөздү өстүрүүнү талап кылаарын түшүндүрдү. Ошол эле учурда ата-энеге баланы окуу ишинин кыйындыгын айтып коркутуунун кереги жок экендигин эскертти. Мугалим менен аңгемелешүүдөн кийин Саматтын ата-энеси баласынын эмгек көндүмдөрүнө кандай үйрөтүлгөндүгү жөнүндө ойлонуп калышты. Алар мугалим менен биргеликте иш алып баруу керектигин сезип, андан кеңеш берип туруусун өтүнүштү.

Мугалим ата-энелер менен баарлашуунун жыйынтыгында, алардын балдардын окуу иштерине кызыгуусун арттырып, ошого жараша окуудагы алгачкы тажрыйбалар ийгиликтүү болооруна ишенди.

Мугалимдин кийинки жолу үй-бүлөгө баруусу тематикалык мүнөздө болду. Анда окуучунун үй-бүлөдөгү күн режимин уюштурулушуна көңүл бурулду. Баланын күн режими барбы? Күн режим кандай түзүлгөн? Бала кайсы убакта уктайт? Эртең менен канчада турат? Кечинде телевизор

көрөбү? Баланын тамак ашы кандайча уюштурулган? Бала кандай эс алат? Эмне иш жасаганды билет? Бала үчүн үйдөгү эмгек туура уюштурулганбы? Эмгек иш аракеттерин өз көңүлү менен аткарабы же кыйноо мененби? Баланын ден-соолугу кандай? -деген суроолорго жооптор алынды.

Үй-бүлө менен жекече иш алып баруунун бул формасын өткөрүүгө башталгыч класстын мугалимдери үчүн И.П.Подласый тарабынан иштелип чыккан үй-бүлө менен баарлашуунун төмөнкү эрежелерин сунуштадык:

• үй-бүлөгө чакыруусуз барууга болбойт, үй-бүлө мүчөлөрүнүн чакыруусун алууга кандай жол менен болсо да жетишиңиз;

• ата-энелер менен сүйлөшүүнүн *тактысын* сактап, сөздү жакшы сөз, комплимент айтуудан баштоо;

• баланын үстүнөн даттанбастан, андагы проблемалар жөнүндө сүйлөшүп, анын жолдорун чечүүнү айтып бериңиз;

• баланын катышуусу менен зарыл болгон учурда гана аңгемелешүү керек;

• ата-энелерге күнөө коюууга болбойт;

• ар бир учурда баланын келечегине кайдыгер карабасыңызды белгилеп туруңуз

• сунуштар менен кеңештерди ата-энеге таңуулай бербеңиз, ар бир учурда өзүңүздүн талабыңыз менен үй-бүлөнүн мүмкүнчүлүгүн таразалап көрүңүз;

• өзүңүздүн сунуштарыңызды берүү менен бирдиктүү иште конкреттүү иштер боюнча маулдашыңыз;

• ар кандай кырдаалдарда токтоо болуңуз [158].

Үй-бүлөгө баруунун негизги максаты мугалимди тынчсыздандырган нерсени талкулоо үчүн болсо да, сөздү дайыма жакшы учурларды эскерүүдөн баштоо керек. Ата-энелер үчүн пайдалуу кеңештерди берүү зарыл. Ошол эле учурда мугалим өзү эле сүйлөй бербестен, ата-эненин баласы жөнүндөгү ойлорун, тынчсыздануулларын айтууга убакыт берет. Үйүнө баруу ата-энелерге да, мугалимге да чоң пайда берди. Үй- бүлөгө өзүнчө көңүл бурулуп, ата- энелер мугалим алардын баласы жөнүндө камкордук көрүп жаткандыгынан

түшүндү. Биргелешип баланын окуусуна жардам берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мындай иш аракеттер 2,3,4- класста андан ары улантылат.

*Мугалимдин ата-энелерге жекече консультацияларды бериши*

Нарын районундагы Омор улу Кожоке атындагы айылдык башталгыч мектептин мугалими Жакыпова Мээрим ата-энелерге системалуу түрдө жекече консультацияларды берип келет. Мугалим консультацияларды өткөрүүнүн алдында - окуучунун окуу иш аракетиндеги жетишкендиктерди жана пайда болгон кыйынчылыктарды терең анализдеп, алардын себептерин табууга аракет кылат. Ал ата-энелерге консультация берүүдө окуучулардын окуудагы жетишүүсүнүн, жүрүм-турумунун оң жактарын айтып, андан кийин ар кандай проблемаларга, ата-энелерди кызыктырган суроолорго көңүл бурат.

Үй-бүлөдө баланын окуу иш аракеттерин уюштуруу боюнча ата-энелерге оозеки жана жазуу жүзүндөгү кеңештерди берүүнү өз практикасында колдонгон.Ата-эне баланын окууга болгон кызыгуусун колдоп, окуу эмгегин аткарууга шарт түзүүсү жана жардам берүүсү керек. Баланы баштаган ишин аягына чыгарууга, алдыга коюлган максатты аткарууда жыйнактуу болууга, өзүнүн убактысын үнөмдүү бөлүштүрө билүүгө, үй-тапшырмасын өз алдынча аткарууга үйрөтүү ата-эненин милдети. Үй-тапшырмасын бала менен чогуу аткарып жатып, анын өзүн-өзү контролдоого, өз алдынча иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга жардам берүү маанилүү. Баладагы мындай көндүмдөрдүн калыптанышына мугалим окуучу үчүн атайын даярдалган эстеткичтерди сунуштаган.

*Үй-тапшырмаларын өз алдынча аткарууга сунуштар:*үй тапшырманы белгиленген убакытта аткарууга киришүү; ишти баштоодон мурда жумушчу орундун даярдыгын текшер;ишке киришүүдөн мурда, ойду токтотуп, үй-тапшырманы кайсы предметтен баштоону ойлон;үйгө кандай тапшырма берилгенин күндөлүктөн карап бил; тапшырманы аткарып жатканда бардык кыйынчылыктарды өз алдыңча чечүүгө аракет

жаса;эрежени унутуп калсаң, аны эстөөгө аракет кыл же китептен окуп тактап ал; тапшырманын туура аткарылгандыгын дагы бир ирет текшер.

*Жазуу иштери боюнча тапшырмаларды аткарууга сунуштар:* берилген тапшырманы көңүл коюп окуп чык;жазуу ишине тиешелүү болгон эрежелерди, аныктамаларды китептен кайтала;жазуу ишин аткаргандан кийин анын тууралыгын көңүл коюп текшер;мугалимдин берген сунуштамаларына ылайык каталарды этияттык менен оңдо.

*Оозеки жооп берүүчү тапшырмалар:* оозеки жооп берүүгө арналган тапшырмалардан эмне берилгендигин карап, аны окууга өзүңдү даярда;китеп боюнча берилген тапшырманы оку; текстеги негизги ойлорду бөлүктөргө бөл;тексти дагы бир сыйра окуп чык;окуган текстин планын түз; план боюнча айтып бер; айтып берүүнү дагы бир жолу кайтала; интонацияга, кептин темпине көңүл бур: шашпай, ачык-айкын, так сүйлөгөнгө көн.

*Маселелерди чыгаруу боюнча сунуштар:* берилген маселенин мазмунун көңүл коюп окуп чык, эгерде түшүнбөсөң кайра кайталап оку, ойлон; маселенин шартын жана суроосун кайтала; маселенин шартында эмне белгилүү жана эмне белгисиз экендигин тап;маселенин суроосуна жооп берүүчүн биринчи эмнени билүү керектигин ойлон;кандай план менен маселени чыгаруу керектигин ойло; маселени чыгар; маселени чыгаруунун жолун текшерип, жообун жаз.

Ата-эне жогорудагы сунушталган эстеткичтерди үй-ишин аткарып жаткан баланын эсине салып, ал боюнча ишти ырааттуу алып баруусун көзөмөлгө алып турган. Бара-бара балада окуу көндүмдөрү калыптанып, өз алдынча ишти аткаруу жөндөмдүүлүгү артылган.

Мугалим жекече консультацияларды берүү менен ата-энелерди зарыл болгон педагогикалык билимдерге ээ кылган. Ал жөнүндө ата-эне Жапарова Айнакан ата-энелердин чогулушунда, мугалимден алган консультациянын жардамы менен өзүнүн кызына окуудан кантип жардам берип жаткандыгын айтып берди. Башка ата-энелер да үйдөн баланын китеп

окуусун уюштуруу боюнча группалык консультация берүүсүн мугалимден суранышты.

Консультацияларда мугалим ата-энелер тарабынан берилген суроолорго толук жооп берип, үй-бүлө менен жакшы мамилелерди сактоого аракет жасайт. Ата-энени уялтууга, уулуна же кызына карата өзүнүн милдетин аткарбагандыгынын четин чыгарып айтууга, башкалар менен салыштырууга жол берилбейт.

*Мугалимдин ата-энелер менен телефон аркылуу баарлашуусу*

Азыркы учурда башталгыч класстын мугалимдеринин дээрлик көпчүлүгү ата-энелер телефон аркылуу да тез-тез байланышып турат. Эгерде, бала мектепке келбей ооруп кала турган болсо, же айрым бир предметтерден ата-эне балага жардам бере албай, кыйналып жатышса мугалимге телефон аркылуу кайрылышат. Ошондой эле телефон аркылуу баланын окуудагы кыйынчылыктары боюнча мугалим маалыматтарды бере алат. Мугалимдер менен ата-энелерге берилген суроолордон телефон аркылуу байланышуунун оң жана терс жактарын аныкталган. Жакшы жагы убакыт үнөмдөлөт, маселелер тез чечилет, экинчи жагы ага көнүп алган мугалимдер менен ата-энелерде формалдуу баарлашуу үзгүлтүккө учурайт. Ошондуктан мугалим ата-энелер менен бирдиктүү иш алып барууну дайыма эле телефон аркылуу жүргүзүүгө болот деген ойдон алыс болуусу керек.

*Мугалимдин ата-энелер менен кат алышуусу*

Азыркы учурда айыл жергесиндеги кээ бир ата-энелер мектептен өтө алыс жашагандыктан, алардын мектепке келүүгө айыл чарба жумуштарынан кол бошобогондугунан улам, мугалимдер алар менен формалдуу эмес баарлашуу (кат алышуу) формасын колдонушат. Мугалим менен ата-эненин кат алышуусу да үй-бүлө менен педагогикалык жамааттын жакындашуусуна шарт түзөт. Ат-Башы районундагы Боогачы атындагы 4-класстын окуучусу Анашбекова Насиптин ата-энеси кызынын мектептеги окуудагы ийгиликтери жөнүндөгү мугалимдин ыраазылык билдирүү катын алып абдан кубанышты. Алар катты канаттануу менен

окушуп, мугалимдин кызга адабий китептерди сатып берүү өтүнүчүн чын дилдери менен аткараарын жооп беришкен. Ошондой эле кат алышууда ата-энелерге жакында мектепте болуучу биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө, майрамдары менен куттуктоо, баланы окутууга жана тарбиялоого карата кеңештер жазылат. Кат алышуунун негизги шарты мээримдүү тон, кубанычтуу баарлашуу. Эгерде мугалим баланын билиминин сапаты үчүн камкордук көрүп жатса, ал эми ата-энелер ага жардамдашып жатышкан болсо мунун баары абдан маанилүү.

*Маалыматтык барактар* - бул үй- бүлөлөр менен баарлашуунун дагы бир ыкмасы. Мугалим аларды айына бир же эки жолу жиберип турса, ата- энелер өзүнүн баласынын окуудагы жетишүүсү жөнүндө маалымдуу экенине ынана берсе болот. А.Умарбеков орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалимдер коллективинин тажрыйбасын жайылтуу зарыл. Алар бир канча жылдан бери ар бир чейректин жыйынтыгында окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчүн маалыматтык барактар аркылуу ата-энелерге жиберип турушкан. Натыйжада ата-энелер баланын окуудагы жетишүүсүнө өзгөчө көңүл буруп, жакшы ийгиликтерге жетишүүгө умтулушкан.

Азыркы шартта билим берүүчү мекемелердин ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруусунун бир кыйла натыйжалуу формаларынын коллективдүү жана группалык түрлөрүн Г.М.Коджаспирова төмөндөгүдөй тартипте сунуштаган.

- ата-энелер чогулушу - тегерек стол түрүндө, тематикалык дискуссия, ата-энелердин тажрыйба алмашуусу түрүндө өткөрсө болот ж.б.;
- ата-энелер үчүн лекциялар – ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүүгө, алардын үй-бүлө таалим-тарбиясындагы педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатууга, балдарды тарбиялоо боюнча билим берүүчү мекемелер менен үй-бүлөнүн бирдиктүү мамилелерин калыптандырууга багытталат;
- практикумдар, видео жана психо-тренингдер, диспуттар, педагогикалык

темадагы кино-видеофильмдер жана аларды чогуу талкуулоо;

- суроо-жооп кечесин уюштуруу, телекоммуникациялык компьютердик конференциялар жана проектер;
- бирдиктүү иш аракеттердин планын түзүү максатында ата-энелер комитетинин мектептин администрациясы, мугалимдери менен системалуу жолугуп туруусу;
- ата-энелердин активдери менен биргеликте мектеп турмушундагы проблемаларды чечүү, ата-энелердин жана балдардын катышуусун камсыз кылуу, бирдиктүү ишти уюштуруу;
- ата-энелер клубу - балдарды окутуп-тарбиялоо боюнча келип чыккан суроолорду активдүү талкуулоо боюнча ата-энелерди толук мектепке тартуу, тарбиялоонун актуалдуу проблемалары боюнча диспут, дискуссияларды уюштуруу, тарбиялоо маселерине тиешеси бар адистерди катыштыруу менен суроо-жооп кечелерин уюштуруу;
- Ата-энелер жана мугалимдердин, ошондой эле илимдин, маданий жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен тематикалык конференцияларды уюштуруу.
- Ата-энелер үчүн ачык сабактар, ачык эшиктер күнүн уюштуруу.
- Ата-энелерди факультативдик жана кружоктук сабактарды өткөрүүгө тартуу[91. 552].

Ата-энелердин педагогикалык агартуу иштеринин дагы башка формалары катары ата-энелер үчүн педагогикалык окууну уюштуруу, ата-энелер мектебин уюштуруу, ата-энелер үчүн викториналар, ата-энелер ринги, ата-энелердин кечелерин атоого болот.

Башталгыч класстын мугалими ата-энелер коллективи жана алардын группалары менен иш жүргүзүү аркылуу кеңири педагогикалык маалыматтарды алууга, тажрыйба алмашууга, ата-энелерди класстын турмушуна активдүү катыштырууга жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ата-энелер менен коллективдүү иш алып баруу эки багытта жүргүзүлөт.

1. Ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүү менен өз балдарына

таалим- тарбия берүү милдеттерин аткарууга үндөө.

2. Класстагы бардык окуучулардын окуу-тарбия ишинин деңгээлин көтөрүүгө аракеттенген ата-энелердин бекем коллективин түзүү.

Бирдиктүү иш аракеттин коллективдүү жана группалык формаларын пайдалануунун негизги милдети – үй-бүлөнүн педагогикалык, тарбия берүүчүлүк иш аракеттерин активдештирүү, ага максатка багытталган коомдук маанилүү мүнөздөмө берүү.

*Ата-энелер чогулушу.* Башталгыч класста өткөрүлүп жүргөн ата-энелер чогулушу бирдиктүү иш аракеттин универсалдуу формасы болуп эсептелет. Ата-энелер чогулушу – бул ата-энелерге педагогикалык маалымат берүүнүн булагы. Ата-энелер чогулушунун негизги милдети – окутуу жана тарбиялоодогу пайда болгон проблемаларды чечүүнүн жолдорун чогуу издөө.

Ата-энелер чогулушу мазмуну боюнча кезектеги, тематикалык, жыйынтыктоочу болуп бөлүнөт.

1. Кезектеги ата-энелер чогулушу – салттуу мүнөздөөткөрүлүп жүргөн чогулуш. Ал чейректин жыйынтыгын чыгарууда, өтүлүүчү иш чараларды жана майрамдарды пландоодо өткөрүлөт.

2. Тематикалык мазмундагы ата-энелер чогулушу – класстагы көпчүлүк ата-энелерди кызыктырган актуалдуу темага арналган чогулуш. Эреже боюнча мындай чогулуштар агартуучу мүнөздө болуп, балага таалим - тарбия берүүдө ата-энелердин билимин кеңейтүүгө багытталат.

3. Ата-энелердин жыйынтыктоочу чогулушу – бул белгилүү убакыт ичинде окуучулар коллективинин өнүгүү жыйынтыгын чыгаруучу чогулуш.

Ата-энелердин чогулушу окуу жылынын ар бир чейрегинде өткөрүлүп турат. Кээде зарыл болгон учурларда аны тез-тез өткөрүп турууга да болот. Ата-энелер чогулушунда класстын окуу-тарбия иштеринин милдеттери талкууланып, жыйынтыктар чыгарылып, мектеп менен үй-бүлөнүн тыгыз кызматташуусунун жолдору белгиленет.Изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой, ата-энелердин чогулуштары мектеп тарабынан талапка ылайык

өткөрүлбөгөндүгүнүн натыйжасында ата-энелер чогулушка көп келишпейт. Айылдык мектептин башталгыч класстарынын ата-энелери менен аңгемелешүүдө чогулушка келбей коюунун төмөндөгүдөй себептерин айтышкан:

- мугалим класстагы окуучулардын окуудагы жетишүүсүн маалымдап, жакшы окуган окуучулардын ата-энелерин мактап, начар окуучулардын ата-энелерине үйдөн чара көрүүсүн эскертүү менен чектелет ( тарбия ишинде да ушундай);

- ата-энелер үчүн мугалим тарабынан педагогикалык жардам, пайдалуу кеңештерди укпайсың;

- чогулуштарда көпчүлүк учурда мектепке материалдык жардам берүү боюнча, ата-энелердин баланын окуусу үчүн төлөмдөрүн өз учурунда төлөп берүүсүн талап кылуу жөнүндө сөз болот;

- мектептеги маданий - массалык иш чараларга, Алиппе майрамы, мугалимдер күнү, жаңы-жылдык өлкага, 8-март жана башка майрамдарды өткөрүү боюнча ата-энелерден жардам суроо сыяктуу маселелерге өзгөчө көңүл бурулат.

- чогулушка чакыруу ата-энелер үчүн ыңгайлуу учурга пландалбайт жана алдын - ала чогулуш качан болоору жөнүндө маалыматтар берилбегендиктен, ага катышууга мүмкүнчүлүк болбой калат. Ошого эле учурда башталгыч класстын ата-энелеринин балдарынын татыктуу билим-тарбия алуусуна кайдыгер эместиги, алар колдон келишинче мектеп менен тез-тез байланышып турууга даяр экендигин анык болгон.Ата-энелер чогулушун өткөрүүнү жакшыртуу максатында Талас областтык мугалимдердин билимин жогорулатуу борборунда башталгыч класстын мугалимдери үчүн 2010-жылдан бери педагогика курсунан «Башталгыч мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери» боюнча өтүлгөн сабакта ата-энелер чогулушун өткөрүү боюнча методикалык көрсөтмөлөр берилип келет. Алардын ичинен үлгү катары Л.П.Кибардина, Е.П. Алексеева иштеп чыккан

ата-энелер чогулушун өткөрүүгө даярдануу жана өткөрүү методикасын сунуштадык [89].

*Ата-энелер чогулушуна даярдануу*

- Чогулушту өткөрүүнүн максатын, милдеттерин тактоо, сценарийди терең ойлонуп түзүү.
- Ата-энелерге берилүүчү суроолорду алдын ала даярдоо.
- Каралуучу проблемага ылайык класстык бөлмөнү жасалгалоо.
- Чогулуш башталаардан бир канча күн мурда талдануучу маселелер боюнча балдардын жана ата-энелердин көз караштарын билүү максатында алардан анкеталык суроолорго жооп алуу жана аларды талдап, системалаштыруу.
- Китептерди, макалаларды, кино тасмалардан үзүндүлөрдү, балдардын окуу ишмердүүлүгүнө арналган телеберүүлөрдү, окуучулардын жазуу иштерин мүмкүн болушунча пайдалануу.
- Класстын турмушунун айрым учурларын чагылдырган дубал газеталарды, сүрөттөрдү, таблицаларды, диаграммаларды, видеофрагменттерди колдонуу.
- Столдорду, отургучтарды тегерек кылып коюу. Себеби катышуучулардын баары бирдей укуктагы адамдар жана алар бири-биринин көздөрүнө тике карап отуруулары зарыл.
- Ар бир ата-энеге берилүүчү чакыруу баракчалардын мазмунуна жана формаларына көңүл буруу. Алар ата-эненин кызыгуусун пайда кылып, катышу жоопкерчилигин күчөтүүсү керек.
- Ата-энелер чогулушун өткөрүүнүн натыйжалуулугун көтөрүүүчүн класстын ата-энелер комитетин жана айрым активдүү ата-энелерди тартуу.

*Ата-энелер чогулушунун өткөрүү методикасы*

- Ата-энелерди жарык маанай, жылуу мамиле менен тосуп алууну ойлонуштуруу.

- Мугалимдин сырткы көрүнүшү ата-энелерди өзүнө тартып, алардын сыйлоо сезимин пайда кылуусу зарыл (кийими, чачынын жасалгасы ж.б.).
- Класстагы санитардык – гигиеналык, эстетикалык, психологиялык жактан жагымдуу абалды камсыз кылуу.
- Ата-энелерге сырт кийимдерин чечип, ыңгайлашып отурууну сунуштоо, ага шарт түзүү.
- Чогулушту ачуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен ата-энелердин кызыгуусун жаратуу.
- Ата-энелердин өз ара мамилелешүүсүнө шарт түзүү, группаларга, түгөйлөргө бөлүнүп мамилелешүүнү активдештирүү.
- Көрсөтмө каражаттарды, класстагы окуучулардын сүрөттөрүн пайдалануу.
- Ата-энелердин убактыларын үнөмдөө максатында маалыматтарды кыска, так, далилдүү берүүгө аракеттенүү.Семинардын катышуучулары сабактын жыйынтыгында чогулушту ата-энелерге ыңгайлуу убактарга дайындоо керектигин, чогулуштун максаты алдын-ала маалымдалып, чакыруу баракчаларынын мазмуну ата-энелердин жоопкерчиликтүү мамиле жасоосуна түрткү бергендей болуусун билишти. Ата-энелерди биргелешкен ишке кызыктыруу, тартуу мүмкүндүгү мектепте ата-энелер жыйналыштарынын тематикасынын мазмунуна жана максаттуу багытына түздөн-түз жараша болоору анык болду.Практика көргөзгөндөй, класстык ата-энелер чогулушу окуучулардын жетишүүсүнүн жыйынтыгын чыгарууга гана арналбастан, актуалдуу педагогикалык проблемаларды талкуугa алганда гана эффективдүү болот. Мисалга алып көрөлү: Эксперимент учурунда Кара-Суу орто мектебинин башталгыч класстын алдыңкы мугалими Чегебаева Лариса 2-класстын биринчи чейрегинин жыйынтыгын чыгаруу боюнча ата-энелерге өткөн чогулушунда, окуучулардын жетишүүсүн анализдөөнү «Үй-тапшырмасын аткарууга жардамдашуу» деген тема менен байланыштырды. Чогулуштун соңунда ата-энелерге үй-тапшырманы аткаруу боюнча эстеткичтерди таркатып берди. Ал эми апрель айында үчүнчү чейрек боюнча

окуучулардын жетишүүсүн маалымдоо менен «Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу» деген тема менен ачып берди. Мына ушундай чогулуштардан кийин ата-энелер конкреттүү билимдерди жана сунуштарды алышты.Ата-энелер чогулушунда талкууланган темалар ата-энелердин педагогикалык маданиятын көтөрүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Аны даярдоодо мугалимдер гана эмес, ата-энелердин өздөрү да активдүү катышуусу зарыл. Жакшы даярдалган жана билгичтик менен өткөрүлгөн чогулуш балдарды тарбиялоону жакшы уюштурууга ата-энелерге жардам берет.

Талас районунун Р.Айдаралиев, Кара-Суу, Бакай-Ата районунун Ү.Акынбеков, Кара-Буура районунун Ч.Айтматов, А. Умарбеков, Нарын районунан Т.Байбураев, Керимбай уулу Сарыбай, Ат-Башы районунан А.Осмоналиев, К.Мамбеталиев жана Боогачы атындагы орто мектептердин башталгыч класстарында эксперименттик иштер жүргүзүлгөн.Аталган мектептерде ата-энелер үчүн биринчи чогулуш бала мектепке келе электе февраль, март айларында уюштурулган. Бул чогулуштарда «Баланы мектепке кантип даярдоо керек?» деген маселе боюнча ата-энелер менен мектептерде суроо-жооп кечелери, лекциялар өткөрүлдү. Ага атайын адистерди: врач, мектеп психологу, социолог чакырылды. Андан кийин августь айынын аягында «Биринчи класстын окуучусунун күн режими» жөнүндө лекция окулуп, ата- энелерге сунуштар берилди. Окуу жылы башталганда, Кара-Буура районуна караштуу А.Умарбеков атындагы орто мектептин биринчи классынын мугалими Серекова Назира биринчи класстын ата-энелери үчүн атайын баланын окуу иштерин уюштуруу боюнча чогулуш өткөрдү. Ал алдын-ала чогулуштун жүрүшүн пландап, ата-энелерге практикалык сунуштарды даярдады. Айыл жергесинде мугалим ата-энелер менен мурдатан тааныш болгондугуна карабастан, чогулуштун киришүү бөлүгүндө өзүн дагы бир жолу ата-энелер менен, ата-энелерди бири-бири менен тааныштырып чыкты. Мугалимдин кириш сөзүнүн негизги мааниси төмөндөгүдөй: «Биз эми көп жылдарга чейин бир үй-бүлөбүз, бизде жалпы

камкордук бар, биздин коллективде ийгиликтер менен кубанычтар көп болсун үчүн колдон келген баардык ишти чогуу жасоого аракеттенишибиз керек. Биздин бирдиктүү ишибизде бири-бирибизди колдоо, жардам берүү аркылуу баланы окутуп-тарбиялоодо коомдун, мектептин жана үй-бүлөнүн алдына койгон милдеттерин аткара алабыз». Андан кийин 1-класстын окуу программасынын талаптарына ылайык, предметтер боюнча окуучулардын билимдерине, билгичтиктерин жана көндүмдөрүнө коюлуучу талаптар менен ата-энелерди тааныштырды. Ата-энелердин суроолоруна жооп берүү менен мугалим алардан баланын окуу иштерине 1-класстан баштап көңүл буруп, жардам берүүлөрүн өтүндү.Окуучулардын биринчи чейрек боюнча жетишүүсүн анализдөө учурунда мугалим айрым окуучулардын жетишүүсүнүн начар болушунун себептерин ачып берип, эмне себептен окууда кыйынчылыктар туулду, аны кантип алдын алууга болот? деген суроолорго токтолду. Андан кийин гана алдыдагы экинчи чейректе болуучу кыйынчылыктарды жоюу үчүн бала математикадан, окуудан жана башка предметтерден эмнелерди билүү керектиги, алар кандай кыйынчылыктарга дуушар боло тургандыгы эскертилип, бул кыйынчылыктардан өтүү үчүн балага кантип жардам беришибиз керек деген суроого чогуу жооп издешти. Жолугушууларда балдардын жазган дептелеринин көргөзмөсүн, окуган китептеринин көргөзмөсү уюштурулду.Ар бир чейректин аягында ата-энелер үчүн педагогикалык окуу уюштурулуп жана чейректин жыйынтыгы чыгарылып турду. Мугалим сөздү дайыма баланын ийгиликтери жана өнүгүүсү жөнүндөгү маалыматтан баштап, алгач аракетчил, тырышчаак окуучулар жөнүндө айтып, андан кийин гана жакшы жетишкен окуучулардын аттарын атады.

Мугалим окуу программасын баардык окуучулар толук өздөштүрө албай жаткандыктарын, аларда окууга болгон кызыгуу, көндүм адаттар аз экендигин айтуу менен окуучулардын аты жөнүн айтпастан, ата-энелердин арасында педагогикалык тактыны сактоого аракет жасады. Жетишпеген окуучулардын ата-энелери менен жолугушуунун аягында калып жеке

сүйлөштү. Мугалимдин ата-энелер чогулушун пландуу жана бир максатка багыттуу алып баруусунун натыйжасында ата-энелердин педагогикалык билимдери жогорулап, окуу-тарбия ишинин милдеттери чогуу аткарылды.

Төмөндө эксперимент учурунда өткөрүлгөн «Окуучунун окуу ишмердүүлүгүн баалоо» деген темадагы ата-энелер чогулушунун кыскача мазмунан сунуштайбыз.

*Тема:* Окуучунун окуу ишмердүүлүгүн баалоо

Чогулушту өткөрүүнүн планы.

1.Өзүбүздүн биринчи жолу алган баабыз жөнүндө эстеп көрөлү.Ал кубанычты же капалануну пайда кылды беле? Эмне себептен ал биздин эсибизде сакталып калган?

2.Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Законундагы мектептик билим берүү, ата-энелердин укугу, милдеттери жөнүндөгү маалыматтарды окуп үйрөнүү жана талдоо.

3.Окуучунун окуу ишинин мүнөзү жана мектепте окуучунун ишмердүүлүгүн баалоонун маселелери жөнүндө маалымат берүү жана талдоо.

4.Башталгыч мектептин окуучуларынын ар түрдүү предметтер боюнча билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоо боюнча нормативдик талаптар менен ата-энелерди тааныштыруу.

5.Мектептеги баалоонун сапаттык мүнөзү: мактоо жана жазалоо жөнүндө пикир алышуу.

6.Чогулушта талкууланган маселелер боюнча жыйынтык чыгаруу.

*Ата-энелер чогулушуна даярданууда мугалим төмөнкүдөй иштерди аткарат:*

- мектептик билим берүүдөгү ата-энелердин укуктары жана милдеттери боюнча «Билим берүү жөнүндөгү» Закондун статьяларын өзүнчө плакатка жаздып көрүнүктүү орунга илип коюу;
- ата-энелер үчүн Мамлекеттик билим берүү стандартындагы окуучулардын окуу иштерин баалоого арналган материалдарды жана айрым

предметтер боюнча баалоонун талаптарын ата-энелерге алдын-ала таркатып берүү;

- ата-энелерди чогулушка чакыруу боюнча тбаракчаларынын мазмунун жана эстетикасын жакшыртуу;
- ата-энелерге сунушталуучу ар кандай эстеткичтерди түзүү жана көбөйтүү, таркатып берүүгө даярдоо.

*Баланын мектепте алган баасына ата-эненин мамиле жасоосу боюнча кеңештер:*

- Сиздин балаңыз алган баа, сиздин бааңыз экендигин ойлонуңуз. Мындай абалда өзүңүзгө кандай мамиле кылат элеңиз?
- Бала «эки» деген баа алса, аны дайыма жазалайбыз. Баланы урушпагыла, аны жазалоого болбойт, ансыз да ага кыйын. Андан көрө бала менен чогуу бул кырдаалдан чыгуунун жолун ойлонуп, баланын окуу ишиндеги проблемасын чечүүгө жардам бергиле.
- Тапшырмаларды аткарууда балдар дайыма алаксышат. Бул чоңдордун да күнөөсүнөн болушу мүмкүн, себеби баланы тапшырылган ишти өз учурунда так аткарууга үйрөтпөстөн, кээде ата-энелер өздөрү да бала сабак окуп жатканда алаксытат. Ошондуктан баланы тапшырманы башка нерселерге алаксыбай чыдамкайлык менен аткарууга үйрөтүү керек. Саат менен иштөө аркылуу, адегенде 5 минут, андан кийин улам 1-2 мүнөттөн көбөйтүп отуруп иштөөгөүйрөтүү.
- Балага үй-тапшырманы аткаруу убактысын, ойноо жана эс алуу убактысын так аныктап берүү керек. Ал балага баарына жетишип иштөөгө жана чарчабаганга жардам берет.
- Баланы окуганга үйрөтүү зарыл. Бала тапшырманы аткарууда өзүн-өзү контролдогонго жана аткарылган иштин тууралыгына көзү жеткендей болсун. Бала өз алдынча эскертүүсүз сабак даярдасын. Бул сиздин баланы окутуудагы негизги жетишкендигиңиз болот.
- Баланы китепти сүйүүгө үйрөтүү аркылуу андан ары өз алдынча билимдерге ээ болууга, өз алдынча окууга жетиштирүүгө болот.

- Баланы өзү жасаган ишинин жыйынтыгын сын көз менен баалаганга үйрөтүү зарыл.
- Баланын окуу ишине жардам бериңиз жана колдоп туруңуз[89.70-72].

*Башталгыч класстын ата-энелери үчүн эстеткич.*

1. Мектеп менен бирдикте гана баланы окутуу-тарбиялоо ишинде каалаган ийгиликтерге жетишүүгө болот. Мугалим сиздин биринчи өнөктөшүңүз жана үй-бүлөңүздүн досу. Мугалимдин жана мектептин ишинде болгон кемчиликтерди чогулуштарда айтууга болот. Ал жөнүндө балдардын көзүнчө сүйлөөгө болбойт.

2. Ата-энелер үчүн арналган баардык сабактарга жана чогулуштарга сөссүз түрдө катышыңыз.

3. Баланын окуудагы ийгиликтерине күнүнө кызыгып туруңуз. Ийгиликтерге кубана билиңиз. Балаңыздын анча мынча кетирген каталарына ачууңузду келтирбеңиз.

4. Үй тапшырмасын аткарууну күнүнө текшерип, ага жардам берүүнү унутпаңыз. Жардам берүү балага ишти аткаруунун жолдорун, ыкмаларын түшүндүрүү менен жүргүзүлсүн, үй-тапшырманы бала үчүн даярдап берүүдөн алыс болуңуз. Жардам берүү аркылуу баланын окууга болгон кызыгуусун арттырыңыз.

5.Үй тапшырмасын текшерип жатып баланы тапшырманы туура аткаргандыгын далилдеп бергенге үйрөтүү зарыл. Ал үчүн «Эмне себептен?», «Далилде», «Башкача жол менен иштөөгө болобу?» деп сурап туруу керек.

6. Мектептеги жана класстагы өткөрүлүп жаткан бардык окуу-тарбиялык иш чараларга баланын катышуусуна таасир берип туруңуз.

7. Баланын мектеп, өзү жана жолдоштору жөнүндөгү айтып берген сөздөрүн кунт коюп аягына чейин угууга үйрөнүңүз.Ал жөнүндө кабатыр болгонуңузду жашырбаңыз – андай ишке баланын табигый керектөөсү бар.

8. Мектепке дайыма жардам берип туруңуз.

*Ата-энелер менен аңгемелешүүнүн планы:*

1. Балаңыз мектептен жакшы баа алса кандайча мактайсыз?
2. Биздин класстын окуучуларына кандай мактоо бир кыйла эффективдүү деп ойлойсуз?
3. Эгерде балаңыз жаман баа алып келсе, аны кантип жазалайсыз?
4. Окуучунун окууга болгон мамилесине жазалоонун таасири барбы?

Ата-энелердин чогулушу үчүн аларды кызыктырган суроолор боюнча методикалык материалдарды жана сунуштарды беребиз. Анда: окуу ишин уюштурууда баланын жумушчу ордун даярдоо жөнүндө, анын ден-соолугуна кам көрүү боюнча, туура тамактандыруу, үй-бүлөдөгү санитардык-гигиеналык абалды жакшыртуу, каникул мезгилинде эс алууну, китеп окууну уюштуруу, баланы китепти сүйүүгө үйрөтүү, үй-бүлөдө жагымдуу мамилелер, өз ара түшүнүүчүлүктүн мааниси ж.б. ушу сыяктуу суроолор боюнча темаларды кароого болот. Чогулушта ата-энелердин активдүүлүгүн көтөрүү үчүн алардын өздөрүн ишке тарттык. Класстагы ата-энелер активи менен бирдикте алдыдагы аткарылуучу ишке ата-энелердин чогуу тартылуусу, аларды кызыктырган суроолорду кароодон башталат.

*«Тегерек столдо» жолугушуу.* Жогоруда белгилеп кеткендей, мектеп менен үй-бүлө балдарды тарбиялоодо – шериктештер болушат. Ата-эне менен мектеп балдарга бирдей талап коюу, бири-бирин сыйлоо жана бири-бирине жардам берүү менен таалим-тарбия берүүдөгү көптөгөн проблемаларды чече алат. Ошондой болсо да, көпчүлүк учурда кандайдыр бир маселени чечээрдин алдында шериктештер менен татаал маселени акылдашып, алдыдагы багытты тактап, жакынкы келечектеги иш аракеттерди аткаруунун планын иштеп чыгууга туура келет. Бул каалоолор башталгыч мектептерде «тегерек столдо» жолугушуулардын уюштурулушуна көмөк берди. Ал ата-энелердин жана педагогдордун таалим-тарбия берүү боюнча кругозорун кеңейтет. Баарынан маанилүүсү педагогикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүп, окутуунун ишенимдүү жолдорун биргелешип издөөгө мүмкүнчүлүк түзүп, башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатына болгон жоопкерчиликти күчөтөт. Ата-энелер менен «тегерек столдо»

жолугушууну  уюштурууда мугалим класста жагымдуу жагдайга, анын жасалгасына өзгөчө көңүл бурат. Кеченин темасы «Окуучуну сабак даярдоого кантип отургузуу керек» деп аталат. Аңгемени активист ата-энелер баштайт, андан кийин психолог, врач, мугалим бул тема боюнча өз ойлорун айтышат. Башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы үй-бүлөдө балдарды окутуу боюнча кыйынчылыктарды талкуулоону суранат. Бул суроодон кийин кеченин катышуучулары  жандана баштайт, активдүүлүк пайда болот. Эң кызыктуусу ар бири өзүнүн кызыктуу байкоолорун, аракеттерин тең бөлүшүп, зарыл болгон кеңештерин айтышат. Акырында жыйынтыктоодо мугалим сүйлөйт. «Тегерек столдо» жолугушуу формасын ата- энелер менен иштөөнүн башка формасы менен алмаштырууга болбойт.

*Тематикалык дискуссия*

«Башталгыч класстын окуучуларынын билимдерине коюлуучу негизги талаптар» деген теманы талкуулоодо  мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы жана башталгыч класстын мугалими ата-энелер үчүн жаңылык болгон окуу программасынын окуучунун  билим, билгичтиктерине, көндүмдөрүнө койгон талаптары менен тааныштырат. Мында ар бир класс үчүн, ар бир предметтин нормативдик талаптарга ылайык окуучунун билимдерине коюлган талаптарын түшүндүрүү зарыл.

Ата-энелер окуу процессинде мугалимдин койгон конкреттүү талаптарына өздөрүнүн ойлорун билгизишет. Мындай учурда айрым мугалимдердин окуу ишине койгон ашыкча талаптарын талкуулоонун кереги жок. Окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүнө коюлган жалпы талаптарын кароо менен, аны мугалим ишке кандай ашырып жаткандыгына токтолууга болот. Окутуунун нормативдик талаптары  мугалим менен окуучунун биргелешкен иши аркылуу ишке ашпастан, аны ишке ашырууда ата-энелердин да  салымы зор болуп эсептелет. Дискуссиянын жыйынтыгында, ата-энелер мектеп менен бирдикте  окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн  программада коюлган талаптарга жетишүүгө багытттоону түшүнүшөт.

*Үй-бүлөлүк тажрыйбаны презентациялоо* – алдыңкы үй-бүлөлөрдүн тажрыйбаларын жайылтуу боюнча ата-энелер менен иштөөнүн формасы. Мугалим алдын ала өз тажрыйбасын сунуштаган ата-энелер менен баарлашып, башка ата-энелер үчүн кызыктуу жана пайдалуу тажрыйбаларды макулдашып, эмне жөнүндө айтып бере тургандыгын аныктайт. Айтылуучу ойдун кыскача планын биргеликте түзүшөт, ар кандай сүрөттөр менен видеоматериалдарды колдонсо да болот. Албетте бул ишти өткөргөн ата-энелерге белгилүү кыйынчылыктар туулат, ошондуктан мугалим тарабынан квалификациялуу методикалык жардам керек.

*Лекция* – бул окутуу жана тарбиялоо ишиндеги тигил же бул проблеманын маңызын ачып берүүчү психолого-педагогикалык агартуунун бир формасы. Лекцияны мугалим же тарбиячы өзү алып барат, анткени ал ата-энелерди кызыктырган суроолорду, баланы тарбиялоо ишинде пайда болгон проблемаларды, ата-энелердин бала үчүн көрүүчү камкордуктарын жакшы билет. Лекцияга атайын чакырылган адистер да келиши мүмкүн: дарыгерлер, юристтер, социологдор, психологдор ж.б. адистер.Лекциянын негизги максаты – окутуп-тарбиялоо ишине тиешелүү болгон кубулуштарга, кырдаалдарга карата илимий анализ берүү. Ошондуктан лекцияда кубулуштун себебин ачуу, анын келип чыгуу шартын, баланын жүрүм турумун, психикасынын өнүгүүсүнүн законченемдүүлүгүн, үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери каралат.

Лекцияны даярдоодо анын структурасын, логикасын эске алуу менен негизги идеяларды, фактыларды жана цифраларды көрсөтүү менен план түзүлөт. Лекциянын бирден-бир зарыл шарты үй-бүлөлүк тарбиялоонун тажрыйбасына таянуу. Лекциянын тематикасы ар түрдүү болушу мүмкүн, негизгиси ата-энелер үчүн актуалдуу жана кызыктуу болушу талапка ылайык. Лекцияларда теориялык материалдар менен кошо класс коллективинин турмушунан алынган мисалдар камтылса, ата-энелердин кызыгуусу жаралат.

*Лекциянын болжолдуу темалары:*

1.Балдарды окутуп-тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу

2.Ата-эне биринчи тарбиячылар

3.Окуу-тарбия процессинде мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иштери

4.Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо

5.Баланын күн режимин кантип уюштуруу керек

6.Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу

7. Окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу

8. Кенже окуучулардын курагы жана анын өзгөчөлүктөрү

9.Үй-бүлөдө балдарды эмгекти сүйүүгө тарбиялоо

10. Үйгө берилген тапшырмаларды даярдоодо балдарга кандайча жардам берүү керек ж.б.

*Педагогикалык практикум* – ата-энелерге практикалык багыт берүү формасы. Бул форма ата-энелерге үй-бүлөдө баланы окутуунун айрым бир ыкмаларын жана методдорун үйрөнүүгө жардам берет. Ата-энелерди кызыктырган суроолор талкууланса ал ийгиликти камсыз кылат. Суроолор ата-энелерди жана окуучуларды атайын диагноздоо менен аныкталып түзүлөт. Ата-энелердин балдарды окутуудагы проблемаларынын кыйынчылыктарын изилдеп, талдоо үчүн суроолорду аныктагандан кийин мугалим тарабынан педагогикалык жана методикалык жардамдар берилет. Анын маңызы эмнеде? Ар бир сабактан кийин ата-энелер балдардын билим сапатын жакшыртууга багытталган тапшырмаларды - сунуштарды алып, мугалимге жардам беришет.

Мисалы: Бакай-Ата районуна караштуу Ү. Акынбеков атындагы орто мектептин башталгыч классынын мугалими Медетова экинчи класста математикадан көбөйтүү жана бөлүү амалдарын өтүп жаткан мезгилде ата-энелерге төмөндөгүдөй тапшырма берди.Эки жуманын ичинде кызы (уулу) математика боюнча үйгө берилген тапшырмаларды кандайча аткарып жаткандыгына ата-энелер байкоо жүргүзүү керек. Анда төмөнкү суроолорго көңүл буруу зарыл: Тапшырманы бала өз ыктыяры менен аткарып жатабы? Күнүнө ага канча убакыт сарп кылынат? Маселелерди, мисалдарды

чыгарууда кандай кыйынчылыктарга учурап жатат? Кандай каталарды кетирет? Аткарып жаткан тапшырмасынын тууралыгын далилдеп бере алабы? Ишти аткарып жатканда баланын өз алдынчалуулугу, көңүл буруусу, тырышчаактыгы кандай? Эскертүү: Ата-энелерден математика боюнча балдарынын үй-тапшырмасын аткаруудагы байкоолорун, алардын кетирген кемчиликтерин кезектеги ата-энелер күнүндө мугалимге билдирүүсүн өтүнүү.Мугалим ата-энелер менен кийинки жолугушууда өзүнүн байкагандарын, ата-энелердин билдирүүлөрүн анализдеп, кыйынчылыктардан чыгуунун жолдорун аларга түшүндүрдү. Натыйжада, мугалим менен ата-энелер биргелешип ишти алып кетти.

*Суроо-жооп кечеси* педагогикалык үгүттөөнүн формасы катары каалаган аудиторияда өткөрүлөт, бирок дайыма эмес. Кечени үй-бүлө тарбиясынын негиздери боюнча өткөрүлгөн аңгемелешүүдөн кийин максатка ылайык өткөрүүгө болот. Мындай кечеде ата-энелер баланын жашоосуна, ден-соолугуна, анын таалим-тарбиясына тиешелүү болгон бардык суроолорго жооп ала алат. Ал эми мугалим ата-энелерди негизинен кайсы суроолор кызыктыра тургандыгын, үй-бүлө тарбиясында аларды тынчсыздандырган суроолор кайсылар экендигин аныктайт. Суроо-жооп кечесин өткөрүүгө даярдык, ал болоордон бир ай мурда көрүлөт. Ата-энелерге бул кече жөнүндө маалыматталып, аларды кызыктырган суроолор күн мурунтан чогултулат. Бардык ата-энелер кечеге кызыгып катышат, алар башка үй-бүлөлөрдүн баланы окутуп-тарбиялоо тажрыйбаларына, окутууда пайда болгон кыйынчылыктарды кантип жеңүү жолдорун үйрөнүүгө кызыгышат, жада калса үлгүлүү үй-бүлөлөрдө да өзүнүн кыйынчылыктары бар экендигин угушат.Суроо-жооп кечесинде ата-энелер гана суроолорду бербестен, аларга да суроолор берилет.

1.Мектепте, класста окуу процессин уюштурууда мектеп жетекчилерине, класс жетекчи мугалимге сиздин кандай каалоолоруңуз, талаптарыңыз бар?

2. Класстагы окуучулардын билим сапатын көтөрүү боюнча сиз кандай сунуштарды киргизет элеңиз?

3.Сиздин ата-энелердин комитетине каалоолоруңуз жана эскертүүлөрүңүз д.у.с. Ата-энелердин суроолору анализделинип, өзүнүн багыты боюнча мектеп администрациясына, ата-энелер комитетине, мугалимге, психологго, социологго жана дарыгерге берилет.Кечени ата-энелер комитетинин төрагасы ачат, ал ата-энелердин мектеп жетекчисине жана ата-энелер комитетине айткан каалоолоруна ыраазычылык билдирет. Андан кийин чогулушка катышып отурган конокторду тааныштырып, берилген суроолорго тиешелүү адамдардын жооп берүүсүн суранат. Суроо-жоопторду мындай кечелери жандуу жана кызыктуу өтөт. Ал мектепке, ата-энелерге пайда алып келип, мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы пикирлер алмашылат.

Практика көрсөткөндөй ата-энелер менен системалуу, максатка багыттуу иш алып баруу класста ата-энелердин коллективин түзүүгө, окуучулардын коллективин түзүлүшүнө алып келип, ата-энелер менен балдар мектептин коомдук турмушуна активдүү катышат.

*Ата-энелердин активи менен иштөө*

Башталгыч класстын мугалимдери Талас районунун Р.Айдаралиев, К.Нурбеков, Нарын районунан Т.Байбураев, Керим уулу Сарыбай орто мектептеринин башталгыч класстарынын мугалимдери Курамаева Каныкей, Батыркулова Айгерим, Осмонова Нуржамал жана Акматова Рапия балдарды окутуп - тарбиялоонун эффективдүүлүгүн көтөрүүнүн максатында ата-энелердин активдери менен ийгиликтүү иш алып барышкан. Алар ата-энелердин активдерин, мектеп менен дайыма байланышып турган, окуу-тарбия иштеринин максатын терең түшүнгөн, ата-энелердин чогулуштарына, класстагы маданий-массалык иш чараларга тынбай катышып, колдоо көрсөткөн ата-энелерден түзүшкөн. Класстык ата-энелер комитети түзүлүп, мугалимдер менен макулдашылган план боюнча иш жүргүзүлгөн. Ата-энелер комитетинин негизги милдети – башталгыч класстын окуучуларынын билиминин сапатын көтөрүү жана татыктуу тарбиялоо ишинде мектепке жардам берүү. Рыспек Айдаралиев атындагы мектептин 3-классынын

мугалими Курамаева Каныкей «Биздин класстын ата-энелер комитети 5 кишиден турат: төрага жана окуу-тарбия, маданий-массалык, санитардык-чарбалык жана жалпыга милдеттүү окуу үчүн жооптуу мүчө. Комитеттин ар бир мүчөсүөзүнүн милдеттерин так аткарып, окуучулар жана ата-энелер менен иштөөдө мага чоң жардам көрсөтүшүп жатат. Ата-энелер активинин уюштуруусу менен жакында «Манастын күмбөзү» улуттук комплексине барып келдик. Экскурсиянын жүрүшүндө окуучулар зарыл болгон билимдерди алышты»,- деп айтат.

Башталгыч классынын мугалими Г.Биримкулова ата-энелер комитетинин жардамы менен класстын ата-энелери үчүн «Баланын ден соолугуна кантип кам көрүү керек», «Баланын үй тапшырмасын аткаруусуна көзөмөл жана жардам» деген темаларда аңгеме жана педагогикалык практикум өткөзгөн.

А.Батыркулова «Класстагы ата-энелер комитетинин окуу-тарбия иштери үчүн жооптуу мүчөсү Асыранкулова Жамал окуучулардын билим сапатын жогорулатууга жардамын аябайт. Ал начар окуган окуучулардын ата-энелери менен чогуу иш алып барууда өзүнүн үй-бүлөлүк тажрыйбалары менен ой-бөлүшөт, айрым окуучуларды өз баласына кошуп бирге сабак даярдатат, жетишүүсүнө көз салат. Ошону менен бирге ал пассивдүү ата-энелерди мугалим менен бирдиктүү иш алып барууга үндөйт, өз баласынын келечеги үчүн кам көрүүгө чакырып, мектептеги ата-энелер үчүн арналган иш чараларга активдүү катышууга тартат», -деп белгиледи.

Н.Осмонова « Класстан тышкаркы окууну уюштурууга ата-энелер активи жардам берди. Жалпы ата-энелердин жардамы менен класстык китепкана түзүлдү», - деп сыймыктануу менен ата-энелердин активине ыраазычылыгын билгизген.

Практикада, башталгыч класста тарбиялык иш чараларды уюштурууга ата-энелер комитети жардам берип келсе, жогоруда аталган мугалимдер эксперименттик иштердин натыйжасында окуу процессине ата-энелер активи аркылуу жалпы класстын ата-энелерин тартууга жетишкен.

*Психо –тренинг –* группалык иштин формасы. Тренинге 12-15 чейин ата-энелер катыша алат. Группалык иштин бул формасы ата-энелердин балага болгон мамилелерин өзгөртүп, алар менен бирге жүргүзүүчү иш аракеттерди жолго салат. Мындай ишке колдон келишинче ата-эненин экөөсү тең катышканы жакшы, жыйынтыгы эффективдүү болот. Тренинг ата-энелер менен балдарды диагноздоодон алынган атайын адистердин иштеп чыккан проблемаларынын негизинде өткөрүлөт.

*Педагогикалык темадагы кино-видеофильмдер, аларды талкуулоо.* Азыркы учурда атайын педагогикалык темага арналган фильмдер өтө аз, ошого карабастан мугалимдин милдети өтүлүп жаткан лекциянын темасына ылайык фильмдердеги педагогикалык жагдайлардан кыска үзүндүлөрдү ата-энелерге көрсөтүүгө болот. Анда педагогикалык проблемалардын мааниси образдуу түрдө ачылып берилген: көрүүчү өзүн болуп жаткан окуяга кошо катышып жаткандай сезет жана ошол эле учурда фильмдеги каармандардын кылык жоруктарын анализдеп жатып өзүн, өзүнүн балдарынын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн кылык жоруктарын, жасаган иштерин анализдей алат. Кинофильмдердеги кыска фрагменттерди көргөндөн кийин, ата-энелер менен чогуу талкуу уюштурулат. Талкуунун жыйынтыгы менен өтүлгөн лекциянын мазмуну дал келгенде гана ата-энелер терең ынанышат. Ошол убакта гана ата-энелер педагогикалык милдеттерди активдүү чечүүгө киришет.

*Ата-энелердин диспуттары.*Педагогикалык диспут– бул педагогикалык маданиятты жогорулатуунун бирден-бир кызыктуу формасы. Диспуттун өзгөчөлүгү коюлган проблеманы талкуулоого бардык катышуучуларды тартуу, топтолгон тажрыйбага жана ээ болгон көндүмдөргө таянып фактыларды жана кубулуштарды ар тараптан анализдөө билгичтиктерин иштеп чыгууга түрткү болот. Диспуттун ийгилиги көбүнчө анын даярдыгынан да көз каранды. Болжол менен бир ай мурун диспуттун катышуучулары келечекте болуучу диспуттун темасы, негизги суроолор, адабияттар менен тааныштырылышы керек.Диспуттун негизги бөлүгү

талашты жаратуу. Мында көпчүлүгүн диспутту алып баруучунун жүрүш-турушу аныктайт (алып баруучу мугалим же ата-эне болушу мүмкүн). Регламентти алдын ала бекитип, бардык сүйлөөчүлөрдү угуп, өзүнүн позициясын аргумент менен айтып, аягында жыйынтыгын чыгарат.Диспуттун негизги принциби – каалаган катышуучунун ар биринин оюн жана позициясын сыйлоо. Диспуттун темасы катары мектеп жана үй-бүлө тарбиясындагы проблемалар боюнча каалаган талаш-тартыш жаратуучу суроолор кызмат кыла алат.Практика көрсөткөндөй диспут класстагы ата-энелердин коллективинин достук мамилелери курчуган учурда ийгиликтүү болот. Алар өз ойлорун тартынбастан айта алышат. Диспуттун өзгөчөлүгү анда катышуучулардын жогорку активдүүлүгү. Албетте ал, андагы тандалып алынган проблеманын актуалдуулугуна жараша болот». Ата-энелерди дайыма мындай суроолор кызыктырат: «Үй-бүлөлүк бакыт деген эмне?», «Балдарды сүйүү кандай болуусу керек?», «Жакшы үй-бүлө кандай болушу керек» ж.б. Диспутту жакшы өткөрүүүчүн ага жакшы даярдануу керек. Талас районунун К.Нурбеков атындагы мектептин мугалими Нурманбетова Жамиланын үчүнчү класстын ата-энелери менен өткөргөн диспуттун темасы «Үй-бүлөдөгү бакыт деген эмне?» деп аталды. Диспут башталганга чейин ата-энелер комитети бардык ата-энелерге талкуулоо үчүн атайын суроолорду дайындашкан.

1.Үй-бүлөлүк бакыт кандай компоненттерден турат? Өз турмушуңардан жана адабий чыгармалардан бул суроо боюнча мисалдарды келтирип бере аласыздарбы?

2.Үй-бүлөдө ата-энелердин бири-бирин сүйүүсү негизги, ал балдарды сүйүүнү камсыз кылат деген ойлор бар. А силер кандай ойлойсуңар?

3.Үй-бүлөлүк бакыт балдардын санына көз каранды болобу?

4.Үй-бүлөдөгү бакыт жашоо шартка жана материалдык камсыздуулукка көз карандыбы?

5.Бактылуу үй-бүлөнү курууда эненин ролу.

6.Бактылуу үй-бүлөнү курууда атанын ролу.

Балдар үчүн да суроолор даярдалат.

1.Сен өзүңдү бактылуу үй-бүлөдө жашайм деп ойлойсуңбу? Эмне себептен?

2.Сен эмне жөнүндө кыялданасың? Ата-энең эмне жөнүндө кыялданышат?

3.Кандай үй-бүлөлөрдү сен бактылуу деп ойлойсуң? Эмне себептен?

Диспутка даярдык көрүүдө дубалдарга суроолорду кооздоп илип, педагогикалык адабияттардын көргөзмөсүн уюштурган. Столдор тегерек коюлуп, анда катышкан ата-энелер үчүн бири-бирин көрүп, ордуларында олтуруп аңгемелешүүгө шарттар түзүлгөн.

Алгачкы сөздү ата-энелер комитетинин председатели Жумабаева Калима ачып, ал кириш сөзүндө диспуттун темасын тандоонун зарылдыгына жана анын максатына токтолду. Биздин максат үй-бүлөлүк бакытты курууга жетишүү. «Сүйүү жана үй-бүлө» - адамзатты мурдатан эле ойлонтуп келет. Ар бир адам өз үй-бүлөсүн бактылуу, бекем болушун каалайт. Ооба, жакшы үй-бүлө – адамдык бакыттын зарыл болгон элементи. Аны кантип түзүү керек? Аны сырткы турмуштагы терс нерселерден кантип сактоого болот? Үй-бүлөдөгү келишпестиктерди кантип болтурбай коюуга болот? Күйөөсү аялына, аялы күйөөсүнө таарынбай коюуга болобу? Бактылуу жана жакшы балдарды тарбиялоо үчүн жубайлар кандай жетишкендиктерге ээ болуусу керек? -деп сөз баштады. Диспутта талкуулануучу суроолорго ата-энелер өз ойлорун айтышып, талаш-тартыштар жаралды. Жыйынтыгында, диспуттун катышуучулары ата-энелердин жүрүм-туруму, жасаган иштери баланы тарбиялоого таасир берээрин айтышты. Жубайлар бири-бирин сыйлап, колдоо көрсөткөндө гана балдар бактылуулукту сезишет. Ата-энелер материалдык кызыкчылыктардан мурда турмушка оптимисттик көз караш та адамдарга жакшылык кылуу менен жашаса, ал үй-бүлө бактылуу. Ата-энелер үй-бүлөдөгү жагымдуу абалдын, жакшы мамилелердин орношу менен гана балдарды туура тарбиялай алат. Ата-энелер балдардын келечегине кам көрүп, аларга өз учурунда туура тарбия жана татыктуу билим берүүгө тийиш. Үй-бүлөлүк бакыт келечекте балдарынын татыктуу инсан болуп өсүп жетилгендиги.Диспуттун жыйынтыгында мугалим окуучулардын жазган

сочинениелерин окуп берет. Аягында бактылуу үй-бүлө болуунун атайын жазылган эрежеси жок, бирок ал үй-бүлөдө сүйүү, бирин-бири түшүнүү, өз ара сыйлашуу, достук болсо баары жакшы болот деп жыйынтык чыгарат.

*Ата-энелердин конференциясы.* Конференция бул балдарды тарбиялоо жөнүндөгү билимдерди бышыктоочу жана тереңдетүүчү, кеңейтүүчү педагогикалык агартуунун формасы. Мектеп турмушунда конференциялар төмөндөгүдөй болушу мүмкүн: илимий практикалык, теориялык, тажрыйба алмашуучу, аталардын конференциясы, энелердин конференциясы ж.б. Конференцияларга узак убакыт даярдануу керек. Ошондуктан аны бат-бат өткөзүү сунушталбайт. Практикада белгилүү болгондой конференциялар бир жылда эки жолу өткөрүлсө болот. Конференция жылдын орто ченинде жана аягында өткөрүлөт. Бул учурда ата-энелер тандалып алынган тема боюнча адабияттар менен тааныш болуп калышат. Конференцияны өткөрүүгө даярдык ата-энелер комитетинде талкууланып, анын темасы, ата-энелердин мыкты тажрыйбаларынын кайсынысын сунуштоого боло тургандыгы жана кандай адабияттарды кароо керектиги аныкталат. Конференцияларда үй-бүлөлүк тарбиянын бардык суроолору боюнча сөз кылбастан, ачык-айкын темалар боюнча сөз кылуу жакшы болот.

Конференцияларда каралуучу темалар.

1.Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоодо күндөлүк режимдин мааниси

2.Жакшы окуу үчүн балдарга биз кандай жардам беребиз

3.Баланы тарбиялоодо өздүк үлгүнүн ролу

4.Балдарга окуу ишинде өз алдынчалуулукка жана туруктуулукка тарбиялоо

5.Үй-бүлөдө китепти биргелешип окуу жана талкуулоо

6.Балдардын ден-соолугуна кам көрүү

7.Балдардын эмгек жана эс алуусун туура уюштуруу ж.б.

Конференциялар болжол менен төмөндөгүдөй планда өткөрүлөт. Конференциянын милдети жана аны өткөрүүнүн тартиби жөнүндө класс жетекчинин кириш сөзү. Балдарды тарбиялоонун ачык –айкын маселелери

боюнча ата-энелердин кыскача докладдары угулгандан кийин, каалоочулар жарыш сөзгө чыгышат. Бул учурда ата-энелердин балдарды тарбиялоодогу кыйынчылыктарына көбүрөөк көңүл бурулуп, аны жеңүүнүн жолдорун көрсөтүү маанилүү. Ошону менен бирге айрым үй-бүлөлөрдүн алгылыктуу тажрыйбаларын сунуштоого болот. Корутунду сөздө мектептин директору жана класс жетекчиси үй-бүлө тарбиясынын тажрыйбаларынан келип чыккан мисалдарды келтирип, балдарды туура тарбиялоо жөнүндө кеп-кеңештерди бергенде гана ата-энелерге таасирдүү болот. Конференциянын жыйынтыгында ата-энелерди окуучулардын иштеринин жана ата-энелерге арналган китептердин көргөзмөсү менен тааныштырып, аларга окуучулардын өздүк көркөм чыгармачылыгынын концерти берилет.

*Ата-энелер үчүн ачык сабактар.* Ачык сабактар ата-энелерди предмет боюнча жаңы программа, аны окутуунун методикасы, мугалимдин талабын тааныштуруу максатында уюштурулат. Бул форма өзгөчө башталгыч класста ыңгайлуу.

Башталгыч класстын ата-энелеринин балдардын окуусуна жардам берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Бирок жыл өткөн сайын жаңы программанын өзгөрүүсүнө ылайык окуу китептеринин мазмуну жаңыртылып, аны окутуунун методикасы да өзгөрүп жатат. Айталы, математика предмети боюнча берилген тапшырмаларды ата-энелер методикалык жактан балага кандайча туура түшүндүрүп берүүнү билишпей кыйналышат. Мына ошентип, бир эле материалды мугалим менен ата-эне эки башкача түшүндүрөт. Бала болсо ортодо түшүнүксүз абалга дуушар болот. Ал кимди угат?Тажрыйбалуу мугалимдер башталгыч класстын ата-энелерин ачык сабактарга чакырып турушат. Мисалы: Ү. Акынбеков орто мектебинин мугалим Медетова Н. жетектеген 3-класстын математика сабагына катышып жаткан ата- энелер Турганбеков Касым, Ооганова Жаңыл, Субанова Кутбү мугалимдин жаңы материалды кандай түшүндүргөнүн жана окуучулардын кандай жооп берип жаткандыктары менен таанышты. Сабактан кийин мугалим ата-эне менен «Математика боюнча үй-тапшырмасын аткарууда

окуучуга кандай жардам берүү керек» деген темада аңгеме жүргүзүп жана берилген суроолорго жооп берди. Мугалим ата-энелерди ачык сабактарга бат-бат чакырып турат. Ачык сабактарга көп катышкан ата-энелер үчүн балага үй тапшырмасын аткарууда кантип жардам берээри анык болду, баласынын жоопторун угуу менен ага жардам берип, жоопкерчиликтери артып жана мугалимдин жасаган зор эмгегин баалап калышты. Мугалим ата-энелер үчүн ачык сабактарды өтүү менен алардын педагогикалык маданиятын көтөрө алды.

*Ачык эшиктер күнү* Ачык эшиктер күнү ата-энелерди педагогикалык билимдер менен куралдандырууга, балдарды жакшы тарбиялоого жардам берет.Ата-энелер менен ишти жакшыртуу үчүн, мүмкүн болушунча биринчиден: ата-энелер чогулушунда методикалык суроолорду көбүрөөк талкуулоо керек, ата-энелерди педагогикалык жана психологиялык билимдер менен куралдандыруу, аларды балдарды тарбиялоого үйрөтүү. Ата-энелердин жалпы билиминин деңгээлин эске алуу менен мектептеги окуу предметтери боюнча жалпы лекцияларды өткөрүүнү практикалоо керек.Акыркы жылдары үй-бүлөдөгү окутуу жана тарбиялоо проблемасына көңүл буруу белгилүү деңгээлде өсүүдө. Өнүгүүнүн жаңы этабы мугалим менен ата-энеден көп нерсени күтүүдө.Ар бир айдын алтынчы күндөрү класста ачык эшиктер күнүн уюштурууга болот. Сабакка жана класстан тышкаркы иштерге бардык ата-энелер чакырылат. Алар каалаган сабакка келип катыша алат, анда балдарынын кандай иштеп жаткандыгын байкап, башка балдар менен салыштырат. Күндүн акырында, сабак бүткөндөн кийин класстагы балдардын иштери, айрым балдарды тарбиялоо, окутуу боюнча ата-энелер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлөт. Албетте ачык эшиктер күнүн өткөрүү – мугалим үчүн көп эмгекти, даярдыкты талап кылат, бирок өзүн актайт. Айрым учурда ата-энелер өздөрүнүн балдарын жакшы окуйт, математиканы жакшы эле түшүнөт, бирок алардын алган баалары алардын билимдерине туура келбейт деп ойлошот. Алар сабакка өздөрү катышкандан кийин, окутуунун талаптары менен таанышып, өз баласынын ийгилигин

туура жана обьективдүү баалай алат.Ата-энелер бала мектепте өзүн кандай алып жүрөт, достору менен кандай мамиледе, ашканадан кантип тамактанат, кийимдерин тез кийинип чыгууга жөндөмдүүлүгү кандай экендигин байкайт. ж.б.Ачык эшиктер күнүнө дайыма катышып жүргөн ата-энелер өз балдарынын окууда алдыга жылып жаткандыгын көрүшөт, мугалимдин зор эмгеги менен таанышат, ага болгон урматтосу артат.Эгерде бала сабакка ооруп келбей калса, ал ата-энелер балага кандай жардам берээрди билишет, анткени алар мектепте болгондо мугалимдин материалды кантип түшүндүргөнүн көргөн, ошону менен бирге консультацияларды алган.Ата-энелер башка окуучулардын жазуу дептерлери менен таанышат, мугалим менен сабактан кийин ой бөлүшүп, баалуу кеңештерди, педагогикалык сунуштарды алышат.Ата-энелер башталгыч класстын сабактарына катышканды жакшы көрүшөт. Балдар да бул күнгө даярданышат. Алар өз ата-энелерин күтүшөт, өздөрүн жакшы алып жүрүп, өзүнүн окуудагы жана эмгектеги жетишкендиктерин көргөзгүлөрү келет.Ачык эшиктер күнүн өткөрүү менен ата-энелер класста кандай иштер болуп жаткандыгына кабардар болуп турат.

*Ата-энелердин педагогикалык окуусу-* педагогикалык агартуунун бул формасы ата-энелер үчүн арналган жана балдарды окутуу жана тарбиялоо маселесине арналган адабияттарды окууга багытталат. Ата-энелерди кызыктырган белгилүү темалар боюнча мугалим китепканачы менен бирдикте адабияттарды тандайт жана сунуштайт. Ата-энелер чогулушунда ата-энелер өздөрү окугандарын жөн гана маалымдап айтып бербестен, ал боюнча өз ой пикирлерин билгизет. Педагогикалык агартууда өз оюн билгизүү өзгөчө маанилүү, алар балдарды окутуудагы өзүнүн ишин анализдеп, өз иштерине баа берет.

*Ата-энелердин мектеби.* Үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн жана андагы мүчөлөрдүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен ата-энелерди педагогикалык-психологиялык жактан агартуунун формасы (апалардын академиясы,

аталардын, чоң ата, чоң энелердин , жаш үй-бүлөлөрдүн, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн академиясы). Ар бир аталган группанын өз кызыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү бар, ошондуктан иштин мазмуну жана ыкмалары алардын мүмкүнчүлүктөрүнө жана кызыгуусуна жараша болушу керек. Мисалы жаш ата-энелерге окуу мотиви, үй-тапшырмасын даярдоо, мактоо жана жазалоо, мамилелешүү көндүмдөрүн калыптандыруу ж.б. суроолорду сунуштоого болот. Көп балалуу ата-энелерге өз ара жардамдашуу, үй – бүлөдөгү бирдиктүү эмгек. Аталарга болсо балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү, дене-тарбиясын берүү ж.б.

Педагогикалык агартуу иши ата-энелерде пайда болгон суроолорго жооп табууга, өз позициясын бекемдөөгө, тарбия ишинде кетирген кемчиликтерди оңдоого жардам берет. Ата-энелерге агартуу иштерин уюштуруу ата-энелерди мектеп ишине активдүү катышууга тартуунун бирден бир шарты. Педагогика-психологиялык жактан агартуунун жыйынтыгында:

1.Ата-энелер менен балдардын ортосунда өз ара түшүнүү, мамилелер жакшырат.

2.Ата-энелер баланын жашоосунда материалдык жактан гана камсыз кылбай, анын тарбиясына тийгизген өзүнүн ролун сезет.

3.Баланын билим сапаты ата-энеден көз каранды экендигин сезет.

4.Өз балдарын окутууда жана үй-бүлөдөгү проблемаларды чечүүдө ата-энелерде оптимисттик көз караштар пайда болот.

5.Балдар ата-эненин турмушунда маанилүү оорунду ээлеп, анын келечегине кам көрөт.

6.Мектеп менен ата-эненин ортосундагы мамилелер оңолот, ата-энелердин активдүүлүгү байкалып, мектептин жана мугалимдин иш аракетине өзүнүн таасири тиерин сезишет.

*Экинчи глава боюнча корутунду.*

Башталгыч класстын окуучусунун окуудагы ийгиликтери ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээлине көз каранды. Үй-бүлөдө

баланын  окуу ишин тура уюштура билүү, ага жардам берүү жана көзөмөл кылуу, предметтик сабактардын окуучунун билимине билгичтигине койгон талаптарын билүү, окутуунун мазмунун жана окутуу методикасын билүү кенже мектеп окуучуларынын ата-энелеринин негизги милдеттеринин бири. Ал милдеттерди чечүүдө ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуунун мазмуну иштелип чыкты. Ата-энелерге үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо, башталгыч класстын окуучуларынын билимдерине коюлуучу негизги талаптар, баланын күн режимин уюштуруу, жумушчу орунду даярдоонун мааниси, окуучуну сабак даярдоого үйрөтүү, үй – тапшырмасына аткартуу, окуганга, жазганга, математикага окутуп үйрөтүү боюнча жана балдардын үй-бүлөдө китеп окуусун уюштурууга карата кеңештер сунушталды. Ал «Ата-энелерге кеңеш» деп аталган методикалык колдонмодо жарык көрдү.

Мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттеринин мазмуну изденүүчү эксперименттин жүрүшүндө колдонулду. Ал башталгыч класстын мугалимдерине сунушталган ата-энелер менен иштөөнүн иш пландарына киргизилип, мектеп практикасында ишке ашырылды. Иштин жүрүшүндө ата-энелер менен кызматташуунун төмөндөгүдөй натыйжалуу формалары колдонулду. Бирдиктүү иш аракеттин жекече формалары – баланын үй-бүлөсүнө баруу, ата-эне менен баарлашуу, айрым суроолор боюнча ата-энелерге консультация берүү, телефон аркылуу сүйлөшүү, ата-энелер менен кат алышуу; коллективдүү формалары – ата-энелер чогулушун өткөрүү, ата-энелер үчүн лекциялар, конференциялар, практикумдар, суроо-жооп кечелери, викториналар, ата-энелер мектебин, ата-энелер клубун уюштуруу, ата-энелер үчүн ачык сабактар, ачык эшиктер күнүн уюштуруу, ата-энелердин активи менен биргеликте иш алып баруу ж.б.

Педагогика- психологиялык жактан агартуунун жыйынтыгында:

-ата-энелер балдардын окуу иштерин туура уюштурууга жетишти;

-ата-энелер баланын окуу эмгегине көзөмөл кылып, жардам бере баштады;

-баланын билим сапаты ата-энеден көз каранды экендигин сезип калышты;

-мектеп менен ата-эненин ортосундагы мамилелер жакшырды, ата-энелердин активдүүлүгү байкалып, мугалим менен кызматташуу өрчүдү.

# ГЛАВА III. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу

Өткөрүлүп жаткан эксперименталдык иштин негизги максаты - айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу үчүн мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү аракеттеринин мазмунун иштеп чыгып, аны ишке ашыруунун жолдорун табуу болгон. Ал бир канча милдеттерди чечүү менен ишке ашат:

- башталгыч класстын окуучуларынын билимдеринин сапатына таасир берген айылдык мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иштеринин абалын, кездешип жаткан кыйынчылыктардын себебин таап, аларды жоюунун жолдорун аныктоо;
- башталгыч мектептин мугалими менен ата-энелердин окуучунун билим сапатын көтөрүүдөгү бирдиктүү иштеринин мазмунун иштеп чыгып, аны уюштуруунун формаларын жана каражаттарын колдонуу;
- айылдык башталгыч мектептерде ата-энелер менен иштөөнүн мазмунун эксперименталдык апробациядан өткөрүү.

Алдыга коюлган милдеттерге ылайык констатациялык, изденүүчү жана калыптандыруучу эксперимент өткөрүлдү.

Аныктоочу эксперимент 2006-2007-жылдар аралыгында Талас жана Нарын областарынын айылдык мектептеринде өткөрүлдү. Экспериментке 16 мектептен 480 окуучу, 336 ата-эне жана 128 мугалим катышты. Анда изилдөөнүн анкеталык сурамжылоо, байкоо, аңгемелешүү, интервью алуу, мектеп документациясын изилдөө методдору колдонулду.

**Аныктоочу эксперименттин максаты**

1.Окуучунун инсандык жактан калыптануусуна жана алардын билим сапатына тийгизүүчү факторлорду аныктоо.

2.Башталгыч класстын мугалимдери менен ата-энелердин өз ара кызматташууларынын мүнөзүн, максатын жана милдеттерин аныктоо.

3.Башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелеринин жалпы социалдык абалы, жашоо шарттары, балдарынын окуусуна көргөн камкордуктары жана башкаларды үйрөнүү, талдоо, жыйынтык чыгаруу.

4. Мугалимдер жана ата-энелер менен аңгемелешүүнүн натыйжасында алардын биргелешкен аракеттерин уюштуруу боюнча сунуш пикилерин угуп, жалпылоо.

Изилдөөлөрдө айыл мектептеринин учурдагы абалына ар тараптуу байкоо жүргүзүлдү. Байкоонун жыйынтыгында айыл жергесиндеги мектептердин абалы учурдун талаптарына жооп бербегендиги, анын материалдык-техникалык базасынын начардыгы, окуу китептери, методикалык колдонмолор, балдар үчүн арналган адабияттар менен толук камсыз болбогондугу, ата-энелердин балдардын билимине көңүл бурбагандыгы жана педагогикалык билимдеринин жетишсиздиги, мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатына терс таасирин тийгизип жаткандыгы аныкталды.

Баланын мектепке даярдыгы билим берүүнүн сапатына таасир берүүчү негизги факторлордун бири. Айылда мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин жоктугунан, балдардын көпчүлүгү мектепке даяр эмес келишет. Бул маселе жөнүндө аңгемелешүүдө ата-энелердин жана мугалимдердин ой-пикирлерине ортоктош болдук. Бакай-Ата районунун 1-май айылынын тургуну Касымова Анаркүл – эне. Балдарыбыз бала-бакчадан тарбия алса жакшы болот эле. Балдар мектепке керектүү билимдерге ээ болуп, мектепке да даярдыгы жакшы болмок. Шаар жергесинде балдар бакчасынан тарбия алган балдардын өнүгүү деңгээлин байкап, кызыгабыз.

Осмонова Нуржамал – башталгыч класстын мугалими, айылда мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин жоктугу билимдин сапатынын төмөндүгүнө өз таасирин тийгизип келет. 1-класска мектепке даярдыгы жок балдарды кабыл алабыз. Алардын интеллектуалдык жана психологиялык жактан өнүгүүсү төмөн. Кээде колуна калемсапты кармап көрбөгөн балдарды окутууга туура келет.

Мындай көйгөйлөр айыл мектептеринин иш тажрыйбасында болуп келген, бирок белгилей кетүүчү нерсе 2011-жылдан тартып, мектепке даярдоо программасынын ишке киргизилиши, баланын окуу ишине даярдыктарын бир аз да болсо жакшырткан. Ал эми баланы мектепке даярдоо ишинин илимий негиздерине таянсак, үй-бүлөдө баланы мектепке бараардын алдында даярдабастан, анын төрөлгөн мезгилинен баштап даярдоого өзгөчө көңүл бурулат. Демек, баланы мектепке даярдоо баарынан мурда ата-энелердин негизги милдети болуп эсептелет. Андыктан, ата-энелерге баланы мектепке даярдоо боюнча педагогикалык билим берүү зарыл деп эсептейбиз.

Айыл мектептеринин өзгөчөлүктөрү билимдин сапатына таасирин тийгизип келет, анын негизинде билимдин сапатына оң таасир берүүчү факторлор илимий негизде аныкталып, биринчи главанын 1-параграфында берилди.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы окуучунун инсандык жактан калыптануусуна жана алардын билим сапатына мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттеринин натыйжасында жетишүүгө боло тургандыгын берди. Үй-бүлө менен мектептин бирдиктүү иштеринин максаты жана милдеттери, негизги багыттары такталды. Ата-энелерди мектеп ишине тартуу мугалимден педагогикалык даярдыкты талап кылаары белгилүү. Айылдык башталгыч мектептин мугалимдерине изилденип жаткан илимий маселе боюнча берилген анкеталык суроолордун жоопторунда ата-энелер менен кызматташуунун деңгээли өтө төмөн экендиги анык болгон. Мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы байланыштын жоктугу, мугалимдердин ата-энелер

менен пландуу иш алып бара албай жаткандыгы, ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жетишсиздиги, аларга агартуу иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү д.у.с. көйгөйлөр биринчи главанын экинчи параграфында көрсөтүлдү.

Нарын районунун Керимбай уулу Сарыбай, Омор уулу Кожоке, Бакай-Ата районунун Ү.Акынбеков, Кара-Буура районунун Б.Айтбаев, Талас районунун А.Нуржанов атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын мектеп документацияларын изилдөөдө атайын сунушталган «Класс жетекчинин тарбиялык иш планы» менен тааныштык. Жалпысынан мугалимдер ушул иш план менен иш алып барышат. Анда класс жетекчи мугалимдин милдеттери жазылган, ал 18 пунктан турат, анын төмөнкү үч пункту ата-энелер менен кызматташууга багытталган. Алар:1.Окуучулардын үй-бүлөсүндөгү шартын изилдейт жана ошого жараша мамиле түзөт.2.Класстык ата-энелер чогулушун уюштурат.3.Айына 2,3 жолу окуучулардын үйүнө барып, ата-энелерине окуучунун жүрүм туруму жана окуу процесси жөнүндө маалымат берип турат.Бул иш пландар ата-энелердин класстын чогулушуна толук катышуусу; класстын катышуу, жетишүү процессине жардам берүү; класстан тышкаркы иштерди уюштурууга көмөктөшүү; классты жасалгалоого колдоо көрсөтүү; окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүү деген сыяктуу жалпы сөздөр менен толтурулган, анда ата-энелер менен бирдикте конкреттүү иш чаралар өткөрүлбөгөндүгү маалым болду. Башталгыч класстын мугалимдеринен интервью алынып, анын жыйынтыгында, ата-энелер менен өткөрүлүүчү иш чараларда: чогулуштарда, тарбиялык иштерди өткөрүүдө, ата-энелер менен аңгемелешүүдө, сабактарга катышкан учурларда белгилүү бир деңгээлде балдардын окуудагы кыйынчылыктары жөнүндө сүйлөшүүлөр болгону менен анын себептерин тактап, баланын окуу иштерин туура уюштуруу боюнча ата-энелерге педагогикалык агартуу иштери жүргүзүлбөгөндүгүн айтышкан. Окуучулардын үйлөрүнө барып, алардын жашоо шарты менен таанышып, баланын окуу иштерин уюштуруу боюнча ата-энелердин түзүп

берген шарттарын изилдөөдө мугалимдер үй-бүлөнүн материалдык байлыгына эмес, анын рухий жактан өнүгүүгө көңүл бурганына маани берүү керектигин айтышат.

Төрөбекова Зарема -башталгыч класстын мугалими. Айылда элдин жашоо шарты ар кандай, алардын арасында өтө бакыбат тургандары да бар. Менин классымдагы Замир уулу Урматтын үй-бүлөсү да бай адамдардын катарына кирет. Ата-энеси баласынын окуусуна караганга убактылары жок. Көпчүлүк учурда мындай ата-энелер өздөрүнүн ата-энелик милдетин материалдык байлык менен камсыз кылуу деп ойлоп калышат экен.

Ал эми Турсуканов Азаматтын үй-бүлөсү жөнөкөй, орто жашоодо жашаган үй-бүлө. Бирок, үй ичинде кымбат баалуу эмеректер болбосо да баардыгы өз ордунда тыкан жайгашкан. Баласынын окуу ишине керектүү шарттарды түзүп берген, сабак даярдоочу столу бар, китеп текчесинде көп болбосо да ал окуй турган китептер тизилген. Баласынын окуу ишине ата-энеси дайыма көңүл буруп турат. Азамат алдыңкы окуучулардын катарында.

Айылда ата-энелердин басымдуу бөлүгү балдарынын окуу иштерине көп көңүл бурбайт. Анын төмөндөгүдөй себептери белгиленген: убакыттын жетишпегендиги, окуу программасынын татаалдыгынан жардам бере алышпайт же тактап айтканда педагогикалык билимдери жетишсиз, окутуу иши мектептин милдети катары саноо.

Ошол эле учурда бардык ата-энелер бирдей эмес экендигине да көңүл буруу керек. Мисалы: А.Нуржанов атындагы мектепте 30 жылдык тажрыйбасы бар мугалим Ж. Нурманбетова – Азыркы учурда жаш ата-энелер балдарынын билим алуусуна көбүрөөк көңүл бура баштады. Алар мектепке тез-тез келип, баласынын окуудагы ийгилигин сурап турушат. Эгерде баласы начар баа алып калса, анын себебин такташат. Сабактарга катышып көрүшөт, баласынын жообун угушат. Баланын окуу ишин уюштуруу, ага жардам берүү боюнча кеңештерди сурашат. Бирок алардын педагогикалык билимдерин жогорулатууга илимий-педагогикалык деңгээлде жардам берүү ишин бардык эле мугалимдер аткара албай жаткандыгын моюнга алуу керек.

Ошондуктан, мугалимдер үчүн ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруу боюнча  методикалык колдонмолор иштелип чыкса, анда ишти алып баруунун жолдору сунушталса, үй-бүлө менен кызматташуу жакшы жолго салынат эле.

Ата-энелердин чогулуштарына  1-2-класстын окуучуларынын ата-энелери активдүү катышат, ал эми балдары 3-4-класста окуган ата-энелер улам азыраак катышат. Анын себептерин ата-энелер менен жүргүзгөн аңгемелешүүдө аныктадык. Кангелдиева Бурул- эне, ата-энелер чогулушуна дайыма катышам, катышпаган да ата-энелер бар. Чогулушта дайыма эле балдардын катышуу, жетишүүсү боюнча маалыматтар берилип, жакшы окуган балдардын ата-энелери макталат, начар окуучулардыкы сындалып «үйдөн көңүл бурулбай жатат» деп  айыпталат. Андан кийин эле мектептин керектөөлөрүнө ата-энелерден акча сурамай. Көпчүлүк ата-энелердин чогулушка келбегендиги да ошондон.

Балдардын окуу ишинин бир бөлүгщ үй-тапшырмалары, аны үйдөн өз алдынча аткарууга берилет.Мында ата-энелер үй-тапшырмасынын аткарылышына көңүл буруулары, түшүнбөсө жардам берүүлөрү керектигин өз милдети катары сезишпейт. Окуучулар  ата-энелер алардын  үй-тапшырмасынын тууралыгын текшерип бербегендигин  айтышат. Ошол эле учурда айрым ата-энелер балага жардам  берүүдө өз милдетин туура эмес түшүнүшкөн учурлар да бар.

Абдылдаев Максат- окуучу, үй-тапшырмасын аткарууга ата-энем жардам берет, эгерде математикадан чыгара албай жатсам атам чыгарып көрсөтүп берет. Ката кетирсем оңдоп берет.

Бакыт кызы Нурайым – үй-тапшырманы көп эле учурда өзүм аткарам, себеби ата-энем жумуштан колдору бошобойт.

Мугалимдер, ата-энелер жана окуучулар менен аңгемелешүүнүн натыйжасында алынган маалыматтарга  таянып, азыркы учурдагы мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракеттеринин төмөндөгүдөй  жыйынтыгы чыгарылды.

1. Мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттери пландуу, системалуу жүргүзүлбөйт.

2. Ата-энелердин педагогикалык билимдери төмөн.

3. Ата-энелердин баланын окуу ишине көргөн камкордуктары, жардамдары аз.

4. Мектеп тарабынан ата-энелерге педагогикалык агартуу иштери жүргүзүлбөйт.

5.Мугалимдер ата-энелер менен кызматташуунун натыйжалуу формаларын колдонушпайт. Жогоруда аталган кемчиликтерди жоюу максатында изденүүчү эксперимент жүргүзүлдү.

**Изденүүчү эксперимент** 2007- 2008, 2008-2009- окуу жылдарында Бакай-Ата районунун Ү.Акынбеков жана Кара-Буура районунун Б.Айтбаев атындагы орто мектептеринин башталгыч класстарында жүргүзүлдү. Экспериментке эки мектептен 1-4-класстардан 226 окуучу жана алардын 226 ата-энеси, 8 мугалим катышты. Эксперимент бардык класстарда бир учурда өткөрүлдү.

Изденүүчү эксперименттин максаты

1.Башталгыч класстын мугалимдери үчүн ата-энелер менен иш жүргүзүүнүн пландарын иштеп чыгуу.

2.Ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуунун мазмунун иштеп чыгуу.

3.Мугалимдер менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттерин натыйжалуу уюштуруу.

Экспериментке ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуу максатында материалдар даярдалган. Анын мазмуну төмөндөгү темаларды өзүнө камтыган. Алар:

1.Ата-энелердин баланы мектепке даярдоосу.

2.Ата-энелердин окуу процессинде баланын билимине, билгичтиктерине коюлуучу талаптарды билүүсү.

3.Үйдөгү баланын күн режимин уюштуруу.

4.Жумушчу орундун окуучу үчүн мааниси.

5.Баланы сабак даярдоого кантип отургузуу керек?

6.Ата-эненин баланын үй-тапшырмасын аткаруусуна жардамдашуусу жана көзөмөлү.

7.Кенже мектеп окуучусун окуганга кантип үйрөтүүгө болот?

8.Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

9.Үй-бүлөдө баланын жазуу иштерине көңүл буруу.

10.Балага математикалык билимдерди берүү.

11.Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу.

Жогорудагы сунушталган мазмундун негизинде мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттеринин болжолдуу планы иштелип чыгып, ал башталгыч класстын мугалимдерине сунушталды. Ал экинчи главанын 2-параграфында берилген. ( Иштин жүрүшүндө планга толуктоолорду киргизүү же кыскартуу мугалимдин иш билгилигине жараша болмокчу).

Изденүүчү эксперименттин башталышында мугалимдер ата-энелерди бирдиктүү иш аракеттин максаты жана милдеттери менен тааныштырып, өздөрүнүн алар менен чогуу иштөө жөнүндөгү ниеттерин билдиришкен. Ата-энелердин кенже класстардын ишине активдүү аралашканы мугалимдер үчүн да, ата-энелердин өздөрү үчүн да, балдар үчүн да пайдалуу экендигин белгилөө менен мындай биримдиктен баланын жеке турмушу жана окуусу ийгиликтүү болоорун айтышкан.

Белгиленген жылдардын аралыгында башталгыч класстын мугалимдери ата-энелер менен чогуу иш алып барышты. Ата-энелер менен пландуу, системалуу жүргүзүлгөн иш аракеттерде мугалимдер ишти уюштуруунун натыйжалуу формаларын колдонушту. Ал материалдар жөнүндө экинчи главанын 2-параграфында айтылган.

Жылдын аягында ата-энелер менен иштөөнүн жыйынтыктары окуучулардын билим сапатынын деңгээли менен аныкталып, текшерилип турду. Мында мугалимдин ата-энелер менен иштиктүү кызматташуусу ийгиликтерди жаратты. Натыйжада, мектеп менен ата-энелердин

биргелешкен аракеттери аркылуу окуучулардын билимдеринин сапаты жогорулагандыгы аныкталды. Ал окуучулардын жат жазуу, текшерүү иштеринин жыйынтыктарында, окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунда жана үйгө берилген тапшырмаларды туура аткаруусунда белгилүү болду.

Ошону менен бирге ата-энелер менен мектептин байланышы чыңдалды. Ата-энелер балдарынын окуу иштерине класстан жардамдашып жүргөндө өздөрүн жакшы сезе баштады, анткени алар мектептин ишине өз салымдарын кошуп, жаңы нерселерди үйрөнүштү.Ата-энелер өздөрүн баланы окутуу процессинин бир бөлүгү катары сезип калышты. Мугалимдин эмгегин баалап, анын жүргүзгөн ишине ишеним артылды. Бирдиктүү иштин натыйжалуулугу өз ара сыйлашууну пайда кылды.

Ата-энеси мектеп мугалимдеринин ишине кошулганын көргөн балада сыймыктануу сезими күчөп, окууга болгон жоопкерчилиги өстү.Үй менен мектептин ортосундагы жылуу, достук мамилелер балдар үчүн да пайдалуу болду.Мугалим-окуучу-ата-эне системасындагы чогуу иштөө өнөктөштүгүндө, бала көңүлдүн борборунда турду. Мындай кызматташтык балдар үчүн үлгү болду жана алар чоңдордун бала үчүн окуу чөйрөсүн түзүп жаткандыгын көрүштү.

Изденүүчү эксперименттин жыйынтыгында ата-энелердин педагогикалык билимдери жогорулап, баланын окуу иштерин уюштурууга жана жардам берүүгө илимий-педагогикалык деңгээлде мамиле жасалып, окуучулардын билим сапатынын деңгээлдери жогорулаган. Ал жөнүндө ата-энелерден алынган эркин интервьюда төмөндөгүдөй ойлор айтылган. Мырзабекова Уулбү- эне, менин уулумдун кол жазмасы абдан начар жана жазууда көп ката кетирип жазат. Жазуу ишин оңдоо боюнча мугалимдин берген кеңештерин угуп, ал боюнча иштелип чыккан көрсөтмөнү үйдөн дагы бир жолу терең окуп үйрөнүп, баламды таза, сулуу жана катасыз жазууга үйрөтө алдым. Кээде мектепке барып балдардын жазган жазууларын көрүп сүктанчымын. Уулум экөөбүз да андай ийгиликке жетише алдык. Көрсө

аракет кылса натыйжа болот экен. Эми мугалим менен бирдикте жүргүзгөн иштин пайдалуу экендигине терең ынандым.

Нарыбаева Кундуз -эне, кызымды сабак оку деп гана эскертип, анын тапшырманы кандай аткарып жүргөнүн такыр текшерчү эмес экенмин. Мугалимдин балага үйдөн үй-тапшырманы текшерүү, көзөмөл кылуу жана жардам берүү жөнүндөгү сунуштарын угуп, кызымдын үй ишин аткаруусуна дайыма көңүл бура баштадым. Ал күн сайын үй тапшырмасынан жакшы бааларды алып келип, бизди кубантты. Өзү да үй-тапшырмасын белгиленген учурда аткарууга отуруп, өз алдынча аткарууга аракет кылып баштады.

Асанкулов Мадияр-ата, жубайым экөөбүз күн режимдин баланын окуусуна тийгизген таасирин маанилүү деп ойлогон эмеспиз. Балдар менен чогуу кечкисин телевизорду каалашыбызча көрүп, кеч уктайбыз. Эртең менен балдарды сабакка тургуза албай кыйналып, улам-улам эскертип отуруп сабакка жөнөткөн күндөр болгон. Кээде кеч туруп калып, тамак да ичпестен сабакка чуркашат. Көрсө, уктап эс алуу, туура тамактануу да баланын окуу ишине таасир берет экен. Биз эми күн режимин так сактаганга балдарды үйрөтүү керектигин билип калдык.

2007-2009-жылдардын аралыгында башталгыч класстын мугалимдери ата-энелер менен чогуу иш алып барышты. Ата-энелер менен системалуу иш жүргүзүүдө мугалимдер ишти уюштуруунун натыйжалуу формаларын колдонушту. Жылдын аягында ата-энелер менен иштөөнүн жыйынтыктары окуучулардын билим сапатынын деңгээли менен аныкталып, текшерилип турду. Натыйжада, мектеп менен ата-энелердин биргелешкен аракеттери аркылуу окуучулардын билимдеринин сапаты жогорулагандыгы аныкталды. Ал окуучулардын жат жазуу, текшерүү иштеринин жыйынтыктарында, окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунда жана үйгө берилген тапшырмаларды туура аткаруусунда белгилүү болду.

Изденүүчү эксперименттин жыйынтыктары 2008-2009-окуу жылынын аягында толук чыгарылып, экспериментке катышкан Бакай-Ата районунун Ү.Акынбеков жана Кара-Буура районунун Б.Айтбаев атындагы

мектептеринин педагогикалык жамаатынын колдоосу менен педагогикалык кеңешмеде бул ишти жайылтуу үчүн мектептин иш планына киргизүү боюнча токтом кабыл алынды.

Ошону менен бирге изденүүчү эксперименттин жыйынтыктары Талас Мамлекеттик университетинин «Педагогика» кафедрасынын отурумунда талкууланып, аны айыл мектептерине жайылтуу боюнча чечим кабыл алынды.

## 3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо жана сунуштар

Изилдөөнүн акыркы этабында алынган эксперименттик жыйынтыктардын ишенимдүүлүгүн баалоо боюнча *текшерүүчү* педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү.

Экспериментке Бакай-Ата районунан Ү. Акынбеков атындагы орто мектеп, Талас районунан К. Нурбеков, Кара-Буура районунан Т. Айтматов, А.Умарбеков, Нарын районунан Түгөл уулу Усупбек, Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектептери катышты.

2009-2013-жылдар аралыгында жогорудагы эксперименттик ишке катышкан мектептерде «Ата-энелердин мектеби» уюштурулуп, ар бир окуу жылында бул мектептен 179 ата-эне билим алышып, төрт жылда баш аягы 716 ата-эне окуп чыгышкан. Педагогикалык окуу «Ата-энелерге кеңеш» деп аталган колдонмонун негизинде жүргүзүлгөн.Экспериментти жүргүзүүдө ата-энелер педагогикалык ишмердүүлүктүн жогорку, ортоңку жана төмөнкү деңгээлдери боюнча тандалып, байкоого алынган.

Педагогикалык маданияты жогорку деңгээлдеги ата-энелер:

1. Окутуунун жана тарбиялоонун – ар тараптан өнүккөн, социалдык жактан активдүү инсанды калыптандыруу максатын жакшы түшүнүшөт; окутуу ишинин туура багытын тандай алат; баланын жекече өнүгүүсүнүн этаптарында инсандын кандай сапаттары калыптана тургандыгы жөнүндөгү түшүнүктөрү так.

2.Үй-бүлөдө окутуу жана тарбиялоонун ар түрдүү позитивдүү методдору колдонулат. Ата-энелер баланын оң сапаттарына таянуу аркылуу алардын демилгеси менен өз алдынчалуулугуна кам көрөт, өзүнүн жүрүм-турумуу жана өзүн-өзү тарбиялоого анализ жүргүзө билүүсүн ойготот, кыйынчылыктарды жеңүүгө үйрөтөт. Окуу ишинин методдорун үй-бүлө мүчөлөрүнүн жардамы менен макулдашып колдоно алат.

3. Балага коюлган талаптар акыл эстүүлүк менен системалуу мүнөзгө ээ. Балага болгон мамиледе мээримдүүлүк менен катаалдыктын ченемдери сакталат.Пайда болгон проблемалар бири бирине маалымдалуу менен конструктивдүү анализдин негизинде чечилет.Чоңдордун жана балдардын ортосундагы мамиле өз ара ишеним жана сыйлоонун жүргүзүлөт.

4.Мындай ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта иш алып барат, педагогикалык агартуу иштерине дайыма катышат, окутуу жана тарбиялоо боюнча пайда болгон суроолорду мугалимдер менен кеңешет, алардын берген сунуштарын так аткарат. Мектептин окуу-тарбия иштерине активдүү катышат, өздөрүнүн демилгесин жана кызыгуусун билдиришет. Балдардын коомдук иштерине жардам берет.

Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын орто деңгээли:

1.Ата-энелер окуу-тарбия ишинин багытын – негизги максат менен байланыштырбай үстүртөн гана билишет,баланын кандай сапаттарын өнүктүрүү зарыл экендигин билгени менен баланын жаш жана жекече өнүгүү этаптарында аны туура аныктай албайт.

2. Үй-бүлөдөгү тарбиялоонун ар түрдүү методдорун колдонгону менен, акыл эстүүлүккө шайкеш келбейт. Ата-энелер баланын жакшы сапаттарына таянат, бирок чечим чыгарууга жана иш аракетти аткарууда демилгелүүлүккө жана өз алдынчалуулукка аз кам көрөт, кыйынчылыктарды жеңүүгө жеткиликтүү үйрөткөн эмес. Айрым учурларда тарбия берүүчүлүк таасирлер макулдашылбай туруп, балага үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан ар кандай ыкмалар колдонулат.

3. Балага коюлган талап акыл эстүүлүккө таянылат, бирок системалуу эмес мүнөздө жүргүзүлөт. Проблемаларды чечүүнү көпчүлүк учурда ата-энелер өз колдоруна алат. Ата-энелер менен балдардын ортосунда өз ара сый урмат мамилелери бар, бирок ата-энелер кызматташуу мамилелерин калыптандырууга умтулушпайт.

4.Ата-энелер окуу мекемелери менен байланышта болушат, педагогикалык процесске катышышат, кээ бир учурларда баланы тарбиялоо боюнча суроолор менен мугалимге кайрылышат, бирок мугалимдин берген кеңештерин, сунуштарын ар дайым эле аткара бербейт. Мектептин коомдук иштерине демилгеси жокко эсе, бирок мугалимдин суранычы менен катышып коёт, баланын коомдук турмушуна анча кызыкпайт.

Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын төмөнкү деңгээли:

1.Ата-энелердин окуу-тарбия ишинин багыттары, анын максаты жана милдети жөнүндө түшүнүктөрү жок. Баланын айрым инсандык сапаттарын калыптандыруу боюнча түшүнүктөрү болгону менен, аны конкреттештирүүдө кыйынчылыктарга дуушар болот.

2.Окутуу-тарбиялоо методдорун тандоо чектелген. Таасир берүүнүн авторитардык методун туура деп эсептейт. Баланы оң сапаттарына таянбайт, анын демилгесин жана өз алдынчалуулугун басып турат, тескерисинче баланы контролдобой эркин коёт, алардын өзүнүн жасаган ишине анализ кылууну үйрөтпөйт. Үй-бүлөдөгү тарбия ишинде пикир келишпестиктер бар.

3.Үй-бүлөлүк турмушта балага коюлган талаптар чектелген.Баланын проблемаларына ата-энелер кызыкпайт.Ата-энелер менен балдардын ортосундагы өз ара түшүнүүчүлүк, ишеним жана сыйлоо жок.

4.Мындай ата-энелер педагогдордун талабы менен гана чогулушка келет,алар педагогикалык агартуу иштерине катышпайт, балдарды тарбиялоо боюнча мугалимдердин берген кеңештерине көңүл бурбайт.Мектептин коомдук иштерине катышпайт, баланын коомдук иштерине көңүл кош мамиле жасайт.

Ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгү конструкциялык, уюштуруучулук жана коммуникациялык иш аракеттер аркылуу аныкталат. Конструкциялык иш аракетте ата-энелер балдарынын окуусуна жардам берүүнүн максатын терең түшүнүп жана алардын окуу иштерин уюштуруунун жолдорун тандайт.Уюштуруучулук иш аракет конструкциялык иштерди аткаруу менен шартталат. Буга: балдардын турмушун жана билим алуусун уюштуруу (күн режими, үйдөгү окуу иши, китеп окуу, эмгек, спорт, эс алуу ж.б.); өзүнүн иш аракетин жана дем алуусун уюштуруу ( үй тиричилигиндеги иштер, балдардын окуусуна жардам берүү, китеп окуу, дем алуу, баланы тарбиялоо боюнча иш аракеттери ж.б.) Коммуникативдик иштер ата-энелердин ортосунда, ата-энелер менен балдардын ортосунда, балдардын өздөрүнүн, үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана айлана чөйрөдөгү адамдар ортосунда абдан ыңгайлуу өз ара мамилелерди түзүүнү ичине камтыйт. Педагогикалык иштердин мына ушул түрлөрүнүн өз ара аракети кыйла даражада педагогикалык устаттыкты шарттайт.

Калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө алгачкы текшерүү окуу жылдарынын башында, тактап айтканда «Ата энелер мектебинде» окуурдун алдында, жыйынтыктоочу текшерүү окуу жылынын аягында алынып турду. Ата-энелердин педагогикалык иш аракеттери анкеталык суроолордун негизинде бааланды. Алардын мазмуну:1.Баланы окутуунун максатын түшүнүүсү. 2.Баланын окуу иштерин уюштуруу.3.Баланын окуу ишине жардам берүүгө болгон мамилеси.

Ата-энелерге иш аракеттин түрлөрүнө ылайык бирден гана суроо берилген. Себеби ар бир ата-эненин алган билимдерин сурап баалоо мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан, анкетадагы берилген суроолорго жооп берүү сунушталган. Биз мында эксперименталдык тажрыйба иши жалаң гана ата-энелердин билимин арттыруу, мейли ал жакшы уюштурулган болсо да каалаган натыйжаны бере албай тургандыгын сезип, ата-энелерди алган билимдерин практикада кандай колдонуп жаткандыктары жөнүндө да жазып берүүсүн сурандык. Бир эле учурда ата-энелердин педагогикалык

билимдеринин деңгээлдери ата-энелер тарабынан да өзүн-өзү баалоо аркылуу аныкталды. Ата-энелер жогорудагы суроолордун негизинде өздөрүнүн иш аракеттерине «эң жакшы», «жакшы», «орто» деген өздүк бааларын коюп чыгышты. Албетте, өзүн-өзү баалоодо ата-энелер өздөрүнө бааны жогорулатып коюшу мүмкүн,ошондой болсо да анын тарбиялык мааниси бар.Өздүк баалоонун натыйжасында ата-энелердин балдарына болгон жоопкерчиликтери жана өз милдеттерин аткарууга жасаган аракеттери дагы жогорулайт деген ишеним пайда болду.

Эксперименттин аягында алынган маалыматтар ата-энелердин иш аракеттеринин «жогорку», «ортоңку», «төмөнкү» деңгээлдери боюнча бааланды жана анын жыйынтыктары 2-таблицада көрсөтүлдү. Мында биз тараптан бааланган ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээли бөлчөктүн алымында, ал эми ата-энелердин өздүк баалары анын бөлүмүндө көрсөтүлдү.

Эксперименттин жыйынтыгында жогорку деңгээлдеги ата-энелердин педагогикалык билимдери болжол менен 16,7 пайызга, ал эми ортоңку деңгээлдеги ата-энелердин билими 11,2 пайызга, төмөнкү деңгээлдеги ата-энелердики 24,5 пайызга жогорулагандыгы белгилүү болду.

Ата-энелердин өзүн-өзү баалоосунун жыйынтыгы жогорку деңгээлдеги ата-энелердин билимдери 16,9 пайызга, ортоңку деңгээл 11,1 пайызга, төмөнкү деңгээл 28 пайызга жогорулагандыгын көрсөттү.

**1-таблица. Ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жана аларды колдоно билүүлөрүнүн деңгээли**.

| **Ата-энелердин иш аракеттеринин түрлөрү** | **Ата-энелердин иш аракеттеринин деңгээли (экспериментке чейин)** | | | **Ата-энелердин иш аракеттеринин деңгээли (эксперименттен кийин)** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жогорку** | **ортоңку** | **төмөнкү** | **жогорку** | **ортоңку** | **төмөнкү** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Балдарды окутуудагы ата-эненин конструкциялык иш аракети | 16,8 / 17,8 | 33,5 / 35,8 | 49,7 / 46,4 | 33,5 / 34,7 | 44,7 / 46,9 | 21,8 / 18,4 |
| 2. Балдарды окутуудагы ата-эненин уюштуруучулук иш аракети | 15,7 / 16,7 | 34,6 / 34,6 | 49,7 / 48,7 | 34,6 / 38,5 | 40,2 / 43,6 | 25,2 / 17,9 |
| 3. Балдарды окутуудагы ата-эненин коммуникативдик иш аракети | 19 / 19 | 36,3 / 36,9 | 44,7 / 44,1 | 36,9 / 36,9 | 44,7 / 45,8 | 18,4 / 17,3 |
| Орточо мааниси | 17,2 / 17,8 | 34,8 / 35,8 | 48 / 46,4 | 35 / 36,7 | 43,2 / 45,4 | 21,8 / 17,9 |

Биз тараптан коюлган баа менен ата-энелердин өздүк бааларынын орточо маанилерин салыштырып караганда жогорку деңгээлдеги ата-энелердин билимдери 0,6 – 1,7 пайызга, ортоңку деңгээл 1 – 2,2 пайызга жогору, төмөнкү денгээл 1,6 – 3,9 пайызга жогору болгондугу аныкталды. Баалоо процессиндеги бул айырмачылыктар анчалык чоң болбогондуктан, биздин жыйынтыктардын реалдуу экендиги билинди.

Педагогикалык экспериментке жогоруда аталган эксперименттик мектептердин башталгыч класстарынан 48 мугалим, 926 ата-эне жана 1128 окуучу катышты. Жалпысынан алганда 6 мектептин окуучулары

эксперименттик жана контролдук класстарга бөлүштүрүлдү. Аларга жараша ата-энелер дагы ошондой топтордун мүчөлөрү болуп калышты.

Текшерүүчү эксперимент 2009-2010, 2010-2011, 2011-2012, 2012-2013- окуу жылдарында 1-класска кирген окуучулар 4-классты аяктаганга чейин улантылып жүргүзүлдү.Эксперименттин жүрүшүндө башталгыч класстын мугалимдери «Ата-энелер мектебин» уюштуруу менен катар, биз тараптан сунушталган ата-энелердин педагогикалык билимдеринин мазмунун камтыган ата-энелер менен иштөөнүн пландары боюнча да иш алып барышты. Алгачкы текшерүү 2009-жылы октябрь айында, жыйынтыктоочу текшерүү 2013-жылы март айында алынды. Эксперименттин жыйынтыгында мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери аркылуу ата-энелердин педагогикалык билимдери жогорулап, үй-бүлөдө баланын окуу иштери туура уюштурулуп жана ага көзөмөл кылып жардам берүү педагогикалык жана методикалык жактан жолго коюлду. Анын натыйжасында окуучулардын билим сапаты жогорулады, ал боюнча алынган маалыматтар 2-таблицада берилди. Изилдөөнүн жыйынтыгында жыл аягында эксперименталдык класстын окуучуларынын предметтер боюнча «4» жана «5» деген баага өздөштүрүү деңгээлинин орточо мааниси адабий окуу -74,5 пайызды, кыргыз тили -71,7 пайызды, математика- 66 пайызды, мекен таануу -73,1 пайызды түздү, ал эми контролдук группанын окуучулары адабий окуу- 53,6 пайызды, кыргыз тили – 53,6 пайызды, математика- 43,6 пайызды, мекен таануу- 57,7 пайызды көрсөттү. Эксперименттик группанын предметтер боюнча билим сапатынын деңгээли контролдук группага салыштырмалуу 19,2 пайызга жогору болгондугу аныкталды.

**2-таблица. – Башталгыч класстын окуучуларынын окуу предметтерин «4» жана «5» деген бааларга өздөштүрүү деңгээли**

| № | | Классы | Ар бир предмет |
|---|---|---|---|

| | Предметтер | 1-класс | | 2-класс | | 3-класс | | 4-класс | | боюнча орточо мааниси | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Э | К | Э | К | Э | К | Э | К | Э | К |
| 1. | Адабий окуу | | | 69,5 | 52,7 | 75 | 54,1 | 79,1 | 54,1 | 74,5 | 53,6 |
| 2. | Кыргыз тили | | | 69,5 | 52,7 | 70,8 | 54,1 | 75 | 54,1 | 71,7 | 53,6 |
| 3. | Математика | | | 60,8 | 39,1 | 66,6 | 41,6 | 70,8 | 50 | 66 | 43,6 |
| 4. | Мекен таануу | | | 69,5 | 56,5 | 75 | 58,3 | 75 | 58,3 | 73,1 | 57,7 |
| | Орточо мааниси | | | 67,3 | 50,2 | 71,8 | 52 | 74,9 | 54,1 | 71,3 | 52,1 |

Эксперименттик иштер 1-класстан башталып, ошол эле окуучулар 4-класссты аяктаганга чейин улантылды. Натыйжада окуучулардын билим сапаты жыл өткөн сайын улам өсүп отурду. Анын жыйынтыктарын төмөнкү гистограммалардан көрүүгө болот (2-3-сүрөттөр).



**Сүрөт 2. Башталгыч класста предметтерди «4» жана»5» деген баага окуган окуучулардын көрсөткүчтөрү**




**Сүрөт 3. Окуучулардын класстан класска көчкөн учурундагы билим сапатынын орточо маанисинин өсүү деңгээли**

Жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин жыйынтыгында башталгыч класстын окуучуларынын окуу жылдарынын аралыгында билим сапаты 19,2 пайыздан 20 пайызга чейин көтөрүлгөндүгү аныкталды. Башталгыч мектептин мугалимдери ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуу аркылуу окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө боло тургандыгын белгилешти. Ал эми контролдук группалардагы окуучулардын билим сапаты ошол эле деңгээлде калды.

Педагогикалык тажрыйба көрсөткөндөй, биз тараптан сунуш кылынган ата-энелердин педагогикалык билимдеринин мазмуну азыркы мектептеги мугалим менен ата-энелердин биргелешкен иш аракеттеринде башталгыч класстагы окуучулардын билим сапатын жакшырта турганы тастыктады.

*Үчүнчү глава боюнча корутунду*

Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу деп аталган изилдөө ишибиз 2006-2007- окуу жылында башталып, аныктоочу (констатациялык) эксперимент жүргүзүлдү. Анын жыйынтыктарында : башталгыч мектептин мугалимдери менен ата-энелердин окуучунун билим сапатын көтөрүү боюнча биргелешип жүргүзгөн иш аракеттеринин абалы начар экендиги, мугалимдердин пландуу, системалуу иш жүргүзө албагандыктары, ата-энелердин баланын окуу ишине жардам берүүгө билимдеринин жетишсиздиги белгиленген.

Констатациялык экспериментте аныкталган кемчиликтерди жоюу үчүн 2007-2008, 2008-2009-окуу жылдарында изденүүчү эксперимент жүргүзүлдү. Ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүү максатында, аларга зарыл болгон билимдердин мазмуну «Ата-энелерге кеңеш» деп аталган методикалык колдонмодо сунушталды. Мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруу пландары, формалары мугалимдерге сунушталып, айыл мектептеринде практикаланды. Изилдөөнүн жыйынтыгында мугалимдер ата-энелер менен окуучунун билим сапатын көтөрүүгө жетише алды, ата-энелердин педагогикалык маданияты жогорулады, алар мектептин ишине көбүрөөк тартылып, балдарынын сабактарына жардам берише баштады. Биргелешкен иш аракеттер мугалимдер үчүн, ата-энелер үчүн жана балдар үчүн да пайда алып келди. Балдар эки тараптын кызматташуусун көрүп сыймыктанышты, окуу ишине жоопкерчиликтери көтөрүлдү.

Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы мектеп менен ата-энелердин иштеринин натыйжасын окуучулардын билим сапатын баалоо менен аныктады. Ошону менен катар ата-энелердин педагогикалык билимдеринин практикада колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн биз тараптан жана өзүн-өзү баалоо системасы менен аныктап, ата-энелердин жогорку, ортоңку, төмөнкү деңгээлдеринин улам жогорулагандыгын көрсөттү.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөө – айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу проблемасына арналган.

Изилдөөнүн актуалдуулугу илим менен практикадагы төмөнкүдөй жагдайлар менен шартталат:

- жаңы социалдык кырдаал ага байланыштуу билим берүү парадигмалары ата-энелерден балдардын окуу иш аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатууда белгилүү компетенцияларга ээ болуу талабын жаратты;
- ата-энелердин мындай милдетти аркалап кетүүгө психолого-педагогикалык жактан даярдоо, аларды педагогикалык билим жана билгичтиктердин белгилүү бир көлөмүнө ээ кылуу мугалимдин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн талап кылат;
- ата-энелердин балдардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, ага жардам берүү компетентүүлүктөрү илимде теориялык жактан жеткиликтүү иштелип чыккан эмес. Бул проблеманын чечилиш шарттары эң соңку изилдөөлөрдө да айкындалган эмес.

Изилдөө психологиялык-педагогикалык жана практикалык тажрыйбаларды кеңири колдонуу менен төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берди:

1.Кыргызстандагы айыл мектептеринин окуучуларынын билим сапаты шаардык мектептерге салыштырмалуу төмөн экендиги мурдатан эле белгилүү болгондугуна карабастан, жыл өткөн сайын айыл мектептеринде билимдин сапатынын төмөндөп бара жатышы бул проблеманы терең изилдеп кароо зарылдыгын жаратты. Изилдөөлөрдө шаардык мектептердин шарттарынан жана иш аракеттеринен айрымаланган айылдык башталгыч жалпы билим берүүчү уюмдарда жүргүзүлгөн таалим-тарбия иштеринин

өзгөчөлүктөрү каралып, анализ жүргүзүлдү. Натыйжада, айылдарда мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын жоктугунан улам мектепке даярдыгы жок балдар кабыл алынгандыгы; айыл мектептеринин финансылык, материалдык базасынын начардыгы; окуу китептери жана кенже окуучуларга арналган адабий китептердин жетишсиздиги; окуучулардын ден-соолугуна кам көрүүчү медициналык кабинеттердин жокко эсе болушу; айылдык жашоо шартка ылайыктуу мугалимдердин бош убактыларынын аздыгы; мектепте мугалимдердин билимин жогорулатуу боюнча иш чаралардын аз өткөрүлүшү; педагогика-психологиялык адабияттардын жана методикалык колдонмолордун, газета-журналдардын жетишсиздиги; билим берүүнү башкаруу органдары тарабынан квалификациялуу методикалык жардамдын аздыгы; айылда мектептен тышкаркы билим берүүчү мекемелердин жоктугу жана кошумча билим берүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги; күзгү жана жазгы талаа жумуштарынын мезгилинде балдардын сабакты көп калтыруулары; ата-энелердин педагогикалык билимдеринин төмөндүгү жана балдарынын окуу иштерине кайдыгер кароосу, мугалимдердин ата-энелер менен чогуу иштөө аракеттеринин аздыгы аныкталып, ал өз учурунда окуучулардын билим сапатына терс таасирин тийгизип жаткандыгын көрсөттү. Мына ушул өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатына оң таасир берүүчү факторлор аныкталып, алардын ичинен айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын таалим-тарбиясынын сапатына өзгөчө таасир берүүчү фактор катары ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээли жана алардын мугалимдер менен биргелешкен иш аракеттерин уюштуруунун жолдорун өркүндөтүүнү тандап алдык.

2. Изилденип жаткан проблема боюнча белгилүү педагогдордун илимий эмгектерине, диссертациялык иштерине жүргүзүлгөн анализдин негизинде, башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатууга арналган теориялык изилдөөлөрдүн жетишсиздиги аныкталды. Аныктоочу

экспериментин жыйынтыгы айылдык башталгыч мектепте окуучулардын билим сапатын көтөрүү боюнча мектеп менен ата-энелердин ортосундагы биримдиктин жоктугун, мугалимдердин ата-энелер менен максатка багытталган пландуу иштерди жүргүзө албагандыгын, мектепте ата-энелер үчүн педагогикалык агартуу иштеринин жүргүзүлбөгөндүгүн, ата-энелер балдарынын окуу иштерин туура уюштура албагандыгын, алардын окуусуна жардам берилбей, көзөмөлдөнбөй жаткандыгын, ата-энелердин мектептин ишине кызыкпагандыгын аныктады. Мындай кемчиликтердин пайда болуу себептери үйрөнүлүп, аларды жоюунун жолдору такталды.

3. Окуучулардын таалим-тарбиясынын деңгээли ата-энелердин педагогикалык билимдерине жана билгичтиктерине жараша болоору эске алынып, азыркы ата-энелерге зарыл болгон педагогикалык билимдердин жаңыланган мазмуну иштелип чыкты. Анын ата-энелерди үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоого, окуу иштерин уюштурууга, мектеп программасынын окуучуга койгон талаптарын билүүгө, окуучуну окуу көндүмдөрүнө, жазууга, математикага үйрөтүүгө жана үй-бүлөдө баланын китеп окуусун уюштурууга оң таасирин берээри далилденди. Натыйжада «Ата-энелерге кеңеш» деп аталган методикалык колдонмо даярдалып, ата-энелерге сунушталды жана андагы маалыматтар менен ата-энелерди тааныштыруунун жолдору иштелип чыкты.

Мугалимдер менен ата-энелердин биргелешкен иш аракеттерин уюштуруунун оптималдуу формалары катары ата-энелер чогулушунун – тегерек стол түрүндө, тематикалык дискуссия, ата-энелердин тажрыйба алмашуусу түрүндө өткөрүлгөндүгү, лекциялар, предметтер боюнча уюшулган практикумдар, ата-энелер үчүн ачык сабактар, ата-энелердин мектеби ж.б. тандалып алынып, мектеп практикасында колдонулуп, окуучулардын билимдерге ээ болуу жөндөмдөрүнүн калыптануусуна, билимдеринин сапатын көтөрүүгө шарт түздү.

4. Мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттеринин эффективдүүлүгүн текшерүүгө арналган педагогикалык эксперименттердин

жыйынтыктарында ата-энелер мектебинен билим алган ата-энелердин педагогикалык билимдери 11,2 пайыздан 24,5 пайызга чейин жогорулагандыгы, анын натыйжасында ата-энелердин балдарынын окуусуна көмөк көрсөтүүсү жакшырып, окуучулардын билим сапаттары 19,2 пайыздан 20 пайызга чейин жогорулады. Демек, биздин изилдөөбүздө коюлган илимий божомолдун туура экендиги далилденди.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1.Орто мектептин мугалимдери ата-энелердин жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз аракеттерди жасоо.

2.Башталгыч мектепте окуучулардын билим сапатын көтөрүү боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш аракеттерин уюштуруу боюнча сунуш кылынган иш чараларды колдонуу.

3.Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетентүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча максаттуу иштерди аткаруу, мугалимдердин билимин жогорулатуу процессинде ага өзгөчө көңүл буруу.

4.Мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен аракеттеринин окуучулардын инсандык сапаттарын, негизги жана предметтик компетентүүлүктөрүн калыптандырууга тийгизген таасирин обьективдүү талдоо жана баалоо.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдураимова, З.С. Балдардымектепкедаярдоодогү үй-бүлөнүн ролу [Текст] / З.С. Абдураимова // Эл агартуу. – Бишкек, 2010. – №3-4. – 90-б.
2. Абдураимова, Р. Үй-бүлөдөкенжемектепкурагындагыбалдардыэлдикпедагогиканынкаражаттарыаркылуутарбиялоо [Текст]: пед. илим. докт. … дис. / Р. Абдураимова. – Киев, 2006. – 232 б.
3. Агафонова, И.Н. Психологическая готовность к школе в контексте проблемы адаптации [Текст] / И.Н. Агафанова // Начальная школа. – 1999. – №1. – С. 23-26.
4. Адилова, Г.И. Мекентаануу [Текст] / Г.И. Адилова. – Бишкек: Инсанат, 2011. – 55 б.
5. «Айылмектеби» комплекстүүпрограммасы. – Бишкек, 2004. – 8 б.
6. Азаров, Ю.П. Семейная педагогика [Текст] / Ю.П. Азаров. – М.: Политиздат, 1982. – 173 с.
7. Азаров, Ю.П. Радость учить и учиться [Текст] / Ю.П. Азаров. – М.: Политиздат, 1989. – 335 с.
8. Алимбеков, А. Кыргызэтнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996. – 36 б.
9. Алибекова, З.Н. Ценности семейного воспитания народов Дагестана [Текст] / З.Н. Алибекова, Б.Ш. Алиева // Педагогика. – 2009. – №6. – С. 49-50.
10. Амонашвили, Ш.А. Воспитательная и образовательная функция оценки учения школьников [Текст] / Ш.А. Амонашвили. – М.: Педагогика, 1984. – 297 с.
11. Амонашвили, Ш.А. Психологические основы педагогики сотрудничества [Текст]: книга для учителя / Ш.А. Амонашвили. – Киев: Освита, 1991. – 110 с.

12. Андреева, К.Е. Формирование положительного отношения к учению на основе взаимодействия семьи и школы [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / К.Е. Андреева. – Якутск, 2000. – 20 с.
13. Антропова, М.В. Гигиена младшего школьника [Текст] / М.В. Антропова. – М.: Знание, 1970. – 64 с.
14. Ануфриев, А.Ф. Как преодолеть трудности в обучении детей. Психодиагностические таблицы. Психодиагностические методики. Коррекционные упражнения [Текст] / А.Ф. Ануфриев, С.Н. Костромина. – М., 2000. – 272 с.
15. Аплетаев, М.Н. Воспитание ответственного отношения учащихся к учению в учебном процессе [Текст]: учебное пособие / М.Н. Аплетаев, С.А. Маврин, А.П. Медведицков. – Омск, 1989. – 77 с.
16. Архиреева, Т.В. Родительские позиции как условие развития отношения к себе ребенка младшего школьного возраста [Текст]: автореф. дисс. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Т.В. Архиреева. – М., 1990. – 19 с.
17. Афанасьева, Т.М. Үй-бүлөө [Текст] / Т.М. Афанасьева. – Фрунзе: Мектеп, 1987. – 155 б.
18 Бабанский, Ю.К. Школа, семья и общественность в предупреждении неуспеваемости школьников [Текст] / Ю.К. Бабанский. – М., 1972.
19. Байдельдинова, Г.К. Семья и школа формируют человека [Текст] / Г.К. Байдельдинова. – Алма-Ата: Мектеп, 1984. – 72 с.
20. Бардин, К.В. Балаңызокугусукелбесе [Текст] / К.В. Бардин. – М., 1988. – 69 с.
21. Бардин, К.В. Как научить детей учиться [Текст] / К.В. Бардин. – М.: Просвещение, 1987. – 55 с.
22. Башталгычкласстардынпрограммалары. – Бишкек: Шам, 2002. – 20-47-бб.
23. Безруких, М. Почему учиться трудно? Школа для родителей [Текст] / М. Безруких, С. Ефимова, Б. Круглов // Семья и школа. – 1995.– №2. – С. 207-208.

24. Бекбоев, И.Б. Илим падышасыбилимгекызматөтөшүкерек [Текст] / И.Б. Бекбоев // Кут Билим. – 2008. – 25-январь. – 7-б.
25. Бекбоев, И.Б. Окуучунун инсанын бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык өстүрүп өнүктүрүүнүн ишенимдүү ыкмалары [Текст] / И.Б. Бекбоев // Эл агартуу. – 2013. – №9-10.
26. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 372 б.
27. Бекбоев, И.Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И.Б. Бекбоев, А. Алимбеков. – Бишкек, Бийиктик, 2011. – 27 б.
28. Бекбоев, И.Б. Башталгыч класста математиканы окутуунун методикасы [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек,2011.
29. Белкин, А.С. Ситуация успеха. Как ее создать [Текст] / А.С. Белкин. – М.: Просвещение, 1991.
30. Белова, Л.В. В семье – первоклассник [Текст] / Л.В. Белова. – М.: Педагогика, 1980.
31. Берендеева, Г. Школа и семья: способы взаимодействия [Текст] / Г. Берендеева, В. Васильев // Сельская школа. – 2003. – №1. – 112 с.
32. Бестужев-Лада, И.В. Ступени к семейному счастью [Текст] / И.В. Бестужев-Лада. – М.: Мысль, 1988. – 301 с.
33. Бестужев-Лада, И.В. Будущее не предсказуемо, но вполне предвидимо [Текст] / И.В. Бестужев-Лада // Смена. – 2003. – №1. – С. 34-39.
34. Бестужев-Лада, И.В. Что делать родителям в школе [Текст] / И.В. Бестужев-Лада // Классный руководитель. – 1991. – №1. – С. 39-43.
35. Бландова, О.М. Работа классного руководителя в условиях сельской школы [Текст]: учебное пособие для студентов / О.М. Бландова, Е.М. Кубарев, М.Н. Агейкина. – Куйбышев, 1977. – 66 с.
36. Болдырев, Н.И. Класс жетекчи [Текст] / Н.И. Болдырев. – Фрунзе: Мектеп, 1974. – 152 б.

37. Болджурова, И. С. Поднять статус учителя и качество образования [Текст] / И.С. Болджурова // Кут Билим. – 2008. – 29 марта.
38. Бондарь, Л.С. Проблемы совместной воспитательной деятельности школы и семьи в педагогическом наследии В.А. Сухомлинского [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Л.С. Бондарь. – Киев, 1984.
39. Бугрименко, Е.А. Чтение без принуждения [Текст] / Е.А. Бугрименко, Г.А. Цукерман. – М., 1987.
40. Будницская, И.И. Ребенок идет в школу [Текст] / И.И. Будницская, А.А. Катаева. – М.: Педагогика, 1985.
41. Букреева, Е.Н. Содержание и организация социально-педагогической работы школы с семьями младших школьников в сельском социуме [Текст] / Е.Н. Букреева, В.Н. Гуров. – Ставрополь, 2003. – 112 с.
42. Бусловская, Л.К. Здоровье младших школьников: пути решения проблемы [Текст] / Л.К. Бусловская // Начальная школа. – 2011. – №6. – С. 16.
43. Вавилов, Ю.П. Специфика профессии учителя начальных классов [Текст] / Ю.П. Вавилов // Начальная школа. – 2002. – №8. – С. 87-89.
44. Валиева, Э. Семья и школа – важное условие воспитания детей [Текст] / Э. Валиева. – Бишкек, 2013.
45. Васильева, Л.Е. Развитие педагогической культуры родителей как фактор повышения качества образования в сельской школе [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Л.Е. Васильева. – М., 2007. – 21 с.
46. Васильева, З.И. Изучение личности школьника учителем [Текст] / З.И. Васильева. – М.: Педагогика, 1991. – 136 с.
47. Венгер, А.Л. Родители просят совета [Текст] / А.Л. Венгер. – М.: Знание, 1981. – 22 с.
48. Виноградова, Н.Ф. Обсуждаем проблему контроля и оценки в начальной школе [Текст] / Н.Ф. Виноградова // Начальная школа. – 1999. – №8. – С. 93-95.

49. Витковский, А. Обучение в начальной школе: каким хотят видеть его родители и учителя [Текст] / А. Витковский // Школьное дело. – 2009. – №7. – С. 9-10.
50. Воликова, Т.В. Учитель и семья [Текст] / Т.В. Воликова. – М.: Просвещение, 1979. – 142 с.
51. Волков, В.А. О некоторых приемах обучения навыкам чтения [Текст] / В.А. Волков, Л.Б. Баязова // Начальная школа. – 1998. – №1. – С. 61.
52. Воронцов, А.Б. Некоторые подходы к вопросу контроля и оценки учебной деятельности учащихся [Текст] / А.Б. Воронцов // Начальная школа. – 1999. – №7. – С. 61-71.
53. Выготский, JI.С. Вопросы детской психологи [Текст] / Л.С. Выготский. – Бишкек, 1997. – 220 с.
54. Гаврилова, Т.П. Учитель и семья школьника [Текст] / Т.П. Гаврилова. – М.: Знание, 1988.
55. Гаврилычева, Г.Ф. Вначале было детство. Диагностика изучения личности младшего школьника [Текст] / Г.Ф. Гаврилычева // Начальная школа. – 1994. – №1. – С. 16-18.
56. Гальперин, П.Я. Методы обучения и умственного развития ребенка [Текст] / П.Я. Гальперин. – М., 1985. – 45 с.
57. Гейко, В.А. Роль семьи в развитии школьных успехов ребенка [Текст] / В.А. Гейко // Начальная школа. – 1999. – №3. – С. 60-61.
58. Гребенников, И.В. Мектеп жана үй-бүлө [Текст]: мугалимдер үчүн колдонмо / Которгон А. Молдокматова. – Фрунзе: Мектеп, 1988. – 129 б.
59. Гребенников, И.В. Основы семейной жизни [Текст] / И.В. Гребенников. – М.: Просвещение, 1991. – 114 с.
60. Гребенников, И.В. Үй-бүлө турмушунун этикасы жана психологиясы [Текст] / И.В. Гребенников, И.В. Дубровина. – Фрунзе: Мектеп, 1986. – 288 б.

61. Гурьянова, М.П. Кризис сельской семьи и социально-педагогические подходы к его преодолению [Текст] / М.П. Гурьянова // Педагогика. – 2012. – №5. – С. 44.
62. Данилов, С.В. Концепция эффективного воспитания [Текст] / С.В. Данилов, Е.И. Казакова // Классный руководитель. – 1998. – №2. – С. 12-25.
63. Дереклеева, Н.И. Родительские собрания в 1-11 классах [Текст] / Н.И. Дереклеева. – М.: Вербум, 2003. – 77 с.
64. Дереклеева, Н.И. Классный руководитель: Основные направления деятельности [Текст] / Н.И. Дереклеева. – М.: Вербум, 2003. – 621 с.
65. Димура, И.Н. Сельский учитель: проблемы становления [Текст] / И.Н. Димура. – Л.: Знание РСФСР. – 1991. – 15 с.
66. Диагностика успешности учителя [Текст] / Сб. мат. для руковод. шк. Сост. Т.В. Морозова. – М.: Педагогический поиск, 1997. – 94 с.
67. Желденова, М.Б. Башталгыч мектептерде комплекстүү үй тапшырмасын түзүүнүн негизинде окууишмердүүлүгүнүн сапатын көтөрүү [Текст] / М.Б. Желденова // Эл агартуу. – 2011. – №1-2. – 72-73-бб.
68. Елисеев, И.И. Перестройка – семье, семья – перестройке [Текст] / И.П. Елисеев. – М.: Мысль, 1990. – 285 с.
69. Еремкина, О.В. Воспитательные технологии [Текст] / О.В. Еремкина // Классный руководитель. – 1998. – №5. – С. 2-10.
70. Ерина, Э.Г. Главное воспитание человека [Текст]: учебно-методическое пособие / Э.Г. Ерина, Л.И. Лаврентьева. – Ставрополь: Пресса, 2003. – 95 с.
71. Есенева, Л.К. Разработка проблем семейного воспитания в контексте педагогической психологии (сер. XIX нач. XX в.) [Текст]: автореф. дис. … канд. психол. наук: 19.00.97 / Л.К. Есенева.– Ставрополь, 2003. – 22 с.

72. Заводилкина, О.В. Воспитание детей в семье в контексте социальных изменений [Текст] / О.В. Заводилкина // Начальная школа. – 2004. – №3. – С. 6-13.
73. Занков, Л.В. О начальном обучении [Текст] / Л.В. Занков. – М., 1963. – 199 с.
74. Захарова, А.В. Исследование самооценки младших школьников в учебной деятельности [Текст] / А.В. Захарова, Т.Ю. Андрученко // Вопросы психологии. – 1980. – №4. – С. 54-62.
75. Захарова, А.В. Мир детства. Младший школьник [Текст] / А.В. Захарова, В.И. Слободчиков. – М.: Педагогика, 1981.
76. Зорин, С. Психологическая служба в школе: цели и задачи [Текст] / С. Зорин // Учитель. – 2003. – №2. – С. 33-34.
77. Зотова, Н.В. Работа по предупреждению ошибок при выполнении письменных вычислений [Текст] / Н.В. Зотова // Начальная школа. – 1998. – №3. – С. 34.
78. Иванов, А.В. Развитие педагогической культуры классного руководителя в современной школе [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / А.В. Иванов. – М., 2002. – 16 с.
79. Иванов, А.Ф. Сельская школа [Текст] / А.Ф. Иванов. – М.: Педагогика, 1987.
80. Иванцова, А. Изучение особенностей воспитания в семьях [Текст] / А. Иванцова // Воспитание школьников. – 2003. – №4. – С. 33.
81. Игошев, К.Е. Семья, дети, школа [Текст] / К.Е. Игошев, Г.М. Миньковский. – М., 1989. – 448 с.
82. Измайлов, А.Э. Народная педагогика. Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / А.Э. Измайлов. – М.: Педагогика, 1991. – 256 с.
83. Ильин, Е.Н. Шаги навстречу: Из опыта работы учителя [Текст] / Е.Н. Ильин. – М.: Просвещение, 1986. – 32 с.

84. Какоева, А.Г. Формирование педагогической культуры родителей [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / А.Г. Какоев. – Владикавказ, 2003. – 23 с.
85. Каптерев, П.Ф. Избранные педагогические сочинения [Текст] / П.Ф. Каптерев. / Под ред. А.М. Арсентьева. – М.: Педагогика, 1982. – 704 с.
86. Капралова, Р.М. Работа классного руководителя с родителями [Текст] / Р.М. Капралова. – М.: Просвещение, 1980. – 188 с.
87. Караковский, В.А. Чтобы воспитание было успешным [Текст] / В.А. Караковский. – М.: Знание, 1979. – 95 с.
88. Кейт Берт, Уолш. Балдарүчүнокууиштеринуюштуруу [Текст] / Кейт Берт Уолш. – Бишкек, 1998.
89. Кибардина, Л.П. Родительское собрание [Текст]: методическое пособие / Л.П. Кибардина, Е.П. Алексеева. – Бишкек, 2002.
90. Ковалев, С.В. Психология современной семьи [Текст] / С.В. Ковалев. – М.: Просвещение, 1988. – 207 с.
91. Коджаспирова, Г.М. Педагогика [Текст]: учебник / Г.М. Коджаспирова. – М., 2010. – 544 с.
92. Койнова-Цельнер, Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары [Текст] / Ю.В. Койнова-Цөльнер. – Бишкек, 2011.
93. Колесник, Н.Т. Влияние особенностей семейного воспитания на социальную адаптированность детей [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.Т. Колесник. – М., 1999. – 15 с.
94. Колесников, П.А. Родительский комитет – помощник школы [Текст] / П.А. Колесников. – Вологда, 1963.
95. Коменский, Я.А. Материнская школа. Сочинения [Текст] / Я.А. Коменский. – М., 1982. – Т.1. – С. 229-237.
96. Коменский, Я.А. Педагогическое наследие [Текст] / Я.А. Коменский, Д. Локк, Ж.Ж. Руссо, И.Г. Песталоцци. – М.: Педагогика, 1989. – 323 с.

97. Коменский, Я. А. О воспитании [Текст]: сборник для педагогов, родителей, студентов пед. вузов / Я. А. Коменский. – М.: Школьная пресса, 2003. – 192 с.
98. Коменский, Я.А. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 2-х т. / Я.А. Коменский. – М.: Педагогика, 1982. – Т.1. – 655 с.
99. Концепция развития образования Кыргызской Республики до 2020 года // Кут билим, 2011. – 5-август. – 3-8-бб.
100. Кон, И. С. Ребенок и общество [Текст] / И.С. Кон. – М.: Наука, 1988. – 269 с.
101. Кондратенков, А.Е. Сельская школа: проблемы и перспективы [Текст] / А.Е. Кондратенков // Советская педагогика. – 1984. – №10. – С. 23-27.
102. Корчак, Я. Как любить детей [Текст]: пер. с польского / К. Сенневич, Я. Корчак. – М.: Знание, 1991. – 190 с.
103. Корниенко, С.М. Формирование профессионально педагогической готовности студентов к работе с родителями младших школьников [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / С.М. Корниенко. – Киев, 1983. – 15 с.
104. Крамеренко, С.Г. Индивидуальный подход к родителям школьников в процессе педагогического всеобуча [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / С.Г.Крамеренко. –**город.год** 32 с.
105. Куликова, Т.А. Семейная педагогика и домашнее воспитание [Текст] / Т.А. Куликова. – М.: Академия, 1999. – 232 с.
106. Крупская, Н.К. Педагогические сочинения в десяти томах [Текст]: т. 2. / Н.К. Крупская. – М., 1959. – 750 с.
107. Крупская, Н.К. Об учителе [Текст]: изб.статьи, речи и письма / Н.К. Крупская. – 2-е. изд., доп.– М., 1960. – 360 с.
108. Крупская, Н.К. О воспитании [Текст]: избр. пед. соч. / Н.К. Крупская. – М.: Изд-во АПН, 1978. – 314 с.

109. Леонтьев, А.Н. Деятельность. Сознание. Личность [Текст] / А.Н. Леонтьев. – М.: Политиздат, 1977. – 304 с.
110. Лесгафт, П.Ф. Семейное воспитание ребенка и его значение [Текст] / П.Ф. Лесгафт. – М.: Педагогика, 1991. – 174 с.
111. Лихачев, Б.Т. Педагогика [Текст]: курс лекций для вузов / Б.Т. Лихачев. – М.: Юрайт, 2000. – 523 с.
112. Ломизе, Л.С. В поисках взаимодействия [Текст] / Л.С. Ломизе. – М.: Знание, 1990. – 48 с.
113. Локалова, Н.П. Школьная неуспеваемость: причины, психокоррекция, психопрофилактика [Текст]: учебное пособие / Н.П. Локалова. – СПб: Питер, 2009. – 77 с.
114. Лодкина, Т. Диагностическая деятельность классного руководителя и школьного психолога в работе с семьей [Текст] / Т. Лодкина, Ф. Кевля // Сельская школа. – 2003. – №1. – С. 112.
115. Лукзен, Л.Н. Растим читателя: советы родителям [Текст] / Л.Н. Лукзен. – Алматы, 2003. – 68 с.
116. Лукзен, Л.Н. Приведите ребенка в библиотеку [Текст] / Л.Н. Лукзен. – Алматы, 2003. – 73 с.
117. Лусканова, Н.Г. Методы исследования детей с трудностями в обучении [Текст]: учебно-методическое пособие / Н.Г. Лусканова. – М.: Фолиум, 1999. – 30 с.
118. Лучина, Т. Методические рекомендации по проведению родительских собраний [Текст] / Т. Лучина // Воспитание школьников. – 2002. – №9. – С. 80.
119. Люблинская, А.А. Учителю о психологии младшего школьника [Текст] / А.А. Люблинская. – М.: Просвещение, 1977. – 224 с.
120. Маишева, В.А. Работа с родителями [Текст]: пособие для учителя / В.А. Маишева. – М.: Просвещение, 1982. – 64 с.

121. Мадаминов, Г. Ата-энелерсиздерүчүн [Текст] / Г. Мадаминов. – Бишкек, 2001. – 2-чыг.– 27 б.
122. Макаренко, А.С. Педагогические сочинения [Текст]: в 8-ми т. / А.С. Макаренко. – М.: Педагогика, 1984. – Т. 4. – 400 с.
123. Макаренко, А.С. Книга для родителей [Текст] / А.С. Макаренко. – М.: Педагогика, 1988. – 245 с.
124. Макаренко, А. С. О воспитании [Текст] / А.С. Макаренко. – М.: Политиздат, 1990. – 415 с.
125. Макаренко, А.С. Лекции о воспитании детей [Текст] / А.С. Макаренко. – Минск, 1978. – 96 с.
126. Макаренко, А.С. Выступления по вопросам семейного воспитания. Сочинение [Текст] / А.С. Макаренко. – М., 1984. –Т. 4. – 504 с.
127. Макарова, В.С. О совместной работе школы, семьи и общественности [Текст] / В.С. Макарова. – М.: Просвещение, 1967.
128. Маленкова, Л.И. Дети, родители, педагоги [Текст]: методическое пособие для воспитателей, классных руководителей / Л.И. Маленкова. – М.: Интеллект, 1994.
129. Мамбетакунов, Э. Педагогиканыннегиздери [Текст] / Э. Мамбетакунов, Т. Сияев. – Бишкек: Аят, 2010. – 236 б.
130. Мамбетакунов, Э. Билим берүүнү өнүктүрүүгө комплекстүү мамиле керек [Текст] / Э. Мамбетакунов // Кут билим. – 2008. – 11-январь.
131. Мамедов, Г.К. Педагогическая пропаганда среди родителей [Текст] / Г.К. Мамедов. – М.: Просвещение, 1966.
132. Мачехина, О. Семья в современном мире [Текст] / О. Мачехина // Воспитание школьников. – 2003. – №4. – С. 36-41.
133. Мектепке даярдоо программасы. – Бишкек, 2011.
134. Меренков, А.В. Самоопределение младших школьников в учебе и отдыхе [Текст] / А.В. Меренков, И.Ю. Ковалева. – М., 2007. – 62 с.

135. Методика формирования профессионального самоопределения школьников на различных возрастных этапах. / Под ред. А.Я. Журкиной, С.Н. Чистяковой. – Кемерово, 1996. – 149 с.
136. Мирошниченко, Л.П. Проблемы гарантии качества образования и мировой опыт их решения [Текст] / Л.П. Мирошниченко. – Бишкек, 2005. – 115 с.
137. Мозгарев, Л.В. Учитель и качество образования [Текст] / Л.В. Мозгарев, В.П. Панасюк // Педагогика. – 2007. – №1. – С. 66-71.
138. Мудрик, А.В. Социальная педагогика [Текст]: учебник для студентов высших пед. учебных заведений / А.В. Мудрик. – М., 1999. – 182 с.
139. Мудрость воспитания [Текст]: книга для родителей / Сост. Б.М. Бим-Бад, Д.Э. Днепров, Г.Б. Корнетов. – М.: Педагогика, 1987. – 251 с.
140. Мушкина, И.А. Об оценке труда учителя начальной школы [Текст] / И.А. Мушкина // Начальная школа. – 1999. – №11. – С. 41-44.
141. Немов, Р.С. Психология [Текст] / Р.С. Немов. – М., 1998.
142. Нестерова, О.С. Педагогическая культура родителей как источник гуманизации воспитания младших школьников [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01. / О. С. Нестерова. –Карачаево-Черкесск, 2002. – 22 с.
143. Никитина, JI.E. Социально-педагогическая служба в школе [Текст]: методические рекомендации / Л.Е. Никитина. – М., 1997. – 100 с.
144. Никитина, JI.E. Социальный педагог в учреждении образования (модель и методика работы) [Текст]: методическое пособие / Л.Е. Никитина. – М., 2001. – 50 с.
145. Никитин, Б.П. Мы, наши дети и внуки [Текст] / Б.П. Никитин, Л.А. Никитина. – 3-е изд. доп. – М.: Молодая гвардия, 1989. – 303 с.
146. Орлов, А.А. Современный учитель: социальный престиж и профессиональный статус [Текст] / А.А. Орлов // Педагогика. – 1999. – №7. – С. 60-65.

147. Осипова, И. Семейное консультирование в школе [Текст] / И. Осипова // Воспитание школьников. – 2004. – №1. – С. 30-33.
148. Островская, Л.Ф. Педагогические знания родителям [Текст] / Л.Ф. Островская. – М.: Просвещение, 1983. – 170 с.
149. От Я до Мы: Азбука семейной жизни [Текст] / Сост. С.В. Ковалев. – М.: Педагогика, 1989. – 336 с.
150. Педагогика: пед. теории, системы, технологии [Текст]: учебник для студентов высших и средних учебных заведений. / Под ред. С.А. Смирнова. – М., 2000. – 509 с.
151. Педагогическая диагностика в школе [Текст] / Под ред. А.И. Кочетова. – Минск: Народная асвета, 1987. – 223 с.
152. Педагогическое наследие [Текст] / Сост. В.М. Кларин, А.Н. Джуринский. – М.: Педагогика, 1989. – 416 с.
153. Петровский, А.В. Личность. Деятельность. Коллектив [Текст] / А.В. Петровский. – М.: Политиздат, 1982. – 255 с.
154. Педагогические проблемы руководства семейным воспитанием [Текст] / / Под ред. И.В. Гребенникова. – М., 1980. – 83 с.
155. Пидкасистый, П.И. Искусство преподавания [Текст] / И.П. Пидкасистый, М.Л. Портнов. – М.: Педагогическое общество России, 1999. – 212 с.
156. Писаренко, В.И. Педагогическая этика [Текст] / В.И. Писаренко, И.Я. Писаренко. – Минск: Народная Асвета, 1973. – 175 с.
157. Подласый, И.П. Педагогика [Текст]: учебник для студентов / И.П. Подласый. – М.: Владос, 2003. – 256 с.
158. Подласый, И.П. Педагогика начальной школы [Текст] / И.П. Подласый. – М.: Владос, 2005.
159. Примерное содержание воспитание школьников [Текст] / Под ред. И. С. Марьенко. – М.: Просвещение,1980. – 139 с.
160. Примерная тематика родительского всеобуча в I-XI классах [Текст] // Воспитание школьников. – 2004. – №7. – С. 8-11.

161. Проект Стратегии Развития Образования КР-2020 [Текст] // Кут билим. – 2011. – №5. – С. 7.
162. Работа психолога в начальной школе [Текст] / М.Р. Битянова, Т.В. Азарова, Е.И. Афанасьева. – М.: Совершенство, 1998. – 352 с.
163. Рахманова, А. Үй-бүлө жана анын жаңы адамды калыптандыруудагы ролу [Текст] / А. Рахманова. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 62 б.
164. Рахимова, М.Р. Становление дошкольного воспитания в Киргизии и перспективы его дальнейшего развития [Текст] / М.Р. Рахимова. – Фрунзе: Мектеп, 1974. – 194 с.
165. Рачинский, С.А. Сельская школа [Текст] / С.А. Рачинский. – М.: Педагогика, 1991. – 176 с.
166. Репринцева, Г.И. Социально-педагогический анализ детско-родительских отношений в сельской семье [Текст] / Г.И. Репринцева // Педагогика. – 2008. – №10. – 37 с.
167. Роль родителей в обеспечении доступа детей в образование [Текст] // Мектеп-школа, 2008. – №2. – 36 с.
168. Румега, Н.А. Учим детей писать правильно [Текст] / Н.А. Румего. – Ростов-на-Дону, 2009. – 103 с.
169. Рысбаев, С.К. 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун, сөзүн өстүрүүнүн жана рухий тарбия берүүнүн маселелери [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Педагогика, 2000**.**
170. Рысбаев, С.К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жат жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн технологияларын өркүндөтүү [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек, 2012. – 30 б.
171. Рысбаев, С.К. Жазуу маданияты деген эмне же аны жазуу ылдамдыгы жана жазуу узактыгы маселесин чечүүдө кандайча эске алууга болот? [Текст] / С.К. Рысбаев // Кут билим. – 2008. – 1-ноябрь.
172. Рысбекова, Б. Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөлөрү [Текст] / Б. Рысбекова. – Фрунзе: Мектеп, 1983. – 74 б.

173. Савин, Н.В. Педагогика [Текст]: учебне пособие / Н.В. Савин. – М.: Просвещение, 1978. – 351 с.
174. Савченко, Т.А. Взаимодействие семьи и школы по Я.А. Коменскому [Текст] / Т.А. Савченко // Педагогика. – 2012. – №5. – С. 90.
175. Савченко, А.Я. Семейное воспитание. Младшие школьники [Текст] / А.Я. Савченко. – Киев, 1977. – 139 с.
176. Сартбаев, К. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы [Текст] / К. Сартбаев, А. Акунова, А. Мураталиева. – Бишкек, 2013. – 15 б.
177. Сартбаев, К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу [Текст] / К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1983. – 44 б.
178. Сартбекова, Н.К. Основы профессиональной подготовки студентов педвузов к работе с родителями учащихся [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.К. Сартбекова. – Бишкек, 2007.
179. Семейное воспитание [Текст]: краткий словарь. – М., 1990. – 135 с.
180. Сенько, В. Г. Учителя и родители [Текст]: книга для учителя / В.Г. Сенько. – Минск: Народная Асвета, 1988. – 109 с.
181. Селевко, Г.К. Взгляд на проблему [Текст] / Г.К. Селевко // Народное образование. – 1998. – №9. – С. 27-32.
182. Сергеева, В.П. Особенности развития и воспитания младших детей [Текст]: пособие студентам, воспитателям, классным руководителям, родителям / В.П. Сергеева. – М., 1999. – 96 с.
183. Сергеева, В.П. Классный руководитель в современной школе [Текст] / В.П. Сергеева. – М., 2003.
184. Сермяжко, Е.И. Подумаем вместе. Задание и упражнение [Текст] / Е.И. Сермяжко. – Минск, 1984.
185. Силласте, Г.Г. Методология и методика социолого-практического исследования «Ценностные ориентации сельских учителей, учащихся и

их родителей в условиях становления рыночной экономики на селе» [Текст] / Г.Г. Силласте. – М., 2001. – 61 с.
186. Сластенин, В.А. О моделировании образовательных технологий [Текст] / В.А. Сластенин // Наука и школа. – 2000. – №4. – С. 50-56.
187. Собкин, В. С. Отношение родителей дошкольников к школьному образованию [Текст] / В.С. Собкин, А.И. Иванова // Педагогика. – 2012. – №4. – С. 21.
188. Соболев, А. Взаимодействие школы, семьи и общественности в коммунистическом воспитании учащихся [Текст] / А. Соболев. – Ташкент, 1979.
189. Соловейчик, С.П. Педагогика для всех [Текст]: книга для будущих родителей / С.П. Соловейчик. – М., 1987. – 367 с.
190. Студенте, А. Повышение педагогического потенциала семьи [Текст] / А. Студенте. – М., 1980.
191. Сухомлинский, В.А. Избранные педагогические сочинения [Текст] / А.В. Сухомлинский. – М.: Педагогика, 1979. – Т. 3. – 107 с.
192. Сухомлинский, В.А. Мектептинжаш директору мененангеме [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Фрунзе: Мектеп, 1976. – 169 б.
193. Сухомлинский, В.А. О Педагогической культуре родителей. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 3 т. / В.А. Сухомлинский. – М.: Педагогика, 1981. – Т. 3. – 422 с.
194. Сухомлинский, В.А. О воспитании [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М.: Политиздат, 1975. – 67 с.
195. Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев, 1988. – 269 с.
196. Сухомлинский, В.А. Как воспитать настоящего человека [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев**, 1975. –** 63 с.
197. Тищенко, С.Н. Семья. Школа. Общественность. Итоги, размышления, перспективы [Текст] / С.Н. Тищенко. – Ростов-на-Дону, 1983.

198. Турсунбекова, С.М. Окуучунун сергек жашоо ыңгайыныннегиздерижанамазмуну [Текст] / С.М. Турсунбекова // Эл агартуу. – 2013. – №6. – 12-14-бб.
199. Турсунбекова, С.М. Ден тарбия сабактарында калыптандыруучу сергек жашоо ыңгайынын түзүлүшү, критерийлери жана деңгээлдери [Текст] / С.М. Турсунбекова // Эл агартуу. – 2013. – №7-8. – 23-26-бб.
200. Умом и сердцем. Мысли о воспитании. – М.: Политиздат, 1989. – 310 с.
201. Урбанская, О.И. Работа с родителями младших школьников [Текст] / О.И. Урбанская. – М.: Просвещение, 1986. – 125 с.
202. Усенко, Л.В. Үй-бүлөнүн жана коомчулуктун мектепке чейинки билим берүү процессине активдүү катышуусу [Текст] / Л.В. Усенко, Д.Ж. Майгулакова, К.С. Сейдекулова. – Бишкек, 2010.
203. Усенко, Л.В. 6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоонун жалпы өнүктүрүүчү (базистик) программасы [Текст] / Л.В. Усенко, К.С. Сейдекулова, Т.В. Знакомская. – Бишкек, **2004.**
204. Ушинский, К.Д. Педагогические сочинения [Текст] в 6 т. / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1988. – Т. 1. – 416 с.
205. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 2-х т. / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1974. – Т. 1. – 229 с.
206. Харчев, А.Г. Семья и культура [Текст] / А.Г. Харчев // Советская педагогика. – 1982. – №1. – С. 16-21.
207. Храпов, В. Родители просят совета [Текст] / В.М. Храпов. – М.: Знание 1983.
208. Хрипкова, А.Г. Семья, школа, общественность [Текст] / А.Г. Хрипкова. – М.: Знамя, 1976. – 40 с.
209. Хрипкова, А.Г. Взаимодействие школы, семьи, общественности в коммунистическом воспитании [Текст] / А.Г. Хрипкова. – М.: Педагогика, 1978**.**
210. Хрипкова, А.Г. В семье сын и дочь [Текст]: книга для учителя / А.Г. Хрипкова, Д.В. Колесов. – М.: Просвещение, 1985. – 240 с.

211. Цукерман, Г.А. Школьные трудности благополучных детей [Текст] / Г.А. Цукерман, Е.А. Бугрименко. – М.: Знание, 1994.
212. Чередов, И.М. О работе с родителями учащихся [Текст] / И.М. Чередов. – Омск, 1975. – 112 с.
213. Чередов, И.М. Сельская школа [Текст] / И.М. Чередов. – Омск, 1989. – 45 с.
214. Шайкенов, Б.А. Взаимодействие школы и социума в новых социально-экономических условиях [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Б.А. Шайкенов. – Бишкек, 2006.
215. Шацкий, С.Т. Педагогические сочинения [Текст] / С.Т. Шацкий. – М., 1968. – Т. 2. – 263 с.
216. Шестель, А.П. Педагогические знания родителям [Текст] / А.П. Шестель. – Омск, 1965. – 164 с.
217. Шорина, М.В. От простого к сложному [Текст] / М.В. Шорина // Начальная школа. – 2011. – №6. – С. 17-21.

**А.А. Умарбекованын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу темадагы диссертациясына тиркемелер**

## А. А. Умарбекованын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу темадагы диссертациялык иштин тиркемелеринин мазмуну

1. Ата-энелер үчүн иш чараларды пландоо жана өткөрүү боюнча мугалимдер менен жүргүзүлгөн анкетанын жыйынтыгы……………………...3
2. Мугалимдердин ата-энелер менен иштөөдөгү пайдаланылган адабияттары.........................................................................................4
3. Ата-энелердин мектеп ишине катышуусунун мүнөзү…………………...5
4. Кызматташуу жана өз ара жардамдашуу......................................................5
5. Проблемалар жана кыйынчылыктар............................................................6
6. Кенже окуучулардын ата-энелери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү.............7
7. Ата-энелер жөнүндө маалымат.....................................................................8
8. Ата-энелердин балдардын окуу ишин уюштуруусу...................................8
9. Ата-энелер менен балдардын окуу ишине байланышкан өз ара мамилелери……………………………………………………………...9
10. Ата-эне менен мугалимдин мамилелери жөнүндө………………………...10
11. Окуучулар үчүн анкетанын жыйынтыктары............................................11
12. Ата-энелерге берилүүчү педагогикалык билимдердин мазмуну...............12
13. Башталгыч класста ата-энелер менен иштөөнүн болжолдуу календардлык-тематикалык планы...........................................................................56

# ТИРКЕМЕЛЕР

Тиркеме 1

Таблица 1.1. Ата-энелер щчщн иш чараларды пландоо жана ёткёрщщ боюнча мугалимдер менен жщргщзщлгён анкетанын жыйынтыгы (128 мугалим катышты)

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Баардыгы |
|---|---|---|
| 1.Башталгыч класста окуучулардын билим сапатынын тёмёндёп бара жатышынын себептери | 1.Ата-эненин баланын билим алуусуна кайдыгерлиги, кызыкпагандыгы. | 68 |
| | 2.Сабактан кёп калтырышы. | 6 |
| | 3.Ата-энелердин башка жакка иштеп кетиши. | 13 |
| | 4.Ата-энелердин ёздёрщнщн сабатсыздыгы. | 53 |
| | 5.Ата-эне менен мугалимдин бирдиктщщ иш алып бара албоосу. | 37 |
| | 6.Жаш кадрлардын кесиптик деъгээлинин тёмёндщгщ | 23 |
| | 7.Адистиги боюнча иштебегендиги | 7 |
| | 8. Мугалимдин ишке салкын мамилеси | 48 |
| 2.Ата-энелер менен ишти пландаштырууда сиз эмнелерге таянасыз? | 1. Класс жетекчинин иш планына | 74 |
| | 2. Иш тажрыйбага | 26 |
| | 3.Педагогикалык адабияттарга жана методикалык сунуштарга | 7 |
| | 4. Ата-энелердин каалоосуна | 13 |
| | 5.Балдардын жекече ёзгёчёлщгщнё | 8 |
| 3.Ата-энелер менен иштёёнщн кандай формаларын колдоносуз? | 1.Ата-энелер чогулушу | 122 |
| | 2.Щйщнё баруу | 21 |
| | 3.Жекече сщйлёшщщ | 36 |
| | 4.Телефон аркылуу байланышуу | 48 |

| | | |
|---|---|---|
| | 5.Ачык сабакка катыштыруу<br>6.Билбейм | 19 |
| 4. Ата-энелер щчщн иш чараларды тез-тез ёткёрщп турасызбы? | 1.Ар бир чейректин жыйынтыгында.<br>2. Ай сайын.<br>3. Зарыл болгон учурда | 92<br><br>22<br>14 |
| 5.Ата-энелердин педагогикалык билимин кётёрщщгё кандай иш чаралар ёткёрщлдщ | 1.Ата-энелер менен аъгемелешщщ.<br>2.Ата-энелер щчщн педагогикалык окуу<br>3. Практикумдар<br>4.Ата-энелер менен педагогикалык тренинг.<br>5.Ата-энелерге консультация.<br>6.Ата-энелердин чогулушу.<br>7.Окуучунун щйщнё баруу.<br>8.Ата-эненин сабакка катышуусу.<br>9.Ата-эненин класстан тышкаркы иш чараларга катышуусу. | 24<br><br>3<br><br><br><br><br>8<br>19<br>18<br><br>20<br><br>36 |

Тиркеме 2

Таблица 1. 2. Мугалимдердин ата-энелер менен иштөөдөгү пайдаланылган адабияттары

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Баардыгы |
|---|---|---|
| 6. Ата-энелер менен иштөөдө кандай педагогикалык адабияттарды пайдаланасыз? | | 33 |

Тиркеме 3

Таблица 1. 3. Ата-энелердин мектеп ишине катышуусунун мүнөзү.

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Бардыгы |
|---|---|---|
| 7.Ата-энелер мектептин кандай иш чараларына катыша алат | 1.Окуу-тарбия ишин уюштурууга<br>2.Материалдык жактан жардам берүүгө<br>3.Байкоочу катары | 42<br>23<br>63 |
| 8.Ата-энелердин мектеп ишине катышуу активдүүлүгү кандай? | 1.Дайыма<br>2.Кээде катышат<br>3.Катышпайт | 27<br>38<br>59 |

Тиркеме 4

Таблица 1.4. Анкетанын «Кызматташуу жана өз ара жардамдашуу» (9-10) жөнүндөгү суроолоруна алынган жооптор

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Баардыгы |
|---|---|---|
| 9.Окуу процессине ата-энелерден кандай жардам ала аласыз? | 1.Маалымат<br>2. Баланын окуусуна жардам берүүсү<br>3. Кызматташуу<br>4. Эч кандай жардам жок | 19<br>33<br>8<br>58 |
| 10.Ошол эле учурда ата-энелерге кандай жардам бере аласыз? | 1.Кеңеш жана сунуш берем<br>2.Консультация<br>3.Проблемаларды чогуу чечебиз.<br>4.Балдардын окуусу жөнүндө маалымат берем. | 21<br>16<br>22<br>42 |

| | | |
|---|---|---|
| | 5.Адабияттарды сунуштоо<br>6.Үйлөрүнө баруу<br>7.Агартуу иштерин жүргүзүү | 11 |

Тиркеме 5

Таблица1.5. Анкетанын «Проблемалар жана кыйынчылыктар» (11-12) суроолоруна алынган жооптор

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Бардыгы |
|---|---|---|
| 11.Ата-энелер менен окутуу - тарбиянын кандай проблемаларын чогуу чечесиздер? | 1.Мектепке даярдоо<br>2. Мектепке баланын адаптацияланышы<br>3. Тарбия маселеси<br>4. Жетишүүнү жакшыртуу<br>5. Бош убакытты пайдалануу<br>6. Психологиялык климатты жакшыртуу<br>7. Башка проблемалар<br>8. Проблемалар көрсөтүлгөн жок. | 12<br>2<br>17<br>39<br>6<br>4<br>14<br>20 |
| 12.Ата-энелер менен иштөөдөгү кездешкен кыйынчылыктар | 1.Инициативанын жоктугу<br>2.Өз баласынын иш аракетин туура эмес баалоо<br>3.Мугалимдин талаптарын аткарбоо<br>4.Материалдык кыйынчылыктар | 87<br>36<br>28<br>9 |

| | | |
|---|---|---|
| | 5.Ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жоктугу<br>6.Өз ара түшүнүүчүлүктүн жоктугу<br>7.Башка кыйынчылыктар<br>8.Кыйынчылыктар жок.<br>9.Мектеп жана үй-бүлө тарабынан бирдей талаптын жоктугу<br>10.Ата-энелер менен иштөөдөгү билимдердин жетишсиздиги<br>11.Ата-энелердин агартуу иштерине кызыкпагандыгы | 34<br>63<br>13<br>7<br>41<br>32<br>59 |

Тиркеме 6

Таблица 1.6. Кенже окуучулардын ата-энелери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Баардыгы |
|---|---|---|
| 13.Башталгыч класста ата-энелер менен иштөнүн өзгөчөлүктөрү | 1.Балдар жана алардын ата-энелер жөнүндөгү маалыматтардын болушу.<br>2.Тыгыз кызматташуу<br>3.Бат-бат жолугушуу<br>4.Үйлөрүнө баруу<br>5.Мектепке адаптацияланууга жардам берүү<br>6.Мектеп жана анын талаптары жөнүндө | 76<br>49<br>51<br>32<br>57<br>42 |

| | | |
|---|---|---|
| | маалымат берүү<br>7.Ата-энелердин активдүүлүгү<br>8.Ата-энелер балдарынын билимине кызыгат.<br>9. Ата-энелер балдардын ишине кызыкпайт.<br>10.Башка өзгөчөлүктөр<br>11.Өзгөчөлүктөр көрсөтүлгөн жок | <br>69<br>72<br>6<br>28 |

Тиркеме 7

**Ата-энелерди анкетирлөөнүн анализи**

Таблица 1.7. Ата-энелер жөнүндө маалымат

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Бардыгы |
|---|---|---|
| 14.Ата-энелердин жынысы | 1.Эркек<br>2. Аял | 42<br>294 |
| 15.Билими | 1. Жогорку<br>2. Орто кесиптик<br>3. Орто | 68<br>94<br>174 |

Тиркеме 8

Таблица 1.8. Ата-энелердин балдардын окуу ишин уюштуруусу

| Берилген суроолор | Жооптордун варианттары | Бардыгы |
|---|---|---|
| 16.Үй- бүлөдө баланын күн режими түзүлгөнбү? | 1. Түзүлгөн<br>2. Түзүлгөн эмес | 94<br>242 |
| 17.Сабак даярдоочу бөлмөсү. Орду барбы? | 1.Бөлмөсү бар<br>2. Орду бар<br>3. Жок | 63<br>240<br>23 |
| 18.Балаңыз сабакты кайсы учурда даярдайт? Убактысын, саатын так көрсөтүңүз. | 1.Эртең менен сабакка барганга чейин<br>2.Түштө сабактан келгенден кийин<br>3. Кечинде | 68<br>76<br>72 |

| | | |
|---|---|---|
| | 4.Каалаган учурда<br>5. Билбейм | 97<br>23 |
| 19.Сабакка даярданууга өз учурунда олтурабы же эскертип турасызбы | 1. Өз учурунда<br>2. Эскертип турам | 109<br>227 |
| 2 20.Теле берүүлөрдү көрүүнү чектейсизби | 1. Чектейбиз<br>2. Чектебейбиз | 274<br>62 |
| 21.Балаңыз үй-чарба жумуштарына жардам береби? | 1. Жардам берет<br>2. Кээде гана жардам берет.<br>3. Жардам бербейт. | 248<br>53<br><br>35 |
| 22.Бала өз убагында уктайбы? | 1. Саат 21 де<br>2. Саат 22 де<br>3. Саат 23 тө<br>4. Каалаган учурда | 43<br>69<br>58<br>166 |
| 23.Баланын окуу ишине канча убакыт бөлөсүз? | 1. 1 саат<br>2. 2 саат<br>3. 3 же андан ашык<br>4.Убакытты чектебейбиз<br>5.Убакыт жок. | 118<br>32<br>-<br>127<br>59 |

Тиркеме 9

Таблица 1.9. Ата-энелер менен балдардын окуу ишине байланышкан өз ара мамилелери

| Берилген суроолор | Жооптор | Бардыгы |
|---|---|---|
| 24.Сиздин үй-бүлөдө балдар менен өз ара түшүнүүчүлүк бар деп ойлойсузбу? | 1. Ооба<br>2. Кээде гана<br>3. Жок | 292<br>44 |
| 25. Сиз баланын кандай окуп жаткандыгын текшересизби? | 1. Текшерем<br>2. Кээде гана<br>3. Текшербейм | 179<br>132<br>25 |
| 26.Үй-тапшырманы өз алдынча аткарабы же жардам сурайбы? | 1. Өз алдынча<br>2. Жардам сурайт<br>3. Чогуу аткарабыз | 143<br>102<br>91 |
| 27.Жардам сураса кандай жардам бере аласыз? | 1.Түшүндүрүп берем<br>2. Ал үчүн аткарып коөм.<br>3.Түшүнбөсөм жардам берүүдөн баш тартам | 65<br>118<br>153 |

| | | |
|---|---|---|
| 28.Сабакты даярдоодогу жоопкерчилиги | 1. Жоопкерчиликтүү<br>2. Кызыкпайт | 269<br>67 |
| 29.Үйдө өз алдынча китеп окуу уюштурулабы? | 1.Уюштурулат<br>2.Уюштулурбайт | 58<br>278 |
| 30.Балдар менен жаратылышка эс алууга чыгасыздарбы? | 1.Бош убактарда чыгабыз<br>2. Убакыт жок | 62<br>58 |

Тиркеме 10

Таблица 1.10. Ата-эне менен мугалимдин мамилелери жөнүндө

| Берилген суроолор | Жооптор | Бардыгы |
|---|---|---|
| 31.Ата-энелер чогулушуна дайыма барасызбы? | 1.Дайыма<br>2. Кээде гана<br>3. Барбайм | 128<br>143<br>65 |
| 32.Мугалим менен бирдикте баланын билим сапатын көтөрүү боюнча кандай иш аткардыңыз | 1. Үй-тапшырмасын түшүнбөсөм, мугалимден телефон аркылуу жардам сурайм.<br>2.Байланыш дептери түзүлгөн.<br>3.Аткарган жокмун | 51<br>92<br>193 |
| 33. Педагогикалык жана психологиялык китептерди окуйсузбу? Кайсы китеп. Атап коюңуз. | 1. Окуйм<br>2. Окуган жокмун | 28<br>308 |

Тиркеме 11

Таблица 1.11.Окуучулар үчүн анкетанын жыйынтыктары

| Берилген суроолор | Жооптор | Бардыгы |
|---|---|---|
| 34.Окуган класс | 1-класс<br>2-класс<br>3-класс<br>4-класс | 128<br>112<br>116<br>124 |
| 35.Окуудагыжетишкендиктериң | 1.Эң жакшы | 83 |

| | | |
|---|---|---|
| | 2. Жакшы<br>3. Орто | 118<br>279 |
| 36. Окуу ишине үйдөн сага ким жардам берет? | 1. Атам<br>2. Энем.<br>3. Эжем<br>4. Агам<br>5.Чоң апам<br>5. Эч ким жардам бербейт | 39<br>143<br>78<br>39<br>42<br>139 |
| 37. Үй ишин кайсы жерге даярдайсың? | 1.Өз бөлмөмө<br>2.Өз столума<br>3. Чай ичкен столго | 92<br>224<br>164 |
| 38.Үй-тапшырмасын аткарууга дайыма бир убакта олтурасыңбы? Же ар кандай мезгилдеби | 1. Бир убакта<br>2. Бош болгон мезгилде | 115<br>365 |
| 39.Тапшырманы аткарууда сага кимдер жана эмнелер жолтоо болот. | 1. Жолтоо болбойт<br>2. Бөбөктөрүм<br>3. Ата-энем<br>4. Телевизор<br>5. Үй жумуштары | 76<br>128<br>64<br>161<br>51 |
| 40.Үй ишинин тууралыгын ким текшерет? | 1.Атам<br>2. Апам<br>3.Улуу эже, агаларым<br>4.Текшербейт | 35<br>130<br>83<br>232 |
| 41.Ата-эненин сага сабактардан жардам берүүгө убактысы жок болгон учурлар көппү же кээде элеби? | 1. Көп<br>2. Кээде эле<br>3. Жардам бербейт,өзүм аткарам | 98<br>41<br>150 |
| 42.Эгерде үй-ишин аткарбай койсоң,ата-энеңсени урушабы, же түшүндүрүп жардамдашабы? | 1. Түшүндүрүп, жардамдашат<br>2. Урушат<br>3. Уруп жазалайт | 138<br>97<br>42 |
| 43.Үйдөн кандай адабий китептерди окуйсуң? | 1. Окуйм<br>2. Окубайм | 128<br>352 |
| 44.Ата-энелер чогулушуна ата-энең келеби? | 1. Бош убактысы болсо барат<br>2. Дайыма келет<br>3. Убактысы жок, | 219<br>198<br>63 |

| | | |
|---|---|---|
| | келбейт | |
| 45.Ата-эне менен мугалим чогулуп сага жардам берген учурлар болдубу? | **1.** Болгон<br>**2.** Болгон эмес | 64<br>416 |

Тиркеме 12

«Ата-энелерге кеңеш» деп аталган методикалык-колдонмонун мазмуну

1.Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо.

2.Башталгыч класстын окуучусунун билимине, билгичтиктерине коюлуучу талаптар.

3.Окуучунун күн режимин уюштуруу.

4.Окуучунун жумушчу орду жана анын билим алуудагы мааниси.

5.Баланын сабакка даярдануусун кантип уюштуруу керек?

6.Баланын үй-тапшырмасын аткаруусуна ата-эненин жардамдашуусу жана көзөмөлү.

7.Кенже мектеп окуучусун китеп окуганга кантип үйрөтүүгө болот?

8.Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

9.Үй-бүлөдө баланын жазуу иштерине көңүл буруу.

10. Балага математикалык билимдерди берүү боюнча сунуштар

11.Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу.

Келечектеги адамдын өнүгүүсүнүн түпкү фундаменти анын эрте жаш курагынан калыптанат. Мектепке чейинки куракта алынган билимдер, көндүм-адаттар, жүрүм-турумдун нормалары, мүнөздүн калыптанышы – инсандын андан аркы өнүгүүсүнө зор таасир берет[148.83]. Балалыктын бул мезгилин эң ири советтик педагог А.С.Макаренко жогору баалаган. Ал мындай деп жазган: «..тарбиянын башкы негиздери беш жашка чейин түзүлөт, ошондуктан силер беш жашка чейин жасагандар, -бул бардык тарбиялык процесстин 90% и, андан кийин да адамды тарбиялоо улантыла берет, бирок мында силер негизинен жемишти тата баштайсыңар, ал эми анын силер бапестеп баккан гүлдөрү беш жашка чейин болгон»[60.252].

Демек, үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо иши анын мектепке чейинки курагында ийгиликтүү жүргүзүлсө, мектептеги окуу ишинин ийгилигинин үзүрүн көрүүгө болот.

Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо бир нече комплекстүү милдеттерди чечүү менен ишке ашат. Анда окутуунун жана тарбиялоонун милдеттерин эске алуу менен баланы мектепке даярдоонун жалпы, интеллектуалдык жана психологиялык-педагогикалык даярдыктары бар. Мектепке даярдык биринчи кезекте баланын дене жагынан нормалдуу өнүгүүсү менен байланышкан. Мында ата-энелердин негизги милдети мектепке чейинки куракта балдардын ден-соолугу үчүн жакшылап кам көрүү. Ал бир катар иш аракеттер менен шартталат: баланы туура тамактандыруу, дене-тарбия көнүгүүлөрүн аткартуу, санитардык-гигиеналык абалды жакшыртуу менен гигиеналык жактан тарбия берүү, баланын эс алуусун туура уюштуруу, баланы ар кандай инфекциялык оорулар менен оруусуна жол бербөө [81] ж.б.

Баланын сабактардан жетишпей начар окуусунун бирден бир себеби анын ден-соолугу менен байланыштуу экендигин унутпоо. Мектептеги окуу иши баладан дене жагынан чымыркануун талап кылат, 45 минута партада кыймылсыз олтуруу, узак убакытка созулган жазуу көнүгүүлөрүн аткаруу аны тез эле чарчатып, окууга болгон көңүлсүздүктү пайда кылат. Эгерде баланын ден-соолугу начар болсо, улам убакыт өткөн сайын алсыздык, окуу ишин жөнгө сала албоо байкалат. Ошондуктан, баланын ден-соолугунун абалына байкоо жүргүзүп, зарыл болсо медициналык жактан жардам алууга туура келет. Балага суук тийген оруулардын алдын алуу керек. Баланын көрүүсү жана угуусу начар болсо, алдын ала мугалимге маалымдап коюу. Эгерде сүйлөө речинде кемчилик болсо, логопедден жардам суроо. Көпчүлүк мезгилде мындай балдар тартынчаак болуп, көп сүйлөбөй калышат. Окууда жана жазууда кыйналышат.

Окуу ишине интеллектуалдык жактан даярдоо баладан күчтүү эркти, акыл-эс жагынан өнүгүүнү, дайыма чыгармачылык менен изденүүнү талап

кылат. Байкоо, көңүл буруу, кызыгуу, бир нерсени билүүгө умтулуу сыяктуу сапаттар -баланын эрте жаш курагында эле тарбияланат. Баланын өзүн курчап турган дүйнө жөнүндөгү, өзүнүн Мекени, туулуп өскөн жери, анын жаратылышы, адамдар, алардын эмгектери, адамдык баалуу сапаттар жөнүндөгү билимдери канчалык терең болсо, анын интелектуалдык активдүүлүгү күчөп, таанып билүү жөндөмдүүлүгү өнүгөт.Окуу процесинде бала өзүнүн турмуштан алган билимдерин пайдалана алат. Андыктан мектепке чейинки куракта эле ата-энелер баланын дүйнө таанууга болгон кызыгууларын, бир нерсени билүүгө болгон умтулууларын өнүктүрүүсү керек. Аларды сөзду кунт коюп угууга, билимдерди өздөштүрүүгө үйрөтүү маанилүү.

Үй-бүлөдө баланын кебин өстүрүү да өтө маанилүү. Баланы өз оюн туура жана ыраттуу айтып берүүгө, суроо берүүгө, көркөмдөп сүйлөөгө, сүйлөмдү түзө билүүгө үйрөтүү ата-эненин милдети. Баланын сөзүн өстүрүүдө ата-эне биринчи кезекте баланы тыбыштарды угуп жана айтып берүүгө, сөздөрдү так айтууга,көркөмдөп, басымды туура пайдаланып айттырууга көндүрүү керек. Ошону менен катар балага «тыбыш», «тамга», «муун», «сөз», «сүйлөм» деген терминдердин маанисин түшүндүрүү зарыл. Мында сүйлөм түздүрүү, сөздөрдү муунга бөлүү, муундардан сөз жасоо көнүгүүлөрүн аткартуу керек. Ар түрдүү тыбыштык түзүлүштөгү сөздөрдүн тыбыштык анализин жасоого (үч тыбыштык –топ,кол, төрт тыбыштык –кара, тара, алма), жаңы сөздөрдү жасоого үйрөтүү. Кыска адабий текстерди көркөмдөп айтып берүүгө, жомокто уккандарын ирээти менен кайра айтып берүүгө үйрөтүү зарыл.

Үй-бүлөдө баланы окуу ишине психологиялык жактан даярдоо маанилүү. Ата-эне эч убакта баланын окууга болгон эңсөөсүн четке какпашы керек. Окуу ишинин кыйындыгы, андагы мугалимдердин койгон катуу талаптары жөнүндө айтып, баланы коркутуу туура эмес[149.258]. Ата-энелер көпчүлүк учурда баланы мектепке психологиялык жактан даярдоону туура түшүнө бербей же этибар албай убакытты өткөзөт. Балада мектеп

жөнүндө жакшы ойлор, кеңири маалыматтардын жоктугунан улам окууга болгон кызыгуу өз учурунда калыптанбай, окуудан баш тартуу байкалат. Мындай абал айыл шартында мектепке чейинки мекемелерден тарбия албаган жана үй-бүлөдө баланы мектепке психологиялык жактан даярдалбаган учурларында байкалат. Ошондуктан ата-эне бала 6 жаш курагына келгенден баштап эле баланы кийинки жылы мектепке окууга бара тургандыгын, мектептен ал билим алып, күн сайын улам жаңы нерселерди үйрөнө тургандыгын, ага мугалим эжеси жакшы мамиле жасап, окуганды, жазганды, эсептегенди үйрөтө тургандыгын, баланын аракети менен жакшы баа ала тургандыгын, акырында бир кесиптин ээси болуп, ата-энесине кубаныч тартуулай тургандыгын айтып баланын окууга болгон мотивин пайда кылуусу керек.

Баланы мектеп коллективинде балдар менен, мугалим менен мамиле түзө билүүгө үйрөтүү да зарыл. Акырында окууда ийгиликтүү окуу үчүн, тартиптүү жүрүм-турум көндүмүнө, тапшырылган ишти жоопкерчилик менен аткарууга, ийкемдүү болууга үйрөтүү зарыл.

### *2. Башталгыч класстын окуучусунун билимине, билгичтиктерине коюлуучу талаптар.*

Ата-энелер башталгыч класстын окуучуларынын билимдерине коюлуучу негизги талаптарды билүүсү зарыл. Ал үчүн мугалим ата-энелерге окуу программасынын мазмунуна ылайык класстар боюнча окуучулардын билимине, билгичтигине, практикалык көндүмдөрүнө коюлган талаптарды тааныштырат. Себеби, ата-энелер окуу программасынын талаптарын билбей туруп, баланын окуу ишине максаттуу жардам бере албайт.

Ата-энелерге башталгыч класстардын окуучуларынын билимине жана билгичтиктерине коюлган талаптарды сунуштайбыз:

**1-класс**. Жаңы үйрөнүп жаткан тыбыштын аталышын, артикуляциялык белгилерин таанып билүү.Тамгалардын графикалык белгилерин так өздөштүрүп, коллиграфиялык белгилерине ылайык туура

жазууну,туура айтууну үйрөнүү. Үйрөнгөн тамгаларды жана тыбыштарды кураштырып кошуп, улап, муундап окуп, андан кийин шар, ачык жана ичинен, көрктүү образдуу окууну өздөштүрүү. Сөздөрдү жазууда таза жана сулуу жазуу, тамгалардын аралыктарын туура сактоо менен бири-бирине туура улап кошуп жазуу, баш жана кичине тамгаларды өз эреже, өлчөмдөрүнө жараша туура тартып жазуу, алардын дептердеги сызыкка тикесинен жана туурасынын туура орун алуу, жайгашуу учурларын өзгөчө эске алуу талап кылынат. Окуучулар жыл аягында көчүрүп жазуу жана угуу аркылуу жазууну толук өздөштүрүп калуусу керек. Окуучулар оозеки кебинде сүйлөм түзүп, сүйлөмдөн текст түзө билүүсү максатка ылайык. Жазуу үчүн көлөмү 40 сөздөн турган текстерди жыл аягында жазып машыгып калуусу керек.

Математика предметинде 1-класстын окуучулары сан жана сан катары жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүп, 20га чейинки сандарды окуп, жазганды билүүсү, баардык бир орундуу сандарга 0,1,2,3 сандарын кошуу жадыбалын жатка билүү менен, ал амалдарды пайдаланып бир амалдуу маселелерди чыгара билүүсү, 0,1,2,3,4,5,6,7,8,9 цифраларын жана «+», «-», «=», см,дм белгилерин тааный жана пайдалана билүүсү зарыл. Ошону менен катар жөнөкөй геометриялык фигураларды тааный билүүсү талапка ылайык.

Ал эми «Мекен таануу» предмети боюнча окуучунун билимине коюлган талаптар төмөнкүлөр: окуучу өзү жашаган айылын, андагы тууугандык байланыштар, кыргыздын үй-бүлөлүк каада-салттарын билиши зарыл; коомдук жайларда өзүн алып жүрүү, жол эрежелерин билүү, коопсуздук эрежесин, ар андай кырсыктан этият болуу чараларын; окуу куралдарын, өз буюмдарын, кийимин таза урунууну, гигиеналык-санитардык эрежелерди туура сактоого; күндөрдүн, айлардын аталышын, убакытты туура пайдаланууну, тактыктын зарылдыгын; эмгек куралдарын, техника, транспорттун аталышын; адамга керектүү азык түлүктөр жана кесиптин түрлөрү боюнча билимдерге ээ болушу керек.

**2-класстын** окуучусунун билим-билгичтиктерине коюлуучу талаптар.

Кыргыз тили боюнча окуучу тыбыштардын бөлүнүшү, түгөйлүү үнсүздөр, муун жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүп, сүйлөмдүн мүчөлөрүн –ээ жана баяндоочту табууга машыгышы зарыл. Сүйлөм топтомдорунун текст болушун, тексттин мазмунун, тематикасын түшүнө билүү менен ага ат коө билүүгө жетишүү.Текстин ичинен анын бөлүктөрү: башталышын, негизги бөлүгүн, жыйынтыгын ажырата билиши керек. Тексттерди шар, көркөм, сезимдүү окуу менен анын мазмунун логикалуу айтып берүүгө жетишүү. Баш жана кичине тамгаларды өз эреже - элементине ылайык жазуу, тамгаларды бири-бирине туура жалгап, туура ташымалдап ылдам жазууга жатыгуу.

Адабий окуу сабагында 2-класстын окуучулары жыл аягында тааныш эмес 45-50 сөздөн кем эмес текстти туура жана сезимдүү түрдө тездеп окууга жетишет. Текстти окуп жатканда тыныш белгилерге ылайык интонацияны, тынымды сактай алат. Тексттин мазмуну боюнча берилген суроолорго жооп берип, андагы негизги ойду аныктоо менен тексттин мазмунун бузбастан баяндап берет. Каармандардын жасаган иштерине, окуяларга тиешелүү деңгээлде баа бериши керек. Аңгеме, жомок, ыр, макал-лакаптарды жанрдык жактан айырмалай алат. Чакан жана мазмуну жөнөкөй текстерди пайдаланып изложение, жөнөкөй темалардын негизинде дил баян жаза билет.

2-класста окуучулар математика предметинен кошуунун жадыбалын, 2,3,4 көбөйтүүнүн жадыбалын жатка билиши керек. Кошуу жана кемитүүнүн оозеки аткаруу ыкмаларына жетишип, 100 гө чейинки сандарды окуп, жазып жана салыштырганга үйрөнүшөт. Сан туюнтмасы жана анын маанисин, туюнтмалардагы амалдарды аткаруу тартибин билүү. Эки орундуу сандарды мамыча түрүндө жайгаштырып, жазуу жүзүндө кошуу жана кемитүүнү аткаруусу зарыл. Көбөйтүү жана бөлүүнүн белгисин, касиеттерин, терминдерин өздөштүрүүсү талап кылынат.

Мекен таануу –окуучулар Ата Журт, Ата Мекен деген түшүнүктү кабыл алуу менен, өздөрү жашаган жердин тарыхын, элин, мыкты инсандарын билиши керек. Жашаган аймактагы жер-суулардын аталышын, анын жаратылышынын коoздугун, ал жердеги жайгашкан тарыхый жана архитектуралык эстеликтерди билүү. Элдин каада-салттарын барктап, эл арасында өзүн алып жүрүү эрежелерин билүү.

**3-класстын** окуучуларынын билимдерине жана билгичтиктерине коюлуучу талаптар.

Кыргыз тилинен сөз түркүмдөрүн толук окуп үйрөнүү жана аларды ажырата билүү. Адабий окуу сабагынан бир минутада 65-70 сөздөн турган тааныш эмес сөздү көркөм, жетиштүү денгээлде шар окуу талап кылынат. Текст менен иштөөдө анын түрлөрүн аныктоо, иллюстрацияны пайдаланып, текст тууралуу ыраттуу сүйлөп берүү талап кылынат. Ошондой эле 80-90 сөздөн турган изложение, сочинение жазуу зарыл.Тексттеги атайылап түшүрүлүп коюлган сөздөрдүн, ырдагы саптардын ордун толуктап, айрым сөздөрдү анын синоними менен алмаштыруу.

Математика- 3-класстын окуучусу көбөйтүүнүн жадыбалын жатка билиши керек. Курама туюнтмалардагы амалдардын тартибин билип, мисалдарды чыгаруу. 3 жана 4 орундуу сандарды окуу, жазуу жана салыштыруу, 10 миңге чейинки сандарды жазуу жүзүндө кошуу жана кемитүү, бир орундуу санга көбөйтүү жана бөлүүнү өздөштүрүү. Тексттүү арифметикалык жана курама маселелерди математикалык амалдардын жардамы менен чыгарууну билүү. Тик бурчтуктун, квадраттын периметрин жана аянтын P жана S тамгалары менен белгилеп, маанилерин эсептей билүү.Чоңдуктардын бирдиктеринин белгилерин пайдалана билүү.

Мекен таануу предметинен окуучулар Кыргыз Республикасынын гимни, мамлекетибиздин герби, туусу жөнүндө белгилүү билимдерге ээ болушу керек. Алар Кыргызстандын картадагы орду, жаратылыш кен байлыктары, шаарлары менен айылдары, алардын жашоо шарты менен,

Кыргызстандын аймагындагы тарыхый эстеликтер, элибиздеги тарыхый инсандар жөнүндө билимдерге ээ болушу негизги талап.

**4-класстын** окуучуларынын кебине, практикалык машыгууларына коюлуучу талаптар: өз оюн жазуу жана оозеки түрүндө жеткиликтүү билдире алуу. Берилген бир темада текст түзө алуу, көрүнүштү сүрөттөп же баяндап оозеки, жазуу түрүндө аңгеме түзүү.Эне тилинде так, таза сүйлөп, жаза алуу. Окуу техникасын, ылдамдыгын өздөштүрүп, көрктүү, сезимдүү окуп сүйлөөгө машыгуу. Тааныш эмес текстти адабий тилдин нормасына ылайык минутасына 85-95 сөздөн жогору окуу; тексти бөлүктөргө ажыратып, план түзүп, андагы негизги ойду, окуялардын, текстин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыштарды аныктоо; каармандарды, жаратылышты сүрөттөгөн сөз каражаттарын тиешелүү деңгээлде талдап, аларды ачып берген сөз каражаттарын аныктай билүү; системалуу түрдө сөз байлыгын арттыруу, сөздүк менен иштөө; текстти өзгөртүп түзүү, башкача аяктоо менен текстеги жыйынтыкка башка сюжеттер менен келүү, тексти баяндоочунун жагын өзгөртүү; макал- ылакап, учкул сөздөрдү пайдалануу менен анын мазмунуна ылайык чакан чыгармаларды жазуу; жорго сөз, чечендик, төкмөлүк, айтыш сыяктуу сөз өнөрүнүн түрлөрүн айырмалоо, аларды тиешелүү деңгээлде талдай билип, жаратуу багытында аракеттенүү.

Математика предмети боюнча 4-класстын окуучусуна окуу программасы боюнча төмөнкү талаптар коюлат: миңдиктер жана алар менен болгон арифметикалык амалдарды аткара билүү; миллион ичиндеги көп орундуу сандарды оозеки жана жазуу жүзүндө номерлөөнү; чоңдуктар жана алар менен болгон амалдарды аткаруу; фигуралардын периметрлерин жана аянттарын табууга маселелерди чыгара билүү; көп орундуу сандар менен болгон кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүү амалдарын аткара билүү, алардын орун алмаштыруу жана топтоштуруу касиеттерин өздөштүрүү, жөнөкөй теңдемелерди чыгаруу; куб жана паралеллепипеддин беттеринин аянтын табуу, пирамида жана шар жөнүндө жалпы түшүнүк алуу.

Мекен таануу предметинен окуучу ааламдын түзүлүшү, күн системасы, планета, жылдыздар жөнүндө билимдерге ээ болушу керек. Жердин түзүлүшү, күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин алмашуу себептерин, материктерди, океандарды билүү, жер планетасындагы жашоо тиричиликтин ар түрдүүлүгүн, элдердин жашоосу, маданияты, диндери жана жалпы адамзаттык баалуулуктары жөнүндө билүү. Адамдын дене түзүлүшү, анын дене маданияты, санитардык гигиеналык эрежелер, адамдын руханий дөөлөттөрү, кыргыз элиндеги асыл дөөлөттөрдү билүү талап кылынат [22].

*3. Окуучунун күн режимин уюштуруу*

Окуу иштерине туура уюштурулган күн режими жардам бере алат. Ата-эне баланы окуунун биринчи күнүнөн тартып күн режимине үйрөтүп, аны аткарууга көнүктүрөт.Кенже мектеп окуучуларынын күн режимин түзүүдө ата-энелер врач-гигиенисттердин баланын жогорку эмгекке жөндөмдүүлүгүнүн обьективдүү законченемдүүлүктөрү жөнүндөгү айткан ойлорун эске алуусу керек. Алар акыл эмгегине жөндөмдүүлүктүн эки туу чокусун белгилешкен. Биринчиси эртең менен саат 8 ден 11ге чейин, экинчиси 16 дан 18 ге чейин. Жумушка жөндөмдүүлүктүн жумалык жогорку көрсөткүчү шейшемби, шаршемби күндөрү, эң төмөнкү деңгээл жума күнгө таандык. Ал эми жылдын динамикалык өсүү айларына октябрдан- январга чейинки айлар, төмөндөө январдан мартка чейин таандык[179.134]. Бул мезгилде бала сабак даярдоого отурса жакшы натыйжа болот. Бала сабактан келип тамактангандан кийин 3 сааттан кем эмес, таза абада кыймылдуу оюндар менен эс алуу керек. Үй иштерине жардам берүү 30-40 минут, үй-тапшырмасын аткартууга 1 саат туура болот. Демек 1-класстын окуучусунун күн режимин төмөндөгүдөй түзүүгө болот: Эртең менен туруу -7.15; Эртең мененки гимнастика, жуунуп, тарану-7.15-7.45; Эртең мененки тамак-7.45-8.00; Мектепке жол - 8.00-8.20; Мектепте сабакта-8.30-12.15; Мектептен үйгө чейин жол-12.15-12.30; Түшкү тамак-12.30-13.00;Эс алуу-13.00-14.00; Сейилдөө-14.00-16.00;Үй-тапшырмасын даярдоо-16.00-17.00; Эс алуу- 17.00-

18.00; Үйгө жардам берүү-18.00-18.45; Кечки тамак- 18.45-19.15; Бош убакыт - 19.15-20.15; Уктоого даярдануу - 20.15-20.30; Уктоо -20.30.

Күн режими боюнча балага убакытты туура бөлүштүрүүнү үйрөтүүгө 2-3 жума жетиштүү. Балага күнүнө режимди аткаруусун эскерте берүү жадатма болбошу керек. Анын өз алдынча режимди сактаганга үйрөнгөнү жакшы. Баланы күн сайын бир мезгилде үй-тапшырмасын аткарууга отургузуу зарыл, себеби окуу жөндөмдүүлүгү артат [20.69]. Бир гана сабакты өз учурунда даярдоо эмес баланын үйдөгү режими бузулса, ал сабакты даярдоого өзүнүн терс таасирин тийгизээри анык. Мисалы: баланын тынч уйкусу, дене көнүгүүлөрүн өз учурунда жасоо, үйдөгү эмгек менен оюнду туура уюштуруу, эс алууну уюштуруу, туура тамактануу ж.б. ушулардын баары баланын окуусуна сөзсүз таасирин тийгизет

Күн режимин түзүүдө баланын уктап эс алуусуна өзгөчө көңүл буруу керек. Кенже мектеп окуучусу суткасына 11,5- 12 саат уктоосу керек. Терең жана толук кандуу уйку бала үчүн керек. Ал баш мээнин нерв клеткаларын эс алуусун камсыз кылып,организмди өстүрөт, адам эс алып жумушка жөндөмдүүлүгү артат. Ал үчүн кенже мектеп окууучусунун уйкусун туура уюштура билүү зарыл.

1.Өз убагында жатып, белгиленген учурда туруу.

2.Уктаардын алдында гигиеналык процедураларды аткарууга үйрөтүү. (жуунуу, тиш тазалоо, бутту жуу)

3.Уктаардын алдында телевизор көрүүгө, кыймылдуу оюндарга, өтө тойгузуп жаткызууга жол бербөө.

4.Бала уктаган бөлмөдө тынчтык өкүм сүрүп, жарык өчүрүлөт жана телевизорду иштетип коюуга болбойт.

Эртең менен өз убагында туруп, дене көнүгүүлөрүн жасоо баланы сергек жашоого тарбиялайт. 6-7жаштагы балдардын булчундары жакшы өнүкпөгөндүгүн эске алып, дене көнүгүүлөрүнүн мүнөзү жана көптүгүн чектеп туруу зарыл. Бул курактагы балдарга 5-7 көнүгүүдөн ашык жасатууга

болбойт. Эртең мененки көнүгүүнү жеңил кийим менен таза абада жасаган пайдалуу. Гимнастиканы жасап бүткөндөн кийин жуунуу талапка ылайык.

Окуучунун эс алуусу менен эмгекти айкалыштырып тарбиялоо керек. Баланы эмгекке тарбиялоо аркылуу, анын инсандык сапаттарын калыптандырабыз. Үй иштерин баланын жаш жана жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен уюштуруу керек. Баланы эмгекке тарбиялоодо ата-эненин эмгек үлгүсү, эмгекке жасаган мамилеси өзгөчө мааниге ээ.

Баланын туура эс алуусуна да кам көрүүгө болот. Эс алуу таза абада болсо жакшы. Азыр балдардын көпчүлүгү бош убактыларын теле берүүлөрдү көрүү менен өткөрүшөт. Негизи 3-5 жаштагы балдар ата-эненин уруксаты менен атайын программаны жарым саат, 5-12 жаштагы балдар 1 саат убакыт көрүүсү керек. Узакка созулган көрсөтүүлөр анын баш мээсин чарчатат, окууга жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт. Баланын салмагы кошулуп, имунитети төмөндөп, жүрөк ооруу пайда болот, көрүүсү начарлайт.

Адамга баардык маалыматтардын 80% ти көз аркылуу берилет. Ал эми баланын көрүү органынын калыптануусу 11-12 жаштарында аяктайт. Ошондуктан теле берүүлөрдү көрүүдө жана уюлдук телефондорду колдонууда көздү сактоо керек. Телевизорду көрүүдө 2 метр аралык алыстыкта отуруп көрүүгө болот, ошол эле учурда 5,5 метр аралыктан алыс отуруп көрүүгө болбойт. Бул курактагы балдарга компьютерде 20 мүнөттөн ашык отурууга тыюу салынат.

Эс алуу учурунда балдар кыймылдуу оюндар менен ойношот, бул да пайдалуу, бирок анын да чеги бар. Көпчүлүк учурда кыймылдуу оюндар менен балдар сабак даярдоого олтурганда денеси талыкшып чарчап тургандыгын байкоого болот. Мындай учурда ата-эне балага 10-15 мүнөт эс алып алууга убакыт берүүсү керек.

Үй-бүлөдө күн режими боюнча баланын туура тамактануусуна да көңүл буруу зарыл. Мында баланын режим боюнча тамактануусун гана эске албастан, анын туура тамактануусун уюштуруу да маанилүү.

Окуучунун тамагы калорийлүү жана ар түрдүү болушу керек. Көп сандагы таттуу, туздалган жана өтө майлуу тамактарды сунуштоого жол берилбейт [201.29].

Күн режим баланын класстан класска көчкөн учуруна ылайыкталып түзүлүшү керек. Мында үй-тапшырмалардын көлөмү көбөйөт, аны аткарууга да көп убакыт жумшалат. Күн режими баланын окуу сменасына ылайыкталып түзүлөт. Күн режимин түзүп коюу менен гана чектелбестен, анын аткарылуусун дайыма ата-эне көзөмөлгө алып туруусу керек. Себеби, окуу жылы башталганда үй-бүлөдө катуу режим түзүлөт да, кийин жагында ал жөнүндө унутуп коюшат.

Ата-эне баланын күн режимин аткаргандыгын текшерип, анын жыйынтыгын чыгарып турса жакшы болот.

### *4. Окуучунун жумушчу орду жана анын билим алуудагы мааниси*

Окуу ишин уюштурууда баланын жумушчу ордун даярдоого да өзгөчө көңүл бурулушу керек. Ал үчүн баланын жаш жана жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен мебелдерди туура тандоо төмөнкү таблицада көргөзүлдү.

Таблица 12.

| Баланын бою см. менен | Столдун бийиктиги см.менен | Отургучтун бийиктиги см. менен |
|---|---|---|
| 120-129 | 56 | 34 |
| 130-139 | 62 | 38 |
| 140-149 | 68 | 41 |

Жарык столдун сол жагынын тийип турганы оң. Столдун үстүн ачык, гүлдүү материал менен жабуу талапка ылайыксыз. Жарыкка чагылышуунун негизинде баланын көзүн тез чарчатат.

Эмне үчүн кенже окуучуга сабак даярдоодо туруктуу орун керек? Себеби, ар бир адам ал тургай кенже окуучулар жогоруда айтылган куракtык өзгөчөлүгүнөн улам мерчемдүү убакытка гана эмес, мерчемдүү орунга да

көнүп калышат.Ага биротоло көнгөн кезде столго отурар замат ишке киришүүнү каалап турат.

Сабак даярдоочу столго бала сабакты гана даярдоо керек. Столдун үстүндө окууга керектүү гана окуу куралдары турушу керек. Ал жерге конструктор же башка бир оюнчуктарды коюп ойноого болбойт.

*5. Баланын сабакка даярдануусун кантип уюштуруу керек?*

Баланы сабак даярдоого отургуза албаган ата-энелер көп кайрылышат. Мындай балдар сабак даярдоого көп кыйынчылык менен отурушат. Ар нерселерге алаксып, сабакка даярданууну баштоого 15-20 мүнөт убактысын кетиришет. Бул абал бала 1-класска барганда эле башталса, ал ата-эненин мурдатан кетирген каталары болуп эсептелет. Ата-эне баланын оюндагысын жасоого көп мүмкүнчүлүк берип көндүргөн. Ал эми бул абал 3-4- класстын окуучуларында байкалса, аны окуу материалы бул учурда кыйындай баштаган мезгил менен байланыштырууга болот. Окуучу өзүнүн окуу ишин жөндөй албайт. Ал эми мектепте болсо такыр башка, мугалим баардык окуучулардын окуу ишкердүүлүгүн уюштуруп, текшерип турат. Үйдө болсо ата-эне көпчүлүк учурда «сабагыңды оку», деп айтуу менен гана чектелет.

Бул ишти өз учурунда жөнгө салуу ата-энеден узакка созулган эмгекти талап кылат. Баланын окуу ишине жетекчилик кылуу менен чогуу сабак даярдоого отуруу зарыл. «Кана кыргыз тили китебиңди ач, аа.. жазуу ишинен 2-көнүгүүнү берди беле?» Андан ары балага тапшырманы окутабыз. Демек, сүрөттөн көргөндөрүбүздү эмне кылат экенбиз? Жазып, ал сөздөрдүн канча тыбыштан тургандыгын аныктайбыз. Бала ишке киришет, эне болсо анын аткарып жаткан ишине көзөмөл кылып турат. Ишти аткаргандан кийин, анын тууралыгын чогуу текшеришет. Мындай иш аракеттерди дайыма жүргүзүү аркылуу баланы окуу милдетин сезүүгө тарбиялайбыз.

Сабакты даярдоонун бирден бир эрежеси, анын создуктурбай тез башталышы. Психологдор белгилегендей, эгерде адам бир ишке кызыкпай баштаса анын ички абалы бири-бирин алмаштыруучу эки этапта болот. Биринчи этапта адам кыйынчылык менен өзүн-өзү кыйнап иштейт. Иштин

эффективдүүлүгү аз болуп, адам көп күч жумшайт. Экинчи этапта адам ал ишти тез өздөштүрүүгө киришсе, аз күч жумшалып, ал ишти аткарууга кызыгуу пайда болот. Ошондуктан сабакка даярдануунун эң баалуу учуру - бат темпте иштөөгө көнүктүрүү[21.55].

*6. Баланын үй-тапшырмасын аткаруусуна ата-эненин жардамдашуусу жана көзөмөлү*

Башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатын көтөрүүдө үй-тапшырмаларын аткаруунун мааниси зор.

Үй тапшырмасынын негизги максаты өздөштүргөн билимди кайрадан кайталоо жана бекемдөөнүн негизинде, аны практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзүү.

Окуучулардын алган билимдери өз алдынча аткара билүү көндүм адаттарына айланганда гана баалуулукка ээ болот. Андыктан, башталгыч класстын окуучулары үй-тапшырмаларын аткаруу процессинде өз алдынча иштөөнүн техникасына, эмгекти уюштуруунун үнөмдүү ыкмаларын өздөштүрүүгө, негизги көндүмдөргө ээ болууга тийиш.

Үй тапшырмаларын аткарууга жардам берүү, көзөмөл кылуу ата-энелердин негизги милдеттеринин бири.

Ата-энелер окуучунун үй-тапшырмасын текшерүү аркылуу өтүлгөн материалдарды канчалык деңгээлде терең жана бекем өздөштүргөнүн билүүгө, окуучулардын сабактан тышкаркы үйдөгү системалуу иш аракетин көзөмөлдөөгө, жаңы билимдерди өздөштүрүүгө даярдоо сыяктуу иштерди аткарат. Эгерде окуучу мектептен алган билимдерин үй-тапшырмасы аркылуу кайталап, бекемдебесе ал бат эле унутулуп, окутуунун сапаты төмөндөйт.

Мугалимдин негизги милдети ата-энелерге үй-тапшырмасынын максатын, милдетин, түрлөрүн, аткаруу нормаларын түшүндүрүп, аларга жардам берүү жана көзөмөлдөө иштерин жүргүзүү боюнча сунуштарды берүү.

Үй-тапшырмасы башталгыч класста  салттуу формага өткөндөн баштап, ата-эне баланын үй ишине жардам берип, көзөмөл кылат. Мындай иш оңой эмес. Балага кантип жардам берүү керек, бирдиктүү иш алып баруу аркылуу канткенде  баланы өз алдынча  иш аракеттин көндүмдөрүнө калыптандырабыз? Бул суроого жооп катары төмөнкү кеңештерди сунуштоого болот:

1.Үй- тапшырмасын даярдоо үчүн биринчи класстын окуучусуна 1 саат убакыт талап кылынат. Ал эми 2- класска 1,5 саат, 3-4-класска 2 саат убакыт талап кылынат [129.236]. Баланын күн режиминде белгиленген мезгилде баланы тапшырманы аткарууга көнүктүрүү зарыл. Мындай ыкма баланын  өзүнө-өзү көз салуу адаттарын  калыптандырып, өзүнүн жүрүм-турумунда алгачкы көндүмдөрдү башкара билүүгөүйрөтөт.

2.Үй-тапшырмасын даярдоодо баланын ден-соолугуна, үй-бүлөдөгү жагымдуу психикалык абалга, жумушчу ордуна көңүл бурулат.

3. Бала үй-тапшырманы канча убакыттын ичинде аткарып  бүтөт, тапшырманы аткарып жатканда анын аракети кандай, тапшырманы туура аткардыбы, тапшырманы аткарууда бала жардамга муктажбы? Мына ушул кырдаалдардын баарын байкап туруу ата-эненин  милдети.

4. Үй- тапшырмасын даярдоону кайсы  предметтен баштоо керек? Баланын кайсы предметтен кыйналып жаткандыгын  байкап көрүп, мына ошол предметтен тапшырманы биринчи даярдаткан  туура.

5.Үй-тапшырмасынын туура аткарылышын көзөмөлдөө. Мында үй-тапшырмалары  адата жазуу жана оозеки түрүндө берилет. Жазуу жүзүндө аткарылган үй-тапшырманы мугалим текшерип, андагы  ийгиликтер менен кемчиликтер бааланат.  Ал эми  оозеки берилген тапшырмаларды мугалимдин  ар бир баладан сурап чыгууга мүмкүнчүлүгү чектелген. Ошондуктан үйдөн баланын  тапшырманын оозеки түрүн аткаруусуна көбүрөөк көңүл бурабыз.

6.Үй-тапшырмасын аткарып жатканда, баланын башка нерсеге алаксыбай иштөөсүн камсыз кылуу.

7. Бала үй-тапшырмасын аткарып жатканда ата-эненин сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндөгү жардамына муктаж экендигин унутпоо.

8.Эгерде бала үчүн үй-тапшырманы аткаруу кыйынчылыкты туудурса, ал үчүн убакыт көп талап кылынса мугалимден жардам суроо.

9. Биринчи класстын окуучусуна мугалимдин уруксатысыз кошумча тапшырмаларды берүүгө болбойт.

10. Бала үй- тапшырмасын аткарды. Анын жыйынтыгын чыгарууга жардам берүү керек. Үй иши толук аткарылдыбы? Анда кандай кыйынчылыктар болду? Канча убакыт кетти?. Баланын бүгүнкү аракетин баалаңыз. Колдоо көрсөтүңүз. Чыдамкайлык менен эмгектенсең ийгиликке жетесиң деп баланын өзүнө болгон ишенимин арттырыңыз.

Мектепте айрым бир окуучуларга жекече тапшырмалар берилет. Бул окуучулардын билим деңгээлин текшерүүгө жардам берет, жекече тапшырма айрым бир барактарга же болбосо дептерге жазылат[67.72]. Жекече тапшырмаларды берүүдө мугалим ата-энелер менен бирдиктүү иш алып барса, жакшы натыйжалар болот.

Окуучулардын үй-тапшырмаларына жардам берүүдө ата-энелер тарабынан кетирилген каталарга жол берилбейт. Ал каталар: ата-энелердин окуучуга жардам берүүнүн ордуна көзөмөл кыла берүүсү, окуучулар үчүн тапшырмаларды өздөрү аткарып бериши ж.б.

Ата-эне балдардын билимдерди кандай өздөштүргөндүктөрүн текшерүү менен гана чектелбестен, алардын билимдериндеги кемчиликтерди ачып аларды жойгондо гана эффективдүү болот. Буга жетишүү үчүн суроолорго берилген жооптордун тактыгына, жооптордо каталарды кетирбөөгө, жазуу иштерин аткарууда эрежелерди билүүгө көңүл буруу керек.

*7.Кенже мектеп окуучусун китеп окуганга кантип үйрөтүүгө болот?*

Баланы окуганга щйрётщщ анын кайсы курагынан башталууга тийиш? Мектепке чейинки мезгилде баланы окууга щйрётщщгё болобу? Щйдён баланы окуганга кантип щйрётёбщз? деген суроолор ата-энелерди кызыктырат.

Тажрыйбада баланы  мектепке чейинки курагында эле щйдён окуганды щйрётщп, мектепке даярдаган ата-энелерди  жолуктуруп жщрёбщз. Мындай иш аракеттердин канчалык деъгээлде туура  же туура эмес экендигин айтуу кыйын. Ал баланын  ёнщгщщ деъгээлинин ёзгёчёлщгщнё жараша болот. Бирок, ата-энелер баланын  ёнщгщщсщндёгщ эъ негизги психологиялык  эки тщшщнщктщ тщшщнщп алуусу керек.

1-тщшщнщк. Адамдын психологиялык ёнщгщщсщндё  ётё жеъил, бат, толук кандуу ёнщгщщнщ камсыз кылган бир учур болот. Мындай учурду психологияда сензитивдщщ мезгил деп аташат. Ал баланын кенже мектеп курагына туура келет. Бул учурда баланы окууга щйрётщщ  ыъгайлуу. Сензитивдщщ мезгилде кандайдыр бир кемчиликтер кетсе, анда щйрёнщщчщ кёндщмдёр, жёндёмдщщлщктёрдщ  калыптандыруу кыйынчылыктарды туудурат.

2-тщшщнщк. Мектеп жашындагы балдар щчщн ишкердщщлщктщ негизги тщрщ – окуу. Окуучулук курактагы  баланын психикалык ёёрчщш даражасы баарынан мурда окуу процессине кёз каранды. Албетте, оюн иш аракети баланын турмушунан кетпейт, айрыкча биринчи класста балдар оюнду уланта берет, бирок  баланын андан аркы психикалык ёнщгщщсщ оюн процессинде эмес, окуу процессинде ёнщгёт.

Демек, баланы окутуу  иши анын 6-7 жаш курактарында  жщргщзщлсё ыъгайлуу.

Мектепке чейинки мезгилде баланы окуганга щйрётёёрдён мурда, аны окуганга даярдоо иши жщргщзщлщшщ керек. Ансыз, балага шыр эле тамгаларды таанытып, окутуу  кыйынчылыктарды туудурат.  Баланы окуганга даярдоо ишин тёмёндёгщдёй  этаптар  менен жщргщзщщ талапка ылайык.

Биринчи этапта, эъ негизгиси эне тилиндеги баардык тыбыштарды туура айтканга щйрётщщ. Ошондой эле сёздёгщ тыбыштарды ажырата билщщгё щйрётщщ. Мындай кёндщмдёр баланы катасыз окуганга жана жазганга щйрётёт. Мектепке чейинки мезгилде оюн иш аракети аркылуу ар

кандай дабыштарды, щндёрдщ аныктатып, аларды тууроого щйрётщщ. Акырында ар кандай сёздёрдщ айтып, алар кайсы тыбыш менен башталаарын, кандай тыбыштар менен аяктаарын таптыруу. Албетте, мындай кёнщгщщлёр кёп деле убакытты албайт. Аны кщнщмдщк турмушта бала менен сщйлёшщщдё колдоно берщщгё болот.

Окууга щйрётщщгё даярдоонун кийинки этабы – сёз менен иш алып баруу. Оюн аркылуу нерселердин атын атоо, алардын белгилерин атоо. Мисалы: ёрщк – сары, томолок, татуу; топ – томолок, кооз, тоголонот, ойнойт. Бир предметти билгизе турган бир нече сёздёрдщ айттырып, ал кайсы предмет экендигин таптыруу. Мисалы: курч, саптуу, кесет (бычак), ак, катуу, таттуу (кант), жщндщщ, сары, амалкёй (тщлкщ). Балдарга уъгусу окшош сёздёрдщ да таптыруу кызыктуу. Мисалы: алма, алмалар, алмалуу, алма бак, токой, токойчу, токойлор ж.б. Баарынан кызыгы сёздщн бир тыбышын алмаштырып койсо, башка сёз болоорун таптыруу. Мисалы: алма-алча, рак-лак, бак-сак, кат-кут, калак-кулак. Бир маанини тщшщндщргён (жумуш –иш, бала-бёбёк), карама каршы маанисин тщшщндщргён (кщн-тщн, узун-кыска, чоъ-кичине) , бир сёздщн бир канча мааниси бар экендигин тщшщндщрщщ жана таптыруу ( жай- мезгил, жай-турак, жай-ылдам эмес ), ж.б.

Щчщнчщ этапта сёздёрдщ муунга бёлщп щйрётщщ иштерин жщргщзщщгё болот. Ал щчщн тёмёнкщ ыкманы кёрсётщщгё болот. Жаактын алдына эки колдун манжаларын кабаттап кармап турабыз да сёздщ айттырабыз. Ээгибиз канча жолу колго тийсе, ал сёздё ошончо муун бар. Мисалы: ал-ма, а-па, кар-га, ки-теп ж.б.

Тёртщнчщ этапта баланын сщйлём жёнщндёгщ тщшщнщгщн калыптандырышыбыз керек. Сёздёрдён сщйлём тщздщрщп щйрётщщ. Мисалы: (Мен, мектеп, бар,), сщйлёмдёрдщ толуктатуу (Мен мектепке …) ж.б. Адегенде ар кандай сщрёттёрдщ балага кёрсётщп, ал боюнча кёргёндёрщн айтып берщщсщн сунуштаъыз. Андан кийин баладан аны курчап турган айлана чёйрёдёгщ кёргён билгендерин сщйлём аркылуу так,

тщшщнщктщщ айтып берщщсщн талап кылыъыз. Сщйлёмдёр узун же кыска болот. Башында кыска сщйлёмдёрдщ тщздщрщп щйрётщщ керек. Сщйлёмдёр сёздёрдён тщзщлёёрщн тёмёндёгщдёй ыкма менен тщшщндщрщщгё болот. Ал кёнщгщщнщ мындайча жщргщзёбщз. Мен азыр сага бир нече сёздён турган сщйлёмдщ окуп берем. Сен ал сщйлём канча сёздён тураарын колуъдун манжалары менен санап тур. Канча манжаны жумсаъ, ал сщйлёмдё ошончо сёз болот. Сщйлёмдёгщ сёздёрдщ санатууда баланы жазганга щйрётщщгё болот. Мисалы: ар бир сёздщ окуганда бала барака горизанталдуу сызыкчаны коюп кете берет. Биринчи сщйлёмдщ бщткёндён кийин тыным жасап, андан кийинки сщйлёмдщ окуганда жаъы сщйлёмдщн башталгандыгын бала сезип аны жантык сызык менен белгилегидей болсун. Мындай кёнщгщщ жазуу ишинде бир сщйлём бщткёндён кийин, жаъы сщйлём чоъ тамга менен жазылаарын билгизет. Баланы ынандыруу щчщн ёзщъщз окуп жаткан китептеги сёздёргё кёъщл бурдуруъуз. Ар бир сщйлёмдщн баш тамга менен башталганын ёз кёздёрщ менен кёрщшсщн.

Эгерде ата-энелерди баланын жашына туура келе турган сёздёр жана сщйлёмдёрдщн запасынын жоктугу тщйшёлтсё, анда жогорудагы кёнщгщщлёр щчщн Алиппе китебинен сёздёрдщ, сщйлёмдёрдщ алууга болот. Китептин ар бир бети боюнча алдыга жылуу керек. Бир жолу ётщлщщчщ сабакка бала щчщн эки сёздён турган сщйлём жетиштщщ. Эгерде баланын каалоосу болсо, дагы бир сщйлёмдщ талдоого болот. Бир типтеги иш аракет балада 8-10 минутадан ашпоосу керек. Ошентип, оюнда жана улуулар менен мамилелешщщ процессинде мектепке чейинки бала тыбыш, муун, сёз, сщйлём деген тщшщнщктёрдщ оъой ёздёштщрщшёт. Мындай ишти жщргщзщщдё ата-эне щчщн ёзгёчё даярдык талап кылынбайт жана баланы узакка отуруп окутуунун зарылдыгы жок. Сабаттуулукка щйрётщщнщн жолу мектепке чейинки мезгилде туура ёздёштщрщлсё, бала биринчи класска барганда кыйналбайт. Биринчи класстын мугалиминин жетекчилиги аркылуу иш андан ары ёркщндётщлщп,

бала окуганга тез щйрёнёт. Мугалим баланы окууганга щйрётщщдё талдоо-жыйноо методун колдонуп иш жщргщзёт. Ал тёмёндёгщдёй багытта аткарылат. Мисалы: кепти сщйлёмгё, сщйлёмдщ сёзгё, сёздщ муунга, муунду тыбышка ажыраттыруу, ошол тыбыштын тамгасын таанытуу. Аны кайра жыйноо: тыбыштан муун, муундан сёз, сёздён сщйлём тщздщрщщ.

Биринчи класстын окуучусун окуганга щйрётщщ аябай татаал иш. Баланын окуп жатканын байкап кёрёлщ: кээ бир балдар китептеги ар бир тамгага щъщлё карап, колунун сёёмёйщ менен кёргёзщп окуса, айрымдары отурган ордунда буттарын тыпырата берет. Аракеттенип окугандыктан жщздёрщ албырып, беттеринде майда терлер пайда болот. Баланын мындай аракети, анын окууганга щйрёнщщдё эмгектенип жаткандыгынан кабар берет.

Мындай кыйынчылыктарды жоюуунун бирден бир жолу окуу. Бала биринчи класста канчалык кёп окуса, кыйынчылыктар ошончолук эрте жоюлат. Ал эми улуулар щчщн чыдамкайлык менен балага жардам берщщ талап кылынат. Ар бир адам шыр окуп кеткен эмес, алар дагы ушундай кыйынчылыкты басып ёткёндщгщн ар бир ата-эне балага тщшщндщрёт.

Окуунун алгачкы мезгилинде бала кандай каталарды кетирщщсщ мщмкщн? Бала сёздщ окууда тамгалап окуйт. Эки –щч тамгадан турган сёздёрдщ окуй алат. Ал эми андан ашык тамгадан турган сёздёрдщ окууда кыйналат. Анын себеби бала муундап окууга щйрётщлбёгён. Ата-эненин милдети баланы бирден тамганын атын айтып эжелеп окутпастан, муун боюнча гана окутуп кёнщктщрщщ керек. Мындай окуу тамганы таштабай, же бир тамганы экинчи тамга менен алмаштырбай окууга кёндщрёт.

Эъ кеъири тараган каталардын бири сёздёгщ тамгалардын ордун алмаштыруу. Мындай ката да щйдён туура эмес окуутуда кетирилет. Окуганды щйрётщп жаткан адам сёзгё тыбыштык анализ жщргщзщщгё жетишеерлик деъгээлде кёъщл бурган эмес, ошондуктан бала ёзщ окуп жаткан сёздщн жыйынтыгын угуу аркылуу контролдоого кёнбёгён. Мындай кырдаалда ата-энеден кандай жардам керек? Албетте, бала сёздщ туура эмес

окуса, аны кайра кайталап окуусун талап кылуу. Мейли жай окусун, бирок туура окусун.

Биринчи класстын окуучусу сёздщ окуп жатканда жаъылып калуудан коркуп, сёздщ муундап ичинен окуп, андан кийин гана щндщ сыртка чыгарып окуйт. Мындай окуу да туура эмес, ага кёнщп алган бала ичинен сёздщ бир нече жолу кайталап окуганы менен, ёзщ окуган сёздщ же сщйлёмдщн маанисин тщшщнё албайт. Баланын ичтен окуп жатканын кантип байкоого болот? Бала китепти окуп баштаганда алгач анын ээриндери кыймылдап баштайт. Бир эле сёздщ эки жолу кайталап окуунун кереги жок экендигин балага тщшщндщрщщ керек.

Башталгыч мектептин окуу жылдарында бала туура, сезимдщщ, щн кубултуп жана шар окууга жетишщщсщ керек.

Туура окуу деген сёз – бала сёздщ окуп жатканда ката жибербей, так, сёздщ бузбай, интонацияны туура сактап окуганга кёнщгёт. Туура окуганга кёнщктщрщщ баланын 1-класска окуган учурунан башталууга тийиш. Ата-энелер баланын кайсы бир тыбышты туура айта албай, р тыбышын й тыбышы менен алмаштырып, ырда дегендин ордуна ыйда деп сщйлёгён учурларга анча маани беришпейт. Алар бала ал тыбыштарга тили келбейт деп жыйынтык чыгарып коюшат, бул туура эмес. Баланын тили так келбей турган тыбыштарды мектепке чейинки куракта туура, так, ёзщндёй кылып айтууга акырындык менен жетишщщгё болот. Ал эми мектепте окуган мезгилде бала кайсы сёздщ, кайсы тыбышты туура айта албайт, ата-эне дайыма эсепке алып, ошол сёздщн, тыбыштын щстщндё кёп иштетип, кёнщгщщ жумуштарын системалуу тщрдё жщргщзщщ керек.

Баланын сезимдщщ окуусуна да жетишщщ зарыл, башкача айтканда бала ар бир сёздщ, сщйлёмдщ окуп жатканда сезими ёзгёчё таасирленип, кщчтщщ элестер анын эсинде калгыдай болуу керек. Сезимдщщ окуу аркылуу окуган текстин мазмунун тщшщнщп, аны кайра айтып берщщгё жетишет. Эгерде бала окуганына тщшщнбёсё, ёзщнщн окуганын кайта айтып бере албаса, анда окуу максатсыз болуп калат. Ал эми ата-энелер

баланын окуп бергенине кубанат. Натыйжада, окуган текстинин маанисине тщшщнбёй, щстщртён окууга бала адаттанып калат. Ошондуктан, баланы 1 класстан тартып окуганына тщшщнщп, аны аз да болсо, айтып берщщгё кёндщрщщ керек.

Бала туура жана сезимдщщ окуу жумуштарына кёнщккёндён кийин, акырындык менен окуунун темпин тездетип, токтолбой шар окууга кёнщгё баштайт. Мектепте болсо мугалим окуучунун туура, сезимдщщ жана шар окуусу щчщн бщткщл аракетин жумшайт. Бирок, баардык окуучуларды окутуп жетише албайт. Демек, ата-эне щйдён баланы шар окууга жетишщщсщ щчщн кёп окутуу керек.

Биринчи класстын окуучусун тщздён тщз эле шар окууга кёндщрщщ мщмкщн эмес. Бала эъ мурда муун боюнча окууга, сёздёрдщ, сёз ичиндеги тамгаларды туура айтып, кайталабай окууга адаттандырылат. Андан кийин акырындык менен шар окууга кёнщгёт. Туура, сезимдщщ окууга кёнщкпёй туруп шар окууга ётщп кетщщгё болбойт. Шар окууга кёнщктщрщщдё кыска –эки-щч сёздён турган бир-эки сщйлёмдёрдщ окутуп, окуганын айттыруу менен сезимдщщ шар окууга кёнщктщрщщгё болот. Антпесе, бир нече сщйлёмдёрдён турган абзацты окуган бала, биринчиден окуп жаткан сщйлёмдщн мазмунун тщшщнбёй калат, экинчиден ёзщ окууга жаъы щйрёнщп келе жаткандыктан тез чарчап окууга болгон кызыгуусу жоголот. Методикалык талаптар боюнча 1-класстын окуучусу экинчи жарым жылдыкта туура, сезимдщщ окууга кёнщгщп, акырындык менен окуунун темпин ылдамдатууга багыт алат. Жыл аягына чейин бала минутасына 30-40 сёздён турган тексти шар окууга жетишщщсщ керек.

Экинчи класстын окуучусунда биринчи класстыкына караганда окуунун темпи ылдамыраак болот. Анда окуу кёндщмдёрщ бир кыйла калыптанып калат. Ошондой болсо да, жогорку класстарга караганда окуунун темпи 2-класста да жайыраак болот. Ёзщнщн окуусуна ишенбестен кайталап окуу, же тез окууга аракеттенип, тамганы таштап же туура айтпай, экинчи бир тамга менен алмаштырып окуган учурлар кёп кездешет. Мындай окуу

жакшы натыйжа бере албайт. Ошондуктан ата-эне шар окууда баланын окуп жаткан текстининин туура окуп жаткандыгын карап турат. Эгерде ката кетирсе, кайра кайталатып окутат. 2-класста бала бир минутада 50-60 сёз, 3-класста минутасына 70-80 сёз, 4-класста минутасына 90-100 сёз окуганга жетишщщсщ керек.

Баланын окуу ылдамдыгына, шар окуусуна жетишщщ щчщн ата-энелер балдар щчщн арналган адабий китептерди пайдаланса болот. Андагы аъгемелерди окутуп, ырларды жаттуу жумуштарын щзгщлтщксщз жщргщзщщ аркылуу баланын сёз байлыгын ёстщрщп, ойлоо сезимин кеъейтип, баланы сщйлёёгё кызыктырып, шар окууга кёндщрщп, эске тутуусун ёнщктщрщщгё болот.

Щн кубултуп окууга щйрётщщ окуунун башка тщрщ сыяктуу маанилщщ. Щн кубултуп окуу аркылуу бала материалдын мазмунун кеъири жана толук тщшщнё алат. Щн кубултуп окууда сщйлёмдщн мазмунуна жана тыныш белгилерине карай щндщ кээде жогору, кётёрщъкщ чыгарып, кээде тёмён тщшщрщп, кээде щндщ жоон, кээде ичке чыгарып, шырылдатып тез-тез, кээде жайбаракат окууга болот. Ошондой эле бирде мостоюп, бирде томсоруп, бирде кщлщмсщрёп кубанып, ачууланып, каплангандык мщнёздщ кёргёзщп, щндщ ар тщрдщщ кубулушка келтирип, ар бир сёздщн жана сщйлёмдщн ыргагы менен угуучунун кёъщлщн буруп, сезимине таасир кылган окууну – щн кубултуп окуу дейбиз. Щн кубултуп окууда щн гана эмес, окуп жаткан адамдын ёъщ да ар тщрдщщ болуп ёзгёрёт. Щйдё баланын щн кубултуп окуусуна ата-энелер анчалык деле кёъщл бёлщшпёйт. Ошондуктан бала щн кубултуп окуунун ыктарын билбейт. Щн кубултуп окуганга баланы щйрётщщ щчщн ата-эне щлгщ катарында текстин ичиндеги сёздёрдщн мазмунуна карай, ар тщрдщщ абалда щндщ чыгарып ёзщ окуп бериши керек. Андан кийин баланы щн кубултуп окутат. Мындагы негизги максат окулуп жаткан тексттин ичиндеги сёздщ оозеки сщйлёё кебине жакындатуу, так эле сщйлёп жаткан кишинин щнщндёй кылып окуп берщщгё баланы кёндщрщщ.

Окутууда баланы щн чыгартып жана ичинен окууга да щйрётщщ маанилщщ. Башкача айтканда, окуунун эки тщрщн теъ машыгуу керек. Щн чыгарып ачык окуу аркылуу бала окуунун бардык тщрщн ёздёштщрёт, анын сщйлёё кеби ёсёт. Бала щн чыгарып окууга кёнщкпёй туруп, ичинен окууну билбейт. Эъ мурда щн чыгарып туура жана сезимдщщ окууга кёнщгёт, андан кийин акырындык менен ичинен окууга ётёт.

Ата-эне баланын ичинен окуу жумушун 3- 4- класстарда жщргщзсё болот. Себеби, бул мезгилде бала окуунун баардык тщрлёрщн жакшы ёздёштщрщп калган учур. Ичинен окууну щйрётщщнщн пайдалуу жагы бар. Биринчиден, щн чыгарып окуганга караганда ылдам окулат. Экинчиден, окуучу аъгемени окуп жатып ёзщнчё ойлоого, ойлоо сезимин ёстщрщщгё жана ёз алдынча иштёёгё багыт алат. Ичинен окуу иши качан окуучу туура жана сезимдщщ окууга кёнщгё баштагандан тартып жщргщзщлщщгё тийиш. Ичинен окуганда бала шыбышты да чыгарбай, кала берсе эки эринди кыбыратпай, кёздщ гана жщргщзщп окууга щйрёнщщсщ керек. Ичинен окуунун жыйынтыгын китепти окуп бщткёндён кийин, окуган материалдын мазмунун суроо аркылуу текшерщщ керек.

Башталгыч класста баланы окуганга щйрётщщ иши мугалим менен ата-энелердин бирдиктщщ иш аракеттеринин аркасында, бир максатка багытталып жщргщзщлгёндё ишке ашат. Эгерде ата-энелер бул ишке кайдыгер карап, баланы окутуу иши мектептин милдети деп эсептешсе, анда чоъ жаъылышат. Натыйжада, бала окуунун тщрлёрщн ёздёштщрё албай, окуунун кийинки баскычтарында кыйынчылыктарга кезигет. Ал учурда баланын окуу ишине жардам берщщгё кеч болуп калат. Ошондуктан, баланы окуганга щйрётщщ боюнча ата-энелерге берилген жогорудагы методикалык сунуштар мектеп программасынын талаптарын аткарууга багытталган.

*8.Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу*

Мектеп практикасында баланын окуу кёндщмдёрщн калыптандыруудан тышкары кёпчщлщк мугалимдер менен ата-энелер

байкабаган дагы бир негизги себеп - баланы окуганды билбёёсщ. Ал окуу предметтеринин мазмунун ёздёштщрщщдё байкалган.

Башталгыч класстын окуучуларынын окуудан жетишпёёсщнщн кёптёгён себептери бар: алар материалдарды толук ёздёштщрё албоо, эмгек адаттарынын жоктугу, окууга кызыгуунун жоктугу, интеллектуалдык пассивдщщлщк ж.б. Алардан тышкары окуу материалынын мазмунун ёздёштщрщщдё баланын окуганды билбёё себеби бар.

Окуганды билбёё окуучунун окууга жетишпёёсщнё алып келет. Анын себеби балдар ёз мщмкщнчщлщгщнён тёмён окуйт же окууда ийгиликке аябай кыйынчылык менен жетет. Окуганды билбёё бул начар окуган окуучуларда гана эмес, жакшы окуган окуучуларда да болот. Мындай окуучулар рационалдуу окуу кёндщмдёрщнё жетише албай мектепти бщткёнчё кыйналышып ётёт. Алар сабакка даярданууда кёп убактысын кетиришет. Ошентип, окуганды билбёё да сабактан жетишпёёнщн негизги себептеринин бири. Баарыдан мурда ал мугалим менен ата-энелердин алдында кёп кыйынчылыктарды туурдурат.

Биринчиден бала сабакка окуганга олтурат, бирок ал канча убакыт отурса да жыйынтык чыкпайт, ата-энелер анын бул иш аракетинин жыйынтыгын чыгарып, баланын окууга жёндёмсщз деп эсептеп баштайт.
Экинчиден окуганды билбёёнщн натыйжасында дайыма сабактан жетишпёё пайда болот. Суроо туулат, тажрыйбада баланын окуганды билбёёсщ жёнщндё сёз болбой, башка себептер айтыла берет. Мында ата-энелерге баланы окуганга щйрётщщ боюнча кеъештерди берщщ, ишти алып баруунун жолдорун щйрётщщ зарыл.

Балдардын окууга жетишпёёсщнщн бир себеби бул алардын окуунун максатын жакшы тщшщнбёгёндщгщндё. Окуу максаты деген эмне? Окуу максатын бёлщп кароо керек - бул кандайдыр бир жаъы тапшырманы аткаруу щчщн кандай билим жана кёндщмдщ ёздёштщрщщ керек экендигин так билщщ.

Башталгыч класстын окуучуларын алгачкы окуу мезгилинен тартып окуунун максатын туура тщшщнгёнгё щйрётщщ зарыл. Тажрыйбалуу мугалимдер ар бир сабактын жыйынтыгында окуучулардын окуу максатын тщшщнгёндщгщ жёнщндё атайын убакытты бёлщп коёт. Бщгщн биз сабакта эмнелерди щйрёндщк? Мисалы: окуучулар бир сандан экинчи санды алууну деп жооп беришет, болбосо алар окуу максатын тщшщнбёсё таякчаларды тарттык, сандарды жаздык деп айтышат.

Бала башталгыч класста окуп жаткандан баштап окуунун максатын туура тщшщндщрщщ кёп деле кыйынчылыкты туудурбайт. Ошондуктан ата-эне щйдён ар бир конкреттщщ тапшырмаларды аткарууда анын негизги максатын бала тщшщнгёндёй абалга жеткизщщ керек. Мында туура берилген суроолор аркылуу баланын окуу максатын тщшщнгёндщгщн аныктоого болот. Мисалы: «Бул кёнщгщщнщ эмне себептен аткарып жатасыъ? Аны аткаруу менен эмнени ёздёштщрёсщъ? Тексттен уъгусу бирдей сёздёрдщ таап, кёчщрщп жазуу керек? Эмне себептен?» же ушул эрежеге туура келген кёнщгщщлёрдщ салыштырып суроолорду берет.

- Кечээ «акыл», «дары» деген сёздёрдён уъгулаш сёздёрдщ таап жазууну аткардыъ эле. Мындай тапшырмалар эмне себептен берилип жатат? Кечээки жана бщгщнкщ тапшырмада окшоштуктар барбы? Жок? Эмне себептен?

- Себеби кечээ сёздёрдён уъгу сёздёрдщ жасоо керек болсо, бщгщн текстеги уъгусу бирдей сёздёрдщ таап жазып коюу керек.

-Ойлонуп кёрчщ эки тапшырма теъ кандай максатта аткарылып жатат? Уъгулаш сёздёрдщ окуп щйрёнщщгё. Мына эми тщшщндщъ, бул кёнщгщщлёр ар тщрдщщ берилгени менен анын максаты – уъгулаш сёздёрдщ окуп щйрёнщщ экен.

Жогорудагы мисалдагы берилген суроолор окуучунун окуу максатын тщшщнщщ щчщн гана берилбестен, аны ёзщ табууга жардам катары берилди.

Бала окутуунун максатын тщшщнгёндён кийин, окуу материалынын мазмуну менен таанышып, эмнени ёздёштщрщщ керек экендигин тщшщнщщсщ керек. Мисалы: Адабий чыгарманын мазмунун жакшы билген

окуучу мугалимдин «Чыгармадагы баш каармандын образын сщрёттёп бер» - деген суроосуна жооп бере албай кыйналат. Ал баш каармандын ёмщр баянын айтып баштайт. Демек, баланы окуу материалынын негизги маъызын тщшщнщп окуганга щйрётщщ керек. Ёздёштщрщщчщ материалдын максатын, предметин билгенден кийин - окуу ишкердщщлщгщнё киришебиз. Окуу ишкердщщлщгщнщн сыртынан карасак, окуучу окуйт, мугалимдин айткандарын угат, кёнщгщщлёрдщ иштейт. Ал эми бул иштерди аткарууда окуучунун ички акыл иш аракети кандай болгондугуна сереп салбайбыз. Кээ бир окуучулар китепти окуп жатып баардыгын тез ёздёштщрёт, ал эми айрымдары кайра – кайра окуса да тщшщнбёйт. Ошондуктан окуучу окуу материалын ёздёштщрщщдё кандай ыкмаларды билщщсщ керектигине кёъщл буралы.

Сёзмё-сёз жаттоо пайдалуубу же зыянбы?

Бир жагынан караганда окуу материалынын айрым бёлщктёрщн, айталы ырларды, табышмак, жаъылтмачтарды, кёбёйтщщнщн таблицасын, эрежелерди, математикалык негизги закондорду жаттоого талап кылынат. Балдарды аларды жаттого щйрётщщ анын кийинки окуу иштеринде зарыл нерсе катары каралат. Экинчи жагынан башталгыч класстын окуучулары окуу материалын кёпчщлщк учурда логикалык ой жщгщртщщ менен анын мазмунун эстеп калбастан жаттап алууга умтулушат. Натыйжада тексти ёз сёзщ менен кыска мазмунун жоготпой айтып бере алышпайт, суроолорго жооп бере албай кыйналышат.

Биринчи класстан эле балдарга жаттоого ырлар берилет. Албетте окуу материалын жаттоо бала щчщн кыйын иш. Щйдён ата-эне эгерде бала ырды жаттоону милдети катары сезбей же унутуп калса ага эскертщщ зарыл. Алгачкы мезгилде бала ырды жаттоонун ыктарын билбейт. Ал эсимде кармап калам деп кайра-кайра биринчи сапка тщшё берет. Адегенде биринчи тёрт сапты, ал жатталгансыганда экинчисине ётёт, бирок аны дайым биринчиси менен кошо кайталап убараланат. Щчщнчщ куплетке келгенде, аны менен кошо биринчисин да, экинчисин да бир учурда кайталап жаттоого аракет кылат. Мындай жол менен жаттаганда ырдын биринчи куплетине караганда улам

кийинки куплеттери эстерине кармалбай начар жатталаары белгилщщ иш. Ошондуктан, ырды жаттаттууда аны сап боюнча окутуп, эсине туттуруп жаттатуу керек. Ата-эне бала ырды толук жаттап бщттщбщ же чала жаттап ойноп кеткен жокпу, буга кёъщл буруп, баланын жаттоого берилген тапшырмасын текшерип, анын толук жаттагандыгына кщбё болгону жакшы.Бул учурда бала ёзщн-ёзщ контролдогонго щйрёнщшщ керек. Бала ырды жаттаганда аракет жасап, башка нерсеге алаксыбагандай, тырышчаактык менен жаттаганга щйрёнгёнщ жакшы.

Эми окуу материалындагы кара сёздщщ текстерди жаттап алуу баланын окуусунун ийгилиги деп эсептёёдён алыс бололу, себеби жаттап окуу дайыма эле жакшы ийгиликтерди жарата бербейт. Жаттап окууда бала доскада окуган материалынын мазмунун айтып жатып, бир эле жерден жаъылса, анын эсиндегинин бары унутулуп, токтоп калат. Экинчиден жаттап окуган бала окуу материалынын мазмуну улам татаалданганда кыйынчылыктар пайда болот. Алы келбей, окууга кызыгуусу тёмёндёйт. Бул учурда ата-эне, мугалим баланы окууга кантип щйрётсё болот. Эъ негизгиси активдщщ акыл эмгегинин ыкмаларын пайдаланууга болот. Балдардын эне тилиндеги сёз байлыктарын байкоо максатында тёмёндёгщ ырдын текстин аларга сунуштайбыз. Мисалы:

Буркурап согуп кщзгщ жел,
Буудайдын башын жайкаган.

Окуучуларга ырдын текстин окуп, «эмне щчщн акын ырды жазууда мааниси боюнча окшош сёздёрдщ колдонбой, текстеги сёздёрдщ колдонгон» деген суроонун щстщндё ойлонушат. Суроого жооп берщщ щчщн текстеги сёздёрдщ башка мааниси окшош сёздёр менен алмаштырууну мугалим суранат.Текстеги «буркурап» деген сёздщ кандай сёз менен алмаштырууга болот. « жыттуу» деп айтышат. Ал эми «жайкаган» деген сёздщ «сеъселткен», деп айтышат. Эгерде ырдын текстин ёзгёртсёк: Жыттуу согуп кщзгщ жел,

Буудайдын башын сеъселткен

деген ыр саптары чыгат. Жаъы тщзщлгён текстеги ырга анализ жщргщзсёк – жыттуу жел болушу мщмкщн эмес, ал эми сеъселткен деген сёз буудайдын башы эмес, анын бщткщл турпатына да таасир берет. Ыр саптарын ёзгёртщп жана аны сындоо менен окуучу сёздщн маанисине кёъщл буруп, акын эмне себептен ырга ушул сёздёрдщ тандагандыгын тщшщнёт. Эъ кызыгы балдар иштин жщрщшщндё ырды эч кыйналбастан оъой жана бат жаттап алды. Окуу ишинде сёзмё-сёз жаттоого зарыл болгон текстерди мына ушундай ыкма менен жаттатууга болот. Бала текст менен иштёёдё активдщщ акыл эмгегин ишке ашырды.

Кёптёгён акыл ыкмалары бар. Анын жардамы менен окуучу окуу материалын активдщщ иштеп чыга алат. Бирок аларды санап чыгуу мщмкщн эмес, ал ар тщрдщщ предметке жана материалга жараша ар тщрдщщ болот. Биздин максатыбыз окуучу активдщщ акыл эмгегинин ыкмаларын пайдалануу менен окуу материалын жакшы ёздёштщрщщ.

Кара сёз менен берилген текстерди окутууда бир кыйла кеъири тараган акыл эмгегинин ыкмасын сунуштоого болот. Ал окуу материалын мазмуну боюнча топторго бёлщщ, мазмундук таяныч пунктарын аныктоо, планын тщзщщ, логикалык схемасын тщзщщ.

Окуу материалы ёздёштщрщщдё кайталоонун да мааниси зор. Кайсы учурларда кайталоо керек? Кёнщгщщлёрдщ же маселелерди аткарууда, ошол тапшырмага байланышкан эрежелерди эске салууга туура келет. Ал щчщн мурда ётщлгён темага кайрылып кайталап окуу менен тапшырманы аткартабыз.

### *9. Үй-бүлөдө баланын жазуу иштерине көңүл буруу*

Окуучуларды жазуу маданиятына үйрөтүүнүн педагогикалык жана коомдук мааниси зор. Башталгыч класстын негизги милдеттеринин бири - окуучуларды сулуу, катасыз, таза жана ылдам жазууга үйрөтүү. Жазуу маданиятына коюлган төмөнкү талаптардын аткарылышына мугалим жана ата-энелер көңүл бурuусу зарыл. Алар: жазуунун тазалыгы, сулуулугу, тамганын элементтеринин туура жазылышы, тамгалардын бири-бирине туура

уланып жазылышы, тамгалардын жантайыңкы, бирдей чоңдукта жана бирдей аралыкта жазылышы, тез жазуу, фонетикалык,грамматикалык, пунктуациялык каталарды кетирбөө, абзацтарды туура сактоо[171].

Жазуу ыгына үйрөтүү иши үй-бүлөдөн башталат. Ата-энелер жазуу ишин үйрөтүүдө эмнелерге көңүл буруулары керек?

Жазуу иши уюштурууда ата-энелер жазуунун техникасына жана гигиенасына таандык болгон бир катар эрежелерди билүүсү тийиш: жазуу столуна туура олтуруу, колду туура коюу, калемсапты туура кармоо, дептерди туура пайдалана билүү [172.15].

Жазууда тамгалардын өлчөмүн эске алуу да окуучулардын туура жазуусун камсыз кылат: баш тамганын бийиктиги 8 миллиметр, кичине тамганын бийиктиги 4 миллиметр.; 2-3-4- класстарда чоң жол сызыктуу дептерге жазгандыктан, кичине тамгалардын өлчөмү 3 миллиметр, чоң тамганын өлчөмү 7 миллиметрден ашпоосу керек. Тамгалар солдон оңду көздөй жантайыңкы жазылышы зарыл.

Балага жазуу ишин үйдөн үйрөтүүдө ата-энелер жазууга даярдоо боюнча көнүгүүлөрдү билүүсү керек. Андан кийин гана тамгаларды жазууну үйрөтүү башталат. Тамгаларды жазууда мугалимдер сунуштаган жазуунун генетикалык методун пайдаланса болот. Тамгаларды жана алардын элеметтерин жазууну алфавиттин тартибинде жаздырбастан, алгач жазылыш жөнөкөй жана жеңил, андан татаалыраак жана акырында жазылышы кыйын тамгаларды жазууга үйрөтүү керек [176.125].

Жазууга үйрөтүүдө ата-эне мугалимден алган методикалык билимдерди пайдаланып абада жаздырууну колдонсо жакшы натыйжа берет. Себеби бала тамганы жазууну көз менен гана көрбөстөн, колдун кыймылы аркылуу да кабыл алууга үйрөнүшү керек. Андан кийин гана баланы дептерге жаздырып баштоо керек. Жазууда көрсөтүлгөн үлгүгө карап жаздыруу маанилүү.

Тамга менен сөздөрдү жаздырууда, жаңы тамганы башка тамгалар менен туура кошуп жаздырууну үйрөтүү зарыл. Ошондой эле жазуу сабындагы тамгалардын, муундардын, сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн арасындагы аралыктары бирдей калтырылып жазылышына көңүл бурусу зарыл.

Тамгаларды улаштырып жазуу аркылуу, бүтүндөй муунду, сөздү толук жазууга адаттандыруу керек. Анткени тамгаларды бөлөк-бөлөк жазууга үйрөтүп, андан кийин гана улап жазганга үйрөтө турган болсок, анда биз каалаган жакшы жазуу келип чыкпайт[170.24].

Бала биринчи класска киргенден баштап анын жазуу көндүмдөрүнүн калыптанышына мугалим менен ата-эне бирдикте көңүл бурушат. Бала окуганды кеч өздөштүрсө, жазууга машыгуу да ал үчүн ошончолук кыйын, себеби бала окуунун алгачкы учурунда эле тамганы таанып, окуу менен катар муундарды сөздөрдү да көчүрүп жазып үйрөнүшөт. Мугалим балдарды жазууга үйрөтүүдө тыбыштык талдоо жана жыйноо (анализ-синтез) көнүгүүлөрүн жүргүзүп келет[172.56].

Жазуу иштерин аткарууда кеп ишкердигинин дагы бир түрү-угуу жардамга келет. Туура угуу менен жазуу, угуп жазуу ишкердигин өркүндөтөт. Ал бара-бара тез жазууну камсыз кылат.

Окуучунун жазуу ылдамдыгы да, окуу ылдамдыгындай эле өтө маанилүү. Башталгыч класстын окуучуларынын окуу ылдамдыгын аныктагандай эле, жазуу ылдамдыгын түрдүү тамганын жазылыш ыгы жана жазылуу убакыты түрдүүчө болгонуна ылайык, башталгыч класстын окуучуларынын 1 минутадагы жазуу ылдамдыгын аныктаган:1-класс -5-10 тамга ( 2 сөз); 2-класс -15 тамга (3 сөз); 3-класс -30 тамга (5 сөз); 4-класс -40 тамга (8 сөз). .

Жазуу сабаттуулугуна үйрөтүүдө жазуу ылдамдыгы эле эмес, жазуу узактыгы да эске алынышы керек. Балдар тез жана узак жазуу учурунда бат чарчашат,аны үчүн аларды эс алдырып туруу натыйжа берет. А жазуу узактыгы: 1 кл 5 мүнөт, 2 кл. 8 мүнөт, 3 кл. 12 мүнөт, 4 кл. 15 мүнөттө гана созулуусу талапка ылайык. Жазуу ишинен кийин 2-5 мүнөт колду, денени, көздү эс алдырып туруу зарыл.

Окуучуларды тез жазууга үйрөтүүдө мугалим ата-энелерге төмөндөгүдөй типтеги тапшырмаларды үйдөн аткарылышын сунуштайт:

- кенже мектеп окуучуларынын манжаларынын ийкемдүүлүгүн өнүктүрүүүчүн пластилинден ар түрдүү фигураларды жасатуу, түстүү карандаштар менен сүрөт тарттырып, аны боётуу;

- эртең менен бүткүл тулку бойго жана колдун муундары үчүн көнүгүүлөрдү жасатуу;

- үйдөн окуу китептериндеги сөздөрдү баланын жаш, жекече өзгөчөлүгүнө жараша тандап жаздыруу;

- алгач жөнөкөй сөздөрдү жаздырып, акырындап улам татаалыраак сөздөрдү жаздыруу зарыл;

- китептеги тексттерди көчүртүп жаздыруу, аларды жазып жаткан учурда жазуунун сулуулугуна, тазалыгына, катасыздыгына көңүл буруу;

- үйдө өз алдынча убакытты өлчөп алып, текстти ылдам темпте көчүрүп жазууга жатыктыруу.

Жазуу ишине баланы үйрөтүүдө ата-энелер окумуштуу С.Рысбаевдин түзгөн муундук көнүгүүлөр моделдерин пайдаланса болот[170.55-61].

Мугалимдин жана ата-эненин биргелешкен иш аракетинин натыйжасында балдардын тез жазуу боюнча машыгууларынын жыйынтыгы ар бир чейрек сайын чыгарылып, аны менен окуучулар жана ата-энелер таанышып турушат.

*10. Балага математикалык билимдерди берүү боюнча сунуштар*

Башталгыч класста математика предмети татаал, ал башка предметтерден билимдерди системалуу жана терең өздөштүрүүсү менен айрымаланат. Эгерде бала материалды аягына чейин терең өздөштүрүлбөй калса, кийинки сабактарда кыйынчылыктар келип чыгат. Мындай учурда баладагы кыйынчылыктардын себебин таап, өтүлгөн теманы кайрадан түшүндүрмөйүнчө иш алга жылбайт.

Алгачкы математикалык билимдер балага үй-бүлөдөн берилет. Окумуштуулар бала математиканы эрте жаш курагынан эле өздөштүрө алаарын жана баланын акыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөөрүн далилдешкен. Ата-энелер балага алгачкы математикалык билимдерди берүүдө мектепке

чейинки даярдоо программасынын материалдарын үйрөнүп, ошол багытта иш алып баруусу зарыл. Бала 1-класска киреpде «сан» жана «цифра» деген түшүнүктөрдү; 20 га чейинки сандарды санаганды жана жазганды; кошуу жана алууну пайдаланып жөнөкөй арифметикалык маселелерди түзүп чыгарууну, узундукту ченөө жана салмакты өлчөө ыкмаларын; геометриялык фигураларды тааный билүүсү керек.

Алгачкы элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда ата-энелерге берилген методикалык билимдердин маңызында:

- «сан» бул саноодо колдонулат, «цифра» сандын шарттуу белгиси;
- сан кандайдыр бир предмет менен байланыштуу экендигин;
- саноодо иреттүүлүктү жана формалдуу эмес саноону түшүндүрүү;
- сан түшүнүгү ченөө аркылуу да бериле тургандыгын;
- жөнөкөй маселелерди турмуштук жагдайларда ойлоп таап, чыгаруу керектигин;
- геометриялык фигураларды таанытып, аларды салыштырууга үйрөтүү керектигин мугалимдер сунушташат [203.18-19].

Башталгыч математика курсу окутула баштагандан тартып ата-энелер мугалимдин жардамчылары болушат. Окуу процессинде өздөштүрүлгөн материалдар үйдөн бекемделип, практикалык иштер аткарылат. Мугалимдин жана окуу китептеринин жардамы менен ата-энелер балдарга математиканы түшүндүрө алышат. Мугалим ата-энелерге натуралдык сандардын көптүгү,текстик маселелер жана аларды чыгаруунун жолдору, натуралдык сандар менен болгон арифметикалык амалдарды аткарууда балдардын эсептөө көндүмдөрүн калыптандыруу,башталгыч математика курсунда чоңдуктарды окутуу, алгебралык материалдарды окутуунун методикасы жана теориялык негиздери,башталгыч мектепте геометриялык материалдарды окутуу, математиканы окутуу процессинде башталгыч класстын окуучуларын өнүктүрүү боюнча билимдерди бирдиктүү иш аракетти уюштуруунун формалары аркылуу бере алат. Мисалы: Эки орундуу

сандарды кошуу жана кемитүү киргизилген учурда ар бир учурга ата-эне көңүл коюп, баланын эсептөө көндүмдөрүн байкайт. Эгерде бала эки орундуу сандарды кошуу жана кемитүүнүн мамыча түрүндө аткаруу ыкмаларын билбей кыйналса, ага төмөндөгү ыкмалар аркылуу жардам берилет.

1.Сандарды кошууда ондукка ондукту, бирдикке бирдикти кошуу керек жана ал мамыча түрүндө жазылып, кошуу бирдиктерден баштап аткарылат. Кемитүү амалы да ушул тартипте аткарылат.

2.Кошулуучу бир орундуу сан болуп калса, бирдик болсо бирдикке, ондук болсо ондукка кошулат. Кемитүүчү бир орундуу сан болсо ал бирдиктен, ондук болсо ондуктан кемитилет.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 35 | 35 | 45 | 45 |
| + 4 | +40 | - 3 | -30 |
| 39 | 75 | 42 | 15 |

Биринчи жана экинчи учурларды түшүндүрүү кыйла жеңил. Мында бирдик бирдикке, ондук ондукка кошулат же бирдиктен бирдик, ондуктан ондук кемитилет.

Акырында кошуунун жана кемитүүнүн татаал учурлары каралат. Башкача айтканда бирдиктердин суммасы 10 дон ашкан учур. Бул учурда деле бирдикке бирдик, ондукка ондук кошулат, бирок бирдиктердин суммасынан келип чыккан ондук ондуктардын суммасына ыйгарылат. Мисалы: 28+16

28 8+6=14; суммасынын бирдиги 4 жазылат да, ондугу

16

_____ ондуктарга берилет. Аны унутпоо үчүн ондуктардын үстүнө

44

белги (штрих) коюп койсо жакшы. Ата-эне кошуунун бул учуруна өзгөчө көңүл бурганы оң. Балдардын кетирген каталары бирдиктердин

суммасы 10 дон ашкан учурларда көп кездешет. Ошондой эле кемитүүнү үйрөтүүдө да бирдиктен бирдик кемибеген учурларга көңүл буруу зарыл[28]. Ал учурларды да балдарга жакшылап түшүндүрбөсө, кийинки класстарда үч жана төрт орундуу сандарды кошуу жана кемитүүдө көп каталарды кетиришет. Бул сыяктуу иш аракеттер ата-энелердин окуу программасын түшүнүп, балдарга жардам берүүсү менен ишке ашат. Эгерде программалык материалдан кандайдыр бир түшүнүксүздүк пайда болсо, алар мугалимдерден жардам сурап кайрылышат.

*11.Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу.*

Азыркы учурда үй-бүлөлүк китеп окууну уюштурууга өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Анткени, акыркы мезгилдерде окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусу төмөндөп бара жаткандыгы белгилүү. Мындай абал билим берүүнүн сапатына да терс таасирин тийгизип келет.

Бул кырдаалдан мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү кызматташуусу аркылуу чыгууга болот. Мугалим адис катары ата-энелерге педагогикалык билимдерди берүү менен алардын иш аракеттерин жөнгө салып турат .Ал өз учурунда мугалим менен ата-энелердин бирин-бири туура түшүнүп, колдоосу менен ишке ашат. Педагогикалык агартуу ишинин мазмунунда

1.Үй-бүлөлүк окуунун балага таалим-тарбия берүүдөгү мааниси.

2.Үй-бүлөлүк окуунун максаты жана милдеттери.

3. Үй-бүлөлүк окууну кантип уюштурууга болот?

4. Ата-энелер үчүн окурмандыкты өнүктүрүү боюнча сунуштар

каралган.

**Үй-бүлө** баланын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, жашоодогу баалуулуктарга тарбиялайт. Ал баланы маданият дүйнөсүнө, анын ичинде окурмандуулукка жетелеген социалдык институт. Баланын китеп менен алгачкы жолугушуусу да үй-бүлөдөн башталат.

**Үй-бүлөлүк окуу** байыртадан эле баланы тарбиялоонун каражаты катары каралып, бала тамганы тааныганга чейин эле китеп маданиятынын дүйнөсүнө жетелеген.

**Үй-бүлөлүк окуу** аркылуу баланын китепке болгон мамилеси калыптанып, акыл-эси өскөн. Китеп окууга болгон керектөөсү жогорулаган.

**Үй-бүлөлүк окуу** эне тилин эрте курактан туура өздөштүрүүгө жардам берет. Эрте жашынын балага китепти үн чыгарып окуп берүү аркылуу бала окуу процесси менен таанышат, өз алдынча окуганга, келечекте окурмандыкка тарбияланат.

**Үй-бүлөлүк окуу** баланын китепти эстетикалык жана эмоционалдык жактан кабыл алуусун калыптандырат.

**Үй-бүлөлүк окуу** көркөм образдарды кабыл алууну өнүктүрөт. Көркөм чыгармадагы каармандардын кайгысына жана кубанычына тең ортоктош болот.

**Үй-бүлөлүк окуу** өсүп келе жаткан муунду социалдаштыруунун эффективдүү жолу.

**Үй-бүлөлүк окуу** баланын билим сапатынын жогору болушуна шарт түзөт.Үй-бүлөлүк окуунун максаты жана милдеттери:

1.Ата-энелер менен балдарды китепти сүйүүгө, сабаттуу окурмандыкка тарбиялоо.

2.Билим берүү процессинин баардык катышуучуларынын биргелешкен иш аракеттери аркылуу балдардын үй-бүлөдө китеп окуусун уюштуруунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

3.Үй-бүлөлүк окуу салтын колдоо.

4.Мугалимдердин, ата-энелердин жана балдардын кеп маданиятын көтөрүү.

5.Китепти сүйүүгө, ага аяр мамиле жасоого тарбиялоо.

6.Үй-бүлөлүк окуу аркылуу балдарды адамзаттык баалуулуктарга тарбиялоо жана сапаттуу билим алуусуна жетишүү.

Башталгыч класста окуучу китепти канчалык аз окуса, анын ой – жүгүртүүсү ошончолук жай өнүгөт, мээнин өсүү процесси да жай болот.

Мектеп жана үй-бүлөнүн жардамы менен окурман адамды калыптандыруу айыл мектептеринин негизги иш аракеттеринин бири. Үй-бүлөлүк окууга алардын бирөөсү гана азыраак көңүл бурса, баланын китеп окууга болгон ынтызаарлыгы жоголот.

Үй-бүлөдө балдардын китеп окушуна жетекчилик кылуу балдар мектепке бара электен бир топ убакыт мурда эле иш жүзүнө ашырылууга тийиш. Баланын биринчи айларында эле жана жалпы мектепке чейинки балалыктын жүрүшүндө аларды сүйгөн чоң адамдар китеп окуп беришет, ошону менен келечектеги сабаттуулук жана окууга үйрөтүү үчүн негизди калыптандырышат.

Мурда сүйлөө - окуу - жазуу - бул өзүнчө көндүмдөр, алар белгилүү ирееттүүлүктө өнүгүшөт деп айтышчу. Мисалы, адегенде балдар тилди түшүнүшөт, андан соң сүйлөй башташат жана ошондон кийин гана окууну кабыл алууга жөндөмдүү деп эсептешчү. Ошондуктан сабаттуулукка формалдуу окутуу балдар мектепке барганда гана башталчу.

Азыркы күндө адистер сабаттуулук көндүмүнө ээ болуу баланын турмушунун алгачкы баскычтарынан башталат жана баланын айланадагыларынын күчтүү таасиринен көз каранды деп эсептешет. Ал эми балдар мектепке окуй баштаганда, үй-бүлөлүк окууну андан ары улантуу зарыл. Мында баланын класстан тышкаркы окуу ишине мугалим жетекчилик кыла баштайт. Албетте, мугалимдин жүргүзгөн иш аракеттери үй-бүлөнүн жардамы аркылуу ишке ашат. Бирок ата-энелердин көпчүлүгү бул милдеттин маанилүүлүгүн дайыма эле түшүнө беришпейт. Алар балдардын өз алдынча китеп окушуна кызыгышпайт, тескерисинче ал китептер баланын окуусуна тоскоолдук кылат деп түшүнүп, балдарына окуу китептерин гана окушун уруксат этишет. Чындыгында, үйдөн баланын өз алдынча китеп окуусу окуу программасын дагы терең жана маанисине түшүнүп өздөштүрүүсүнө жардам берет.Үй-бүлөлүк окууну кантип уюштурууга болот? Кенже окуучулардын ата-энелери үй-бүлөлүк окууну уюштурууда төмөнкүлөргө көңүл буруулары керек.

1.Бала менен кайсы китепти окуу керектигин чогуу тандоо (ага кызыктуу жаңы чыккан китептер жөнүндө маалымат берүү)

2.Күн режиминде китеп окуу үчүн белгилүү убакытты бөлүп коюу.

3. Үй-бүлөлүк окуу жагымдуу маанайда башталуусу зарыл. Бала китеп окуп жатканда үйдө тынчтык өкүм сүрүп, башка үй-бүлө мүчөлөрү анын ишин «маанилүү» деп эсептөөсү зарыл.

4. Кенже мектеп окуучусунун жаш курагынын өзгөчөлүгүнө жараша китеп окуунун убактысын аныктап алуу зарыл. Ал 15-30 мүнөткө созулушу, кээде кызыгуудан андан да ашып кетүүсү мүмкүн.

5. Китеп окуп берип жатканда бала  башка нерсеге алаксып кетиши ыктымал. Андыктан, окуу мезгилинде баланын көңүл буруусун активдештирип туруу зарыл.

6. Балдар китепти кайра кайталап окуп берүүнү каалашат. Кайталап окуу баланын эске тутумун калыптандырат жана сөзүн өстүрөт.

7. Бала китеп окуп жатканда анын желкесине туруп укпастан (баланы кыйнап окутуп жаткандай сезилет), аны менен катар  олтуруп угуңуз( чогуу окуяларга күбө болууга шарт түзөт). Себеби мындай абал ыңгайлуу.

8.Балага китепти өз алдынча окуганга үйрөтүңүз.

9. Бала кайсы китепти окуп жатканына кызыгыңыз.

10.Баланын ийгиликтерин мактап туруңуз.

11.Башка балдардын ийгилиги менен салыштыруунун кереги жок. Дайыма салыштыра берүү баланын өзүн-өзү баалоосун төмөндөтөт.

12. Бала үчүн үлгү болуңуз. Баланы окуу маданиятына үйрөтүүдө, өзүңүз үлгү көрсөтөөрүңүздү эстеңиз.

Айыл жергесинде үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу максатында мектептин китепканасы менен башталгыч класстын мугалими ата-энелер менен тыгыз байланышта иш жүргүзүүсү зарыл. Китепканачы ата-энелерди балдар үчүн арналган китептер менен тааныштырып, балдардын кызыккан китептери жөнүндө маалыматтарды бере алат жана баланы китепке кызыктыруу боюнча кеңештерди  айтат. Мугалимдин уюштурган  мындай

иш аракеттери   класстын өзүндө китепкана түзүүгө шарт түзөт. Китепканадагы аз сандагы жаңы чыккан адабий китептерди класстык китепканада пайдаланууга келишим түзүү, ата-энелердин демилгеси менен жаңы китептерди сатып алуу класстык китепкананын абалын жакшыртып, окуучулардын китеп окууга болгон кызыгууларын арттырат. Натыйжада класстык китепкана баардык окуучулардын китеп окушун туура уюштурууга гана жардам кылбастан, аз жана начар окуган балдардын китепке кызыгуусун арттырат.

Мугалим менен ата-энелердин балдарды китеп менен камсыз кылуу жөнүндөгү иш аракеттерин балдардын китеп окушуна жетекчилик кылынды деп эсептөөгө болобу? Албетте, али айтууга болбойт.

Ата-энелердин баардыгына мында бирдей талап коюлат: бала китеп окуганга кызыгып, жакшы көңүл менен отуруусу зарыл. Шыр эле ага жетишүүгө мүмкүн эмес. Ал үчүн үй-бүлөдө эки үч жума мурда даярдык көрүлөт. Ата-энелер балага китеп окуунун маанисин, китеп аркылуу биз билбеген жаңы билимдерди билүүгө мүмкүн экендигин,китепти көп окуу менен акылдуу адам болуп, алдыга койгон максаттарга жетүүгө боло тургандыгын айтып түшүндүрүп, баланы китеп окууга психологиялык жактан даярдайт.Бала менен чогуу китеп дүкөндөн китеп сатып алышат. Андан кийин гана ишти баштоого болот. Баланын китеп окууга болгон ынтызаарлыгын колдоп, аны мактап туруу да маанилүү.

Мектепке чейинки курактагы балдардай 1-2-класстардагы балдарга да китепти үн чыгарып угуза окуу пайдалуу. Башталгыч мектептин балдары мектеп жашына чейинки балдар сыяктуу эле угуза окуп бергенди жакшы көрүшөт. Угуза окууну угуп же өзүлөрү үн чыгарып окушуп, китептин мазмунун жакшы түшүнүшөт. Угуза окуунун натыйжасында бала чыгарманын тилинин көркөмдүүлүгүн сезет. Чоң адамдардын угузуп окуп берген чыгармаларын угуу менен бала китепти аларды туурап окуй баштайт. Интонациясы тагыраак болуп, диалогдо катышуучу адамдардын мүнөзүн көрсөтүүгө аракет жасашат. Кепти, ой жүгүртүүнү, эске тутууну,

элестетүүнү жана көңүл буруунү өнүктүрүүгө суроолор абдан чоң жардам берет. Суроо берүү – бул абдан жөнөкөй жана кызыктуу! Суроо берүүгө болот: Сен буга ишенесиңби же жокпу?», «Башкы каарман же башка бирөө жасагандай жасай алат белең?», «Каарман туура же туура эмес кылдыбы?», «Эгер каармандар орун алмашса, эмне болот эле?»
Мындай суроолор балдарга эле эмес, чоңдорго да кызыктуу.

Балдар менен китеп тууралуу сүйлөшүү идеяларды жана тажрыйбаларды бөлүшүүнү билдирет. Ал тургай балдар өз алдынча окуп калган учурда деле, китеп окуп берүүнү улантып, окугандар тууралуу таасирлерди бөлүшүү абдан маанилүү.

Туура берилген суроолор китептин тексттин түшүнүп жана так кабыл алганга, алган билимди бышыктоого, адеп-ахлактык сабакты өздөштүрүүгө жардам берет.

Угуза окуунун пайдасы начар жана аз окуган баланы китепке болгон кызыгуусун арттырат. Мындай балдар көбүнчө китеп окуу техникасы али начар. Алар окугандан көрө укканды оң көрүшөт. Алардын мүмкүн болушунча угуза көбүрөөк окушу абдан маанилүү. Ата-энелер адегенде аларга бир кыйла жеңил жана анчалык узун болбогон үзүндүлөрдү окууну сунуш кылышат.Адегенде угуза окутуп, андан кийин пикир айтышуу баланы китепке кызыктыра баштайт. Дагы бир учур, алар чоңдордун окуп берүүсүн гана каалашат. Бул учурда чоң адамдар китептин кызыктуу жерине чейин окуп, андан кийин токтотуп коёт. Андан ары бала өз алдынча окуп бүтүшүнө көз салат.

Ата-энелер балдардын китепти өз алдынча окуусуна да көнүктүрүү керек. Китептеги аңгеменин эң кызыктуу жерине чейин айтып берип, андан кийинки окуяларды балага өз алдынча окуусун сунуштоого болот. Баланын китепти өз алдынча окуусун, ал кандай окуй турганын байкап көрүү маанилүү. Ал үчүн балага китептин мазмуну бонча суроолорду берүү аркылуу баланын окуяны түшүнгөндүгүн билүү зарыл. Китеп окулуп бүткөндөн кийин, ал жөнүндө сүйлөшүү абдан пайдалуу.

Балдарды окуган китептери боюнча кыскача маалымат түрүндө жазып жүрүүгө үйрөтүүгө болот. Бала окуган чыгарманын авторун, чыгарманын аталышын, ал китепти качан окугандыгын, андагы ага жакан кызыктуу окуя жёнщндё кыскача жазып ёзщнчё портфолио ачып топтосо болот. Ошол эле учурда окуган чыгармасы боюнча тарткан сүрөттөрүн да чогултуп жүрүү анын китепке болгон кызыгуусун арттырат.

Баланы окуу маданиятына үйрөтүүдө, ата-эне үлгү көрсөтүүчү болоорун унутпоосу керек. Азыркы балдар өзүнүн ата-энелерин китеп окугандыгын деги эле көрүшпөйт. Көпчүлүк ата-энелердин китеп окуганга убактылары да жок, алар максимум окуса газета окушу мүмкүн. Китеп окуунун пайдалуу жана кызыктуу экендигин балдарга ынандыруу кыйын, албетте аны курчап турган чөйрө китепке караганда телевизордун, соткалардын жана компьютердин таасирине азгырылып жатканда. Ошондуктан бул абалдан чыгуунун эң бир туура жолу биргеликте окуу же чогуу окуу. Кечкисин үйдө китеп окууну уюштургула, кандайдыр бир кызыктуу китепти тандап алып, ар бир кечте аны аздан окуп үйрөткүлө. Кичинекей балдарга өзүңөр окугула, андан чоңдоруна үн чыгарып окугула, кезектешип окугула. Ошентип жалаң гана балдар үчүн арналган китептер эмес, классикалык адабияттарды да окугула.

Үй-бүлөдө китеп окууну жыл боюу улантуу керек. Жайкы каникул мезгилинде да балдардын бош убактыларын туура пайдаланып, ата-энелер кызыктуу китептерди үй-бүлө менен чогуу окууну уюштурушат. Практика көрсөткөндөй 3 айдын ичинде 3-4-класстын окучуларынын шар окуу техникасы 20% ке, ал эми 1-класстын окуучуларынын окуу темпи 60% ке төмөндөгөнү белгилүү болгон. Мындай көрүнүш болбоосу үчүн ата-энелер мугалим менен биргеликте бала каникул мезгилинде кандай китептерди окуурун алдын ала ойлонуп, китептерди даярдоо керек.

Ата-энелер бала канча убакытка чейин китеп окуу керек деген суроого жооп алууда мугалим менен кеңешсеңиздер болот. Себеби баланын окуу техникасы жылдын аягында кандай болгонун мугалим маалымдагандан

кийин, ал маалыматка ылайык баланын китеп окуусун ар бир үч күн сайын, анын узактыгы 8 минутадан башталып, улам 2 минутадан кошулуп отуруп жарым саатка жеткидей кылуу талапка ылайык.

Ата-энелер үчүн окурмандык кызыгууну өнүктүрүү боюнча сунуштар:

- Баланын окууга кызыгуусун анын эрте курагынан баштагыла.
- Кызыктуу, мазмундуу жана кооз китептерди тандап сатып бергиле.
- Балага китепти дайыма окуп бергиле. Окуткула. Ал баланын күнүнө китеп менен болгон байланыш көндүмүн калыптандырат.
- Үй-бүлө мүчөлөрү менен окуган китепти талкуулагыла.
- Окуп жаткан китептин автору жөнүндө балага айтып бергиле.
- Эгерде балага китеп окуп жаткан болсоңуз, анын кызыктуу эпизодуна келгенде токтотуп коюңуз.
- Мурда окулган китептин мазмунун бурмалап айтып, бала окулган тексти канчалык деңгээлде эсине тутуп калгандыгын текшериңиз.
- Балага өзүңүздүн балалык куракта окуган китебиңизди сунуштаңыз, ал китеп жөнүндөгү өзүңүздүн балалык ойлоруңузду бала менен тең бөлүшүңүз, баланын ой пикири менен салыштырыңыз.
- Балаңыз сүйгөн авторлордун китептерин сатып бериңиз,анын өздүк китепканасын уюштуруңуз.
- Окулган китеп боюнча үйдө талкуу уюштуруңуз.
- Китепке камкор мамиле кылууга тарбиялаңыз
- Балага китепти белекке бериңиз жана ага жакшы каалоолорду жазууну унутпаңыз Бир канча деген убакыт өткөндөн кийин балаңыз ал жөнүндө, үй-бүлөдөгү жакын адамдардын бул салттуу традициясын сыймыктануу менен эскерет.

Жыйынтыктап айтканда баланын китеп окууга болгон кызыгуусун өркүндөтүү боюнча ата-энелерге берилген педагогикалык билимдер үй-бүлөдө ишке ашырылганда гана ал оң натыйжа бере алат.

Тиркеме 13

**Башталгыч класста ата-энелер менен иштөөнүн болжолдуу календарлык-тематикалык планы**

| **Өткөрүү убактысы** | **Аткарылуучу иштердин мазмуну** | **Өткөрүү формасы** |
|---|---|---|
| **Даярдоо мезгили** | | |
| март | 1. Биринчи класстын ата-энелери менен таанышуу<br>2. Баланы биринчи класска кабыл алуунун эрежелери | Окуучулардын үйлөрүнө баруу, аңгемелешүү; |
| августь | 1. Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо.<br>2. Баланын күн режимин уюштуруу | Лекция<br>Педагогикалык практикум |
| **Биринчи класс** | | |
| сентябрь | 1.Балдарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу.<br>2. Ата-энелерди биринчи класстын билимдерине коюлуучу негизги талаптар менен тааныштыруу.<br>3. Класстын ата-энелер комитетин | Лекция<br>Ата-энелердин чогулушу |

| | | |
|---|---|---|
| | шайлоо | |
| октябрь | 1.Баланы сабакка даярдануусун кантип уюштуруу керек?<br>2.Баланын жумушчу ордун даярдоонун мааниси | Ата-энелер чогулушу,<br>жекече жана группалык консультациялар |
| ноябрь | 1.Кенже окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрү<br>2.Үй-бүлөдө баланы жазуу иштерине көңүл буруу<br>3. Биринчи класстын окуучусунун окуудагы жетишкендиктерин жана өнүгүүсүн көрсөткөн баалоо баракчасы менен ата-энелерди тааныштыруу. | Лекция<br>Консультация берүү жанапедагогикалык практикум<br>Маалыматтык барактар |
| январь | Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыктары | Ата-энелер чогулушу |
| февраль | 1.Балага математикалык билим берүү боюнча сунуштар<br>2.Биринчи класстын окуучусунун үй-бүлөдөгү эмгеги | Ачык сабактарды өтүү<br>Педагогикалык практикум |
| март | 1.Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу<br>2.Баланын дене тарбиясы жана ден-соолугу жөнүндө ата-энелердин камкордугу. | Лекция<br><br>Аңгеме |

| | | |
|---|---|---|
| апрель | 1. Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу<br>2. Үй-бүлөдө балдарды аң сезимдүү тартиптүүлүккө тарбиялоо | Конференция<br>Аңгеме |
| май | 1.Окуу жылынын жыйынтыгын чыгаруу<br>2. Балдардын жайкы эс алуусун уюштуруу боюнча | Ата-энелер чогулушу<br>Аңгемелешүү |
| **Экинчи класс** | | |
| сентябрь | 1. Жаңы окуу жылынын милдеттери ( окуу жылынын планын бекитүү)<br>2.2-класстын окуучуларынын билим, билгичтик жана көндүмдөрүнө коюлган негизги талаптар. | Ата-энелердин чогулушу |
| ноябрь | 1.Баланын үй-тапшырмасын аткаруусуна ата-эненин жардамдашуусу жана көзөмөлү.<br>2.2-класста математикалык билим берүү боюнча сунуштар | Педагогикалык практикум<br>Жекече консультациялар |
| декабрь | 1.Үй-бүлөлүк салттардын окуучуну тарбиялоодогу мааниси.<br>2. Окуучуну сабак даярдоого кантип отургузуу керек? | Ата-энелердин кечеси<br>Ата-энелер клубу |
| январь | 1. Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыктары<br>2. Сиз өз балаңызды жакшы | Ата-энелер чогулушу<br>диспут |

| | | |
|---|---|---|
| | билесизби? | |
| март | 1.Үй-бүлөдөгү жагымдуу абалдын балага таалим-тарбия берүүдөгү таасири.<br>2.Балдарды адептүүлүккө тарбиялоо | Тематикалык дискуссия<br>Ата-энелердин тажрыйба алмашуусу |
| апрель | 1.Үй-бүлөлүк окуунун жыйынтыктары «Биз окурман үй-бүлөбүз» | Ата-энелер жана балдардын катышуусунда өткөрүлүүчү конкурс |
| май | Экинчи окуу жылынын жыйынтыктарын чыгаруу (окуучулар менен бирдикте). | Ата-энелер чогулушу |
| **Үчүнчү класс** | | |
| сентябрь | 1 Жаңы окуу жылынын милдеттери (окуу жылынын планын бекитүү).<br>2.3-класстын окуучуларынын билим, билгичтик жана көндүмдөрүнө коюлган негизги талаптар. | Ата-энелер чогулушу |
| октябрь | 1.3-класстын окуучусунун күн режимин түзүү жана анын өзгөчөлүктөрү.<br>2.Телекөрсөтүү жана балдар | Жалпы консультация берүү<br>Тематикалык дискусси |
| ноябрь | 1.Окуудагы кыйынчылыктарды кантип жеңүүгө болот?<br>2. Математика сабагына ата-энелердин катышусун уюштуруу. | Суроо-жооп кечеси<br>Ачык сабак өтүү |

| | | |
|---|---|---|
| январь | 1.Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу<br>2. Балдарга эстетикалык жактан тарбия берүү | Лекция<br>Темага ылайыктуу кино-видео фильмдерди талкуулоо |
| март | 1.Үй-тапшырмалардын аткарылышына ата-энелердин жардамы жана көзөмөлү.<br>2.Балдар жана уюлдук телефон. | Педагогикалык практикум<br><br>Видео жана писхо-тренингдер |
| апрель | 1.Үй-бүлөдө балдарга колдоо көрсөтүү жана жазалоо<br>2.3-класста балдардын окуудагы жетишкен ийгиликтери жана кемчиликтери. | Ата-энелердин тажрыйба алмашуусу түрүндө өткөрүү |
| май | Окутуунун үчүнчү жылынын жыйынтыгын салтанатуу түрдө окуучулардын катышуусу менен чыгаруу. | Ата-энелердин чогулушу |
| **Төртүнчү класс** | | |
| сентябрь | 1 Жаңы окуу жылынын милдеттери (окуу жылынын планын бекитүү).<br>2.4-класстын окуучуларынын билим, билгичтик жана көндүмдөрүнө коюлган негизги талаптар. | Ата-энелердин чогулушу |
| октябрь | 1.4-класстын окуучуларынын окуу | Лекция |

| | | |
|---|---|---|
| | көндүмдөрүн калыптандыруу<br>2.Кенже өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүктөрү. | Ата-энелердин активдери менен проблемаларды чечүү |
| ноябрь | 1.Үй-бүлөдө балдарды эмгекке тарбиялоо<br>2.Адабий окуу предмети боюнча ата-энелерге методикалык жардам уюштуруу | Тегерек стол түрүндө<br>Консультация |
| январь | 1.Жарым жылдыктын жыйынтыктары<br>2.Кышкы эс алууну туура уюштуруу | Ата-энелердин чогулушу |
| март | 1.Кенже окуучуларды жазуу маданиятына үйрөтүү.<br>2. Балдарга гигиеналык жактан тарбия берүү. | Педагогикалык практикум<br>Консультация |
| апрель | 1.Балдардын окуу иштерине жоопкерчилик мамилелерин калыптандыруу<br>2.Ата-энелердин өздөштүргөн педагогикалык билим,билгичтик жана көндүмдөрү боюнча алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу | Конференция |
| май | 1.Башталгыч мектепти бүтүрүү кечесин уюштуруу.<br>2.Ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жыйынтыктарын чыгаруу. | Ата-энелер жана балдар үчүн уюштурулган кече |